

САДЫК ҮСӨНАЛИЕВ



# КЫРГЫЗ ТИЛИ 6

Женский книга
кайсы бала алса кыз

КЫЗдардын китеби



Садык Үсөналиев

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Жалпы билим берүүчү мектептин
6-классы үчүн окуу китеби

*Оңдолуп, толукталып, 3-басылышы*

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим
жана жаштар саясаты министрлиги бекиткен*

«БИЛИМ-КОМПЬЮТЕР»
Бишкек 2007

УДК 373.167.1
ББК 81. 2 Ки я721
Ү - 99

[redacted]

Ү–99 Кыргыз тили: жалпы билим берүүчү мектептин 6-кл. үчүн окуу китеби. – Ондолуп, толукталып, 3-бас.– Б.: «Билим-компьютер», 2007, – 256 б.
ISBN 978–9967–426–29–0

**Окуу китебинде коюлган шарттуу белгилер:**

– теориялык маалыматтар вертикаль сызыгы менен берилди;

? – Суроолор жана тапшырмалар.

УДК 373.167.1
Ү 4306020200–07 ББК 81. 2 Ки я 721

© Үсөналиев С., 2004, 2007.
© «Бийиктик», 2004
© КР Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги, 2007
© «Билим-компьютер», 2007.

ISBN 9967-13-061-X

## ЖАҢЫ ОКУУ КИТЕБИ МЕНЕН КАНТИП ИШТӨӨ КЕРЕК?

Бул окуу китеби мүмкүн болушунча жаңыча, жаңы көз караш, жаңы идея менен түзүлдү. Бул болсо силердин азыркы талапка ылайык билим алышыңарды камсыз кылат деп ойлойбуз.

Окуу китеби менен жакшылап иштеш үчүн силер адегенде ушул кеңешти кунт коюп, маанисин түшүнүп, окуп чыккыла. Билим алуудагы өз милдетиңерди туура түшүнгүлө.

Окуу китебинде мурун өтүлгөн жана өтүлүп жаткан материалдарды дурус өздөштүрүү жана кайталоо максатында ар бир сабакта ар түрдүү талдоолор сунуш кылынган. Муну билиш үчүн силер окуу китебинин 4-бетин карагыла.

Анда айрым сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн үстү жагына 1ден 6га чейинки цифралар коюлган. Цифралар жыл боюнча жүргүзүлүүчү фонетикалык, сөздүк курамы, лексикалык, морфологиялык, орфографиялык, синтаксистик ж. б. талдоолорду билдирет.

Силер ушул окуу китебин алгандан баштап эле аларды үйрөнүп алганыңар жакшы, себеби цифра боюнча кандай талдоо жүргүзүү керек экендигин кыйналбай таба алышыңарга жардам берет.

Силердин 6-класстын материалдарын чала жана үстүртөн өздөштүрүп албасыңар үчүн окуу китебиндеги эрежелер, аныктамалар майда-майда корутундуларга бөлүнүп, кыска, так, тик сызыкчага алынып берилди.

Аларды силер, сөзсүз, билишиңер жана өздөштүрүшүңөр керек.

Окуу китебинде ар бир бөлүмдөн кийин кайталоо, жалпылоо сабактары жана анын негизги суроолору кошо берилди. Силер адегенде ошол бөлүмдүн (теманын) аталышын оку-

гула, андан кийин берилген суроолорго жооп берүүгө даярдангыла жана көнүккүлө. Айрыкча билбеген, чала өздөштүргөн параграфтардын эрежелерин дагы кайталап окуп чыккыла, эсиңерге сактагыла. Бөлүмдүн бардык эрежелерин кургак, маанисин түшүнбөй жаттоого аракет кылбагыла, анткени билим алуудагы негизги максат өтүлгөн эрежени мазмунун туура түшүнүү болуп саналат.

Окуу китебинде жылдызча (*) менен берилген айрым көнүгүүлөр да бар. Аларды, сөзсүз аткаруу талап кылынбайт. Мугалимдин берген тапшырмаларына ылайык гана аткара аласыңар.

Ар бир бөлүмдөн кийин диктант, изложение, сочинение жазуу жана каталарды талдоо сунуш кылынган. Ошондуктан силер эрежелерди өздөштүрүп жатканда туура жазууга күчүңөр келбеген кээ бир сөздөрдү «Орфографиялык сөздүктөн» же атайын сөздүк дептериңерге жазып алгандарыңардан үйрөнгүлө. Бош убактыңарда аларды окуп, кайталап тургула. Оозеки мисал түзгөндө аларды кошуп сүйлөм түзүүгө машыккыла жана аракеттенгиле.

Окуу китебинде көнүгүүлөрдүн эң жаңы түрлөрү да берилген, аны силер мугалимиңердин жетекчилиги астында гана аткара же иштей аласыңар.

Окуу китебинде грамматикалык эрежелерди үйрөнүүнүн практикалык жагына көбүрөөк көңүл бурулган. Ошондуктан силер берилген тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү аткарганда анын маанисине жакшы түшүнүп, турмушта колдоно алууга жетишкиле.

**Окуу китебинде колдонулган шарттуу белгилер:**

Окуу китебинде, сөзсүз, билүүгө, үйрөнүүгө тийиштүү болгон эрежелер, корутундулар тик сызык менен берилди.

5* – оордотулуп, эң жакшы окуган окуучуларга берилүүчү тапшырмалар;

– фонетикалык талдоо, м и с а л ы, сулуу[1];

– сөздүн курамы же сөз жасоо боюнча талдоо, м и с а л ы, таштуу[2];

– морфологиялык талдоо (кайсы сөз түркүмү экенин аныктоо үчүн), м и с а л ы, тоодогу[3];

– синтаксистик талдоо, м и с а л ы, биз экскурсияга бардык[4];

**2.** Алган билимди бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү макалдарды окуп чыгып, үндүү тыбыштарды бөлүнүшү боюнча аныктагыла. 2) Созулуп айтылып, кыска үндүү менен жазылган сөздөрдү тапкыла. 3) Каткалаң жана жумшак үнсүздөрдү ажыраткыла.

1. Алтын чирибейт, акыл сөз ирибейт. 2. Абийирдүү болсоң жашыңан, урмат-сый кетпейт башыңан. 3. Кылган ишиң үзүрлүү болсо, эмгегиң түшүмдүү болот. 4. Окуудан качканың, кара жолдо жөө басканың. 5. Берерге бешөө көп, аларга алтоо аз. 6. Баатыр өлөр жерине күлүп барат.

## § 2. Айтылыш максатына карата сүйлөмдөрдүн бөлүнүшү

**Кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:**

1. Сүйлөм деген эмне? Алар айтылыш максатына жана берген маанилерине карата канчага бөлүнөт?
2. Жай сүйлөм деп кандай сүйлөмдөрдү айтабыз, аларга оозеки мисал келтиргиле.
3. Суроолуу, илептүү жана буйрук сүйлөмдөрдүн эрежелерин, тыныш белгилерин айтып бергиле. Мисалдарды келтиргиле.

**3.** Алган билимдин чындыгын, тереңдигин текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү тексттерди окуп чыгып, сүйлөмдөрдү айтылыш максатына жана маанилерине карай ажыраткыла. 2) Тыныш белгилеринин коюлуш себебин түшүндүргүлө.

### АТА-ЭНЕНИ АРДАКТОО ЖӨНҮНДӨ

Эй, уулум! Ата-эненин акысы менен урматын сактай бил! Өзүңдүн негизги затыңды тут. Ата-энени кандай урматтасаң, өз тукумуңду ошондой урматтаган болосуң. Ата-энемдин менде эмне акысы бар дебегин. Ата-энең сени дүйнөгө жараткан. Алар болбогондо сен да дүйнөгө келмек эмессиң. Ата-энең сени кыйынчылыктар менен бапестеп, тарбиялап, эркелетип өстүрүп, чоңойтуп, адам катарына кошконун билесиңби! (*Кабус наамадан*)

**4.** Жекече иштөө көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөз айкаштарын катыштырып, жай, суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөрдү түзгүлө. 2) Алардын эрежелерин айтып бергиле. 3) Тыныш белгилеринин коюлуш себептерин түшүндүргүлө.

Жакшы окуу. Тартиптүү болуу. Жибек жоолук. Коммерсант жигит. Валюта алмаштыруу. Келечекке ишенүү. Ата Журтту коргоо. Улууларды урматтоо.

5*. 5. Проблемалык көнүгүү. 1) Төмөнкү тексттеги жай сүйлөмдөрдү суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөргө айландыргыла. 2) Тиешелүү тыныш белгилерин коюп, көчүрүп жазгыла. 3) Эрежелерин айтып бергиле. 4) Буйрук сүйлөм менен илептүү сүйлөмдөрдүн айырмасын түшүндүргүлө.

## СЕНИН МИЛДЕТИҢ

Сага эң негизгиси – ата-энеңди жаныңдан артык сезип, сыйлашың керек. Ата-энеге баш ийүү – парз. Алла таала ата-энени кор кылбоону, аларга жагымдуу, сыпайы-сылык сүйлөгөндү буюрат. Ар кандай адам ата-энесинин акысынан кутулбаса, башка адамдын карызынан да кутула албайт. Мындай адамдар жакшылыктын кадырын билбеген жаман адамдар деп бааланат. (*Кабус наамадан*)

6. Алган билимдерди эске түшүрүү көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, аягына тиешелүү тыныш белгилерин (чекит, суроо, илеп) койгула. 2) Эмне үчүн мындай тыныш белгилерин койгонуңарды аныктагыла? 3) Жай, суроолуу, буйрук жана илептүү сүйлөмдөрдүн аныктамасын айтып бергиле. 4) Булардын сүйлөмдөгү маанисин түшүндүргүлө.

## БАЛАҢДАН УРМАТ КӨР

Сен балаңдан урмат көргүң келеби? Эгер келсе, эң оболу ата-энеңе урмат көрсөт. Балдарың ата-энеге жасаган урматсыйыңды көрүп, сага да сый көрсөтүп, кадырлап урматтайт, анткени бала ата-эненин жасаганын көрүп үйрөнөт. Сен мөмөлүү дарак сыяктуу экенсиң. Балдарың ошол мөмөлүү бактын мөмөсү экенин билесиңби?

Ата-энеңе канчалык кызматың өтсө, ошончолук ыраазылык батасын аласың. Ата-эненин батасы кабыл болот. Эй, уулум, ата-энеңди ар дайым сыйлап өт. (*Кабус наамадан*)

7. Сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү боюнча алган билимдерди кайталоо жана бышыктоо көнүгүүлөрү. 1) Чыгармачылык көнүгүү. 2) Түшүндүрмөлүү көнүгүү. 3) Эскертмелүү көнүгүү. 4) Окуу китеби менен иштөө көнүгүүлөрү.

## ӨНӨР МЕНЕН КӨРКӨМ ӨНӨР ЖӨНҮНДӨ

Эй, уул-кыздарым! Өнөр, көркөм өнөр менен сыймыктануу атак-даңк менен сыймыктануудан өйдө турарын билесиңерби? Өнөр үйрөнүүгө тырышкыла! Өнөрү жок адамдын эч

кимге пайдасы жок экенин ата-энең айттыбы? Өнөрү жок адам кудум эле ак тикенге окшош. Тикендин эч кандай кишиге көлөкөсү түшпөйт. Ар адамга өнөр керек. (*Кабус наамадан*)

## § 3. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү

**Кайталоо, бышыктоо үчүн окуучуларга берилүүчү болжолдуу суроолор жана тапшырмалар:**

1. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн эрежесин айтып бергиле.
2. Эмне үчүн бир өңчөй мүчөлөрдүн аралары үтүр менен ажыратыларын түшүндүргүлө.
3. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөргө оозеки мисал келтирип, сүйлөмдүн кандай мүчөсүнүн (ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч) милдетин аткарганын аныктагыла.
4. Байламта жана байламтасыз (интонация аркылуу) түзүлгөн бир өңчөй мүчөлөргө аныктама бергиле, оозеки мисалдар менен далилдегиле.

**8.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, бир өңчөй мүчөлөрдү тапкыла. 2) Суроолорун берүү аркылуу бир өңчөй мүчөлөрдүн кайсы түрү (баш, айкындооч) экенин аныктагыла.

### АТАК-ДАҢК ЖӨНҮНДӨ

Эй, уулум, ата-энеңден калган атак-даңк менен эмес, өзүңдүн өнөрүң, кесибиң, акыл-эсиң менен сыймыктан, даңктан. Ата-энең сага жагымдуу, жакшы: Акмат, Болот, Алмаз, Асан, Абдылда, Абдракман деп ат койгон болсо, бул аттар, ысымдар сага даңк, атак боло албайт. Сен өзүң тырышып жетишкен окумуштуу, философ, дарыгер, мугалим же болбосо уста деген наамдардын сага берилиши, ыйгарылышы чоң сыймык жана урмат. Тырышып, чымыркanып, жакшы атакка ээ бол, жет. Жаман атак менен элге таанылуудан сак бол, кач. (*Кабус наамадан*)

**9.** Тапшырмаларды коллективдүү аткаруу көнүгүүлөрү. 1) Текстти окуп чыгып, бир өңчөй мүчөлөрдү тапкыла. 2) Бир өңчөй мүчөлөрдү үтүр менен ажыраткыла, анын себебин түшүндүргүлө. 3) Бир өңчөй мүчөлөрдүн өз ара айырмачылыгын айтып бергиле.

### ЫСЫККӨЛ – КЫРГЫЗ ЖЕРГЕСИНИН КЕРЕМЕТИ

Ысыккөлдүн жээгинде көптөгөн курорттор санаторийлер эс алуу үйлөрү бар. Ага Казакстандан Өзбекстандан чет

өлкөлөрдөн көптөгөн адамдар туристтер келип эс алышат, ден соолуктарын чыңдашат. Курорттор таза жылуу абасы салкын жери кооз суусу тунук. Эс алуучулар оорулуу адамдар үчүн жаңы үйлөр ванналар бассейндер курулган салынган. Анда жаңы кооз столдорду керебеттерди отургучтарды дивандарды орду-орду менен коюшкан. Ашканаларда буфеттерде оорулуу адамдарды дарылоо үчүн минералдык суулардын дары-дармектердин түрлөрү бар. Клубдарда ар түрдүү оюндар: шахмат шашки теннис жана бильярддар ойнолот[4]. Ал эми китепканадан жаңы газеталарды журналдарды адабияттарды окуй аласың.

Ысыккөл – кыргыз жергесинин кереметі, урмат-сыйы.

**10.** Жекече, өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. Үлгү боюнча алган билимдерди калыбына келтирүү көнүгүүлөрү.

1. ...[ ], [ ]. 2. [ ], [ ].... . 3. ... [ ], [ ], [ ], [ ] .. ... . 4. [ ] да, [ ] да .... . 5. [ ] менен [ ] ..... . 6. [ ] жана [ ] .... . 7. ....[ ], [ ], [ ] .... . 8. [ ], [ ], [ ]..... .

**11.** Окуучулардын алган билимдерин тереңдетүү көнүгүүлөрү.

1. Атооч сөздөрдөн түзүлгөн ээлер

2. Атоочтук баяндооч

Этиштик баяндооч

3. Атооч сөздөрдөн түзүлгөн айкындооч мүчөлөр

## § 4. Татаал сүйлөм

**12.** Алган билимди кайталоо жана бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү текстти окуп, татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. 2) Татаал сүйлөмдөр канча жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлгөнүн аныктагыла. 3) Татаал сүйлөмдүн эрежесин айтып бергиле.

### ЭНЕ

Илгери-илгери бир эне жашаптыр. Ал жалгыз уулун көрбөгөн азап-тозок менен чоңойтуп, жакшы тарбиялаган дешет.

Күндөрдүн биринде асыл эне катуу ооруп, колу-буту шал болуп калат. Уулу энесин көтөрүп алып, барбаган жери, кол-

**16.** Алган билимди калыбына келтирүү көнүгүүлөрү. 1) Сүйлөмдөрдөгү төл жана бөтөн сөздөрдү тапкыла, эрежелерин айтып бергиле. 2) Тыныш белгилеринин коюлуш себептерин түшүндүргүлө.

## АККОЁН

Байыркы өткөн заманда бир кембагал жашаган экен. Анын бир уул, бир кызы болуптур. Уулунун аты Кодуралы, кызынын аты Аккоён экен. Аккоён кичинесинен мергенчиликке үйрөнүп, бир уруу элди баккан дешет.

Күндөрдүн биринде Аккоён жол жүрүп келе жатып, бир карыяга жолугат.

Анда карыя:

– Бийибиз элди чогултуп алып:

– «Боз үйдүн түндүгүнөн бакан көтөрөм. Бакандын учуна ийне саям. Ким ошол ийненин көзүн жыра атса, мен анын каалаганын аткарам. Ата албаса, канын суудай агызам»,– деди.

– «Бизге тиги Карасуу, Коргонтөбө, Канарык, Кожарык, Өзгөн, Ноокат, Башбулактан бери аткычтар келиптир. Эч кимиси даай албай, апкаарып жатышат»,– дейт.

Анда Аккоён:

– «Мен атам»,– деп чыккан экен. Ал атын катуу чаап келатып, бакандын башындагы ийненин көзүн жыра атат.

Буга эл-журт абдан ыраазы болуп, бий айтканынын баарын аткарган экен. (*Жом.*)

**17.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Төмөнкү макалдарды катыштырып, төл жана бөтөн сөз катышкан сүйлөм түзгүлө. 2) Тике сөздөргө тиешелүү тыныш белгилерин койгула. 3) Эмне үчүн тике сөз экенин түшүндүргүлө.

1. Аз бил, бирок пайдалан[1]. Аз айт, бирок аткар. 2. Эр жигит эл четинде, жоо бетинде. Ынтымак бар жерде ырыс бар. 3. Кеңешип кескен бармак оорубайт. 4. Карынын кебин капка сал. 5. Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат. 6. Мактанчаактык – өзүн сыйлабагандык. 7. Мээнетиң катуу болсо, тапканың таттуу болот.

**18.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү текстти окуп чыгып, тике сөз менен бөтөн сөздү тапкыла. 2) Тике сөздөрдү кыйыр сөздөргө айландырып көчүрүп жазгыла. 3) Тике

сөз менен кыйыр сөздөрдөгү тыныш белгилеринин айырмачылыгын түшүндүргүлө.

## КҮҮНҮН СЫРЫ

Кымыз ичип, үйгө киргенче, карыя[1] жалгыз күүсүн он чакты кайтарып чертти.

– Аксакалдын бул күүсүнүн аты эмне? – деп, жанымдагы кара сакал кишиден сурадым.

– Билбейм, муну эч ким билбейт,– деди.

– Сизге кыянат болбосо, күүнүн сырын чечип бересизби? – дедим мен аксакалдан.

– Олда, балам ай, – деди карыя,– эми болбостур. Сураганыңды ал – деп, оозумдан чыгып да кетти. (*А. Т.*)

**5*. 19.** Үлгү боюнча алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Текстти окуп чыгып, мугалимдин тандоосу боюнча айрым сүйлөмдөрдү төл жана бөтөн сөзгө айландыргыла. 2) Тыныш белгилери коюлбаган тике сөзгө тиешелүү тыныш белгилерин койгула. 3) Тике сөздөрдү кыйыр сөзгө айландыргыла. 4) Тике жана кыйыр сөздөрдүн эрежесин эсиңерге түшүргүлө.

## МЕРГЕН МЕНЕН СУРЕЧКИ

Илгери-илгери бир кедейдин ашкан мерген, баатыр уулу болгон экен. Баланы жаштайынан атасы мергенчиликке үйрөтөт. Бала атасынан ашып өтөт. Тоодогуну тоодон, ойдогуну ойдон атат. Эчки менен телкини боозуна, улак менен чаарчыгын жаштыгына карабай кыра берет.

Ошентип, бала мерген кайберендерден тукум койбой, Суречкинин үйүрүн кошо кырып жиберет. Аягында Суречки Алабаш[6] текеси экөө гана калат. Ошондо Суречки мергенге жалынып-жалбарып:

– Кайберен тукуму курут болуп кетпесин, Алабаш текеме тийбесең экен деп зарлайт. Бирок мерген Суречкинин зарын укпай Алабашты да сулатат. Ошондо Суречки жаны кашайып:

– Эми мени ат, козголбой туруп берейин, тийгизе албайсың, – дейт. Мерген алжыган эчкинин сөзүнө күлүп, мээлеп атып жиберет.

Суречки жыгылбайт. Караса, аткан огу алдыңкы туягынын учун гана чырпып өтүптүр. (*Ч. А.*)

Ү л г ү: «Илгери-илгери бир кедейдин ашкан мерген, баатыр уулу болгон»,– деп айтышат элдер.

– БК — байланыштуу кептин материалдары[5];
– орфографиялык талдоо, мисалы, Ысыккөлдүк[6];
– лексикалык талдоо, мисалы, кулунум[7];
– этимтологиялык талдоо, мисалы, күндүз[8].

**Синтаксистик талдоодо колдонулуучу белгилер:**

– Ээнин алды бир узун сызык менен, мисалы, Бейшегүл;

– баяндоочтун алды эки узун жарыш сызык менен, мисалы, окуду, окуп жатат, окуй баштаган экен;

– аныктоочтун алды толкундуу сызык менен, мисалы, мектептин, Кыргыз Республикасынын Президентинин;

– толуктоочтун алды кыска сызыкчалар менен, мисалы, шаарды, Ысыккөлдү, Кыргыз Өкмөтүн;

– бышыктоочтун алды кыска сызыкчалар, чекиттер менен белгиленет, мисалы, айылдан, Жалалабаттан, Кыргыз Алатоосунан.

# V КЛАССТА ӨТҮЛГӨН МАТЕРИАЛДАРДЫ КАЙТАЛОО, ЖАЛПЫЛОО ЖАНА БЫШЫКТОО

## § 1. Үндүү жана үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү

**Кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:**

? 1. Кыргыз адабий тилиндеги тыбыштарды жана тамгаларды санагыла, канча тамга, канча тыбыш бар экенин далилдегиле.

2. Тыбыш менен тамганын эрежелерин (аныктамасын), бири-биринен болгон айырмачылыгын айтып бергиле.

3. Үндүү тыбыштар деп кандай тыбыштарды айтабыз, алар канчага бөлүнөт, ар бирине мисал келтирүү менен далилдегиле.

4. Үнсүз тыбыштардын эрежесин айтып берип, алардын эмне үчүн каткалаң, жумшак, түгөйлүү, түгөйсүз, уяң үнсүз болуп бөлүнөрүнө мисал келтиргиле.

5. Тыбыштардын жасалышын жана сүйлөө органдарынын катышуусун түшүндүргүлө.

6. Фонетика жана графика жөнүндө түшүнүк бергиле.

7. Фонетикалык талдоо деген эмне?

**1.** Алган билимди эске түшүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү текстти окуп чыгып, кара тамга менен терилген сөздөрдүн үндүү, үнсүзүн, канча тамга, канча тыбыштан турарын далилдегиле. 2) Үндүү, үнсүз тыбыштарга аныктама бергиле.

### АРСТАНБЕКТИН АК БАТА

Зөөкүрдү **чабар** камчы бол,
Кургак жерге **тамчы** бол.
Дүлөйлөргө **кулак** бол,
Чөлдүү жерге **булак** бол.
Жесирлерге **жөлөк** бол,
Жетимдерге **көмөк** бол.
**Канкорлорго** касап бол,
Калп айтканга **мазак** бол.
**Бакырларга** кешик бол,
**Балалууга** бешик бол.
**Таразанын** ташы бол,
Так **чындыктын** башы бол.

донбогон эми-дому калбайт. Энеси айыкпай, баланын айласы кетет. Анын сүт акысынан кутулмакчы болуп, Алатоонун ичин кыдырып, аңтарып жөнөйт. Аябай чарчап, эс алуу үчүн бир жарчанын түбүнө токтошот. Чөп-чар жыйнап, алдын жумшактап, энесин жаткырат. Бала ары-бери чуркап, суу издейт. Бир жерге келсе, бир аз ным чыгып, бууланып турган жерди көрөт.

Бала нымдуу жерди колу менен чукуп көрөт. Нымдын ысыгын байкайт. Дагы чукуйт. Чукуган сайын «Энем – бактым», «Энем – таалайым», «Энем – нурум» деп, бир жыгылып, бир туруп, нымдуу жерди колу менен чукулай берет. Колу, тырмагы тешилет. Көптөн кийин жылжып, ысык суу чыгат. Чункур жасап, энесин ысык сууга жаткырып коёт. Бир аздан кийин энеси тердеп, мемиреп уктап калат. (*Жом.*)

**13.** Алган билимди калыбына келтирүү көнүгүүсү. 1) Текстти окуп чыгып, татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. 2) Татаал сүйлөмдүн араларына коюлган тыныш белгилеринин себебин түшүндүргүлө. 3) Татаал сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмдөргө оозеки айландыргыла.

## ТОКТОГУЛ

Күн чачырап, айыл кыймылга кирди, койлор короодон узап кетти. Жылкычылар жылкы айдап келе жатышат. Токтогул катуу уйкуда. Эл кымыз ичишип, жай-жайына тарашканда, акын уйкудан ойгонду.

Токтогул туптунук сууга барды, бети-колун жуунду. Боюн керди да, жаздын таза абасын жутту. Үйгө кирип, комузун алды да, айылдын маңдайындагы арчалуу дөбөгө чыгып кетти.

Дөбөдө отуруп, Алымкандардын үйүн карап отурду. Үйдүн эшиги ачылса эле Алымкан чыккандай көрүнөт. Акын дегдейт, жүрөгү алеп-желеп болот, көңүлү сүйүнөт.

Тукаба чапанын желбегей жамынып, Алымкан үйдөн чыгып, булакка барды. Согончогуна түшкөн кундуздай кара чачын суу менен сылады да, чапанын кийинип, кайра үйүн көздөй басты. (*Ж. Б.*)

**14.** Алган билимдин чындыгын иш жүзүндө текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. 2) Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү үтүр белгиси менен ажыраткыла. 3) Байламталуу же байламтасыз татаал сүйлөм экенин аныктагыла.

Балдар чаң артынан жүгүрдү. Көздөрүнөн салаа-салаа жаш кетип эки бала жоону ээрчип баратты. Уул бала, кыз бала

кол кармашып «токтогула» деп суранып «ала кеткиле» деп жалынып, жоо артынан экөө көпкө чуркады бирок кууп жете алышпады. Мууну бошогон балдар жер кучактап жыгылды. Кылчаюудан коркушту кыбыроодон чочушту. Эси чыккан эки бала кучакташып калч-калч калтырап улутуна бышактап жатып уктап калышты. (*Ч. А.*)

**5*. 15.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү схеманы пайдаланып, ар бир төрт бурчтукка бирден жөнөкөй сүйлөм ойлоп тапкыла. 2) Жөнөкөй сүйлөмдөрдү байламталардын жардамы аркылуу татаал сүйлөмдөргө айландырып, көчүрүп жазгыла. 3) Тиешелүү тыныш белгилерин койгула. 4) Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн интонация же байламталардын жардамы менен байланышып турганын далилдегиле.

I. 1) □ 2) □ 3) □

II. 1) □ бирок □ 2) □ себеби □

III. 1) □ да □ 2) □ же □

**Татаал сүйлөмдөрдү кайталоого суроолор жана тапшырмалар:**

1. Татаал сүйлөм жөнөкөй сүйлөмдөрдөн кандай айырмаланат?
2. Татаал сүйлөмдүн эрежесин айтып бергиле.
3. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кандай байланышарын (интонация, байламталар менен), ага кандай тыныш белгилери коюларын түшүндүргүлө.
4. Татаал сүйлөмдөр канча жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлөт?
5. Жөнөкөй сүйлөм мурун пайда болгонбу же татаал сүйлөм мурун пайда болгонбу, өз оюнарды далилдегиле.
6. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кандай байламталар менен байланышат, алардын айрымдарына оозеки мисалдар келтиргиле, тыныш белгилерин айтып бергиле.

## § 5. Төл жана бөтөн сөз

**Кайталоо үчүн окуучуларга берилүүчү болжолдуу суроолор жана тапшырмалар:**

1. Төл жана бөтөн сөз деп, кандай сөздөрдү айтабыз?
2. Тике жана кыйыр сөздүн эрежесин оозеки айтып берип, мисалдар келтиргиле.
3. Тике сөзгө кандай тыныш белгилери коюларын түшүндүргүлө.

20. Алган билимди жыйынтыктоо, жалпылоо көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү схема боюнча тике сөздү катыштырып, 4 сүйлөм ойлоп, көчүрүп жазгыла.

1. ☐ : «☐». 2. ☐ : «☐».
3. ☐ : «☐»! 4. «☐», – ☐.

## МОРФОЛОГИЯ БОЮНЧА

### § 6. Уңгу жана мүчөнүн түрлөрү

**Өтүлгөн материалдарды кайталоо жана бышыктоо үчүн окуучуларга берилүүчү суроолор жана тапшырмалар:**

1. Сөздүн курамдык бөлүктөрү уңгу жана мүчө жөнүндө түшүнүк бергиле.
2. Мүчөнүн маанисине карай бөлүнүшүн түшүндүргүлө.
3. Сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу мүчөлөр жөнүндө айтып бергиле, оозеки мисалдар келтиргиле.
4. Тубаса жана туунду сөздөр деп, кандай сөздөрдү айтабыз?

21. Окуучулардын алган билимин, машыккандыгын жана көнүккөндүгүн текшерүү көнүгүүлөрү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, уңгусун жана мүчөсүн ажыраткыла. 2) Сөз өзгөртүүчү же сөз жасоочу мүчөлөр экендигин аныктагыла.

1. Билим – таалай, билим – ырыс, билим – кен. Билим – кайрат, билим – кубат, билим – дем. (*Н. Б.*) 2. Балалык – иримчил, карылык – ырымчыл. 3. Элик жумушчуларга аёолуу карады. 4. Уулум, тартынчаак, уяң болбо. 5. Уулум, эч качан кишилер менен тамашалашпагын. Тамашалашуу – жаман иштин башталышы.

22. Алган билимди калыбына келтирүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү сөздөрдү окуп чыгып, сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү тапкыла. 2) Кайсы сөз түркүмүнөн кайсыл сөз түркүмү жасалды?

Жоокер, кызматкер, сана, чене, достош, жардамдаш, башкар, чечим, басым, сайма, басма, шыпыргы, чалгы, уруш, күлдүр, билдир ж. б.

23. Түшүндүрмөлүү көнүгүү. 1) Төмөнкү сөздөргө сөз жасоочу мүчөлөрдү (-чыл, -чан, -ла, -кар, -ар, ым, -гыр) улап көчүрүп жазгыла. 2) Кайсы сөз түркүмү жасалып жаткандыгын далилдегиле.

Суу, ат, камчы, от, ак, бас, ал.

## § 7. Кыргыз тили — Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили

Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили, байыркы убактардан бери өнүгүп келе жаткан түрк тилдеринин бири. Кыргыз элинин улуттук маданиятын, адабиятын, тарыхын, салт-санаасын, үрп-адатын кылымдан-кылымга сактап келген, аны ар тараптан өнүктүрүүгө шарт түзгөн, азыр улуттук адабий тилге айланган тилдердин бири.

Мурунку совет бийлигинин жылдарында Кыргыз Республикасындагы улуттук тил саясатынын көңүл бурулбагандыгынан кыргыз тилинин коомдук жана мамлекеттик турмушунун бардык чөйрөлөрүндөгү кеңири колдонулушу чектелип, бара-бара тарып, ага анчалык маани берилбей келди. Мына ушунун өзү кыргыз тилин закон жүзүндө сактоо, аны мындан ары өнүктүрүү боюнча өзгөчө зарыл чараларды көрүүнү талап кылды. Ошонун негизинде 1989-жылдын 23-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 10-сессиясында «Кыргыз Республикасынын Жогорку мамлекеттик тили жөнүндө Закон» кабыл алынды. Бул кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары статусун закон жүзүндө белгилөөгө, кыргыз тилин жана кыргыз элинин улуттук маданиятын сактоого жана өнүктүрүүгө негиз түздү. Кыргыз тилин республикабыздын мамлекеттик жана коомдук турмушунун бардык чөйрөлөрүндө, ар тараптан жана толук түрдө колдонуунун камсыз кылды.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү Закондо жаңы кабыл алынган Конституциябызга ылайык кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өз алдынчалыгынын, көз карандысыздыгынын, эгемендүүлүгүнүн негизги белгилеринин бири, Кыргыз Республикасынын бийлик жана башкаруу органдарынын тили экендиги баса белгиленген.

Кыргыз тили азыр иш кагаздарын жазууда, өз ара пикир алышууларда, ар кандай кеңешмелерде, сессияларда, съезддерде, конференцияларда ж. б. кеңири колдонулат.

Кыргыз Республикасындагы ар бир шаар, айыл-кыштак, көчө, аянт, административдик-аймактык жана географиялык аталыштар тарыхый салттарга ылайык азыркы кыргыз тилинин колдонулуп жаткан эрежелерине ылайык жазылат. Бирок ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын аттарын мамлекеттик жана орус тилдеринде жазуу сунуш кылынган. Адамдардын аттарын, фамилияларын жазууда жана колдонууда улуттук салттардын сакталышына уруксат берилген. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилине же ар кандай улуттук тилдерге текебер келтирүүгө же кастык мамиле кылууга катуу тыюу салынган.

Кыргыз тили Кыргыз Республикасындагы орус жана башка улуттук тилдердин эркин өнүгүшүн камсыз кылары, аларга кысым көрсөтпөстүгү белгиленген. Демек, бул закон кыргыз тили кыргыз элинин мамлекеттик тили, улуттук маданиятынын эң жогорку формасы катары өнүгүшүн камсыз кылат.

**Өтүлгөн материалды кайталоого суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргыз тили эмне үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили деп аталат?
2. Кыргыз тилинин элибиздин улуттук маданиятын, адабиятын, тарыхын, салт-санаасын, үрп-адатын ж. б. сактап келүүдөгү ролун жана маанисин айтып бергиле.
3. Эмне үчүн кийинки жылдарда кыргыз тилинин коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык чөйрөлөрүндө колдонулушу чектелип жана тарып келди?
4. Ал учурда эмне үчүн кыргыз тилине анчалык маани берилген жок?
5. «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү Законду» кабыл алууга эмнелер себеп болду?
6. Эмне үчүн Кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өз алдынчалыгынын, көз карандысыздыгынын, эгемендүүлүгүнүн негизги белгилеринин бири?
7. Кыргыз Республикасынын бийлик жана башкаруу органдарынын тили эмне үчүн кыргыз тили болуп калды?
8. Кыргыз тилинин иш кагаздарын жазуудагы, ар кандай кеңешмелерде, сессияларда, конференцияларда ж. б. кеңири колдонулушундагы маанисин айтып бергиле.
9. Мамлекеттик тил жөнүндөгү Закон бизге эмнелерди берди?
10. Мамлекеттик тил менен башка элдердин тилдеринин бири-бирине карым-катышы кандай? Кыргыз тилинин байышына орус жана башка тилдер кандай таасир тийгизди?

## § 8. Текст. Тексттин мүчөлөнүшү

1-корутунду

Текст болуу үчүн төмөндөгүдөй закон ченемдүү үч негизги белги эске алынат:

1. Тексттеги сүйлөмдөрдүн туруктуу мүчөлөнүшү (тизмектелиши);
2. Маанилик жактан бир бүтүндү түзүшү;
3. Сүйлөмдөрдүн өз ара байланыштуулугу.

### 1. Тексттеги сүйлөмдөрдүн туруктуу мүчөлөнүшү

2-корутунду

Текст эки же андан ашык сүйлөмдөрдөн түзүлөт. Бирок ар кандай эле сүйлөмдөрдүн жыйындысы текст боло бербейт. Ал туруктуу мүчөлөнүшү керек.

1-мисал: *Наркы өйүздө казактын боз адыр белесинде от жагылган тандырдын оозундай алоолонгон, билинер-билинбес мелт-калт ылдый чөккөн, жерге күүгүм чакырган, асмандагы борпоң булутчаларды кызыл-сур түскө боёгон, талыкпай албырган күндү Жамийла алаканын көзүнө калкалай, ошол жактан кандайдыр бир сонун көрк ачылып келе жаткандай, муңайым, күлүмсүрөп карап турду.* (Ч. А.)

Бул сүйлөмдөр – бүткөн ойду билдирген кеп чыгармасы, сүйлөм, бирок текст эмес. Сүйлөмдөр тексттин эмес, татаал сүйлөмдөрдүн синтаксисттик закондоруна ылайык түзүлдү жана бирикти. Мында тексттин мүчөлөнүшү, тексттин маанилик бүтүндүгү, сүйлөмдөрдүн системалуу байланыштуулугу жок. Аларды өз алдынча сүйлөм катарында кароого да мүмкүн эмес. Ошондуктан текст эмес.

2-м и с а л. *Данияр унчукпай келе берди. Мен обонду дагы улантса экен деп, чыдамсыздык менен күттүм. Данияр мурдагыдай эле обонун акырын баштады. Бирок бара-бара үнү күч алды. Капчыгай ичи жаңырды. Алыскы аскалар анын обонун эки-үч кайтара улантып жатты. (Ч. А.)*

Бул текст, себеби сүйлөмдөр туруктуу мүчөлөнүп, маанилик жактан бир бүтүндү түздү. Ар бир сүйлөм өз ара байланыштуу айтылды жана өз алдынча турган бир нече сүйлөмдөрдөн түзүлдү.

**24.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, эмне үчүн текст же эмне үчүн текст эмес экенин далилдегиле. 2) Текст болуу үчүн кандай шарт керектигин түшүндүргүлө.

1. Күн уламдан-улам төмөндөп, илеби кайтып, Алатоонун чокусуна жакындап, көл жактан кечки салкын конур жел согуп, август айынын аптабына чаңкаган адамдарды бир аз эс алдыргандай, сергиткендей, эртеден бери көйкөлүп, күн нуруна чагылышып, көз уялтып, тынч жаткан Ысыккөл да желге чайпала баштады. (*К. Б.*)

2. Агарып таң атты. Жерден суурулуп чыккандай аскар тоолор көрүндү. Танабы узарып, талаанын этеги жайылды. Жар башына жаккан оттун быкшыган кору калды. Кор башында тонун желбегей жамынып, аксакал абышка турду. (*Ч. А.*)

**25.** Жаңы билимге ээ болуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү 2 мисалды окуп чыгып, текст экенин далилдегиле. Текст жөнүндө өз түшүнүгүнөрдү айтып бергиле. 2) Ага кандай тема коёрунарды далилдегиле.

1. Каралдым, Жапар! Мен Сырттан[1] келсем, сен армияга жөнөп кетипсиң. Ошентип, мен сени көрө албай, коштошо албай калдым. Аталык сөздөрүмдү айтпай, батамды бербей, өз колум менен улуу жолго сени узата албай калганыма мен абдан өкүндүм. (*К. Б.*)

2. Той болду. Журт тарады. Түн кирди. Ажар болоктоп ыйлады. Күлүк ой, узун санаа, түпсүз кыял Ажарды курчап алды. (*К. Б.*)

**26.** Текшерүү көнүгүүлөрү. 1) Өзүңөр каалаган темада текст түзгүлө. 2) Көчүрүп жазып, маанилик жактан кандай байланышканын айтып бергиле. 3) Тексттин мүчөлөнүшүн түшүндүргүлө.

## 2. Тексттин маанилик бүтүндүгү

### Корутунду

Тексттин маанилик бүтүндүгү тексттин мүчөлөнүшүнүн экинчи мүнөздүү белгиси болуп саналат. Ал өзүнө төмөндөгүдөй белгилерди камтыйт:

– текст – бул белгилүү бир темада сүйлөшүү, пикир алышуу;

– текстте сүйлөөчү адамдын негизги оюнун ишке ашырылышы;

– ар кандай көлөмдөгү тексттин бүткөн ойду билдириши;

– текстке теманы же айтылган негизги ойду билдирүүчү аталыш тандап алуу;

– тексттин демейде туура башталып, туура бүтүшү.

Мисалы: *Дүйшөн бизди адатынча мектепке ээрчитип чыкты. Бул жолу ал эч бир үнчүкпөй, сүйлөбөй, сустайган каштарынын астынан бүркөлө карап, кубакай жүзү карарган темир өңдөнүп келе жатты. Мугалимибиздин мындай болгонун эч көргөн эмес элек. Алда кандай жамандык болуп кеттиби дегендей ыйбаа менен биз дагы, демейде чуруулдап ойноп кетчү балдар сестейип калдык. Калың кар түшкөндө Дүйшөн дайым өзү жол баштап, анын артынан мен, анан башка кичирээк балдар чыйырга түшчү.* (Ч. А.)

## 3. Тексттин байланыштуулугу

### 1-корутунду

Тексттин байланыштуулугу тексттин мүчөлөнүшүнүн үчүнчү негизги мүнөздүү белгиси болуп саналат. Байланыштуулуктун негизин сүйлөмдүн коммуникативдик ырааттуулугу түзөт, тексттеги ар бир кийинки сүйлөм мурунку сүйлөмдөрдүн базасында курулат. Мурунку сүйлөмдөгү негизги ойго кийинки сүйлөмдө жаңы маалымат кошулуу менен негизги ой өнүгүү абалында болот. Ойдун өнүгүүсүнө тексттеги ар бир сүйлөм өз салымын кошот. Ошондуктан сүйлөмдөгү сөздөр экиге бөлүнөт.

Сүйлөмдө мурун белгилүү болгон сөздөр же сөз тизмеги «тема» же «мурунку», кийинки сүйлөмдөрдөгү жаңы сөздөр же сөз тизмеги «рема» же «жаңы» деп аталат. «Тема» же «мурунку» «М» («Т»), «рема» же «жаңылар» «Ж» («Р») тамгалары менен белгиленет.

«Ремада» же «Жаңыда» жаңы билдирүүлөр берилип, айтылган ойду өнүктүрөт же алга жылдырат.

Мисалы: *1. Абыл шаарга келди* (*Абыл, шаарга «жаңы»*). *2. Абыл китеп дүкөнүнө барды* (*Абыл* «мурунку»), *китеп дүкөнүнө* (*«жаңы»*). 3. *Абыл окуу китептерин сатып алды* (*Абыл* «мурунку»), *окуу китептерин* (*«жаңы»*).

Ушул эле сүйлөмдү түшүнүктүү болсун үчүн төмөнкү схема менен көрсөтүүгө болот.

1. $Ж_1 — Ж_1$. 2. $М_2 — Ж_1$. 3. $м_3 — Ж_1$.
1. $Т_1 — Р_1$. 2. $Т_1 — Р_2$. 3. $Т_1 — Р_3$.

же болбосо,

$Ж_1$ $Ж_1$ — 1. *Абыл шаарга келди.*

$М_2$ $Ж_1$ — 2. *Абыл китеп дүкөнүнө барды.*

$м_3$ $Ж_1$ — 3. *Абыл окуу китептерин сатып алды.*

**27.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, «мурунку» же «жаңыларды» же «тема», «ремаларды» тапкыла. 2) Аларды жогорку схема аркылуу көрсөткүлө.

1. Мурат Кожомкул байга малай болду. Мурат абдан арыктады. Ал тамакка тойбой, кийимге жетпеди.

2. Бул – Ажар деген кыз. Беркилери – Ажарга жолдош болуп, бирге чыккан ошол жердик аялдар. Ажар мүрзөнү көргөндө буркурап-боздоп ыйлап жиберди.

3. Ысмайыл кантти экен – деп, Сейденин жүрөгү шуу дей түштү. Кыш да түштү. Кышында суук үңкүргө жатыш оңойбу? Сейде чоң ала кийизди Ысмайылга жеткирип берүүнү ойлоду. Сейде күндөп-түндөп Ысмайылдын кирин жууду.

## § 9. Тексттин темасы жана анын бөлүнүшү

1-корутунду

1. Текст деген – маанилик жана грамматикалык жактан өз ара тыгыз байланышкан сүйлөмдөрдүн жыйындысы

(тизмеги). Ал эми сүйлөмдөрдүн грамматикалык жактан байланышынын негизги каражаттарына сүйлөмдөрдүн орун тартиби, сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби жана интонация кирет.

2. Ар бир текст өзүнүн мазмунуна жараша белгилүү теманы түзөт. Тема деген – тексттин мазмунуна коюлган ат, тексттин маанилүү өзөгү, тексттин жалпыланган мазмуну.

3. Тексттин темасы **подтемага** (темачага), **бөлүмгө** жана **микротемага** (кичине темачаларга) бөлүнөт. Буга мисал катарында төмөнкү тексттерди талдап көрсөтүүгө болот.

4. Тексттин темасы көп учурда анын кириш бөлүмүндө же тексттин аягындагы айрым сүйлөмдөр менен да берилет.

5. Тексттеги сүйлөмдөр анын жалпы темасы менен гана байланышпастан, андагы негизги идея, негизги ой менен да байланышат.

6. Тексттин темасы менен андагы негизги ойду так ажырата билүү керек. Текстте эмне жөнүндө айтылса, бул маалымат тема, текстте эмне, кандай мазмун берилсе, бул тексттин негизги оюу. Тема да, негизги ой да тексттин сүйлөмдөрүн бириктирет, маанилик бүтүндүк берип турат.

## ДЫЙКАН

### Акылдуу жооп

Илгери-илгери Жакел деген жалкоо киши болгон экен. Ал эгин экпей, шаардагы кызыл кулактардан, соодагерлерден карызга алып, жан сактоо кылчу экен.

Бир жылы Жакен дыйкан жигиттин үйүнө конуп отуруп:

– Иним! Мен ушул жолдон жыл сайын өтөм, сени жаз жарыш, күз күрөш үстүндө көрөм. Жыл сайын алачыктай-алачыктай кызылды жыйнап жатканыңды көрүп: – Бул жигит мынча эгинди кайда батырат болду экен деп ойлойм, – дептир.

Анда жигит: – Айтканыңыз чын. Түшүмдү эмгегиме жараша көп алам,– дептир.

– Анча аштыкты эмне кыласың,– дептир Жакел.

Жигит:

– Бир бөлүгүн карызыма берем, бир бөлүгүн карызга берем, бир бөлүгүн өзүм каржылайм,– дептир.

### Таң калуу

Бул сөзгө Жакел таң калып:

– Ээ, иним! Бу кандай кебиң? Түшүмүң мол болгон соң, карыз да албай, карызга да бербей, өзүң эле ичип-жесең болбойбу? – дептир.

Жигит жылмайып:

– Карызыма берем дегеним – ата-энеме ичирем, кийгизем, жедирем, анткени ата-энемдин ак сүт, адал нанына карыздармын. Карызга берем дегеним, өз балдарыма ичирем, кийгизем, анткени балдарым мага карыздар. А өзүмдүн ичкеним, кийгеним – өз акым, – дептир.

### Уялуу

Бул сөздү уккан Жакелдин башы жерге түшүп, өзүнүн билбестигине, ата-энеси, балдарын алпечтеп бага албаганына катуу уят болуптур. Ошондон баштап, Жакел жалкоолугун[3] таштап, эгин эгип, кетмен чаап, мол түшүм алыптыр. (*Кытайдагы кыргыз эл жомокторунан*)

2-корутунду

Жогорку тексттин негизги темасы – «Дыйкан». Ал «Акылдуу жооп», «Таң калуу», «Уялуу» деген үч подтемадан (темачадан) жана анын ар бир бөлүмү өзүнчө микротемалардан турат. Мисалы: 1 – «Акылдуу жооп» деген подтемада жалкоо жана эмгекчил жигит; 2 – «Таң калуу» деген подтемада суроо жана жооп; 3 – «Уялуу» деген подтемада уялуу жана мол түшүм алуу деген микротемалар бар.

Демек, подтема деген чоң теманын ичиндеги майда темалар, ал эми микротема деген жалпы теманын майда бөлүкчөлөрү, же болбосо, кептин маанилик минималдуу бирдиги.

**28.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, текстке тема ойлогула. 2) Тема эмне максат менен коюуларын далилдегиле. 3) Тема жөнүндө өз түшүнүгүнөрдү айтып бергиле.

– Кызым, жалгыз жаның бар, баланы кор кылбай жумша. Эне сүтү оозунан кете элек, бирөөнүн жалгызы экен[4].

– Энеке, – деди кыз жылмайып, – сиздин айтканыңызды аткарам, ини кылып алам. Жүдөп баратса, мага айтып туруңуз.

– Атың ким? – деп ылдый карап турган мени ээгимден көтөрдү.

– Зарлык,– дедим мен.

– Аа, айланайын... Бирөөнүн зар жүрүп көргөн жалгызы тура. Ата-энең зарлап калгандыр? Өлбө, балам, өлбө, – деди кемпир. (*А. Т.*)

**29.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Текстти көчүрүп жазгыла. 2) Тема, подтема, микротема жөнүндө өз түшүнүгүнөрдү айтып бергиле. 3) Тексттеги микротеманы тапкыла.

Машина келип токтоду. Курманов машинадан түшүп, Улуу Жеңиш күнү менен куттуктады.

– Ардактуу агайындар,– деди Курманов,– биздин тилегибиз ушул эле. Мына, эми тилегибизге жеттик. Тынчтык болду. (*К. Б.*)

**30.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Каалаган темада чакан текст түзгүлө. 2) Көчүрүп жазып, анын подтемасын жана микротемасын аныктагыла.

**31.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Тема жана анын бөлүмдөрүн түшүндүргүлө. 2) Эмне үчүн тема подтемаларга, микротемаларга бөлүнөрүн далилдегиле. 3) Теманын кенири же тар мааниде айтылгандыгын аныктагыла, оозеки мисал келтиргиле. 4) Тексттеги микротеманы тапкыла.

## МЕН ЫЙЛАГАНДА

Бектурган деген кайырчы мага жаздын күнү текей терип жүргөндө жолукту. Мени ээрчитип алды. Карт кишинин арыктыгы жетишип калган болуу керек, шишип-көөп баса албайт.

– Кете бер, балам, мага караба, кудай мени керектеп калса керек, – деди. Мен ыйлап жибердим.

Эртеси бир көнөчөк айран таап, Бектурган акеме карай чуркадым. Батыраак[6] жетүүгө ашыктым. – Оо, чиркин! Бектурган акемдин дайыны жок. Ордунда таягы менен эски ак топусу гана калыптыр.

Тегерегинде карга, кузгундар жүрөт. Мен дагы ыйлаган бойдон кайра кеттим. (*А. Т.*)

## § 10. Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору

Тексттеги сүйлөмдөр өз ара ички маанилик жактан эки түрдүү: у л а н м а л у у же ч ы н ж ы р л а ш жана у д а а л а ш т ы к (жарыш) ык, жол менен байланышат.

1-корутунду

Тексттеги сүйлөмдөр мааниси жактан уланмалуу жол менен, башкача айтканда, чынжырлашып байланышканда экинчи сүйлөм биринчи, үчүнчү сүйлөм экинчи, төртүнчү сүйлөм үчүнчү сүйлөмдөгү ойду улайт. Сүйлөмдөрдүн мындай байланышы уланмалуу же чынжырлаш байланыш деп аталат.

Уланмалуу байланышты төмөндөгүдөй схема менен көрсөтүүгө болот.

[1] ← . [2] ← . [3] ← . [4] .

Мисалы:

*Чабалекей чырылдап, уясынан учту. Тышка чыкты. Кайра учуп кирди. Экинчи чабалекей да балдарына жем тиштеп келип калды, жыланды көрдү. Ал оозундагы жемин таштап жиберди, кайрат кылды. Балдарын жоодон сактамакчы болуп, канаты менен жыланды чаап өттү. Жылан аны тоготподу. Башын көтөрүп, ууяны карай жыла берди.* (К. Б.)

2-корутунду

Тексттеги сүйлөмдөр кайталанып айтылган же бир уңгулаш сөздөр, ат атоочтор же тилдин башка каражаттары (синонимдер) ж. б. аркылуу да мааниси боюнча уланышып, чынжырлашып байланышат. Мисалы:

*Жыйналышка Жутабай карыя төрагалык кылды. Жыйналышты ачып, Чүкөбайга сөз берди. Чүкөбай жаркылдап, оюн күлкү аралаштыра сөзүн баштады. Ал жетишкен ийгиликтерин айтты.* (К. Б.)

3-корутунду


Кайталанган сөздөр аркылуу колдонулган уланмалуу (чынжырлаш) байланыш илимий жана иштиктүү кепте кеңири колдонулат. Аларды колдонуу кептин так болушун камсыз кылат.

4-корутунду

Тексттеги сүйлөмдөр чынжырлаштырган сөздөрсүз да байланышат. Мында да бардык сүйлөмдөр, экинчи

сүйлөмдөн баштап, мааниси боюнча жана грамматикалык жактан биринчи сүйлөм менен байланышат. Бирок сүйлөмдөр түзүлүшү жагынан окшош болушат да, алдынкы сүйлөмдө айтылган ойду улабайт. Андагы сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартиби биринчи сүйлөмдө кандай болсо, кийинки сүйлөмдөрдө да так ошондой тартипте кала берет.

Тексттеги сүйлөмдөрдүн мындай байланышы у д а а л а ш (жарыш) байланыш деп аталат. Муну төмөндөгүдөй схема менен көрсөтүүгө болот.




М и с а л ы:

*МЕКЕН*

*Ар бир адамга туулуп өскөн жери – өтө кымбат. Мекендин топурагы – ар бир адамга алтын. Мекенге кызмат кылбаган киши – элдин душманы.*

*Мекенди сүйүү жана ал үчүн кызмат кылуу – чексиз бакыт-таалай. Мекенде байлык болсо, сенде да байлык болот. Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрылган жакшы.*

5 - к о р у т у н д у

Кээде текстте удаалаш (жарыш) байланыш менен уланмалуу (чынжырлаш) байланыш аралашып айтыла берет.

М и с а л ы: *Чүйгө келе жатабыз. Дагы алты-жети күн жол жүрөбүз. Камдаган азык-түлүк түгөндү. Чүй – жер соорусу. Чүй – эгин-тегинге бай. Чүй – биздин туулуп-өскөн жерибиз* (удаалаш байланыш). *Эртерээк жетсек дегенде эки көзүбүз төрт. Үйдү эңсеп келебиз* (уланмалуу байланыш).

**32.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Текстти окугула, андагы сүйлөмдөрдүн байланыш жолдорун аныктагыла. 2) Удаалаш (жарыш) байланыш менен уланмалуу (чынжырлаш) байланышты ажыраткыла.

1. Кычан келди. Кычан жыйналышта чыгып сүйлөдү. Кычан мекеменин жанындагы көк шиберге уй мүйүз тартып олтурушкан элди көрдү. Кычан аябай эргип сүйлөдү. Кычандын сүйлөгөнү көпчүлүккө жакты. (*Ш. Б.*)

2. Осмонбек Жамийлага көз чаптырды. Ал комузун колуна алды. Кулагын бурады. Күүсүнө келтирди. Элибиздин маданиятын, достугун ырдады. (*К. Б.*)

33. Жаңы билимге ээ болуу көнүгүүлөрү. 1) Көчүрүп жазгыла. Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорун аныктагыла. 2) Анын түрлөрүн, эмне үчүн уланмалуу (чынжырлаш) же удаалаш (жарыш) байланыш экенин далилдегиле. 3) Эрежелерин түшүндүргүлө.

1. Күндөр өттү. Жаркырап жаз келди. Күн узарды. Бактарактар бүрдөдү. Жер бети кулпунду. Зууракан айры-күрөгүн көтөрүп, аянтка чыкты. (*К. Б.*)

2. Бостон өз көзүнө өзү ишенбеди. Кызыл-ала канга чыланган баласынын үстүнө үйрүлүп түштү. Жерден көтөрүп ала койду. Көкүрөгүнө кыскан боюнча артына кетенчиктеди. Өлүм алдында жаткан Акбаранын көпкөк көздөрүн таң кала тиктеп өттү. (*Ч. А.*)

5*. 34. Алган билимди текшерүү көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, тексттеги сүйлөмдөрдөн уланмалуу (чынжырлаш), удаалаш (жарыш) байланыштарды тапкыла. 2) Уланмалуу байланыштын бир унгулаш сөздөр, же ат атоочтор, же синонимдер аркылуу байланышып турганын аныктагыла.

1. Данияр унчукпай келе берди. Ал бир аз тыныгып, обонун кайра созду. Анын ырдаганына мен чындап эле сүйүнүп кеттим. (*Ч. А.*)

2. Түнкү саат он чамасы. Асманда алтын Ай ак булуттарды жиреп, батышка карай жылып бара жатат. Пристанда эл батпайт. Баарынын жүзү жарык жана кубанычтуу. (*К. Б.*)

35. Өтүлгөн материалды кайталоо, бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү тексттерди окуп чыккыла. 2) Удаалаш, уланмалуу (чынжырлаш) байланыштагы тексттерди тапкыла. 3) Аларды далилдеп көрсөткүлө. 4) Удаалаш байланыш менен уланмалуу (чынжырлаш) байланыш аралаш текстти тапкыла.

1. Мектептин клубу. Клуб – кызыл-тазыл. Дубалдарына ураандар, чакырыктар илинген. Клубда чогулган эл көп. Жапар акырын басып, президиумга чыкты. Жыйналышты ачык деп жарыялады. Чогулгандар дүркүрөтө кол чабышты.

2. Жамийла класска кирди. Столдун жанындагы олтургучка отурду. Журналды алып, ары-бери барактады. Жамийла балдардын тизмесине көз жүгүрттү. Акырын башын көтөрүп, сабагын баштады. (*К. Б.*)

**36.** 1) Өзүнөр удаалаш, уланмалуу (чынжырлаш) жана аралаш байланышка мисал ойлоп тапкыла. 2) Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорун аныктагыла.

## § 11. Абзац. Анын текст түзүүдөгү мааниси

### 1-корутунду

Сүйлөп жаткан адам өзүнүн оюн башкаларга толук, жеткиликтүү түшүндүрүү үчүн бир ойдон экинчи жаңы ойго өтүп отурат. Ал ойлор жалпы бир темага бириктирилет. Ошол жалпы теманын майда бөлүктөрү микротема деп аталат. Микротема бир нече сүйлөмдөр аркылуу туюндурулат. Ошол микротемага бириккен тексттин бөлүктөрү абзац деп аталат. Ал эми тема бир нече микротемадан турса, текст эреже катарында бир нече абзацтан турат. Абзац тексттин башындагы кемтик же башталган бир ой менен экинчи ойдун ортосундагы текст, тактап айтканда, тексттеги жаңы ойдун башталышы.

Бул сөз немец тилинен алынып, бизче чегинүү дегенди билдирет. Абзацты Z белгиси менен белгилейбиз.

Мисалы: *Көп убакыт өттү. Таң агарып ата баштады. Ажар Турпандын четине өтүп, кургакка чыкты. Какшаалдын чегине келди.*

*Какшаал – суусуз чөл, ээн жер боло турган. Бириндеп, ар кайсы жерине чыккан алтыгана, табылгы, жылгындары гана болбосо, башка жерлери чөпсүз, кумдуу, мейкин талаа.* (*К. Б.*)

**37.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү текстти окуп чыгып, эмне үчүн абзац менен башталганын айтып бергиле. 2) Абзац жөнүндө түшүндүргүлө.

Өр талашкан кара жолдо эски араба айдаган кары киши келет. Араба тарткан – кула жорго. Гүлсары да картаң ат, абыдан эле картаң ат.

Чоң сайдын таманынан тиги кырга чыккычакты итапкан өр. Кышында өтсөң, жолдун эки тарабындагы ээн адырдан бороон улуп, кар тозону уруп турат, жайында өтсөң, леп эткен жел жортпой, үп болуп, дымыктырып курутат. (*Ч. А.*)

Текст сыяктуу эле абзацтын да башталышы, өнүгүшү жана бүтүшү болот. Мисалы: *Зууракан ордунан турду* (абзацтагы окуянын башталышы). *Илгери басты. Баскан сайын төрагага жакындай берди. Жүрөгү алып-учуп дикилдеди. Бүткөн бою коргошундай балкыды* (абзацтагы окуянын өнүгүшү). *Төрага ага Ленин орденин тапшырды* (абзацтагы окуянын бүтүшү).

**38.** Жаны билимге ээ болуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү текстти окуп чыгып, абзацтагы окуянын башталышын, өнүгүшүн жана кандай сүйлөмдөр менен бүткөндүгүн тапкыла. 2) Абзац жөнүндөгү алган билимдерди эске түшүргүлө.

Алар шыдыр келишти. Бөлтүрүктөр жаткан ийинге жетишип, бардыгы аттарынан секирип түшүштү. Колдорундагы узун таяктары менен ийинди сайгылашып, бөлтүрүктөрдү сыйыртмактап алып жатышты. Көзүн ача элек бир бөлтүрүктүн башын жанчышып, ошол жерге таштап салышты. Калган бөлтүрүктөрдүн баарын алышып, койчулар жолго түшүштү.

**39.** Окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү көнүгүүсү. 1) Өзүнөр кыска текст ойлоп жазгыла. 2) Андагы окуянын башталышын, өнүгүшүн жана бүтүшүн тапкыла. 3) Эмне үчүн абзац керек экенин далилдегиле.

**40.** Алган билимди терендетүү көнүгүүлөрү. 1) Текстти окуп чыккыла, абзац менен башталган сүйлөмдү тапкыла. 2) Эмне үчүн абзац менен башталарын далилдегиле. 3) Абзац жөнүндө өз түшүнүгүнөрдү айтып бергиле. 4) Абзац менен микротеманын айырмачылыгын түшүндүргүлө.

## ЭНЕНИН АЛКЫШЫ

Айланайын уулум, мени ушунчалык азап менен көтөрүп жүрүп, барбаган жериң, баспаган тооң калбады эле. Эми минтип, мүрөк суусу бар касиеттүү жерге алып келипсиң. Кечээ сен жаткырган жердин суусу – мүрөк суу экен. Суусуга жатканда жаным мемиреп, уктап кеттим. Экинчи жолу түш көрдүм. Түшүмдө мандайыма Күн келип, колума куш конду. Күндү көрүп жайнай түштүм. Анда Күн: – «Эми айыктың. Сенин балаң эстүү экен. Ал ушунчалык убара болуп, азап чегип, сени ушул сырдуу жерге алып келиптир. Эми мындан ары менин шооламды кубанып көрүп жүргүлө. Колундагы куш – уулуң

экөөңдүн бактыңар. Мен ойгонгондо силер да ойгонуп, чарчабай иштегиле. Мен түнөгөндө силер да түнөп, эс алгыла. Ошондо бактыңар көбөйө берет»,– деди./ Ойгонуп кетсем – түшүм. Жанымды карасам, сен жоксуң, өзүмдү ушунчалык жеңил сезип, кең жайыкка жүгүрүп чыктым. Жөн эле жепжеңил болуп айыкканымды айтпа, балам. Тим эле куландан соомун. Ыракмат балам, мени ушундай жерге алып келип, мүрөктүн суусун таап бергениңе! Ак сүтүмдү актадың, балам! (*Ж. Мук.*)

**41.** Текшерүү көнүгүүлөрү.

Силер терең билим, жакшы тарбия алгыла! Силер да тарбиячы болосуңар. Силерди эли-жериңер, ата-энеңер, курбукурдаштарыңар күтүп турат. Аларды жогорку илим-билимиңер, жакшынакай жүрүш-турушуңар, терең акыл-эсиңер менен кубанткыла! Күч-кубатыңарды элден аябагыла!

3-корутунду

Абзац өзүнө бир нече сүйлөмдөрдү камтыйт. Кээде бир сүйлөм менен да түзүлүшү мүмкүн. Мисалы:

1. *Бугу-Эне адамдардын арамдыгына наразы болот. Ит агытып, ок аткан адамдардын колунан тукуму бүт кырылып кетер болуп, саналуу гана маралы калганда, Бугу-Эне аларды касиетине калкалай качат. Алатоонун аскасынан Теңиртоонун чокусуна бир аттап чыгат да, кылчайып Ысыккөл менен коштошот. Ошо бойдон калган тукумун сактап, кулак укпаган, көз көрбөгөн бир жерлерге кетип калган экен.*

*Бугу-Эне алигидей болуп коштошуп турганда, көзүнөн жаш төгүп, арамдыкты каргап, адалдыкты зарлап кеткен экен дешет.* (Ч. А.)

2. *Жүгөндү ийнине арта салып, Танабай тоону беттеп баратты... Көзү жаштуу, көкүрөгү дарттуу Танабай агарып келаткан таңды, тоо бөксөлөй учуп келаткан жалгыз казды карап баратты. Жалгыз каз тобун издеп, кууп баратты.*

– Уч, жаныбар, уча бер! – деди Танабай. Канатың тала электе катарыңды кууп жет!

Анан үшкүрүп алып, артына бир кылчайды:

– *Кош, жаныбарым Гүлсары!* (Ч. А.)

## § 12. Тексттин татаал планын түзүү

1-корутунду

Текстке эки түрдүү план түзүүгө болот. Анын биринчиси – ж ө н ө к ө й (к ы с к а) план, экинчиси – т а т а а л (к е ң и р и) план. Татаал планда тексттеги айтылган ой толук, майда окуяларына чейин камтылат. Пландын айрым пункттары (суроолору) тексттин маанилүү майда бөлүктөрүн же микротемаларын түзөт, б. а. пункттар тексттин майда бөлүкчөлөрүн бир бүтүн текстке бириктирет.

Эң мурун тексттин татаал планы түзүлөт. Ал жалпылаштырылып, системага салынып, майда суроолору кыскартылып, негизги темалары гана калтырылып жөнөкөй (кыска) план түзүлөт.

План тексттин мазмунундагы негизги учурларды чагылдырат. Пландын пункттары суроолуу, жайылма сүйлөм иретинде да болот же айрым суроолору тексттин өзүнөн алынат.

Буга мисал катарында төмөнкү «Бай жана ит» деген текстке татаал план түзүп көрөлү.

### БАЙ ЖАНА ИТ

Илгери-илгери бир байдын жакшы ити болгон экен. Ал короого жат адамдарды жолотчу эмес. Короого келген карышкырларды далай жолу качырган дешет.

Ит карыйт. Оозунан тиш, бутунан күч кетет. Көзү да жакшы көрбөй калат. Ит түн ичинде короо кайтарганды да коёт. Бай итке тамак бергенди да коёт. Карды ачкан ит уурулук кылат. Бай иттен кутулгусу келип, ээрчитип барып, сууга ыргытат. Ит суудан чыгып, кыңшылап, байдын бутуна жыгылат. Бай ага да болбой, иттин мойнуна таш байлайт да, сууну көздөй сүйрөйт. Ит тырмышып такыр болбойт. Бай иттин башын таш менен жара чабат. Иттин эси ооганда сууга ыргытып жиберет. Жардын башы кемирилип кетип, бай да чоң сууга кошо кулайт. Оозу-мурдуна суу кирип, ити менен кошо агып жөнөйт.

Ит байды көп узатпай эле этектен тиштеп, суудан сүйрөп чыгат. Бай эссиз жатат.

Бир кезде көзүн ачса, башында канга боюлуп, чокчоюп отурган итин көрөт. Бай итти кучактап алып ыйлайт. Өз күнөөсүн мойнуна алат. Итти үйүнө алып келип, мамыкка ороп, жакшылап багат. (*К. Тын.*)

Татаал план:

1. Бай жана ит.
2. Иттин жаш кезинде байга кылган жакшылыгы.
3. Иттин карый башташы.
4. Байдын сарандыгы жана итин бакпай коюшу.
5. Иттин ачкалыктан ууру кылышы.
6. Байдын итти сууга ыргытышы.
7. Байдын капысынан сууга агышы жана иттин байды суудан аман алып чыгышы.
8. Байдын өз кемчилигин мойнуна алышы, итин кучактап ыйлашы.
9. Итти жакшы асырап багышы.

**42.** Алган билимди калыбына келтирүү көнүгүүсү. 1) Жогорку «Бай жана ит» деген текстке жөнөкөй (кыска) план түзгүлө. 2) Ошол түзгөн планынар боюнча кыскача аңгеме жазгыла. 3) Жөнөкөй план менен татаал пландын айырмачылыгын түшүндүргүлө.

**43.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Өзүнөр каалаган темада же окуган адабий чыгарманар боюнча татаал план түзгүлө. 2) Кыскача аңгеме жазгыла. 3) Текст деген эмне экенин жана андагы абзацтын маанисин түшүндүргүлө.

**5*. 44.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Текстти окуп чыгып, татаал план түзгүлө. 2) Түзгөн татаал планынар боюнча тексттин мазмунун кыскача айтып бергиле.

## ЖЫЛАНДЫН ЖАРДАМЫ

Илгери-илгери өткөн заманда бир жетим бала «ала» оорусу менен ооруп калат. Байлар жугуштуу оору деп, баланы ээн талаага таштап, өзүлөрү башка жакка көчүп кетишет. Бала оорусунан айыкпайт, көрбөгөн кордукту, көп азап-тозокторду тартат. Ачкачылыктан сөөктөй катат.

Бир күнү жер кыдырып жүрүп, булакка кез келет. Суунун түбүндөгү жылтылдаган кооз таштарды байкайт. Таң калат да, сууну кечип, таштарды тере баштайт. Бир малда жээкке чыгайын десе, буту тартылбайт. Караса, жылан баланын бутуна, колуна, санына, белине, төшүнө оролуп калыптыр. Бирок бат эле шоп-шоп этип, кайта түшүп кетишет. Бала аң-таң калат, коркот. Ошондон кийин оорусунан таптакыр айыккан экен. (*Жом.*)

**45.** Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүлөрү. 1) Адегенде окуп чыккыла, андан кийин мазмунун оозеки айтып бергиле. 2) Ага татаал план

түзгүлө. 3) Түзгөн планыңарды чогуу талкуулагыла жана суроолоруңарга көңүл бургула.

## КЫТАЙ ЖЕРИНДЕ

1916-жылы падышанын запкысына чыдай албай көтөрүлүш чыгарып, жеңилип калган соң, жан соогалап, Кытайга качып барган кыргыздардын турмушу абдан кыйын болду. Көбү ачкачылыктан кырылды.

Мен ал кезде он беш жашар бала элем. Эптеп жан багыш үчүн Сабитахун деген уйгур байына малай болдум. Бир күнү эки эшекке сылай отун жүктөтүп, базарга жөнөдүк. Келе жатып, жол боюнда отурган абышкага көзүм түштү. Абышканын тизесинде беш-алты жашар сүйкүмдүү кыз бала. Анын тал-тал болгон маңдай чачтары соккон желге ыргалат. Ыйлаган экен, курсагы ачка болсо керек. Эки көзүнүн кычыгынан аккан көз жашынын издери бар. Ээрди[1] кеберсип, мени тааныган кишидей жалдырап карайт. Мен карыянын ким экенин кийин билдим. Кочкорлук Борбугул деген киши экен. Кемпири экөөн эптеп багып турган жалгыз уулу быйыл кышта каза болуптур. Келини болсо, жан багыш үчүн кызын таштап, башка бирөөгө турмушка чыгып кетиптир. Абышка-кемпирдин[2] турмушу өтпөй, оокаты жок калып, өзүбүз да ачкадан өлбөйлү, кызыбыз да өлбөсүн деп, кара жандын айласынан небересин бирөөгө сатканы базарга алып бара жатыптыр. (*К. Б.*)

5*. 46. Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Текстти окуп чыгып, ага жөнөкөй жана татаал план түзгүлө. 2) Жөнөкөй жана татаал пландын максатын түшүндүргүлө. Нандын маанисин айтып бергиле.

## НАН

Илгери бир койчу болуптур. Ал байдын коюн көп жыл багып жүргөн экен. Кой баккан жеринде ар түрдүү гүлдөр ыргалып, тоодон улар сайрап турчу экен. Ал койду күнүгө тулаңдуу бетке жайып, жакшы багып жүрүптүр.

Бир күнү күн суук болот. Ызгаар, шамал бетти жалайт. Ошол күнү бала нандан экини сураса, бай силкинип, бирөө эле жетет деп, сурданып коёт. Койчу дагы сурайт, бай бербейт. Койчу коюн айдап кете берет. Түш болот. Бала нанын суунун жээгине[1] отуруп жей баштайт. Ошондо нандын бир күкүмү жерге түшүп кетет. Койчу мунун убалы кимге деп, күкүмдү кержэли кечке издейт. Бирок күүгүм кирип кетип,

чөптүн арасынан күкүмдү таппай коёт. Эртеси келип издейин деп белгилеп, күкүм түшкөн жерге таягын сайып коёт.

Койду кечигип айдап барат, ал үчүн баланы уруп, мурдубашын кан жалатып, эсин оодарат. Эртеси илкип басып, баягы жерге келсе, таяктын тегерегине чеп орноп, анын ичи баш алган буудайга толуп калганын көрөт. Койчу аларды алып, байдын азап-тозогунан кутулат. (*Ж. М.*)

**47.** Алган билимди бышыктоо үчүн өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Төмөнкү план боюнча үйдөн текст ойлоп жазгыла. 2) Эмне үчүн андай тема коюлганын, андагы ойду аныктагыла. 3) Пландын жөнөкөй же татаал экенин түшүндүргүлө.

## КЫЧАН

1. Окууга аз эле күн калган эле.
2. Кычандын уйларды кайтарышы.
3. Жумаалынын Кычанды аңдышы.
4. Кычан менен Жумаалынын кармашы.
5. Кычандын жарадар болушу.
6. Жумаалынын кармалышы.

## § 13. Кептин түрлөрү

Кыргыз адабий тилинде о о з е к и жана ж а з м а тил (кеп) болуп экиге бөлүнөт. Муну төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

**Адабий тил** → оозеки тил; жазма тил

**1. Оозеки тил** → диалог; монолог

**а) Диалог** → жай диалог; суроо иретинде айтылган диалог; күчтүү сезим менен айтылган диалог; буйрук иретинде айтылган диалог

**б) Монолог** → баяндоо; сүрөттөө; ой жүгүртүү

**2. Жазма тил** → изложение; сочинение

Адам баласынын күндөлүк турмушунда бири-бири менен пикир алышып, оозеки сүйлөшкөн сөздөрүн оозеки тил (кеп) деп айтабыз.

Азыркы шартта оозеки тил (кеп) чоң мааниге ээ, себеби коомдук иш, курулуш, тынчтык, эл аралык абал ж. б. жөнүндө лекциялар, докладдар оозеки окулат. Мектептердеги сабактар да оозеки берилет.

Оозеки кеп **диалогдук** жана **монологдук** кеп болуп экиге бөлүнөт.

## § 14. Диалогдук кеп жөнүндө түшүнүк

**Диалог** гректин диалогос – аңгеме деген сөзүнөн алынган. Эки же бир нече кишинин өз ара сүйлөшүүсү деген маанини билдирет. Кептин бул түрү эл арасында кеңири тараган кептерден болуп саналат. Мында бир адам сүйлөп бүткөндөн кийин, экинчи кишинин, ал бүткөндөн кийин үчүнчү кишинин сөзү башталат.

**Диалогдук кепте** окуучулар төмөндөгү талаптарды толук эске алышы мүмкүн: сүйлөгөндө сүйлөшүп жаткан кишини кызыктыра тургандай темаларды тандашы керек; өзүң жөнүндө көп мактанып сүйлөбө; сүйлөп жаткан жолдошуңдун кебин көңүл коюп ук, ал сүйлөп бүтмөйүнчө сөзүн бөлбө, аягына чейин тыңша; сүйлөгөндө катуу кыйкырып, жинденип сүйлөбө; акырын, жайдары адабий тилдин нормасында сүйлө ж. б.

Диалогдук кеп айтылыш максатына карай: **жай диалог**, **суроо** иретинде айтылган диалог, **күчтүү сезим** менен айтылган диалог, **буйрук маанисинде** айтылган диалог болуп төрткө бөлүнөт.

**48.** Машыктыруу мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү диалогдуу сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, диалог деген эмне экендигин түшүндүргүлө. 2) Кептин түрлөрүн айтып бергиле. 3) Диалогдук кепке кандай талаптар коюларын эсиңерге сактагыла.

– Саламатсызбы?
– Саламатчылык.
– Сүрөттү жакшы көрөсүңбү?
– Ооба.

– Тарта билесиңби?
– Тарта билем, агай.
– Фамилияң ким?
– Айтикеев.
– Атың ким?
– Жапар.
– Тарткан сүрөттөрүң барбы?
– Бар. (*А. Т.*)

## § 15. Жай диалог

Адамдардын өз ара сүйлөшүүсү, пикир алышуусу, суроо-жообу жайынча гана баяндалат. Курамында бир же эки курамдуу, жайылма сүйлөмдөр ж. б. колдонулат.

М и с а л ы:

– Ыракмат, Торгой аке, чыгаан болор малың бар экен. Көңүлүм ачыла түштү.

– Бу тайдан чыгат, бирок сен анчалык үзүлүп түшпөй жүр. Көзүң да тийбесин, көрүнгөнгө да айта бербе.

– Кам санабаңыз, аксакал, мен кичине бала эмесмин, ардемени көрүп калбадыкпы.

– Аның дурус, эмесе билип ал, аты Гүлсары. Былтыр жайлоодо кичине кызым коюп кеткен. Ошондо Гүлсары деп ат койду эле. Гүлсары атын өчүрбө, балам. (*Ч. А.*)

**49.** Алган билимди алгачкы жолу бекемдөө көнүгүүсү. 1) Жай диалогдун эрежесин айтып бергиле. 2) Кептин түрлөрүнө кайсылар кирерин санагыла. 3) Эмне үчүн оозеки кеп диалогдук жана монологдук болуп бөлүнөрүн түшүндүргүлө.

**50.** Эскертмелүү көнүгүү. 1) Төмөнкү текстти окуп чыгып, жай диалог жөнүндөгү алган билимиңерди текшергиле. 2) Жай диалог кандай айтыларын үйрөнгүлө. 3) Оозеки кептин түрлөрүн ажыратып айтып бергиле.

– Бул айтканы туура, Толгонай. Сен отурчу бери, ташка, бутуң оорулуу эмеспи. Алгачкы жолу ушунда келгениң эсиңдеби, Толгонай?

– Андан бери эчен заман өтпөдүбү, эстей албасмын.

– Жок, сен ошону эстеп көрчү, башынан түшүп эстечи.

– Эсимде жакшы калбаптыр. Кичинемде, орок маалында ата-энем мени жетелеп келишип, чөмөлөнүн түбүнө отургузуп коюшчу эле.

5. Айтканынан качканды,
Төбөсү ачык көк урсун.
Ак барандын огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун.
Айбалтанын мизи урсун,
Сыр найзанын учу урсун. (*«Манастан»*)

5-корутунду

Көркөм стиль же адабий чыгарманын стилинде синтаксистик каражаттар: жай, суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөр, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр, төл жана бөтөн сөздөр, диалогдор, монологдор ж. б. кеңири колдонулат.

Буйрук сүйлөмдөргө: *Анатай, айылга чап! Кармалбай тез жет! Элди чакыр! Эркинбек, сен үшерде бол, эч жакка кетпе! Токтогула кутулбайсыңар, токтогула!*

Татаал сүйлөмдөргө: *Үзөңгүгө тура калып, көзү көргөндү үңүлө тиктеп, Танабай кар аралаш муздак абадан аптыга жутту да, төбөдөн кулаган таштай төмөн чапты.*

Диалогдорго: – *Жылкычы болгуңуз келеби?*

– *Ооба.* – *Мурда жылкы баккансызбы?* – *Ооба.* – *Кимдин?* – *Байлардын.* – *Өлтүргөнүң жок беле?* – *Жок, жакшы баккамын.* – *Жакшы бакканың үчүн байлар сага эмне сый көрсөтүштү.* – *Кара таштын сыйыбы.*

Монологдорго: – *Эсимде, Толгонай. Сен ошондо мага кайрылып, мындай дегенсиң: «Жүр, жан жараткан Жер, бизди көтөрүп жаткан Жер, сен бизге таалай бербесең, эмнеге Жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз. Биз сенин балдарыңбыз».*

## § 22. Илимий стиль жөнүндө түшүнүк

Корутунду

Илим менен техниканын тармактары жөнүндө атайын терминдер менен жазылган эмгектердин тили илимий стиль деп аталат. Илимий стилге төмөнкү белгилер мүнөздүү:

1. Илимий стилге окуу китептеринин, илимий эмгектердин, илимий темада чыгып сүйлөгөндөрдүн (докладдардын, лекциялардын), энциклопедиялык макалалардын ж. б. стили кирет.

2. Илимий стилдин милдетине – теориялык мааниси бар түшүнүктөрдү, кабарларды билдирүү, анын себептерин түшүндүрүү керек.

3. Тилдин каражаттарына – илимий терминдердин (сөз жасоо, уңгу, мүчө, баяндооч, ээ, сүйлөм мүчөлөрү, алуу, кошуу, кемитүү, тарых, сүрөт, эсеп ж. б.) кеңири колдонулушу;

– сөздөрдүн өтмө мааниде эмес өзүнүн түз маанисинде берилиши;

– ойдун тактыгы жана далилдүүлүгү;

– жай, жайылма жана байламталуу, байламтасыз татаал сүйлөмдөрдүн болушу;

– сүйлөмдүн ээсинин көп учурда болбогондугу;

– баяндоочтун милдетин зат жана сын атоочтордун же жалпы эле атооч сөздөрдүн аткарышы ж. б. мүнөздүү.

**64.** Жаңы теманы өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүлөрү.

1. Бүгүн Бишкек шаары жана Чүй өрөөнү боюнча күн ачык болот. Абанын температуасы 25 – 27 градус жылуу. Жаан-чачын болбойт. Батыштан мелүүн жел согот[1].

**65.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү текстти окуп чыккыла. 2) Эмне үчүн илимий стиль экенин аныктагыла. 3) Илимий стилдин окуу китебиндеги мүнөздүү белгилерин айтып бергиле. 4) Стилдин түрүн сактагыла.

Грамматика эки бөлүктөн турат: биринчиси – морфология, экинчиси – синтаксис. Морфология – сөз мүчөлөрү же сөз бөлүктөрү аркылуу сөздөрдүн өзгөрүшү жана жасалышы, сөз түркүмдөрү жөнүндөгү илим.

**66.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Тексттин кайсы бөлүгү (I, II, III) илимий стиль менен жазылганын аныктагыла. 2) Илимий стилдин милдетин жана сөз каражаттарын айтып бергиле. 3) Башка стилден айырмачылыгын түшүндүргүлө.

I. Атооч сөздөр – заттын атын, сынын, санын билдирүүчү жана алардын ордуна колдонулуучу сөздөр.

II. Кыш бою Курман балдарга кошулуп, Борбук молдодон окуп жүрдү. Бир күнү үйгө көңүлсүз келди. Колунан кармап карасам, алаканы ыйлаактап калыптыр. Борбук окутпай эле кечке жумуш кылдырган экен.

III. Тарых – өсүү, өнүгүү, өзгөрүү түрүндө болуп турган чындык көрүнүш, адам коомунун өнүгүшү жөнүндөгү илим.

**67.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Көчүрүп жазып, кайсы стилде (оозеки, көркөм, илимий) жазылгандыгын тапкыла. 2) Алардын айырмачылыгын айтып бергиле. 3) Мүнөздүү белгилерине мисал келтиргиле.

Уулум, эгер акылман болом десең, өнөрлүү болууну көбүрөөк ойлон. Өнөрүң менен урмат-сыйга жетесиң. Өнөрсүз болсоң, куурап калган даракка окшоп каласың.

5*. **68.** Комментариялык көнүгүү. 1) Илимий стиль жөнүндө өз түшүнүгүнөрдү айтып бергиле. 2) Анын мүнөздүү белгилерин атагыла. 3) Окуп чыгып, стилин аныктагыла.

## КАРТОШКА КАЙДА ПАЙДА БОЛГОН?

Кымбаттуу жаш достор! Силер картошканын кайдан чыкканын, анын байыркы Мекенин билбесеңер керек. Биз картошка жөнүндө кеп кылганда, сөзсүз, Ирландияны эске түшүрөбүз.

Бир нече жүздөгөн жылдар мурун бул өлкөнүн элдери картошканы өздөрүнүн жашоо шарттарына тамактын негизги түрү катарында пайдаланышкан. 1846-жылы бул өлкөдө картошканын тукуму таптакыр жок кылынган. Ошонун натыйжасында 600 миң адам ачкадан курман болушкан. Бирок картошка Ирландияда пайда болгон эмес. Анын өз Мекени – Эквадор менен Перунун бийик тоолору. Азыр да бул өлкөлөрдөн жапайы өскөн картошкалар көп кездешет. XVI кылымдын башталышында Испандыктар Перуга келишкенде картошканы билишип, өздөрү менен кошо ала кетишкен. Испаниядан бардык Европа өлкөлөрүнө тараган.

Азыркы картошкалар жергиликтүү өлкөлөрдүн шарттарына ылайык Түштүк Америкадагы байыркы түрүн таптакыр өзгөрткөн, агыш жана кызгылт, көгүш түрдө кездешет. Сабагы 30 – 90 см ге чейин өсөт. Күзүндө сабагы куурап жана соолуганда казылып алынат. (*«Балдар энциклопедиясынан»*)

## § 23. Иш кагаздарынын стили

Кыргыз адабий тилинде иш кагаздарынын стилинин эки түрү бар. Бири официалдуу-иштиктүү иш кагаздарынын стили, экинчиси – официалдуу эмес иш кагаздарынын стили. Официалдуу иш кагаздарына күндөлүк турмушта кең-кеңири колдонулуучу арыз, справка, тил кат, ишеним кат,

күбөлүк кат, акт, өмүр баян, кулактандыруу ж. б. кирет. Бул иш кагаздарынын стили көбүнчө түзүлүшү жагынан өтө жөнөкөй, сүйлөмдөрү да бир үлгүгө салгандай окшош келет. Даяр сүйлөмдөр менен башталып, даяр сүйлөмдөр менен аяктайт. Иш кагаздарына тиешелүү терминдер көбүрөөк колдонулат.

## АРЫЗ

Оозеки же көбүнчө жазуу жүзүндө берилүүчү билдирүүнүн бир түрү **а р ы з** деп аталат. Ал бир нерсе жөнүндө өтүнүү, сурануу, даттануу, билдирүү ж. б. максатында жазылат.

Арызга төмөндөгүдөй талаптар коюлат: арыз багытталган (жөнөтүлгөн) мектептин (мекеменин) толук аталышы, жетекчинин толук аты-жөнү, арыз ээсинин окуган жери (кызматы) барактын оң жагына, андан кийин абзац менен анын өтүнүчү, суранычы, даттануусу, фактылар, далилдер, аны күбөлөндүргөн документтер, анын канча беттен турары, ким тарабынан берилгендиги ж. б. жазылат.

Арыздын эң аягына жазылган жылы, айы, күнү, өзүнүн жеке колу коюлат.

Мектепке жазылган арыз окуучунун өзү же ата-энеси, жакын ага-туугандары тарабынан да жазылат.

Окуучу тарабынан жазылган арыздын үлгүсү төмөндөгүдөй болот.

*Бишкек шаарындагы № 85-орто мектептин*
*директору А. Асановго,*
*ушул эле мектептин 10-классынын*
*окуучусу Б. Бектуровдон*

***арыз***

*Ата-энемдин башка кызматка өткөндүгүнө, жашаган жерибиздин өзгөрүлгөндүгүнө жана башка мектепте окуп жаткандыгыма байланыштуу менин өздүк ишимди (деломду) берүүңүздү суранам.*

*Арызга мен окуп жаткан Бишкек шаарынын № 85-орто мектеби тарабынан берилген справканы кошо тиркейм.*

*2003-жылдын 15-октябры* *(колу)* *Б. Бектуров*

**69.** Алган билимди бышыктоо, жатыктыруу жана көнүктүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Арызды жана анын үлгүсүн дагы окуп чыгып, ага кандай талаптар коюларын, кандай жазыларын, үйрөнгүлө. 2) Өзүнөр арыз жазууга машыккыла.

**70.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Мектептин китепканасынан кандай китептерди аларыңарды, эмнеге пайдаланарыңарды көрсөтүп, китепкана башчысына арыз жазгыла. 2) Арызга кандай талаптар коюларын айтып бергиле. 3) Жазган арызыңарды коллективдүү талкуулагыла, кемчиликтерин, жакшы жактарын көрсөткүлө.

**71.** Өтүлгөн материалдарды бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын кайсы иш кагаздарына таандык экендигин аныктагыла. 2) Официалдуу эмес иш кагаздарына кайсы иш кагаздары кирерин санагыла.

Арыз жазганымдын себеби төмөнкүчө, ушул справка, каралган маселелер, чечим кылат, күн тартиби, катышуучулар, өздүк ишимди (деломду) берүүнүздү суранам, чыгып сүйлөгөндөр, талап кылабыз ж. б.

## § 24. Справка

1-корутунду

Справка – официалдуу эмес иш кагаздарынын бир түрү. Ал абдан зарыл болгон учурларда адамдын иштеген, окуган жерин, жашын, иштеп жаткандыгын, айлык эмгек акысынын өлчөмүн, иш стажысын ж. б. күбөлөндүрүш үчүн мекеме, ишкана, завод, фабрика, окуу жайлары ж. б. тарабынан берилет.

Справка жазууда төмөнкүдөй талаптар коюлат: справка берилүүчү адамдын иштеген кызматы, атасынын аты, өз аты-жөнү, справканын мазмуну (эмне үчүн берилгендиги), мекеме жетекчисинин, катчысынын, атасынын аты, өз аты-жөнү жазылып, колдору коюлат. Эң аягына мекеменин гербдүү мөөрү басылат.

Справканын үстүнкү сол бурчуна штамп басылып, ага берилген убагы, айы жана жылы, номери жазылат.

Справкага төмөнкү үлгүнү көрсөтүүгө болот.

*Справка*

*Бул справка Бейшеев Муратка берилет, себеби ал 2002—2003-окуу жылынын 1-сентябрынан баштап, Бишкек шаарындагы № 1-мектептин VI классында окуп жатат.*

*Справка Москва районундагы 1-Май орто мектебине көрсөтүү үчүн берилет.*

*Мектептин директору* *(колу)* *Аманов А.*

*Катчысы* *(колу)* *Абдраева А.*

*(мөөрү)*

2-корутунду

**Справка кээ бир учурларда текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча бир же бир нече адамдар тарабынан жазылат. Мындай справкага иштин жакшы жактары, далилдүү кемчиликтери жана аны жоюунун чаралары көрсөтүлөт. Эң аягына текшерүүчүлөрдүн аты, атасынын аттары жазылып, колдору коюлат, справканы берген убагы, айы, жылы көрсөтүлөт.**

3-корутунду

**Справка көлөмүнө карай ж ө н ө к ө й жана т а т а а л болушу мүмкүн. Жөнөкөйү адамдын иштегендиги, окугандыгы ж. б. жөнүндө жазылат да, көлөмү абдан кыска келип, даяр үлгүлөр пайдаланылат. Буга мисал кылып жогорку үлгүнү көрсөтүүгө болот.**

**Татаал справка текшерүүнүн, командировкага баруунун ж. б. жыйынтыгы кеңири, ачык, так, далилдүү фактылар менен жазылып, көлөмү чоңураак келет.**

4-корутунду

**Справканын да текст сыяктуу башталышы, окуянын өнүгүшү жана аякталышы болот.**

**72.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку справканын үлгүсүн окуп чыгып, окуянын башталышын, өнүгүшүн жана аякталышын тапкыла. 2) Көлөмү боюнча кандай справка экенин далилдегиле.

**73.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Жогорку үлгүгө салып, өзүңөрдүн туулган жылыңар жөнүндө справка жазгыла. 2) Көлөмү боюнча кандай справка экендигин далилдегиле. 3) Справка жазууга коюлган талапты айтып бергиле.

*Дареги: Карасуу айылы, паспорт I–ГС N196146, Атбашы райондук ички иштер бөлүмү тарабынан 1988-жылдын 19-ноябрында берилген. Бул дарекке 1988-жылдын 25-ноябрына катталган.*

*2003-жылдын 25-январы (колу) Муталипов К.*

*Муталипов Кенжебайдын бул ишеним катын күбөлөндүрөм.*

*Мектептин директору*
*2003-жылдын 25-январы (колу) Бердикулов А*
*(мөөрү)*

2-корутунду

Ишеним кат жеке адам тарабынан да, мекеме тарабынан да берилет. Мекеме тарабынан берилген ишеним каттын сол жак бурчуна мекеменин штампы басылып, датасы, айы, жылы, номери коюлат.

*Ишеним кат*

*Бул ишеним кат Терексуу орто мектебинин чарба иштери боюнча директордун орун басары Асанов Акматалыга берилет, себеби бул адам райондук билим берүү бөлүмүнөн мектепке бөлүнгөн 15 (он беш) жуп лыжа, 20 (жыйырма) жуп коньки, 10 (он) жуп мээлей алат. Паспорту II–ГС N699871. Кочкор райондук ички иштер бөлүмү тарабынан 1980-жылдын 14-мартында берилген.*

*Мектептин директору (колу) Казаков Б.*
*2003-жылдын 18-сентябры*
*(мөөрү)*

3-корутунду

Ишеним кат иш кагаздарынын башка түрлөрү сыяктуу эле жөнөкөй жана татаал болот. Бул дагы жогоркудай даяр сүйлөмдөр менен башталып, бара-бара татаалданып, даяр сүйлөмдөр менен аяктайт.

**76.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку ишеним каттын үлгүлөрүн окуп чыгып, ага кандай талаптар коюларын айтып бергиле. 2) Иш кагаздарынын түрлөрүн санагыла. 3) Иш кагаздарынын стили менен көркөм стилдин айырмачылыгын түшүндүргүлө.

**77.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Стилдин түрлөрүн санагыла. 2) Китеп стилине кайсы стилдер кирерин түшүндүргүлө. 3) Жогорку үлгүгө салып, ар бириңер ишеним кат жазгыла. 4) Кандай башталып, кандай өнүккөнүн, кандай аяктаганын айтып бергиле. 5) Жөнөкөй жана татаал ишеним катка мисал келтиргиле, алардын айырмасын далилдегиле.

## § 27. Сын-пикир

Сын-пикир адабий чыгармаларга, илимий эмгектерге, кинофильмдерге, окуу китептерине, окуу куралдарына ж. б. жазылат. Мындай сын-пикир кээде о т з ы в же р е ц е н з и я деп аталат.

Сын-пикир жазуу үчүн төмөнкүдөй болжолдуу планды жетекчиликке алуу керек:

1. Адегенде сын-пикир жазылган иштин автору;
2. Андан кийин чыгарманын аты, качан, кайдан чыкканы, көлөмү (бети);
3. Чыгарманын мааниси, козгогон проблемасынын актуалдуулугу, маселенин ачылышы, тили;
4. Жетишкен жактары, кемчиликтери;
5. Жалпы жыйынтык (жакшы же жаман, начар экендиги).

**78.** Сын-пикирди окуп чыгып, анын кандай жазылганына көңүл бургула.

Акматов Б. «Жардам бердик». Ыр. Бул ыр 1987-жылы мектептин «Жаш талант» аттуу дубал газетасынын 18-майындагы санына жарыяланган.

Ыр – 6-класстын окуучусунун биринчи чыгармасы. Анда окуучулардын мектепке жардамы баяндалат. Ыр негизинен төрт куплеттен турат. Уйкаштыгы дурус. Бирок ырда кемчиликтер да бар. Акматов окуучулардын жардамын ачык жана ишенимдүү сүрөттөй албаган. Ошондой эле аталган ыр акын М. Жангазиевдин «Жардам бердик» аттуу ырына окшоп калган. Автор мындан ары өз алдынча болууга, тилин байытууга тырышышы керек.

**79.** Сын-пикир деген эмне, анда эмнелерге көңүл бурулат? Төмөнкү ырга сын-пикир жазып, жакшы жактарын жана кемчиликтерин көрсөткүлө.

Тынчтык сөзүн бардык элдер сүйлөшөт,
Жаштар да тынчтык сөзүн сүйлөшөт.
Булар дайым алга карай умтулуп,
Адилеттик, калыстыкка үндөшөт.

**80.** Төмөнкү текстке сын-пикир жазгыла. Жазган сын-пикиринерди коллективдүү талкуулагыла.

## ЖАРДАМ

Күндөрдүн биринде өзүм байкап жүргөн чымчыктын уясына жакын келип, далайга карап турдум. Эмнегедир мен келгенде чебеленип, чыйылдап, менин жолумду тороп, ары-бери уччу энеси бүгүн көрүнбөйт. Таң калып, балапандарды карадым. Ачка араң жан калган балапандарга боорум ооруду. Таш оодарып, нымдуу чымды аңтарып, курт издедим. Эптеп ач балапандарды тойгуздум.

Энеси дале келген жок. Көрсө, балдар ойноп жүрүп, энесин рогатка менен атып өлтүрүптүр. Күндө келип, балапандарды багып жүрдүм. Бат эле чоңоюшуп, учууга жарап калышты. (*Т. С.*)

**81.** Мектебиңердеги «Жаш талант», «Жаш адабиятчы», «Наристе» деген ж.б. дубал газеталарга чыккан макалаларга, ырларга пикир жазгыла. Анын өзүнөр байкаган жакшы жагын жана кемчиликтерин көрсөткүлө, далилдегиле.

*Сын-пикир дайым туура, ашыкча мактабай же ашыкча жамандабай, калыс, фактылары көрсөтүлүп, далилдүү жазылышы керек.*

**Лексика** гректин lexis – «лексис» – сөз (айтуу) деген сөзүнөн алынган. Ал ар бир тилдин сөздүк курамы тилдеги бардык сөздөрдүн жыйындысы деген түшүнүктү билдирет.

**Лексикология** lexico – сөз тилдин тарыхый өнүгүшүнүн негизинде анын сөздүк курамынын калыптанышын жана байышын изилдөөчү тил илиминин бир бөлүгү. Лексика жөнүндөгү окуу.

**Фразеология** курамы жана түзүлүшү жагынан туруктуу, бир гана маанилүү сөз айкаштарын үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү, грекче phrasis – туюнтма, речь түрмөгү, logos – илим, окуу.

## § 28. Кыргыз тилинин сөздүк курамы

### 1-корутунду

Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн бардыгы биригип келип сөздүк курам деп аталат. Сөздүк курамга:

1. Жаңы сөздөрдү түзүүгө уютку, негиз болгон уңгу сөздөр: *тоо, таш, жер, суу, аба, көз, баш, киши, бала, Ай, Күн, жыл, аш, эт, нан, мал.*

2. Сөз мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалган туунду сөздөр: *баш – башчы – башкар – башкарма – баштык – башка – башмак – баштапкы; жаз – жазуу – жазгыч – жазма – жазуучу – жазуучулук.*

3. Сөздөрдүн айкалышы аркылуу жасалган татаал сөздөр: *баш бол, баш кат, баш тарт, баш ал, башма-баш, баш сөз, баш чабан, жол башчы, темир жол, өйдө-төмөн, ата-эне, Ата Мекен, бүгүн-эртең, КДК, ЭрК.*

**82.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сөздүк курам жөнүндө түшүндүргүлө. 2) Сөздүк курамга эмнелер кирерин аныктагыла.

## ЖЕҢИШТИ КҮТ

Лиза – бир эне, бир атанын жалгыз кызы. Аны ата-энеси алпечтеп өстүргөн. Лизанын атасы карапайым жумушчу болгон. Шаардын чет жагында үйү, өзүнө ылайыктуу жемиш багы бар эле. Лизанын атасын немецтер кыйнап өлтүрүшкөн. Атасы канга боёлуп, өлүп жатып:

– Лиза, кейибе, кагылайын, жеңишти күт – деп, колун сунуп, кызынын чачынан сылаган. (*Ж. Б.*)

### 2-корутунду

Ар бир тилдин лексикасы илимдин, техниканын, маданияттын өнүгүшү менен бирге өнүгөт жана жаңы сөздөр менен толукталып, байып турат.

Мисалы: *космос, космонавт, космонавтика, спутник, корабль, аэронавтика, учкуч-космонавт, корабль-спутник, орбита, Луноход* деген ж.б. сөздөр 1957-жылдан кийин; *купон, коммерсант, приватташтыруу, рэкет, акционер, референдум, концерн, фирма, грант, коррупция, корпорация, аукцион, пепси-кола, акционердик коом, бакалавр.*

Мына ушундай сөздөр 1992-жылдардан кийин кыргыз лексикасына кирди.

**83.** Жаңы алган билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып же көчүрүп жазып, сөздүк курам жөнүндө түшүндүргүлө. 2) Кара тамга менен терилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

## ТАПШЫРМА

Бир күнү **энеси** Лизаны **кучактап** алды да:

– Кабар билип кел! Шаарда кандай **жаңылыктар**[2] болуп жатты экен? **Биздикилер** кайда? Самолеттордон ташталган **баракчалардан** окуй кел – деп, жанына жүз сом түйүп берди.

Лиза шаарга **келе жатып,** октон тонолгон дөбөдөгү жалгыз теректин жанындагы атасынын мүрзөсүнө кайрылды. Көпкө чейин шолоктоп ыйлап, ысык жашын төктү. (*Ж. Б.*)

Кыргыз тилинин сөздүк курамы төмөндөгүдөй жолдор менен байыйт.

1. Кыргыз тилинин ички булактары аркылуу, башкача айтканда, уңгу сөздөргө сөз мүчөлөрүнүн уланышы жана сөз маанилеринин кеңейиши аркылуу: *аш – ашчы – аштык – ашта; кат – катчы – катта, катташ; жол – жолдош – жолдошчулук; баш – башчы – башкарма – башкармалык – башкармалыктан.*

2. Башка тилдердеги сөздөрдү кабыл алуу: *республика, самолет, класс, партия, кино, футбол, бокс, экран.* Ошондой эле орус тилинен *сөзмө-сөз которуп алуу аркылуу да байыйт: демократическая партия – демократиялык партия, ученый – окумуштуу, рабочий – жумушчу, ученик – окуучу, учитель – окутуучу, классный руководитель – класс жетекчи, совет – кеңеш, село – кыштак, специалист – адис, общество – коом, профессия – кесип, секретарь – катчы, статья – макала, гостиница – мейманкана, зарплата – айлык акы, государство – мамлекет.*

**84.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүлөрү. 1) Сөздүк курам кандай жолдор менен байый тургандыгын айтып бергиле. 2) Мурун сөздүк курамдан чыгып калып, азыр өз маанисинде колдонулган мурунку сөздөргө мисал келтиргиле. 3) Лексика, лексикология жана фразеология жөнүндө кыскача түшүндүргүлө.

## КЫЗЫЛ ЖЕЛЕК

Лиза шаарга келгенине өкүндү, анткени атасын өлтүргөн немецтер көчөлөрдө топтошуп жүрүптүр. Лизанын каны кайнап, жини келди. Бирөөнү барып тиштеп, муштап өлтүрсөм деген ой Лизаны сүйрөдү. Бирок Лиза өзүн-өзү токтотту.

– Кандай кабар бар – деп, ар кимден сурап көрдү. Бирок эч кандай жооп ала алган жок. Лиза үйүнө кайра келатып, жолдо жартысы кыйрап ураган мунараны көрдү. Мунун башына чыгууга болот экен, – деп ойлоду.

Лиза коркпостон мунаранын башына чыкты да, кызыл жоолугун мунаранын чокусуна желбиретип байлап, дароо түшүп кетти. Кызыл желек беш күнгө чейин илинип турду. Буга немецтер аябай жинденишти. (*Ж. Б.*)

**5*.85** Өтүлгөн теманы бышыктоо көнүгүүлөрү. Жекече иштөө көнүгүүлөрү. Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү.

ДОС

Илгери-илгери бир бала болуптур. Ал чонойгондо[2] эмне кылышым керек деп, ойлоп-ойлоп отуруп, бир жолго түшүп алып, кете берет. Жүрүп отуруп, курсагы ачып, токойго кез болот. Жолдун жээгиндеги апаппак, татынакай боз үйдү көрөт. Бала ошол боз үйгө кирсе, эликтин чаарчыгы тосуп алып:

– Сени келет деп уккам, жаш бала. Тосуп алайын дедим эле – деп, жакшы кабыл алат да, даамдуу тамак-аш менен сыйлайт.

Эртеси дагы жолго чыгат. Жолдо кетип баратса, «тарс» эткен үндөн бир эликтин жыгылып калганын көрөт. Жанына барса, жанагы татынакай улак ары-бери секирип ойноп турат. Улагы энесин эмем дейт. Бирок энесинин эмчегинен сүт ордуна кан чыгат. Улагы боздоп-боздоп ыйлайт. Курсагы ачкан улагын эмизейин деп тургандa, каргыш тийген мергенчи энесин атып таштаган экен.

Бала чаарчыктын ыйлаганын көрүп, аябай боору ооруйт да, өзү жол азык кылып алган сүтүн берет. Чаарчык абдан сүйүнүп, баланы алкайт. Ошентип, бала менен чаарчык дос болгон экен. (*Жом.*)

## § 29. Диалектилик сөздөр

Жаңы теманы түшүндүрүү үчүн алынган сүйлөмдөр менен мисалдар:

1. *Эх, жаным, өлүп кетебизби. Элпек аке бар эмеспи, ошо бүтүрөр,* **байыс** *алалычы.* (Ч. А.)
2. *Кудай сактай гөр, кокус Ысмайылдын качып келгенин билип калып,* **кадик** *санап калышпасын.* (Ч. А.)
3. *Каймакка матырып,* **токоч** *жедик,* **бадыботко** *куйдуруп* **ынак** *кымыз ичтик.* (Т. С.)
4. **Чанакта** *тогуз түйүлгөн,* **чигиттин** *чери жазылат.*

Корутунду

Жалпы элдик тилдин белгилүү бир территорияга (аймакка) тараган өзгөчөлүктөрү бар сөздөр **д и а л е к т и** деп аталат. Диалектинин мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү төмөнкүлөр:

– жалпы элдик тилге кеңири тарабайт;

– адабий тилде колдонулбайт;

– ошол жергиликтүү элдин тилинде, аймактарында гана сүйлөнө, колдонула берет;

– башка диалектилерге түшүнүксүз келет;

– диалектилер өзүнүн чөйрөсүндө, чегинде гана колдонулуп, андагы жашаган элдерге толук түшүнүктүү келет да, алардын байланыш-катнаш жасашы үчүн чоң кызмат аткарат.

Диалекти деген сөз гректин dialektos (диалектос) деген сөзүнөн алынып, жергиликтүү тилдин бөтөнчөлүгү деген маанини билдирет.

Бир диалектиде колдонулган сөздөр экинчи диалектиде колдонулбайт же экөөндө тең тыбыштык жагынан өзгөрүүлөргө учурап колдонулушу мүмкүн.

Диалектилик сөздөргө төмөндөгүдөй мисалдарды келтирсек болот.

| Диалектилерде | Адабий тилде |
|---|---|
| *Ош диал.* | |
| сыйыр | уй |
| дерезе | терезе |
| келле | баш |
| путак | бутак |
| секин | аста, акырын |
| вакыт | убакыт |
| полот | болот |
| пул | акча, сом |
| допу | топу |
| *Талас диал.* | |
| байыс | эс алуу |
| келе жатыры | келе жатат |
| тыбыт (толто) | чөбөгө |
| моногу | мына бу (бул) |
| кадик | күмөн (шектенүү) |
| *Нарын диал.* | |
| жергуй | терен, аң, чункур |
| зампар | сары кар |
| көңкө | тандыр |
| ободо | шырдак |
| чөңкө | кружка |

**90.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү.

1. Маласы чычырканактан, тикени колду канаткан. 2. Бүркүттүн биринчи түлөгүн бозум, экинчи түлөгүн таш түлөк, үчүнчүсүн кум түлөк, төртүнчүсүн ым түлөк, бешинчисин барчын дейт. 3. Өрмөк согууга арналган буюмдар булар: адыргы, кылыч, эриш, аркак, күзүк.

4. Жазын-кышын дарыгерлик,
Сен кыласың пахтаны.
Чигитин салып зоотко,
Май кыласың пахтаны.

**91.** Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Көчүрүп жазып, кесипчиликке байланыштуу сөздөрдү тапкыла. 2) Кайсы кесипке байланыштуу экенин аныктагыла. 3) Өзүнөр билген кесиптик сөздөргө өзөки мисал келтиргиле. 4) Аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

1. Ак шумкардын алды дейт, томогосун шыпырып, таманга кагып калды дейт. (*«Семетейден»*) 2. «Аккула» деп кепсенди арбын берген мол кылып, ал-кайратын зор кылып. (*Т. М.*) 3. Тапка кирсе Буудайык, колго конбойт дечү эле. Колго консо Буудайык, туурга турбайт дечү эле. Туурга консо Буудайык, үндөккө келбейт дечү эле. (*Кылыч*)

**92.** Өтүлгөн материалдарды бышыктоо көнүгүүсү.

Балыкчылыкка байланыштуу: тор, кайырмак.
Пахтачылыкка байланыштуу: гозо, гозо пая, чигит.
Мергенчиликке байланыштуу: шыралга, айдакчы.
Узгерчиликке байланыштуу: калы килем, туш кийиз.
Дыйканчылыкка байланыштуу: кетмен, орок, соко, үрөн.
Саяпкерчиликке байланыштуу: тер алуу, таң ашыруу.

## § 31. Терминдер

1-корутунду

Белгилүү бир түшүнүктүн атын атоо үчүн алынган, көбүнчө бир мааниде колдонулган сөздөр жана сөз тизмеги **т е р м и н** деп аталат. Терминге төмөндөгүдөй сөздөр кирет:

1. Мал чарбачылыкка байланыштуу: *музоо, торпок, кулун, тай, кунан, бээ, тайлак, инген, атан, козу, улак, ирик, ат.*

2. Курулуш иштерине байланыштуу: *жер там, жер кепе, кереге, уук, эшик, чий, там, боз үй, ички (төркү) үй, уста,*

*шыбакчы, жыгаччы, сырдоочу, майлоочу, босого, устун, балта, чот, керки.*

3. Коомдук-саясий терминдер: *жумушчу, колхозчу, демократ, газета, республика, мамлекет, борбор, Улуу Ата Мекендик согуш, шайлоо, айыл чарба, мал чарба, илимпоз, кызматкер, илимдер академиясы, саясатчы, айыл-кыштак, коом, Жогорку Кеңеш.*

4. Тил илимине байланыштуу терминдер: *тамга, тыбыш, кашаа, чекит, сызыкча, кош чекит, ээ, баяндооч, сөз түркүмү, сөз, мүчө, уңгу, жөндөмө, аныктооч, сүйлөм, жөнөкөй сүйлөм, татаал сүйлөм, жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, атооч, илик, барыш, тактооч.*

5. Өнөр жайга байланыштуу терминдер: *текстиль, ийрүү, чыйратуу, токуу.*

6. Адабият таануу илимине байланыштуу терминдер: *ыр, жомок, тамсил, макал, ылакап, чыгарма, табышмак, жандырмак.*

7. Математика (эсеп) илимине байланыштуу терминдер: *алуу, кошуу, бөлүү, көбөйтүү, кемитүү, ондук, жүздүк, тийинди.*

**93.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөздөрдү окуп чыгып, терминдердин кайсы илимге таандык экенин тапкыла. 2) Терминдердин эрежесин өз түшүнүгүңөр менен айтып бергиле.

1. Ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, фонетика, морфология, синтаксис, орфография, сөз, мүчө, унгу.

2. Алуу, кошуу, көбөйтүү, бөлүү, кемитүү, бирдик, ондук, үч бурчтук, барабар, тик сызык, узун сызык.

3. Түндүк, түштүк, батыш, чыгыш, түздүк, ойдуң, кысык, деңиз, чөл, көл.

## 2-корутунду

Терминдер үч түрдүү жол менен пайда болот:

Биринчиси – морфологиялык жол. Мында айрым терминдер сөз мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалат.

Мисалы: **-ым:** *басым, билим, сүйлөм, келишим.*

**-оо:** *шайлоо, тандоо.*

**-ыш:** *этиш, табыш, жатыш* (жөндөмө).

**-ма:** *басма, жөндөмө.*

**-ооч:** *атооч, баяндооч, айкындооч.*

**-лык:** *ондук, жүздүк, ооздук, тердик.*

**-чылык:** *дыйканчылык, малчылык.*
**-чы:** *адабиятчы, тилчи, жумушчу, жазуучу.*
**-гыч:** *ачкыч, тепкич.*
**-уу:** *башкаруу, аткаруу.*

**94.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Жогорку айрым мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган терминдерди кошуп, сүйлөм түзгүлө. 2) Өзүңөр билген терминдерден мисал келтиргиле.

### 3-корутунду

Экинчиси – синтаксистик жол. Буга эки же андан көп сөздөрдүн өз ара айкалышып айтылышы аркылуу жасалган терминдер кирет.

Мисалы: *сан атооч, сын атооч, ат атооч, кызматчы сөз түркүмдөрү, маани берүүчү сөз түркүмдөрү, тең байланыштагы татаал сүйлөм, аткулак, козукарын, ак өргөө, Кыргызстандын социал-демократиялык партиясы, летчик-космонавт, Улуу Ата Мекендик согуш, желбоо, боз үй, түндүк жабуу.*

**95.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Жогорку эрежени, терминдердин синтаксистик жол менен жасалышын жетекчиликке алып, эки же андан көп сөздөрдөн жасалган терминдерге мисал ойлогула. 2) Класста коллективдүү талкуулап, туурасын дептериңерге көчүрүп жазгыла.

### 4-корутунду

Үчүнчүсү – лексикалык-семантикалык жол, же болбосо, кыргыз тилиндеги төл сөздөрдүн маанисинин кеңейиши аркылуу пайда болгон терминдер.

Мисалы: мурда **ээ** деген сөз **«кожоюн»** гана маанисинде колдонулуп келсе, азыр бул маани менен бирге баш мүчөнүн бири катарында колдонулат. Мындай мааниси кеңейген сөздөргө: *үндүү, үнсүз, жөнөкөй, татаал, кыска, созулма, сан, сын, сөз, муун; бышты, асый, кунан; эл, ой, баа, салт; уста, уук, кереге, боо.*

**96.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Жогорку маанисинин кеңейиши аркылуу пайда болгон терминдерди кошуп, сүйлөм түзгүлө. 2) Терминдер жөнүндө түшүндүргүлө.

### 5-корутунду

Терминдердин пайда болушуна эки булак негиз болду. Анын бири – кыргыз тилиндеги төл сөздөр (ээ, сөз,

басым, сызыкча, кошуу, алуу, бөлүү ж.б.), **экинчиси** – орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынган сөздөр.

Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынган терминдерге төмөнкүлөрдү кошууга болот: *фонетика, морфология, синтаксис, орфография, пунктуация, лексика, орфоэпия, этнография, философия, лексикология, лингвистика, грамматика, педагогика, дидактика, филология.*

### 6-корутунду

Терминдерге такталган бир маанилүү сөздөр кирсе, термин эмес сөздөргө көп мааниде колдонула бере турган сөздөр кирет.

**5*.97.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, терминдерди тапкыла. 2) Кыргыздын төл сөздөрүнөн жасалган же орус тили аркылуу кабыл алынган терминдерге мисал келтиргиле.

### ТЕЛЕФОНДУ КИМ ОЙЛОП ТАПКАН?

Адам баласы байыркы убактан бери эле өздөрүнүн сөздөрүн алыска берүү жөнүндө самап келишкен. XIX кылымдын экинчи жарымында[3] электр энергиясын колдонуунун натыйжасында телефон аркылуу сүйлөшүү ийгиликтүү чечилген.

Бул татаал маселени орустун окумуштуусу, согуштук байланышчы – капитан биринчи жолу чечип, 1880-жылы конденсаторду колдонуп, телефондо сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүн ачкан.

**98.** 1) Төмөнкү терминдерди окуп чыгып, семантикалык (лексикалык), морфологиялык, синтаксистик жол менен жасалган терминдерди тапкыла.

Ээ, мүчө, уңгу, басым, баяндооч[1], ташымал, сөз жасоочу мүчө, сөз өзгөртүүчү мүчө, жөнөкөй сөз, кызматчы сөз, дарбазачы, устачылык, ууз, айран, сүт, бал кымыз.

## § 32. Эскирген сөздөр

**99.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү ырды окуп чыккыла. 2) Кара тамга менен терилген сөздөрдүн азыр колдонулбай калган себебин түшүндүргүлө. 3) Эмне үчүн алар эскирген сөз экенин далилдегиле.

Сапардан баш тартканды,
Төбөсү ачык көк урсун[4].
**Акбарандын** огу урсун.
**Ак милтенин** чогу урсун.
**Айбалтанын** мизи урсун.
**Сыр найзанын** учу урсун. (*«Манастан»*)

**100.** 1) Төмөнкү ырдан эскирген, азыр тилибизде колдонулбай калган сөздөрдү гана көчүрүп жазгыла. 2) Эскирген сөздөр жөнүндө түшүнүк бергиле. 3) Эмне үчүн эскирген сөз экени жөнүндө өз оюңарды түшүндүргүлө.

**Он башылар** ороктоп,
**Найзалары** короктоп.
Адамдын башы кагышып,
**Чоң дүмпүлдөк** добулбас,
**Чогоол** бала Семетей,
Дүң дегизе урду эле. (*С.К.*)

**101.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Өзүңөр каалаган эскирген сөздөрдүн төрт-бештен катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Аларды көчүрүп жазып, эмне үчүн эскирген сөз экендигин далилдегиле. 3) Лексика жөнүндө түшүнүк бергиле.

**102.** Жекече иштөө көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, эскирген сөздөрдү тапкыла. 2) Эмне үчүн эскирип, колдонуудан чыгып калган себебин түшүндүргүлө.

1. Падыша колонизаторлору кыргыз жерине кожоюн болгондон кийин, болуш, ыстарчын, элүү башы, он башы деген ар түрдүү чиндер көбөйдү. Манаптар болуштук талашышты. (*Ж. Б.*) 2. Бай-манаптардын[6] жана жасоолдордун элге көрсөткөн кордуктарын Токтогул өз көзү менен көрдү. (*Ж. Б.*) 3. Дарбаза ачылганда Манастын ак олпогу, ак бараңы, булдурсуну, сыр найзасы, калканы, сооту, туулгасы, чарайнасы көрүндү.

**5*. 103.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, төмөнкү эскирген сөздөрдүн маанилерин түшүнгүлө. 2) Эскирген сөздөрдөгү тарыхый жана архаизм сөздөрүн тапкыла. 3) Эмне үчүн эскирген сөздөр тарыхый жана архаизм сөздөр болуп экиге бөлүнөрүн аныктагыла.

**Акбараң** (ак келте, көк келте, очогор, койчагыр, жазайыл) – эски мылтыктын түрлөрү.

**Айбалта** – мизи курч, сабы узун, болоттон жасалган курал.

**Сыр найза** – сабы узун, башында учтуу темир бар найза.

**Добулбас** – урушта урулуучу барабан.

**Он башы** (элүү башы, жүз башы) – он, элүү, жүз адамды башкаруучулар.

**Мударис** – медресеге дарс окуган мугалим, профессор.

**Болуш** – орустун «волость» деген сөзүнөн алынган.

**Аалим** – билимдүү, окумуштуу.

**Ыстарчын** – орустун старшина деген сөзүнөн алынган.

**Жасоолдор** – бай-манаптардын жигиттери.

**Аколпок** – Манас баатырдын сырткы кийимдеринин бири.

**Булдурсун** – катуу тийиш үчүн ортосуна өзөк салынып өрүлгөн салмактуу, оор камчы.

**Калкан** – найзадан, кылычтан, күрзүдөн сактануу үчүн темирден жасалган калканыч.

**Соот** – чынжыр сыяктанып, бири-бирине илмектештирилип жасалган темир тор түрүндөгү жоо кийими.

**Туулга** – темирден жасалган баш кийим.

**Чарайна** – төшкө тагынуу үчүн жасалган темир такта.

**Саадак** – жаанын жебесин салуучу атайын баштыкча.

**Бий** – революцияга чейинки эзүүчү таптын өкүлү.

**Датка** – Кокон хандыгы кезиндеги кыргыздын жер-жерлердеги бийлөөчү адамдары.

1-корутунду

Мурда эл арасында кеңири колдонулуп, кийин эскирип, колдонуудан чыгып калган сөздөр эскирген сөздөр деп аталат. Эскирген сөздөргө төмөнкүдөй сөздөр кирет: *соот, туулга, түпөк, кайгуул, саадак, болуш, ыстарчын, ханзаада, хан, желдет, мударис.*

2-корутунду

Эскирген сөздөр тарыхый сөздөр жана архаизмдер болуп экиге бөлүнөт. Белгилүү бир тарыхый доорго тиешелүү колдонулуп, кийин колдонуудан чыгып калган, бирок элдик оозеки чыгармаларда, көркөм адабияттарда, жазма эстеликтерде гана колдонулган сөздөр тарыхый сөздөр деп аталат.

Мисалы: *болуш* (Россия мезгилиндеги бир административдик бөлүнүштү башкарган адам), *алман* (элден алынуучу салык), *датка, кырк чоро, миң башы, бек, таажы, сарбаз* (кокондук атчан аскер, кол), *бий, зекет.*

2. Т ү ш ү н д ү р м ө сөздүк. Бир тилдеги сөздөрдүн маанисин ачып, ага грамматикалык мүнөздөмө берген сөздүк.

М и с а л ы: аарчы – *бет аарчы, жүз аарчы, бети-колду сүртө турган кол жоолук; сүртүү, тазалоо.* Агайын – *тууган-туушкан, туугандыгы жакын адам, ага-ини.* Мээрим – *сүймөнчүлүк, жагымдуу мүнөз, күйүмдүүлүк, кайрымдуулук.* Мындай сөздөрдү «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнөн» кара, – Ф., 1969.

3. Д и а л е к т о л о г и я л ы к сөздүк. Диалектилерде колдонулган түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин ачып, түшүндүргөн сөздүк.

М и с а л ы: *калит* (түшт.) – *кулпу* (түнд.), *сыйыр* (түшт.) – *уй* (түнд.), *бадыбод* (ысыккөл) – чоң чыны (адаб. тил), *муногу* (талас) – *мына бул* (адаб.т.) *Кара*: Ж. Мукамбаев. «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү», – Ф., 1976, 1978, I, II том.

4. О р ф о г р а ф и я л ы к сөздүк. Адабий тилдеги сөздөрдүн туура жазылышын көрсөткөн сөздүк.

М и с а л ы: *ата мекен эмес, Ата Мекен; азырак эмес, азыраак, мынтык эмес, мылтык.* Кара: Х.Карасаев. «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү», – Ф., 1966, 1983.

5. С и н о н и м д е р сөздүгү. Тилдеги айтылышы ар башка, бирок мааниси бирдей сөздөрдүн жыйындысын берген сөздүк.

М и с а л ы: *көп – мол – арбын; алыс – ыраак – узак; бөрү – карышкыр.* Кара: Ш. Жапаров, К. Сейдакматов. «Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү», – Ф., 1984.

6. А н т о н и м д е р сөздүгү. Тилдеги мааниси бири-бирине карама-каршы болгон сөздөрдүн жыйындысын берген сөздүк.

М и с а л ы: *аз – көп, жакшы, – жаман, улуу – кичүү, узун – кыска.* Кара: «Кыргыз тилиндеги антонимдер сөздүгү», – Ф., 1988;

7. Э т и м о л о г и я л ы к сөздүк. Тилдеги сөздөрдүн түпкү тегинин келип чыгышынан кабар берген сөздүк.

М и с а л ы: *апта* иранча жети деген санды түшүндүрөт, бизче жети күндүк убакыт (жума). *Кеткенине бир апта болду.*

*Улакол* – монгол тилинен кирген, *улан (улаан)* бизче *кызыл, гол (кол) өзөн, суу* деген маанидe.

*Байпак* – иранча *пай*, кыргызча *бут* деген, *пак* деген сөз бизче *кап* деген маанидe, демек буттун кабы. К а р а: К.Сейдакматов. «Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү», – Ф., 1988.

9. Ф р а з е о л о г и я л ы к сөздүк. Тилдеги туруктуу сөз айкаштарын, фразеологиялык бирдиктерди, түрмөктөрдү бир

тартипке салган, алардын келип чыгышын, маанисин түшүндүргөн сөздүк. Кара: «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү»,– Ф., 1980.

10. Энциклопедиялык сөздүк. Тарыхый-коомдук, саясий-илимий мааниси бар айрым сөздөргө, терминдерге, түшүнүктөргө, тарыхый ири окуяларга, өлкөлөргө, географиялык аттарга, атактуу адамдарга кыскача баян берген сөздүк, сүрөттөр, карталар, эң зарыл ар түрдүү маалыматтар менен жабдылган сөздүк.

Мисалы: Кыргыз Республикасынын энциклопедиялык сөздүктөрү.

11. Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү. Сөздөрдү морфемаларга (уңгу, мүчөлөргө) туура ажырата алууну үйрөтүүчү сөздүк.

Мисалы: адам/гер/чилик, бил/им/дүү, тиле/к/теш/тик. Кара: Ж. Мукамбаев, А.Осмонкулов. «Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү»,— Ф., 1978.

**115.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, мисалдар кайсы сөздүктөн алынгандыгын аныктагыла. 2) Ал сөздүктөр жөнүндө кыскача кабар бергиле. 3) Сөздүктөрдүн турмуштук маанисин түшүндүргүлө.

1. Грамматический анализ – грамматикалык талдоо. 2. Тукум – жумуртка, кулакчын – тумак, көрпө – жууркан. 3. Гласные звуки – үндүү тыбыштар. 4. Ава эмес, аба (ырайы); бүгүңкү эмес, бүгүнкү; ооз эки эмес, оозеки. 5. Карышкыр – бөрү, жакшы – сонун – мыкты – түзүк. 6. Оор – жеңил, катуу – жумшак, илгери – кийин. 7. Чычканга кебек алдырбоо, ак көңүл, бармагын кесе тиштөө. 8. Чүй дарыясына: Чоңкемин, Кичикемин, Шамшы, Кегети, Ысыката, Кызылсуу, Аламүдүн, Аларча, Аксуу, Курагаты ж. б. бир катар тоо суулары куят.

**116.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү, өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Өзүңөр ар бир сөздүккө бирден мисал ойлоп тапкыла. 2) Сөздүктөр жөнүндө өз түшүнүгүңөрдү айтып бергиле. 3) Сөздүктөрдүн эмне үчүн керек экендигин далилдегиле. 4) Лексикография жөнүндө түшүндүргүлө. 5) Булардан башка дагы кандай сөздүктөрдү билесиңер, мисал келтиргиле.


*Өтүлгөн материалдардын негизинде*
*диктант жазууга даярдангыла!*

# СӨЗ ЖАСОО ЖАНА ОРФОГРАФИЯ

## СӨЗ ЖАСООНУН ЖОЛДОРУ


Теманы түшүндүрүү үчүн алынган мисалдар:

баш
башчы
башкар
башкарма
баштык
башмак
баштуу
башында
баштаак
башта




баш бак
баш бол
баш кийим
баш-көз
башма-баш
баш мүчө
баш тамга
баштооч
баш бармак
баш боо

суучул
сууча
суусун
суусуз
суут
суулануу
суулук
суулуу
сууса
суудай




суу жоолук
суу жүрөк
суу жылан
суу мончок
суу мылтык
суу чарба
суу сактагыч
суу жукпас
суу куйду
суу кушу

Корутунду

1. Сөз жасоо сөздөрдүн кантип, кандай жолдор менен жасалышын үйрөтөт. Сөз жасоону изилдөөчү илимди билгизет.

2. Көп сөздөр сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат. М и с а л ы: *сатуучу, жумушчу, жоокерчилик, жаңыча, жолдош.*

3. Эки же андан ашык сөздөрдүн тутумдашып айтылып бир маанини билдириши аркылуу жасалат. М и с а л ы: *ата-эне, бак-таалай, аман-эсен, Алатоо, Ысыккөл, Карасуу, өнөр жай, темир жол, ЖК (Жогорку Кеңеш), бүгүн, колхоз, ЭрК.*

Ушул жасалышына карай кыргыз тилиндеги сөздөр эки түрдүү жол менен жасалат. Анын биринчиси – морфологиялык жол, экинчиси – синтаксистик жол.

## § 37. Сөздөрдүн морфологиялык жол менен жасалышы

Унгуга сөз жасоочу мүчөлөрдүн уланышы аркылуу жаңы сөздөрдүн жасалышы морфологиялык жол (ыкма) деп аталат.

М и с а л ы: *окуучу, малчы, басма, акылдуу, кесинди, үзүндү, шаардык, сана, ото, чене, алгыр, өткүр.* **-ма, -луу, -ынды, -лык, -а, -гыр,** деген мүчөлөрдүн уланышы аркылуу жаңы сөздөр пайда болду.

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн төмөндөгүдөй т ө р т т ү р ү бар:

1) атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр
2) атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр
3) этиштен атооч жасоочу мүчөлөр
4) этиштен этиш жасоочу мүчөлөр

## § 38. Атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр

Төмөнкү мүчөлөр атооч сөздөрдөн атооч сөздөрдү жасайт:

**-чы** – *өтүкчү, жумушчу, адабиятчы, ырчы, сынчы, тилчи.*

**-кер** – *жоокер, кызматкер, айлакер, боорукер, ишкер, дарыгер, кылмышкер, күнөөкөр.*

**-чылык** – *дыйканчылык, талаачылык, коомчулук.*

**-лаш** – *аталаш, энелеш, карындаш, сырдаш, айылдаш, замандаш, боордош, жолдош.*

**-сыз** – *баласыз, адепсиз, суусуз, бактысыз, акылсыз.*

**-лык** – *жаштык, айлык, достук, жолдоштук, коолдук, бирдик, ондук, жүздүк, суулук, оолдук, белдик, суюктук, айлык.*

**-луу** – *токойлуу, балалуу, малдуу, күчтүү, аттуу.*

**-дай** – *тоодой, алтындай, суудай, күмүштөй, жаңгактай, мончоктой, аттай, каргадай.*

**-чыл** – *суучул, жаанчыл, динчил, ойчул, күлкүчүл, терчил.*

**-чан** – *атчан, тончон, кийимчен, көйнөкчөн, оорукчан, өтүкчөн, тоочон.*

**-дагы** – *элдеги, тоодогу, шаардагы, айылдагы, мектептеги, тыштагы, ичтеги.*

**-дак** – *кумдак, саздак, таштак, жайдак, муздак.*

**-кор** – *чайкор, малкор, дүйнөкор, камкор, сүткор, сыйкор.*

**-кеч** – *арабакеч, кирэкеч, азилкеч, мээнеткеч, араккеч.*

**-мак** – *башмак, ичмек, көлмөк.*

**-кана** – *мейманкана, ашкана, китепкана, өнөркана.*

**-стан** – *Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан.*

**-көй** – *намыскөй, тамашакөй, амалкөй.*

**-поз** – *ашпоз, өнөрпоз, илимпоз.*

## Корутунду

Атооч сөздөрдөн атооч сөздөрдү жасаган мүчөлөр атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр деп аталат. Буга жогорку мүчөлөр кирет.

**117.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, атоочтон атооч жасоочу мүчөлөрдү тапкыла. 2) Эмне үчүн сөздөрдүн мүчөлөр аркылуу жасалышын морфологиялык жол деп айтабыз? 3) Атоочтон атооч жасаган мүчөлөрдүн баштапкы формасын атагыла. 4) Сөздүн маанисинин өзгөргөнүн же өзгөрбөгөнүн түшүндүргүлө.

1. Биздин эң ардактуу, эң кадырлуу[3], сыйлуу коногубуз Микола эле. 2. Ары жок – күлкүчү, санаасы жок – уйкучу. 3. Жоокер солдаттардан кат келди, алар талаачылык жумуштарында иштеп жатышыптыр. 4. Аранардан, кымбаттуу балдар, илимпоздор да, өнөрпоздор да чыгат. 5. Сүйүү ырларында жайдарылык, шаттык, шайырдык, куунактык, кубанычтуулук, кээде ичи күйгөндүк көп учурайт. 6. Бир көргөндө жолдош, экинчи көргөндө курдаш. 7. Чапанчанды чапса, көйнөкчөнгө доо кетет.

**118.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Жогорку атоочтон атооч жасаган мүчөлөрдүн жардамы менен түзүлгөн жаңы сөздөрдү катыш-

тырып, сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Ал сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, сөз жасоонун морфологиялык жолу жөнүндө айтып бергиле.

**119.** Алган билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, кара тамга менен басылган сөздөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 3) Мүчөлөрдүн жардамы аркылуу кайсы сөз түркүмүнөн кайсы сөз түркүмү жасалганын аныктагыла. 4) Сөз жасоо жөнүндө түшүнүк бергиле.

1. **Достук** достук менен төлөнөт. 2. Жер **байлыгы** – эл байлыгы. 3. Кыргыз Республикасындагы жашаган кишилердин мейли жашы, мейли карысы **сыйлашуура**[2] **шыктуу**. 4. Кычандын эрдигин **коллективдештирүү** жылдарындагы тап күрөшү жараткан. 5. Токтогулдун **балалык** кези өтө оор турмушта өткөн. 6. **Жокчулукта** чулдук да булбулдай сайрайт. 7. **Жайлоодогу малчылар** көчүрүлүп келип, саздак жерге кондурулду. 8. Чүй соорусу – **дыйканчылыкка** кенен жер. 9. **Бактысыз** жүрдүм башынан, **кордукту** тарттым жашыман. 10. Асманда **сансыз** жылдыздар жыбырады.

5*. **120.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөздөргө атоочтон атооч жасаган мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. 2) Уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 3) Мүчөнүн кайсы түрү экенин тапкыла.

Кызмат, шаар, мектеп, илим, өнөр, жакшы, жаман, жүз, кырк, уя, токой, алтын, күмүш, суу, пальто, саз, алтымыш.

## § 39. Атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр

### Корутунду

Кээ бир мүчөлөрдүн жардамы менен атооч сөздөрдөн этиш сөздөр жасалат. Ага төмөнкү мүчөлөр кирет:

**-ла** – *иште, майдала, кайчыла, жакшыла, кооздо, сырда, экөөлө, үчөөлө, башта, кышта, жайла, араала, балтала.*

**-лан** – *намыстан, сыймыктан, капалан, суктан, эттен, сулуулан, сактан, кекечтен.*

**-а** – *сана, чене, көзө, ото, ойно, күчө, түнө, бошо, оңо, түзө, өөнө, сына, теңе.*

**-ар** – *агар, көгөр, карар, кызар, узар, түнөр.*

**-лаш** – *достош, сүйлөш, жардамдаш, иштеш, кезектеш, амандаш, элдеш, катташ.*

**-кар** – *башкар, аткар, откор.*

**-каз** – *атказ, откоз.*

**-ырка** – *таңырка, ташырка, санаарка, кучүркө.*
**-ай** – *чоңой, картай, жооной, кеңей, муңай, көбөй.*
**-ык** – *демик, отук, бирик, ачык, уук.*
-сыра – *алсыра, кансыра, уйкусура, этсире.*
**-ан** – *оозан, узан.*
**-ы** – *тары, байы, жашы.*
**-сын** – *баатырсын, мыктысын, улуусун, кемсин.*

**5* 121.** Жаңы билимге ээ болуу көнүгүүлөрү. 1) Жогорку мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган этиш сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Кайсы сөз түркүмүнөн жасалып жатканын түшүндүргүлө. 3) Атоочтон этиш жасоочу мүчөлөрдү санагыла.

**122.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, атоочтон этиш жасаган мүчөлөрдү тапкыла. 2) Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 3) Этиштин кайсы сөз түркүмүнөн жасалганын аныктагыла.

1. Эсептешкен дос болбойт[2]. 2. Бөтөлкө менен достошкон, өмүрү менен коштошот. 3. Карагайды балталап, комуз чаптым токойдо. 4. Чындык менен ойнобо. 5. Тандаган тазга жолугат. 6. Бirимкул тарткан сүрөтүн кооздой баштады. 7. Сабактан начар билгендеринерге жардамдашкыла. 8. Улуусунуп кичүүлөрдү кемсинтпе. 9. Танабай өткөндөрдү эстеп, ого бетер түнөрдү.

**123.** Окуучуларды көнүктүрүү жана машыктыруу көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, кара тамга менен терилген сөздөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Кайсы мүчөлөрдүн жардамы менен атооч сөздөрдөн этиш сөздөрдүн жасалганын түшүндүргүлө. 3) Уңгу, мүчөгө ажыратып, морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Улууну **сыйла,** кичүүнү **урматта**[4]. 2. Тапсаң, **сүйүнбө,** жоготсоң күйүнбө. 3. Булак **бириксе** – дарыя, эл **бириксе** – күч. 4. Алды менен өзүң **сына,** анан элге сынат. 5. **Ойноп** сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. 6. Калыбек пальтосунун жакасын **топчуланып,** моюн орогучун кымтыланып койду. 7. Күн эки күндөн бери **бороондоп,** шамал түшкөн карды **желпип** турду. 8. Таң **агарып,** жерге жарыкчылык кирди. 9. Чоро **санааркап** келе берди. 10. Болот эритүүнү автомат **башкарат,** кемчилдик болуп калса, дароо **кабарлайт.** 11. Гүлсары **ташыркап,** баспай калганды билбейт. 12. Субанкул тракторду **башкарып** жүргөнүнө өзү сүйүнчү. 13. Гүлсары алсырап, **демигип,** картайган убагы. 14. Танабай **баатырсынып** карап турду да, намыстанып кайра кирди.

5* 124. Чыгармачылык көнүгүү. 1) Төмөнкү атооч сөздөргө этишти жасоочу мүчөлөрдү улап, сүйлөм ойлоп таап, көчүрүп жазгыла. 2) Кандай мүчөлөрдүн жардамы менен этиш сөздөрдүн жасалганын түшүндүргүлө. 3) Сөз жасоо жөнүндө айтып бергиле.

Орун, сөз, кызыл, кат, бут, жарк, ата, от, кең, түн, дос, санаа, оюн, жарык, алыс, жашыл.

## § 40. Этиштен атооч жасоочу мүчөлөр

### Корутунду

Төмөнкү мүчөлөр этиштен атооч сөздөрдү жасайт:

**-ым** – *басым, билим, бөлүм, кийим, чечим, сезим, чийим, татым.*

**-ма** – *сайма, басма, тосмо, кесме, түймө, котормо, тапшырма.*

**-мал** – *ташымал, оромол, ачымал.*

**-мак** – *оймок, өрмөк, чертмек, куймак, иймек, үймөк, табышмак.*

**-гы** – *чалгы, шыпыргы, ачыткы, уютку, сузгу, күлкү, көчкү, кыргы, сүлгү.*

**-гыч** – *тангыч, ачкыч, сүзгүч, баскыч, кескич, туткуч, илгич, отургуч, тепкич.*

**-ынды** – *чабынды, кесинди, таштанды, үзүндү.*

**-ык** – *айрык, жыртык, тешик, буйрук, ышкырык.*

**-мыш** – *турмуш, тушамыш, тарамыш, кылмыш.*

**-ыш** – *чабыш, уруш, согуш, этиш.*

**-уу (үү)** – *жазуу, окуу, чийүү, сүйүү, күйүү.*

**-ыч** – *кубаныч, өтүнүч, сүйүнүч, чөмүч, сагыныч.*

**-ылга** – *табылга, жасалга.*

**-дак** – *куурдак, шырдак, кыштак.*

**-гыр** – *алгыр, өткүр.*

**-гын** – *кыргын, чалгын, куугун, сүргүн, качкын, учкун.*

**-гак** – *соргок, тайгак, таңгак, тоңгок, баткак.*

**-лык** – *кестик, калдык, ойдук, чукулук.*

**-аак** – *ыйлаак, тердээк, сүйлөөк, ойноок.*

**-оо, -уу** – *жайлоо, кыштоо, шайлоо, жазуу, сүйүү.*

**-чаак** – *таарынчаак, унутчаак, урушчаак, кызганчаак.*

**-ооч** – тырмооч, баяндооч, айкындооч, атооч, жандооч.

**-аанак** – кабаанак, тебээнек, сүзөөнөк, көрөөнөк.

**-ын** – жаан-чачын, үркүн, эгин-тегин, түйүн, чийин, келин.
**-ак** – күрөк, жүрөк, тарак, тилек, сүйлөөк, ойноок.
**-арман** – чабарман, билерман, күйөрман, өлөрман.
**-аша** – чыгаша, киреше.
**-га** – тутка, тепке, табылга, камыл(н)га.
**-ган** – көбүргөн, чагылган, капкан, жараткан.

**125.** Түшүндүрмөлүү көнүгүү. 1) Адегенде окуп чыгып, этиш сөздөрдөн жасалган атооч сөздөрдү тапкыла. 2) Аларды унгу, мүчөгө ажыраткыла. 3) Сөз жасоонун морфологиялык жолун айтып бергиле. 4) Сөз жасоо жөнүндө түшүндүргүлө. 5) Этиштен кайсы сөз түркүмү жасалганын далилдегиле.

1. Жерди тыртык көрсөң, этегиң жыртык болор. 2. Макмалга сайма сайгандай, жаратылыш бир сонун. 3. Бүбү оромолун колуна алып, келе жаткан солдатты карай чуркады. 4. Осмонбек чертмегин күүлөп, өсүп-өнгөн элди ырдады. 5. Кубаныч көп, кайгыруу жок. 6. Аксак козу тартынчаак, семиз кулун үркүнчөөк.

**5*. 126.** Алган билимди турмушта текшерүү көнүгүүсү. 1) Кара тамга менен терилген сөздөрдү көчүрүп жазып, этиштен атооч жасаган мүчөлөрдү тапкыла. 2) Ал мүчөлөрдүн алгачкы формасын аныктагыла. 3) Этиштен атооч жасоочу мүчөлөрдү санап бергиле. 4) Сөз жасоо жөнүндө өз түшүнүгүнөрдү айтып бергиле.

1. Кечке узанган Дмитрий **ачкычын, кескичин, сүргүчүн, кыргычын, туткучун** алып, өз жайына койду да, таза кийимдерин шкафтан алды. 2. **Тапшырма** берилип, **чалгынчылар**[4] өз иштерин аткарууга кетишти. 3. Ипподромдо **улак тартыш, оодарыш, эңиш, жорго салдырыш** сыяктуу улуттук оюндар өз ирети менен өтүп жатты. 4. Ата, шаарда **кубаныч, сүйүнүч** көп. 5. Өткүр Чаргын шашкалактап кирип келди. 6. Азыр **турмуш** оңолуп, **жыргал** заманга туш келдик.

**127.** Окуучулардын алган билимдерин тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, этиш сөздөрдөн атооч сөздөрдү жасаган мүчөлөрдү таап, алдын сызгыла. 2) Анын кандай мүчө экенин (этиштен зат атоочту же башка атооч сөздөрдү жасаганын) аныктагыла.

1. Гүлсары жорго мингич ат катары сарайга жеткирилди. 2. Минүүгө көлүк болсун деп багып, нечен атты чарбага жөнөттү[4]. 3. Жаңы башкарма менен Танабай алгач ушинтип кездешишти. 4. Чогулушта чындык керек, чогууда тынчтык керек. 5. Жыйналышта жалкоолор, эмгек тартибин бузуу-

чулар жөнүндө сөз болду. 6. Бурулча куймак куюп, келген конокторду сыйлады. 7. Танабай Ыбрайымдын сөзүнөн кийин бир чечимге келди. 8. Байдын да бир татым тузу кемиптир.

**128.** Проблемалык көнүгүү. 1) Сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы (жолу) жөнүндө түшүндүргүлө. 2) Төмөнкү мүчөлөрдү этиш сөздөргө улап, атооч сөздөрдү түзгүлө. 3) Бул мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалган атооч сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 4) Аларды сөздүн составына (унгу, мүчөсүнө) ажыратып, мүчөлөрдүн алгачкы формасын тапкыла, эмне үчүн алар ушундай өзгөрүүлөргө дуушар болгонун далилдегиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
| -ака | -гак | -й | -мыш |
| -арман | -ган | -ыч | -оо |
| -ач | -гын | -к | -уу (-үү) |
| -аша | -дак | -л | -ы |
| -га | -лык | -ым | |

## § 41. Этиштен этиш жасоочу мүчөлөр

### Корутунду

Төмөнкү мүчөлөр этиштен этишти жасайт:

**-ык** – *көнүк, бышык, тынык.*
**-ын** – *көрүн, билин, урун, басын.*
**-дыр** – *билдир, күлдүр, алдыр, аттыр.*
**-ар** – *чыгар, кайтар, багар, көрөр.*
**-ыр** – *бүтүр, кечир, качыр, ашыр.*
**-кар** – *өткөр, бүткөр, аткар.*
**-ыш** – *тийиш, бериш, алыш, көрүш.*
**-гыла** – *чапкыла, ургула, сүргүлө.*
**-мак** – *бармак, келмек, алмак.*
**-гыз** – *отургуз, билгиз, тургуз.*
**-кыр** – *жаткыр, жеткир.*
**-т** – *кайнат, иштет, ойнот.*

**129.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган этиш сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Эмне үчүн ал мүчөлөр этиштен этиш жасоочу мүчө экендигин түшүндүргүлө. 3) Сөз жасоонун жолдорун айтып бергиле.

130. Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, этиш сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 2) Кайсы мүчө экендигин (сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү) аныктагыла. 3) Алардын айырмачылыгын айтып бергиле.

1. Гүлсарыны ойнотуп турчу Танабай бүгүн көрүнбөйт². 2. Балдарды тегиз отургузуп, Жамийла сабак баштады. 3. Элди дуу күлдүрчү Шаршен эми жок. 4. Ишти бүткөрүп⁴, мен айылга келдим. 5. Гүлсарыны сарайга жеткирип, өзүм тышта кала бердим. 6. Жоргону башка-көзгө чапкылап, жакшы карабай койгон үчүн, Гүлсары бир аз жүдөй түшүптүр. 7. Ыбрайым эмес, башкарма өзү келсе да, Гүлсарыны Танабай эч кимге бермек эмес.

5*. 131. Алган билимди текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдөгү кара тамга менен терилген сөздөрдү көчүрүп жазып, этиштен этиш жасаган мүчөлөрдүн алдын сызгыла. 2) Кайсы мүчөлөрдүн жардамы аркылуу этиштер жасалып жатканын далилдегиле. 3) Сөз жасоо деген эмне экенин түшүндүргүлө.

1. Жылкыларды коңшу жылкычыларга **табыштап** коюп, Танабай үй-бүлөсү менен айылга жөнөдү. 2. Аттан түшүп, баласын өзү **учкаштырды.** (*Ч. А.*) 3. Ишин бат эле бүтүрдү, бир аз отурду, андан соң, Чаргынга **атайылап тийишти.** (*Т. С.*) 4. Асанбек элди **күлдүрүп,** өз башынан өткөнүн жомок сыяктуу баяндап берди. 5. Башкарма чогулуш **өткөрүп,** жыйналышка катышкандарга тапшырма берди. 6. Устаканадагы жыгачты балдар бат эле **сүргүлөп,** ар бири экиден отургуч **жасашты.**

132. Түшүндүрмөлүү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, этиштен этиш жасаган мүчөлөрдү тапкыла. 2) Сөз жасоонун морфологиялык жолу тууралуу айтып бергиле. 3) Сөз жасоо деген эмне экенин түшүндүргүлө.

Жалгыз калган Танабай ойлуу жүрүп отурат. Тизгинди бош таштап, жоргонун өз жүрүшүнө коёт. Гүлсары анда кой жоргосун чыгарат. Үстүндө адамдын бар-жогу билинбейт. Көмөкөйдөн ыр чыгарат. Гүлсары тааныш жолго салып, бат эле Танабайды үйүнө жеткизет. Ишин бүткөрүп, кайра жылкыларга жөнөйт. (*Ч.А.*)

133. Үлгү боюнча алган билимдерди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү этиш сөздөргө этиштен этиш жасоочу мүчөлөрдү улап, үлгү боюнча көчүрүп жазгыла. 2) Сөз жасоочу мүчөлөрдүн түрлөрүн санагыла.

Көр, жаз, отур, бас, оку, сана, бер, ал, кет.

Ү л г ү: ал – алдыр – алыш – алгыла – алмак – алгыз – алдырат.

**134.** Алган билимди кайталоо, бышыктоо көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, сөз жасоочу мүчөлөрдү тапкыла. 2) Анын кайсы түрү экенин ажыраткыла. 3) Эрежелерин айтып бергиле. 4) Мүчөлөрдүн эмне үчүн фонетикалык жактан өзгөргөнүн түшүндүргүлө.

1. Гүлсары эс алып, көпкө тыныкты[7]. 2. Бир маалда эшиктен Козубек көрүндү. 3. Шаршен элди аябай күлдүрдү. 4. Эл дагы менин адам болгонумду көрөр. 5. Танабай ишин бүтүрдү да, жылкыларды көздөй жөнөдү. 6. Аракетчил адам ташка мык киргизет. 7. Коюн алдырган короосун бекитет. 8. Танабай Чоро менен амандашып көрүштү. 9. Акылдуу акылына ишенет, акылсыз күчүнө ишенет. 10. Жакшы ката кетирсе, өзүн жемелейт, жаман ката кетирсе, жолдошун жемелейт. 11. Кош айдамак бармак-келмек, кетмен чапмак алмак-салмак.

## § 42. Сөз жасоонун синтаксистик жолу

### Корутунду

Эки же андан ашык сөздөрдүн ажырагыс тизмегинен туруп, лексикалык жактан бир гана маанини билдирген, жаңы маанидеги сөздөрдү жасоо **синтаксистик ыкма** (жол) деп аталат.

Мисалы: *жол башчы, Ата Мекен, темир жол, ата-эне, бала-бакыра, Алабука, Кызылсуу, ЖК, КДК.* Булар *жол* жана *башчы, ата* жана *мекен, темир* жана *жол, ата* жана *эне, бала* жана *бакыра, ала* жана *бука, кызыл* жана *суу* деген сөздөрдөн жана *ЖК, КДК* толук маанилүү сөздөрдүн баш тамгаларынын кыскарышынан түзүлүп, бир жаңы маанини түшүндүрдү.

Татаал сөздөр синтаксистик жол менен жасалат.

## § 43. Татаал сөздөр

Жаңы теманы түшүндүрүү үчүн алынган мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. Күн шооласы Кызылбел жайлоосуна чачырады.

2. Асмандагы булуттар уйгу-туйгу болуп, Алатоонун башына жол тартты.

3. Тянь-Шань – Кыргыз Республикасы менен Кытай чегинде жайгашкан Азиядагы эң ири тоо.

4. Поезд өтпөй калган ара-чолодо талаа бети кулак-мурун кескендей, ың-жың тунжурап турат.

Корутунду

Эки же андан көп сөздөрдөн айкалышып, бир гана маанини, бир гана түшүнүктү билдирген сөздөр **татаал сөздөр** деп аталат.

М и с а л ы: *өнөр жай, ташбака, аккуу, тотукуш, темир жол, жол башчы, калай кашык, алтын саат, кызыл аскер, орун басар; ата-эне, ага-тууган, жер-суу, эже-сиңди, бала-чака, ЖК (Жогорку Кеңеш), АКШ, ККСК (Кыргыз камволдук-сукно комбинаты), АК (акционердик коом).*

Татаал сөздөр төмөндөгүдөй мүнөздүү белгилерге ээ:

1. Татаал сөздөрдүн курамындагы сөздөрдү бири-биринен ажыратып кароого болбойт: *Ата Мекен, алпкаракуш, акчардак, таш көмүр, чек ара, агайын-тууган, жакшы-жаман, сак-саламат, Чолпоната, Карасуу.*

2. Татаал сөздөр биригип келип, бир затты, кыймыл-аракетти билдирет: *күч-кубат, жер-суу, келе жатат, чоң эне, көкбөрү, ат чабыш, бара жатат.*

3. Сүйлөм ичинде татаал сөздөр сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат:

Э э л и к: *Алатоо* менин үйүмсүң, Алатоо менин сүйүүмсүң.


Б а я н д о о ч т у к: Келе жатышкандар – *ата-энелер агайын-туугандар, бала-чакалар, эже-сиңдилер.*

А н ы к т о о ч т у к: *Тянь-Шандын, Көкиримдин, Акөгүздүн* ашууларына бөлүнүштү. *Молдо Кылычтын, Молдо Нияздын, Тоголок Молдонун* ырлар жыйнагы басылып чыкты.

Т о л у к т о о ч т у к: *Эл Коңурөлөңдү, Алабашты* өрдөп конушту.

Б ы ш ы к т о о ч т у к: Аскар *Ысыккөлгө* кетти. *Жалалабатка, Карасууга, Базаркоргонго* бардык.

**Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр ү ч к ө бөлүнөт:**



**135.** Жаңы билим алууга окуучуларды даярдоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, татаал сөздөрдү тапкыла. 2) Татаал сөздөрдүн эрежесин, бөлүнүшүн, мүнөздүү белгилерин айтып бергиле. 3) Эмне үчүн татаал сөздөр сөз жасоонун синтаксистик жолуна кирерин түшүндүргүлө. 4) Татаал сөздөрдү тууралап жазгыла.

1. Ала-Тоону карай жол кетет. Жол Тамга-Терек, Калмак Кырчын, Кап-Согоор, Как-Көл, Ничке, Доскана, Кызыл-Суу аркылуу өтүп отуруп, туптуура Тогуз-Торого жеткирет. 2. Жоро-жолдоштун көбөйүшүн кааласаң, ачык-айрым, калыс бол. Кыргыздардын улуттук-боштондук көтөрүлүшү бир миң тогуз жүз он алтынчы жылы болгон.

## § 44. Кош сөздөр

Теманы түшүндүрүү үчүн алынган мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. Он бешинде толгон ай жердин ак-карасын дааналап, жылга-жыбытты, аң-дөңдөрдү, кокту-колотторду, бийик-бийик аска-зоолорду дапдаана кылып көрсөттү.

### 1-корутунду

Эки же андан көп сөздөрдүн туруктуу айкалышынан түзүлүп, жалпыланган бир түшүнүктү билдирген, жуп-жубу менен айтылган татаал сөздөр кош сөздөр деп аталат.

**136.** Жаңы билимди өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү экинчи корутундудагы кош сөздөрдү окуп чыгып, айрымдарын катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Кош сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле. 3) Эмне үчүн кош сөздөр сөз жасоонун синтаксистик ыкмасына кирерин далилдеп түшүндүргүлө.

### 2-корутунду

Кош сөздөр маанисине карата төмөндөгүдөй үч топко бөлүнөт:

1. Эки сөзү тең маани берүүчү кош сөздөр.

Буга: *ата-эне, эже-сиңди, жакшы-жаман, оң-тетири, курбу-курдаш, кышты-кыштай, эл-жер, өйдө-ылдый, оң-тетири, илим-билим, бак-дарак, келим-кетим, сак-саламат, кайгы-капа, көзмө-көз, сөзмө-сөз, оозмо-ооз, курт-кумурска, чымын-чиркей, козу-улак* ж. б. сөздөр кирет.

**137.** Өз алдынча иштөө көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү 3-корутундудагы кош сөздөрдү көчүрүп жазып, анын кайсы сөзү маани берип, кайсы сөзү маани бербей жатканын далилдегиле.

### 3-корутунду

2. Бири маани берүүчү, бири маани бербөөчү кош сөздөр. Мисалы: *эт-мет, китеп-ситеп, мал-сал, бала-чака, азык-түлүк, кийим-кече, көйнөк-көнчөк, кызыл-тазыл, будуң-чаң, тарс-турс, нан-пан, ыгым-чыгым, жоро-жолдош.*

**138.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү 4-корутундуну окуп чыгып, кош сөздөрдү тапкыла. Кандай кош сөздөр экенин аныктагыла. 2) Аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

### 4-корутунду

3. Эки сөзү тең, маани бербеген кош сөздөр. Мисалы: *үрүң-бараң, быкы-чыкы, быт-чыт, кажы-кужу, акыр-чикир, ыпыр-сыпыр, үйгү-түйгү, чак-челекей.*

### 5-корутунду

Кош сөздөр араларына дефис коюлуп жазылат: *ага-ини, өйдө-ылдый, азык-түлүк, кийим-кече, айыл-кыштак, эл-жер, бак-дарак, жоро-жолдош, буркан-шаркан, бүгүн-эртең, үрүң-бараң, быкы-чыкы, ыпыр-сыпыр.*

**139.** Алган билимди текшерүү көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, кош сөздөрдүн арасына эмне үчүн дефис коюлуп жаткандыгын, кандай кош сөздөр экенин далилдегиле.

1. Катар-катар Керметоо,
Бир-бирине жалганар.
Керметоону жай кылып,
Өткөн-кеткен эл-журттар.
(*Молдо Кылыч*)

2. Ардактуу ата-энелер, сиздер менен бетме-бет, оозмо-ооз сүйлөшөйүн деп чакырттым. 3. Балдарыңар батышта ата-конуш жеринерди, алтын-күмүш кениңерди коргоп, аман-эсен, сак-саламат келишсе дейбиз. 4. Ак боз ат кезек-кезек башын чулгуп, кээде быш-быш этип, таскагын жазбай келе жатты. 5. Нурбай үнсүз-сөзсүз жүгүргөн бойдон үймө-үй кыдырып

чыкты. 6. Баарыбыз[7] бир үй-бүлө болчубуз, улуу-кичүүсү да, кары-картаңдары да, кыз-кыркыны да, бала-чакасы да чоң апама баш ийчү. 7. Апам улам-улам көздөрүн аарчып, тээ алыска-алыска балдары келе калчудай тиктейт.

**140.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Көчүрүп жазып, сүйлөмдөгү кош сөздөрдү тапкыла. 2) Кош сөздөрдүн кайсы түрү экендигин (эки сөзү тең маани берүүчү кош сөздөр; бир сөзү маани берип, экинчи сөзү маани бербөөчү кош сөздөр; эки сөзү тең маани бербөөчү кош сөздөр) тапкыла. 3) Кош сөздөрдүн кандай жазыларын аныктагыла.

Түш ообой, шаардын чет-жакасындагы бак-дарак көрүндү[3]. Жолдогу жүргүнчүлөр да улам-улам көбөйө берди. Атасы божуну өз колуна алды. Анысы да туура болду. Султанмураттын көңүлү шаардын ызы-чуулуу кызыгына ооган эле. Ары-бери, аркы-терки, өйдө-ылдый жүргөн азан-казан эл, катар-катар калың там. Кызыл-тазыл[6], өң-түспөлү да бөтөнчө чоң шаар Султанмуратты толкундан-толкунга серпип алып жөнөдү. (*Ч. А.*)

**141.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, кош сөздөрдү тапкыла. 2) Араларына дефис койгула. 3) Анын себебин түшүндүргүлө.

1. Ажардын ичкен жегени аш болбой, ата энесин сагынып кетти. 2. Көрө көрө көсөм болот, сүйлөй сүйлөй чечен болот. 3. Бардыгы – кедей кембагалдардын балдары. 4. Түнкү сыдырым беттен сылап, эгин тегин, бак дарак билинер билинбес болуп шуудурайт. 5. Таң үрүң баранда туруп, мал салыма көз салам. 6. Атайдын үйүнөн келим кетим үзүлбөйт. 7. Бүркүт козулардын арык торугун алып кетүүгө келген экен. 8. Дайырдын аткан замбирегинен душмандын танкасынын быт чыты чыкты. 9. Шамал болуп, кар уйгу туйгу жаай баштады. 10. Жер суу дүңгүрөп, замбиректер каршы терши атылып жатты.

## § 45. Кошмок сөздөр

Талдоо үчүн алынган мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. Эмики сөз, кымбаттуу балдар, *Ата Мекен* жөнүндө болот.

2. *Ысыккөл, Соңкөл, Чатыркөл,*
Көлү сонун кыргыздын.

3. *Айыл чарбабыз, өнөр жайыбыз* тез өнүксө эле ушул кыйынчылыктан чыгып кетер элек.

4. *Жол башчы, темир жол, алтын саат, калай кашык.*

1-корутунду

Эки же андан ашык сөздөрдүн туруктуу айкашууларынан түзүлүп, так бир түшүнүктү билдирген сөздөр же сөз айкашы **кошмок сөздөр** деп аталат.

Кошмок сөздөргө төмөнкүдөй сөздөр кирет: 1. Ар бир сөзү өз алдынча мааниге ээ болгон сөздөр. М и с а л ы: *боз үй, бел боо, кыркаяк, беш жылдык, ала карга, чек ара, Ата Мекен, өнөр жай, айыл чарба, күнкарама, бетмай.*

**142.** Жаңы билим алууга окуучуларды даярдоо көнүгүүсү. 1) Жогорку кошмок сөздөрдү катыштырып, сүйлөм ойлоп тапкыла. 2) Тапкан сүйлөмүнөрдү көчүрүп жазгыла. 3) Туура же туура эмес экендигине класста коллективдүү талкуу жүргүзгүлө.

2-корутунду

Кошмок сөздөргө эки же андан ашык сөздөрдөн куралган адам аттары да кирет.

М и с а л ы: *Темиркул, Кудайберген, Тоголок Молдо, Молдо Нияз, Жеңижок, Токтогул, Асанбай, Жетикашка, Бешкемпир.*

**143.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, адам аттарынан түзүлгөн кошмок сөздөрдү тапкыла. 2) Алардын канча жана кандай сөздөрдөн түзүлгөндүгүн аныктагыла. 3) Кошмок сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле. 4) Кош сөз менен кошмок сөздөрдүн айырмасын түшүндүргүлө.

1. Кулболду Талканбаев! – деп мени трибунага чакырды. 2. Султанмурат көз кырын салып, Мырзагүлдү карап коюп отурган. 3. Тоголок Молдо – кыргыз элинин улуу акыны. 4. Субанкул менин сөзүмө күлүп калды. 5. Башыңды өйдө көтөр, Толгонай, кайрат кыл!

3-корутунду

Кошмок сөздөргө эки же андан көп сөздөрдөн куралган географиялык энчилүү аттар кирет. Алар биригип баш тамга менен жазылат.

М и с а л ы: Ысыккөл, Жалалабат, Аксай, Тогузторо, Акбуура, Сарычелек, Алабука, Жаңыжол, Сарыжаз, Базаркоргон, Жетиөгүз.

Кээ бир географиялык энчилүү аттар эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлсө, бирок бир компоненти өз алдынча маа-

ни бербесе, бирге жазылат: *Каракол, Нарынкол, Кеңкол, Каракужур, Кызарт, Торугарт, Көгарт, Көкөмерен, Чаткал.*

**144.** Тапшырмаларды коллективдүү аткаруу көнүгүүсү. 1) Өзүңөр билген, же жашаган жериңердеги эки же андан ашык сөздөрдөн куралган географиялык энчилүү аттарды катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 2) Ал географиялык энчилүү аттардын канча сөздөн түзүлгөнүн жана алар кандай жазыларын түшүндүргүлө. 3) Кошмок сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле.

5*. **145.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кошмок сөздөрдү тапкыла. 2) Аларды тууралап көчүрүп жазгыла. 3) Эмне үчүн кошмок сөз экенин түшүндүргүлө.

1. Жүгөрү дүмбүл болуп, жаңгакоймо, саралма, каражүзүм, кызылалча шагын ийип, берешен жер эне ырыскысын төгүп турган кези экен. (*Т. К.*)

2. Нарындын башы тарагай, Кемер кырмак, кара таш. Сары жазы, ак шыйрак, Үч каркыра, Кеген бар. (*Т. М.*)

3. Балдардын аты уйкаш: эң улуусу саадан бай, анан мерген бай, ийген бай, деркен бай, ороз бай, картаң бай. (*М. Э.*)

## § 46. Кыскартылган сөздөр

**146.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү мисалдарды окуп чыгып, кыскартылган сөздөрдү тапкыла. 2) Баш тамгаларынан же муундарынан ж.б. кыскартылганын аныктагыла. 3) Эмне үчүн кыскартылган сөздөр татаал сөздөрдүн тутумуна кирерин түшүндүргүлө.

1. ЖК – Жогорку Кеңеш.
2. АКШ – Америка Кошмо Штаттары. (США)
3. Октябрь райондук ИИБ (ички иштер башкармасы).
4. Райаким – райондук акимиат.
5. (КРДК) Кыргыз Республикасынын демократиялык кыймылы.

### 1-корутунду

**Бир нече толук маанилүү сөздөрдү баш тамгаларынан, муунунан ж.б. кыскартылып алынышы кыскартылган сөздөр деп аталат.**

**147.** Жаңы билим алууга окуучуларды даярдоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, кыскартылган сөздөрдү тапкыла. 2) Кандай жолдор менен кыс-

картылганын аныктагыла. 3) Кыскартылган сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле.

1. Жолдоштор, бул ГЭС – биздин бактыбыз, биздин келечегибиз! 2. Өмүрбек САГУнун тоо-инженер факультетинде[6] окуду. 3. Өзүнчө жашыруун топторду түзгөнүн Олег Кошевой билчү эмес. 4. Менин агам облкеңешке депутат болуп шайланды.

### 2-корутунду

Кыскартылган сөздөр төмөндөгүдөй жолдор менен кыскартылат.

1. Маани берүүчү сөздөр башкы тамгаларынан кыскартылат: ЖК – *Жогорку Кеңеш*, АКШ – *Америка Кошмо Штаттары*, КЭР – *Кытай Эл Республикасы*, КУУ – *Кыргыз улуттук университети*. КДК – *Кыргызстандын демократиялык кыймылы*. ЖОЖ – *Жогорку окуу жайлары*. ИИМ – *Ички иштер министрлиги*, КМШ, МТС, РТС, БГУ, РФ, ТЭЦ, ЦУМ.

2. Башкы сөздөрү баш тамгаларынан, кийинки сөзү толук алынып кыскартылат: *КТРдин президенти* (Кыргыз телерадиосунун президенти). *АКнын президенти* (акционердик коомдун). *КРдин Президенти* (Кыргыз Республикасынын).

3. Толук маанилүү сөздөр муундарынан кыскартылат: *колхоз, совхоз, винсовхоз, филфак, юрфак, юстмин.*

4. Биринчи же экинчи сөздөрү толук алынып, андан кийинки сөздөрү башкы тамгаларынан кыскартылат: *Кыргыз Республикасынын ЗС* (закон чыгаруу жыйыны), *Кыргыз УУ*, *Кыргыз УИА* (улуттук илимдер академиясы). *Чүй мамлекеттик ПУ, «Адил» АК, Кыргыз ББИ, Кыргыз мамлекеттик АЧА, Кыргыз Республикасынын МАИ, Кыргыз АА* (агрардык академиясы).

5. Биринчи сөзү муунунан, кийинки сөзү баш тамгаларынан кыскартылат: *ЭрК* (Эркин Кыргызстан партиясы), *КамАЗ* (Кама автомобиль заводу), *райИИБ*, (райондук ички иштер бөлүмү.

6. Бир же эки сөзү муунунан кыскартылып, кийинки сөзү толук алынат: *райаким, маммүлк, облаким, райкеңеш, облкеңеш, мамтелерадиокомитети, авиапочта, райсот, облсот, райпрокуратура, агрофирма.*

**148.** Жаңы билимге ээ болуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү кыскартылган сөздөрдү чечмелеп, толук маанисин тапкыла. 2) Алардын кандай жолдор менен кыскартылганын, эрежелерин айтып бергиле.

КМШ (СНГ), РФ, ТЭЦ, РБББ, ЖОЖ, БУУ, ГЭС, ГДСП, профсоюз, облБББ, Кыргыз АЧА, Кыргыз МИ.

**149.** Алган билимди өз алдынча бышыктоо көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кыскартылган сөздөрдү тапкыла. 2) Кандай жолдор менен кыскартылганын айтып бергиле. 3) Аларды чечмелеп түшүндүргүлө.

1. КМШнын составына кирген мамлекеттердин жетекчилеринин кезектеги жыйыны болду. 2. АКШ – дүйнөдөгү эң ири өнүккөн өлкө. 3. ЖОЖдон окуп, атайын кесипке ээ болуу – ардактуу жана жооптуу иш. 4. Кыргызстанда ЭрК партиясы уюшулган. 5. Кыргыз Республикасы – БУУнун мүчөсү.

**150.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Жогорку кыскартылган сөздөрдүн эрежелерин жетекчиликке алып, төмөнкү толук маанилүү сөздөрдү кыскартылган сөздөргө айландырып, көчүрүп жазгыла. 2) Кандай жолдор менен кыскартылганын түшүндүргүлө. 3) Кыскартылган сөздөрдүн кыргыз лексикасына качан киргенин айтып бергиле.

Россия Федерациясы, Кореянын Элдик-Демократиялык партиясы, Кытай Эл Республикасы, райондук билим берүү бөлүмү, Кыргыз улуттук илимдер академиясы, Кыргыз мамлекеттик айыл чарба академиясы, Жылуулук электр борбору, коллективдүү чарба, кесиптик кеңеш.

## § 47. Кыскартылган сөздөрдүн жазылышы

Кыскартылган сөздөр төмөнкүдөй жазылат:

1. Башкы тамгаларынан кыскартылган сөздөр баш тамга менен жазылат: *АКШ, КДК, КМУУ, ТЭЦ, РФ, ЖК, КЭР, КЭДП, БУУ, МТС, КМШ.*

2. Төмөнкү башкы тамгаларынан кыскартылган сөздөр жалпы ат катарында колдонулгандыктан, кичине тамга менен жазылат: *ЖОЖ (жогорку окуу жайы), районо (районный отдел народного образования), облУО.*

3. Башкы тамгаларынан кыскартылган сөздөргө мүчө уланганда эң акыркы тамганын атына карай уланат: *АКШнын, КДКнын, КМУУнун, ТЭЦтин, РФтин, ЖКнын, КЭРдин, ГЭСке, ЭрКтин, КПнин.*

4. Эгер баш тамгаларынан кыскартылган сөздөрдүн тутумунда үндүүлөр болуп, ал бүтүн сөз катарында окулса, ага уланган мүчөлөр ошол үндүүлөргө карай жазылат: *ООНдун, ОРТнин, НАТОнун, АКнын, ГЭСтин, ТЭЦтин, ЦУМдун.*

5. Толук маанилүү сөздөр муундарынан кыскартылганда же биринчи сөзү муунунан, кийинки сөзү толук алынса бирге жазылат: *профсоюз, агитпункт, колхоз, совхоз, облсот, райсот, райаким, райпрокуратура, телерадио, мамбаском, телебаян, телекөрсөтүү, радиоберүү.*

**151.** Алган билимди бышыктоо, кайталоо көнүгүүлөрү. 1) Эрежелерге келтирилген жогорку мисалдарды чечмелеп, сүйлөм түзгүлө. 2) Баш тамгалардын кандай жолдор менен кыскарганын, алардын жазылышын түшүндүргүлө.

**152.** Окуучулардын орфографиялык сабаттуулугун жогорулатуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү кыскартылган сөздөргө ар кандай мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн андай жазыларын далилдеп, эрежелерин айтып бергиле.

ЖОЖ, ГЭС, райОНО, КМШ, КСДП, КЭР, КЭДР.

## § 48. Жыйынтыктоо (кайталоо) сабагы

**Төмөнкү суроолорго жооп бергиле:**

1. Сөз жасоонун ыкмалары жөнүндө түшүндүргүлө.
2. Сөз жасоонун морфологиялык ыкмасынан кабар бергиле.
3. Сөз жасоочу мүчөлөрдүн түрлөрүн (атоочтон атооч, атоочтон этиш, этиштен атооч, этиштен этиш жасоочу) жана аны уюштуруучу мүчөлөрдү айтып бергиле. Өзөкү мисалдар келтиргиле.
4. Сөз жасоонун синтаксистик ыкмасын түшүндүргүлө.
5. Кош сөздөр жөнүндө айтып бергиле.
6. Кошмок сөздөр деген кандай сөздөр, мисал келтирип, өз түшүнүгүнөрдү баяндагыла.
7. Кыскартылган сөздөргө мисал таап, эрежесин түшүндүргүлө.
8. Татаал сөздөрдүн жазуу эрежелерин айтып бергиле.

**5*. 153.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, андагы татаал сөздөрдү тапкыла. 2) Татаал сөздөрдүн кайсы түрү экенин ажыраткыла. 3) Аныктамасын, жазуу эрежелерин айтып бергиле.

1. Маал-маалы менен күркүрөп-шаркырап поезд өткөндө, бүткөн бою бир силкинип, анан майда-майда калтырагы басыла түшөт. Кийизбайдын агайын-туугандары, куда-сөөктөрү, тели-теңтуштары, көңүлү жакын дос-тамырлары – мына ушулар.

2. Ысман «ГАЗ-69» машинасын минип, шаарга жөнөдү. Облкеңештин конторуна кирип, КДКга жолдомо алды.

**154.** Мурунку алган билимдерин эске түшүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Кош, кошмок, кыскартылган сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 2) Алардын жазылыш эрежелерин, аныктамаларын айтып бергиле.

**155.** 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн татаал сөздөрдү тапкыла. 2) Татаал сөздөрдүн кайсы түрү экенин ажыраткыла, эрежелерин айтып бергиле. 3) Жазуу эрежелерин түшүндүргүлө. 4) Эмне үчүн татаал сөздөр сөз жасоонун синтаксистик ыкмасына кирерин далилдегиле.

1. Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук. 2. Ачкөз бирөөнүн бактысына көз артат. 3. Жакшы болмок аста-аста, жаман болмок бирпаста.

### Сөз курамы жана сөз жасоо боюнча талдоо жүргүзүүнүн тартиби

Сөздү курамы боюнча талдаганда анын бардык бөлүгү уңгу, мүчөсү, мүчөнүн түрлөрү (сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү) ажыратылат. М и с а л ы: *башчы, башчылык.*

Сөз жасоо боюнча талдаганда ал сөздүн кантип, кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасалганы түшүндүрүлөт.

М и с а л ы: *башчы, жол башчы.*

### Сөздүн курамы боюнча талдоонун үлгүсү:

1. Сөздүн уңгусу
2. Сөздүн мүчөсү
3. Мүчөнүн түрлөрү: а) сөз жасоочу б) сөз өзгөртүүчү

### Сөз жасоо боюнча талдоонун үлгүсү:

1. Сөздүн лексикалык маанисин аныктоо, м и с а л ы, *башчы* – бир нерсенин башчысы, жетекчиси.

2. Сөздүн морфологиялык белгисин аныктоо, м и с а л ы, *башчы, баш* – уңгусу, мүчөсү – **-чы,** сөз жасоочу мүчө, атоочтон атооч сөздөрдү жасайт.

3. Сөздөрдүн синтаксистик жол менен жасалышын аныктоо, м и с а л ы, *жол башчы* – эки сөздөн жасалды.

### Жазуу жүзүндөгү талдоонун үлгүсү:

башкарма – башчылык – жол башчы

*Өтүлгөн материалдардын негизинде диктантка даярдангыла!*

## § 49. Орфография жөнүндө түшүнүк

Адабий тилдеги сөздөрдүн-нормасын туура сактап жазуу үчүн атайын иштелип чыккан эрежелердин жыйындысы орфография деп аталат.

Бул сөз гректин *орфо* (туура) жана *графо* (жазуу) деген сөздөрүнөн алынган.

Кыргыз орфографиясынын негизги эрежелерине: сөздөрдү бирге, бөлөк жана арасына дефис коюп жазуу, уңгу сөздөрдү жазуу эрежелери, сөз варианттарын, баш тамгаларды ж. б. жазуу эрежелери кирет.

Эгер кыргыз орфографиясынын бекитилген нормалары болбосо, анда ар бир адам өз билгениндей, бир эле сөздү бир нече вариантта же өз диалектилеринде сүйлөгөндөй жаза берип, башаламандык, чаржайыттык келип чыкмак.

Демек, элди сабаттуулукка үйрөтүү, адабий тилдин нормасын сактап жазуу мүмкүн болмок эмес.

Мисалы, адабий тилде колдонулуучу *менмин, жыгаччы, сөзсүз, көрүнбө, көп эле, мен келдим, бирөө, грамматика, жооп бер, долбоор, уучта, тарбия, адабий, текшер, тегирмен, түнбү* деген ж.б. сөздөрдү меммин, кийиңки, жыгашчы, сөссүз, көрүмбө, көбеле, менгелдим, бүрөө, граматика, жооппер, долбор, уушта, тарбыя, адабый, темирген, түмбү деп жазууга туура келмек.

Кыргыз адабий тилиндеги сөздөрдү туура жазуу үчүн мектеп окуучуларына арналып түзүлгөн же чоң орфографиялык сөздүктү жетекчиликке алуу керек.

## § 50. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жазылышы

Кыргыз тилиндеги уңгу сөздөр төмөндөгүдөй жазылат:

1. Өз алдынча турган уңгу сөздөр айтылышынча же угулушунча фонематикалык принцип боюнча жазылат:

*ата, бала, кел, жаз, бар, оку, беш, алты, кызыл, сары, ак, мен, сен, ал, менен, жана, эмне, качан, кайда.*

2. Айрым тыбыштары орун алмашылып айтылган уңгу сөздөрдүн эки түрүнө жазууда жол берилет: *айыр – айры, кайры – кайыр, күнөм – күмөн, убакыт – убакты, бакыт – бакты.*

3. Төмөнкү сөздөрдө сөз башында **н** тыбышы түшүрүлбөй жазылат: *найза, намыс, нарк, нокто, начар, нөшөр, ным.*

Ал эми төмөнкү сөздөрдүн эки түрдүү жазылышына жол берилет: *нечен – эчен, небак – эбак, нары – ары.*

4. Басма сөздөрдө, оозеки речтерде бирден **р**, **л** тыбыштары менен берилип жүргөн сөздөр төмөнкүчө жазылат: *рахмат эмес,* **ыракмат,** *раазы эмес,* **ыраазы,** *рас эмес,* **ырас,** *раак эмес,* **ыраак,** *руксат эмес,* **уруксат,** *рай эмес,* **ырай,** *рыс эмес,* **ырыс,** *лаачын эмес, ылаачын, лакап эмес,* **ылакап.**

5. Орус тилинен кабыл алынган сөздөр орус орфографиясы боюнча жазылат: *район, радио, роман, редактор, редакция, ремонт.*

6. Араб, фарсы ж. б. тилдерден кабыл алынган төмөнкү сөздөр **р** тыбышы менен жазылат: *рамазан, раис, рубай, рабат, райкан, расмий (эл расмийи ушундай).*

**156.** Жаңы билимди өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү текстти окуп чыгып, унгу сөздөрдү тапкыла. 2) Унгунун эрежесин айтып берип, жалаң уңгудан турган сөздөргө оозеки мисал келтиргиле, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

## СУЛТАНМУРАТ

Султанмурат эки-үч партадан нары олтурган Мырзагүлдү көз кыйыгы менен карап койду. Класстын кыздарынын сулуусу Мырзагүл эле. Бир жолу сабакта Мырзагүл күзгү каранып отурган жеринен эже күзгүсүн алып койгон. Өңү-башына каранышка али жашсың деген. Ошондо Мырзагүл байкуш кулагынан бери манаттай кызарып, ыйлап ие жаздаган. Султанмурат болсо, эмнегедир аяп, болушкусу келген. Каранса эмнеси бар экен, кокус колуна тийген күзгү болсо карамбайбы.

Султанмурат азыр кызды дагы бир карады да, аяп кетти. Көгөрүп үшүп, көзү суу түбүндөгү таштай жылтылдап, нымданып отурат, байкуш Мырзагүл, же ыйлап отурабы? Анын атасы да, агасы да кан күйгөн согушта. Ай, Султанмурат, акмак элесиң да, оюңа жаман алып байкуш кызды.

**157.** Өтүлгөн жаңы материалдарды сөздүк диктанты аркылуу бышыктоо. 1) Төмөнкү сөздөрдү көчүрүп жазып, уңгусун тапкыла. 2) Анын кайсы сөз түркүмүнөн түзүлгөнүн аныктагыла. 3) Айтылышы менен жазылышын түшүндүргүлө.

Намыс, начар, ным, нечен, ыракмат, ыраазы, уруксат, ырыс, ылаачын, ылакап, район, радио, роман, ремонт.

**158.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү макалдарды окуп чыгып, уңгу сөздөрдү тапкыла. 2) Аларга тиешелүү мүчөлөрдү улап, сүйлөмдөрдү түзгүлө. 3) Уңгу менен мүчөнүн эрежелерин айтып бергиле.

1. Эл тилесе эр келет, эр урматын эл көрөт. 2. Эмгек кылсаң эмесиң. 3. Элде жүргөн эл тааныйт, кырда жүргөн жер тааныйт. 4. Эмгек өмүрдү узартат, уят бетти кызартат. 5. Улуунун өзү урмат, айткан сөзү кымбат. 6. Жалкоо көп уктайт, акыл айтсаң, укпайт. 7. Бирөөгө чай бергениң, өзүңө май бергениң. 8. Душман көз артат, тууган сөз артат.

## § 51. Сөздөрдү бирге жазуу эрежелери

Сөздөр төмөндөгүдөй учурларда бирге жазылат:

1. Курамдык бөлүктөрү өз ара биригип, тыбыштык түрүн өзгөртүп жиберген сөздөр бирге жазылат. М и с а л ы:

| | |
|---|---|
| [redacted] *(бу + күн)* | *бүрсүгүнү (бириси + күнү)* |
| [redacted] *(бу + жыл)* | *аксарбашыл (ак + сары + башыл)* |
| [redacted] *(ал + жүз)* | *кантип (кан (дай) + этип)* |
| [redacted] *(ун + чык)* | *кайнене (кайын + эне)* |
| [redacted] *(ага + ини)* | *келатат (келе + жатат)* |
| [redacted] *(кай + жакта)* | *өгүнү (ал + күнү)* |
| [redacted] *(улуу + тын)* | *жылаңайлак (жалаң + аяк)* |

2. Бир компонентинин (жубунун) лексикалык мааниси жоголуп, өз алдынча колдонулбай, бир гана маани берип калган сөздөр бирге жазылат.

М и с а л ы: *кечкурун, карамүртөз, балжууран, карагат, кожогат, акжуумал, арабөк, акиташ, карөзгөй, жайбаракат.*

3. Адамдардын, айбанаттардын, жаныбарлардын бир нече сөздөн биригип жасалган татаал энчилүү аттары бирге (чогуу) жазылат. М и с а л ы: *Турдумамбет, Ысмайылакун, Кожожаш, Асанбай, Мамбеткерим, Турдакун, Бөрүбасар, Суречки, Алгара, Телтору, Сарала, Гүлсары, Аккула.*

4. Түгөйлөрүнүн маанилик касиеттерин сактап, лексикалашып кеткен төмөнкү кошмок сөздөр биригип жазылат.

М и с а л ы: *арабөк, ашкабак, балжууран, байчечекей, ашказан, айры-куйрук, сөөлжан, тиригарак, ачкөз, көкжал, чаржайыт, чалагайым, теңтуш.*

5. Кыргызстандын аймагындагы эки же үч сөздөн турган татаал географиялык энчилүү аттар унгуларын сактоо менен жазылат. М и с а л ы: *Акталаа, Атбашы, Аксай, Чоңсарыой, Ысыккөл, Жалалабат, Чолпоната, Базаркоргон, Жетиөгүз, Чоңкемин, Эркинтоо, Сарычелек, Карабалта, Карасуу.*

**159.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку 49-параграфтагы 1-, 2-, 3-, 4-, 5-эрежелердеги мисалдарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Алардын кандай сөздөрдөн бириккенин, эрежелерин айтып бергиле. 3) Туура жазууга үйрөнгүлө.

**160.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, бириккен (бирге жазылган) сөздөрдү тапкыла. 2) Эмне үчүн алардын биригиш себептерин, бирге жазылышын түшүндүргүлө. 3) Бириккен сөздөргө уланган мүчөлөрдү тапкыла.

1. Оо, Алатоо, Алатоо, ата-бабам өскөн жер. 2. Алиман сүйлөп бүтмөйүнчө, көпкө унчукпай отурдук. 3. Бүгүнкү күндөн эртеңки күн сонун. 4. Жайы-кышы тарыды, былтыркыдан быйылы. 5. Аяк жагы Семизбел, нар жагында карасаң, мелтиреген Ысыккөл. 6. Сарычелектин айланасында Кыла, Чөйчөккөл, Ийрикөл, Арманкөл деген дагы башка көлдөрү бар.

7.
Кутубай, Бакай, Качканак,
Качып чыккан баштараак.
Муратаалы, Мурзабек,
Мурун качып келди эле.
Аркасынан Кулданбай
Куба качып келди эле.
(*Токтогул*)

**161.** Өзүнөр жашаган жериңердеги татаал географиялык энчилүү аттарга мисал келтирип, алардын кандай жазыларын түшүндүргүлө.

## § 52. Сөздөрдү бөлөк жазуу эрежелери

1. Түгөйлөрүнүн алгачкы маанилери толук сакталган кошмок сөздөр бөлөк жазылат: *беш күндүк, алтын саат, күмүш кашык, тогуз коргоол, беш жылдык, беш көкүл, жети ата, бүткүл дүйнөлүк, айылдык кеңеш, айыл чарба, кеңеш өкмөтү, кой сарай, жылкы сарай, эгин талаасы.*

2. Жөнөкөй жана татаал сан атоочтор бирге айтылган сөздөрүнөн бөлөк жазылат: он беш, отуз үч, жүз эки, жыйырма биринчи кылым, бир миң тогуз жүз он, жыйырма бала, отуз окуучу.

3. Татаал этиштердин ар бир түгөйү бөлөк-бөлөк жазылат: *чуркап келе жатат (келатат), барып келдим, берип жиберип ий, жыгылып кете жаздап барып токтодум, жардам көрсөт, салам бер, айтып ие жаздадым, келип-кетип жүр.*

Эскертүү: Төмөнкү татаал этиштер бирге жазылат: *баратат, келатат, апар, алпар.*

4. Кошмок сөздөрдүн тутуму бир гана маани бергендигине карабастан, ар башка жазылат: *таш көмүр, темир жол, бала бакча, кара жыгач, калай кашык, өнөр жай, айыл чарба, Ата Мекен, алтын саат, Кызыл Аскер.*

5. Өз аты менен катар колдонулган же ылакап катарында айтылган кээ бир кошмок сөздөр арасына дефис коюлбастан, ар башка жазылат: *Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Жаныл Мырза, Балык Ооз, Кыз Сайкал, Акыл Карачач, Нарын Айып, Эр Төштүк, Эр Табылды, Бала Курман, Чоң Курман.*

6. Адамдардын кесибин, аткарган ишин, өнөрүн, бийлигин ж.б. көрсөтүп, энчилүү аттар менен бирге айтылган жалпы аттар кичине тамга менен жазылат: *Курманбек баатыр, Тайлак баатыр, Курманжан датка, Алымбек датка, Кожомкул балбан, Чыңгыз хан, Ормон хан, Тагай бий, Кожожаш мерген.*

**162.** Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Жогорку мисалдарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Алардын эмне себептен башка (бөлөк) жазылган себебин түшүндүргүлө.

**163.** Жекече иштөө көнүгүүлөрү. 1) Жогорку эрежелерди айтып берип, айрымдарына мисал ойлоп көчүрүп жазгыла. 2) Кандай жазылышына көңүл бургула.

**164.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, бөлөк жазылышка ээ болгон сөздөрдү тапкыла. 2) Бирге жазылган кошмок сөздөрдү тууралап көчүргүлө, алардын аныктамаларын түшүндүргүлө.

1. Адам – адам менен адам. 2. Үчкүнгө созулган олимпиада аяктады. 3. Апам айылкеңешине депутат болуп шайланды. 4. Силер, балдар, начар окуганыңарга жардам бергиле.

5. Мира мектепке келе жатат (*атат*). 6. Китепкананы көздөйгеттим. 7. Класста жыйырма бешокуучубуз. 8. Менденкийин алгелди. 9. Бешалты окуучу класска кирди.

**165.** Орфографиялык сабаттуулукту жогорулатууга көнүгүү. 1) Төмөнкү сөздөрдүн кандай жазыларын аныктагыла. 2) Эрежелерин айтып бергиле.

Алтынсаат, калайкашык, тогузкоргоол, айылчарба, онбеш, отузеки, барыпкелдим, шаарды карайгетти, Илима энжакшы окуйт, үйгөчейин, өтөжакын, келипкеттим.

## § 53. Сөздөрдүн араларына дефис коюп жазуу эрежелери

1. Кыргыз тилиндеги бардык кош сөздөр араларына дефис коюлуп жазылат: *кызыл-тазыл, ата-эне, эже-сиңди, бийик-бийик, бара-бара, тарс-турс, кыз-кыркын, курбу-курдаш, жакшы-жаман, сөзмө-сөз, жер-суу, чай-пай, китеп-сиеп, ыпыр-сыпыр, быкы-чыкы, акыр-чикир, тууган-туушкан, жан-жаныбар, бетме-бет, көзмө-көз.*

2. Кайталанып айтылган сырдык сөздөр: *пай-пай, чү-чү, кыруу-кыруу, өш-өш, чиге-чиге, түшөй-түшөй.*

3. Кайталанып айтылган тууранды сөздөр: *ха-ха, тарс-турс, жарк-журк, бака-шака, зып-зып, сереӊ-сереӊ, калдыр-күлдүр, каак-каак.*

4. Адамдардын илимий даражасын, адистигин, кызмат: наамын, чинин ж. б. белгилерин көрсөтүүчү төмөнкү сөздөр арасына дефис коюлуп жазылат: *акын-драматург, врач-терапевт, мүчө-корреспондент, генерал-майор, учкуч-космонавт, премьер-министр, экс-чемпион, экс-спикер.*

5. Адам аттары ар түрдүү эки фамилиядан турса, арасына дефис коюлуп жазылат: *Микола-Аскер, Николаева-Терешкова, Миклухо-Маклай.*

**166.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, дефис аркылуу жазылган кош сөздөрдү тапкыла. 2) Кош сөздөрдүн кайсы түрү экенин түшүндүргүлө.

1. Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот. 2. Бактаалайлуу, ырыс-кешиктүү, бала-чакалуу болушсун. 3. Туулуп-өскөн жер – күч-кубатым. 4. Түнкү сыдырым беттен сылап, эгинтегин, бак-дарак билинер-билинбес шуудурайт. 5. Улуу-кичүү, аял-эркек аягы менен турган кез. 6. Чаргын бети-башын чала-була сүртүндү. 7. Шылдыр-шылдыр шылдырап, агып жатат миң булак. 8. Каак-каак каргалар, камыш түбү жорголоор.

**167.** Окуучулардын алган билимдерин терендетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөздөрдү окуп чыккыла. 2) Кош сөздөрүн таап, арасына дефис койгула. 3) Кош сөздүн кайсы түрү экенин айтып бергиле.

Анда санда, каршы терши, акыл ой, алыш бериш, кыжың кужуң, нан пан, дары дармек, бала чака, буркан шаркан, жалт жулт, кийим кечек, уйгу туйгу, азык түлүк, бака шака, майда чүйдө, курал жарак.

**168.** Билимди өз алдынча бышыктоо көнүгүүсү. 1) 167-көнүгүүдөгү кош сөздөрдү таап, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Кош сөз экенин далилдегиле.

**169.** Түшүндүрмөлүү көнүгүү.

1. Тарам-тарам майда суулар Нарынга куюп, аябай ашыпташып, кирип жаткан учуру. 2. Жыйым-теримдин биринчи күнү өзгөчө майрам эмеспи! 3. Шаардагы чоң-чоң дүкөнгө күндүр-түндүр кирип жүрөбүз. 4. Каржукпастын талаасы жылда айдалбагандыктан жазды-күздү эчки-улагын, торпок-танасын бош айдап жиберчүлөр үчүн быйыл кыйын болду. 5. Алиман менен Жайнак өз балдарым эмеспи, жумушка күнү-түнү айдай берчүмүн.

## § 54. Сөз варианттары жана аларды жазуу эрежелери

Кыргыз тилинин оозеки, жазуу кебинде эки же үч вариантта колдонулган сөздөр бар, бирок алардын бардыгы эле орфографиялык нормага ылайык келе бербейт, айрымдары оозеки кепте башка айтылып, жазма кепте башка нормада жазылат. Мисалы:

| Орфографияда (адаб. тилде) | Оозеки кепте, диалектиде |
|---|---|
| пейил | бейил |
| пияз | быяз, мияз |
| тыгыз | тыкыс, тыгыс |
| балчык | балкыч |
| мына бу | мабу, мобу, моногу |
| маки | баки |
| бардыгы (*баарысы*) | бакиси (*келди*) |
| бычак | пычак |
| пахта | бакта |
| кызганчаак | кыскаанчак |

| | |
|---|---|
| чака | челек |
| үй-бүлө | үй-бүлөө |
| кымбат | кыйбат |
| тегирмен | темирген |
| уй | сыйыр |
| ширеңке | күкүрт |
| кур | текмат |
| алмурут ~нак | ашпурут нак |

Кыргыз тилинде сөз варианттарынын бардык түрү жазыла бере турган сөздөр учурайт. Андай сөздөргө төмөнкүдөй мисалдарды көрсөтүүгө болот:

*Айыр – айры, убакыт – убакты, бак – бакыт – бакты, не – эмне, алга – алдыга, кең – кеңири, нак – пакта, тара – тарка, бардык – барлык, шаардык – шаарла, түрдүү – түрлүү, аткар – атказ, өткөр – өткөз, жеткир – жеткиз, жый – жыйна, отур – олтур, тайгак – тайгалак, чуму – чумку, насыят – насаат, кайыр – кайры, дале – дагы эле, абдан – абыдан, мурун – мурда, апар – алпар, араак – арыраак.*

**170.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Сөз варианттары дегенди кандай түшүндүң? 2) Алардын эрежелерин айтып бергиле. 3) Сөз варианттарына оозеки мисал келтиргиле, алардын эмне үчүн ар түрдүү айтылып, ар түрдүү жазыларын түшүндүргүлө.

**171.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кара тамга менен терилген сөздөрдүн варианттарын тапкыла. 2) Эмне үчүн ушундай вариантта айтылып, ушундай жазыларын түшүндүрүп бергиле.

1. Аксай менен Арпада,
Ар **уруу** чөптүн кени бар.
Саякат кылып **атайы,**
Самаган адам көрүп ал. (*Калык*)

2. Алмамбет менен Чубактын **кайсеринен** кем сайдым. 3. Уясынан **чабалекей** чырылдап дагы учту. 4. Билбегенди **билдирген,** китеп – менин акылым. Көрбөгөндү **көргөзгөн,** көздөн тунук жакыным. 5. **Бактым** эми ачылды, мурда байманаптардын эзүүсүндө жүрдүм.

**172.** Окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү сөздөрдү окуп чыгып, сызыкчадан кийин алардын варианттарын таап жазгыла. 2) Төмөнкү үлгүнү жетекчиликке алгыла. 3) Туура жазылышын байкагыла.

Ү л г ү: айыр – айры, кайыр – кайры.

Түрлүү, жый, накта, тарка, мурун, жалтырак, нече, эбак, наркы, арыраак, насыят, ыгыр, нысап, оргок, чалгы, ракмат, санаарка, сот, сүзөнөөк, дабыш, тайаке, тигил, кайсыл, туптуура, уруксат, ушуяк.

Омор кызы ~~Самара~~

Омар кызы Улжан

Омарова Улжан. (Самара)

В

Додуева Улжан Омаровна.

Грамматика эки бөлүктөн турат. Биринчиси – м о р ф о л о г и я, экинчиси – с и н т а к с и с.

Морфология гректин **морфе** (форма) жана **логос** (окуу, илим) деген сөздөрүнөн алынган.

М о р ф о л о г и я — сөздөрдүн курулушун, топторго бөлүнүшүн, сөздөрдүн өзгөрүү, жасалуу жолдорун, сөз составын окутуучу грамматиканын бир бөлүмү. Же сөз түркүмдөрүн үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү.

## ЗАТ АТООЧ

### § 55. Зат атоочтун V класстагы өтүлгөн материалдарын кайталоо

**Кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кандай сөз түркүмүн зат атооч деп айтабыз? Эрежесин айтып бериң, оозеки мисал келтиргиле.
2. Зат атооч сөздөр кандай суроолорго жооп берет?
3. Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө: бала, мал, таш, атам.
4. Кыргыз тилинде канча жөндөмө бар экенин айтып бергиле.
5. Жөндөмөлөрдүн мүчөлөрүн жана кандай суроо берилерин түшүндүргүлө.
6. Эмне үчүн сөз түркүмдөрүнүн маани берүүчү, кызматчы жана өзгөчө сөз түркүмдөрү болуп бөлүнөрүн эсиңерге салгыла.
7. Энчилүү жана жалпы аттарды айтып берип, оозеки мисал түзгүлө.

**173.** Мурунку алган билимди эске түшүрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, тексттеги зат атоочторду тапкыла. 2) Алардын энчилүү же жалпы ат экенин далилдегиле. 3) Кара тамга менен терилген сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө турганын аныктагыла.

1. Бала чөккөн төөгө окшогон ташты **Төөташ** деп атап алган. Дагы бир корум **Ээрташ** деп аталат. Мобу суугa **тум-**

**шугун** малып, токтоп калган **Таңкеташ.** Мүйүздүү-Эненин балдары болобуз. Умай-Энебиз тукумум бу дүйнөдө, а дүйнөдө ынтымагын жазбасын деп, осуят таштап кеткен.

2. Алымкул – **Сагындын** жакыны жана байы. Сагын жалаң гана Алымкул эмес, **Алымкулга** окшогон өзүнө жакын далай **бай-манаптардын балдарын** иретке чыгарткан жок. (*К. Б.*)

3. Мүйүздүү-Бугу-Эне артынан басты. Жылуусуу, Кароолдөбөдөн ашып, наркы түнөргөн тоолорду ийиндеп алган экен. Кап десең, Таластын аба ырайы да тиги ысык жактагыдай болсо кана? Улуутоо алыс калып жатканы менен, арттан калкалап, жабыла ат бастырып келаткан баатырларга окшоп кетет. Чоңчүйдө бул экөөнү баары таануучу. Жаман кабарыбыз жок, Инкамал апай, – деп башкарма көңүл тынчытты. (*Ч. А.*)

4. Султанмурат башкарма менен бригадирге кылчайып, тигине Чабдар, Чонтору! Султанмураттын жини келе түшкөндө, Эркинбек менен Кубаткул бир жагынан жаалап кетчү. (*Ч. А.*)

**174.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Зат атооч сөздөрүн таап, алар кандай суроолорго жооп берип турганын далилдегиле. 3) Жөндөмөдө турган сөздөрдү жана ал кайсы жөндөмөдө экендигин ажыраткыла.

Кыргыздар – жаратылышынан сезими сергек, кыялга бай, чабыты чалкар, ачык көңүл, кең пейил, акын жандуу, зерделүү журт. Ал миллион саптуу залкар «Манасты» берди. Аны айлап айтса, бүтпөгөн Балык, Музооке, Келдибек, Тыныбек, Акылбек, Назар, Дыйканбай, Суранчы, Калмырза, Доңузбай, Чоюке, Шапак, Тоголок Молдо, Багыш, Мамбет, Молдобасан, Сагынбай, Саякбай сыяктуу манасчылардын улуу тобун берди. (*«А. Т.»*)

**175.** Алган билимди бекемдөө, бышыктоо көнүгүүсү. 1) Дептериңерге төмөнкү сөздөрдү жөндөп, көчүрүп жазгыла. 2) Жөндөмөнүн суроолорун жана мүчөлөрүн толук айтып бергиле.

Эне, кыз, мектеп, атасы, балам, эжең.

**176.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Окуп, көп чекиттин ордуна тиешелүү жөндөмө мүчөлөрдү улап көчүрүп жазгыла. 2) Кайсы жөндөмө экенин тапкыла.

1. Ийгилик... эрте-кечи жок. 2. Жылуу сөз таш... да эритет. 3. Жакшы сөз – жан... эритет, жаман сөз – жан... кейитет. 4. Чаппаса билек..., айтпаса жүрөк... калат. 5. Сөз... ишенбе, көз... ишен. 6. Таяк эт... өтөт, сөз сөөк... өтөт. 7. Бир уй... мүйүзү сынса, миң уй... мүйүзү зыркырайт.

## § 56. Жөндөмөлөр жөнүндө түшүнүк

Жаңы теманы түшүндүрүү үчүн пайдаланылуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. Уурусу күчтүү болсо, ээси *доого* жыгылат.
2. Ынтымак бар *жерден* душман калтаарыйт.
3. *Соодада* достук жок.
4. Тартуулаган *аттын* тишин ачпа.
5. Мээримдүү *мейманды* күткөнгө үй ээси да кубанат.
6. *Жакшынын* өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.

### 1-корутунду

Жогорку сүйлөмдөрдөгү *доо, жер, соода, ат, мейман, жакшы* деген сөздөр **-го, -ден, -да, -ды, -ныш** мүчөлөрүнүн жардамы аркылуу башка сөздөр менен байланышып, ойду айкын, так билдирди.

Демек, белгилүү суроолорго жооп берип, сүйлөм ичиндеги сөздөрдү башка сөздөр менен байланыштырып турган **-ныш, -га, -ны, -да, -дан** мүчөлөрү жөндөмө мүчөлөр деп аталат. Ушул мүчөлөрдүн маанисин белгилөө үчүн алынган сөз ж ө н д ө м ө деп аталат.

**5*. 177.** Проблемалык көнүгүү. 1) Төмөнкү сөздөргө **-нын, -га, -ны, -да, -дан** деген мүчөлөрүн улап, сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Ал мүчөлөр уланган сөздөр башка сөздөр менен байланышып, айкын ойду билдирип турганын далилдегиле: ***шаар, кыз, бала, дептер, мектеп, көчө.*** 3) Бул мүчөлөрсүз ал сөздөрдүн башка сөздөр менен байланышынын жоктугун түшүнгүлө.

### 2-корутунду

Кыргыз тилинде 6 жөндөмө бар, алар негизинен төмөндөгүдөй суроолорго жооп берет жана төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат.

| Жөндөмөлөр | Суроолору | Мүчөлөрү | Түрлөрү |
|---|---|---|---|
| 1. Атооч (А.) | ким? эмне? кимдер? эмнелер? | — | — |
| 2. Илик (И.) | кимдин? эмненин? кимдердин? эмнелердин? | -нын, -ын | 16 |
| 3. Барыш (Б.) | кимге? эмнеге? кайда? кимдерге? эмнелерге? | -га,-а | 12 |

| Жөндөмөлөр | Суроолору | Мүчөлөрү | Түрлөрү |
|---|---|---|---|
| 4. Табыш (Т.) | каерде? кимди? эмнени? каерди? кимдерди? эмнелерди? | -ны, -ы | 16 |
| 5. Жатыш (Ж.) | кимде? эмнеде? кайда? каякта? качан? кимдерде? эмнелерде? | -да | 8 |
| 6. Чыгыш (Ч.) | кимден? эмнеден? каерден? кимдерден? эмнелерден? кайдан? кайсы мезгилден? | -дан, -ан | 12 |

**178.** Алган билимдин чындыгын текшерүү көнүгүүсү. 1) Ар бир жөндөмөнүн суроолорун берүү аркылуу төмөнкү сөздөрдү оозеки жөндөгүлө. 2) Жөндөлгөн сөздөрдү коллективдүү талкуулагыла. 3) Жөндөмөлөрдүн аттарын жана суроолорун атагыла.

Мугалим, доска, окуучу, мектеп, кагаз.

**179.** Текшерүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, кара тамга менен терилген сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө турганын жана ага кандай суроолор берилерин далилдегиле.

1. **Темирди** кенден, **бакытты** эмгектен изде. 2. **Эмгектин түбү** – ыракат. 3. **Өмүрдөн** кымбат эч нерсе жок. 4. **Алтынга** карылык жок. 5. **Алтын** жерде калбайт, **жакшы жолдо** калбайт. 6. Жакшы **атка** – бир камчы, жаман **атка** – миң камчы. 7. **Жакшынын** өзү өлсө да, сөзү өлбөйт. 8. Туулган **жердин** топурагы – **алтын, жери** – мазар.

**180.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүлөрү. 1) Өзүңөр мисал ойлоп, суроолорун берүү аркылуу жөндөгүлө. 2) Жөндөмө мүчөлөр жана жөндөмөлөр деген эмне экенине жооп бергиле.

## ЖӨНДӨМӨЛӨРДҮН МААНИЛЕРИ ЖАНА СУРООЛОРУ

### § 57. Атооч жөндөмөсү

Түшүндүрүү үчүн алынган мисалдар жана сүйлөмдөр:
1. *Күч* акылга баш нет.
2. *Акыл* айга жеткирет, *өнөр* көккө жеткирет.
3. Ар кандай элдин өзүнүн *үрп-адаты* бар.

4. Жеңишти ойлобогон адам *баатыр* боло албайт.
5. Жакшы *киши* – үлгү, жаман *киши* – күлкү.

### 1-корутунду

Заттын атын билдирип, **ким? эмне? кимдер? эмнелер?** деген суроолорго жооп берип турган сөз же сөз тизмеги **атооч жөндөмө** деп аталат.

**181.** Жаңы билимди өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Сүйлөмдүн ээсин тапкыла. 3) Ээлик милдет аткарган сөз кайсы жөндөмөдө турганын аныктагыла.

1. Эр карыйт, ой карыбайт[4]. 2. Жакшыга бир сөз жетет, жаманга мин сөз жетпейт. 3. Жакшы дос – жарым ырыс. 4. Тобокел – эрдин жолдошу. 5. Уят – өлүмдөн катуу.

### 2-корутунду

Атооч жөндөмөсүнүн өзүнө тиешелүү мүчөсү жок. Ошондуктан ал башка жөндөмөлөрдүн уланышына негиз болот. Мааниси жагынан атооч жөндөмөдө турган сөздөр заттын, кубулуштун атын билдирет да, төмөндөгүдөй түзүлүштө болушат.

а) уңгу түрүндө болот: *киши, бала, кагаз, шаар, тоо.*

б) туунду түрүндө: *окуу, жазуу, башчы, балдар, көчөлөр.*

в) татаал сөз түрүндө: *Алатоо, Карасуу, ата-эне, чек ара, Ата Мекен, эже-сиңди, боз үй, КДК, ЖК.*

г) көптүк түрдө турат: *көчөлөр, мектептер, шаарлар.*

д) таандык мүчөлөр уланган түрдө: *балам, эжең, атабыз, атасы.*

**182.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, атооч жөндөмөсүндө турган сөздөрдү тапкыла. 2) Анын канча сөздөн түзүлгөндүгүн аныктагыла. 3) Эрежесин жана суроолорун айтып бергиле.

1. Агарып таң атты. Жерден суурулуп чыккандай аска тоолор көрүндү. Танабай карылыгын, ичер суусу, көрөр күнү байып бараткандын ойлоду. Танабай тоону беттеп баратты. Көзүнөн аккан жаш бетин жууп, сакалын суулады, көзү жашка, көкүрөгү дартка толгон Танабай ойлуу келе жатты. (*Ч. А.*)

2. Эртең менен Сейденикине почточу Курман чаап келди. Сельсоветтин чабарманы ушул киши. Курмандын чаап келгенин көргөн Сейденин жүрөгү шуу дей түштү. Кеңсаларга кандай жеткенин Сейде билген жок. Денеси өлүп, калчылдаган колу менен эшикти ачты. (*Ч. А.*)

**183.** Тандалмалуу көнүгүү. 1) Текстти окуп чыгып, андагы атооч жөндөмөсүндө турган сөздөрдү гана көчүрүп жазгыла. 2) Ага кандай суроолор берилерин аныктагыла.

1. Сейде менен Мырзакул мылтыкчан эки солдатты ээрчитип келе жатышты. Сейде баласын көтөрүп, ушундан нары төркүнүнө кетет. Бул айылга ал экинчи кайтып келбейт. Сейденин каар менен муң-зарга толгон көзү Ысмайылды тиктейт. Сейде илгери баскан сайын солдаттар эмне кыларын билишпейт.

2. Кыш келе жатат. Саргарган жалбырактарыңарды шамал отоп, жылаңач калганыңарга кейип турасыңарбы? Ооба, бороон-чапкындуу кыш да болот, бирок жаз да келет. Биз силерди жакшылыкка багыштап тиккенбиз. Жеңиш да келер! Тынчтык да келер! Бул сүрөт Дүйшөн аксакалга арналат. Ушундай эле толгон ойлор, долбоорлор, изденүүлөр көп.

### 3-корутунду

Атооч жөндөмөсүндө турган сөздөр синтаксистик жактан ээлик, баяндоочтук жана аныктоочтук, каратма сөздүк милдетти аткарат. Ээлик милдетти аткарышы жагынан башка жөндөмөлөрдөн айырмаланат, себеби, башка жөндөмөдө турган сөздөр ээлик милдетти аткара алышпайт.

Ээлик милдетти: **таң** *аппак атты.* **Күн** *көтөрүлдү.* **Козубек** *келип калды.* **Ажар** *Чырдын үйүнөн качып чыкты.*

Баяндоочтук: *Эл достугу* – **казына.** *Атам* – **коммерсант.** *Агам* – **мугалим.** *Чыңгыз Айтматов* – **көрүнүктүү жазуучу.**

Аныктоочтук: *Күн* **алтын** *нурун чачыратты. Айдын жарыгына* **улуу** *тоолор мемирейт.*

Каратма сөздүк: **Окуучулар,** *окуунун сапаты үчүн күрөшкүлө!* **Танабай,** *анда сен кайда элең?* **Жер-Эне,** *мен келдим.*

Каратма сөздүн милдетин аткарат: *Кымбаттуу,* **балдар,** *жакшы окуу үчүн күрөшкүлө! Туулуп-өскөн жердин топурагы ыйык,* **балдар!**

Атама сүйлөмдүк: **Түн. Айлана караңгы. Жаз. Күн жылыган убак.**

**184.** Жаңы билим алууга киришүү көнүгүүлөрү. 1) Көчүрүп жазып, атооч жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн кайсы сүйлөм мүчөсүнүн

милдетин аткарып турганын далилдегиле. 2) Кандай суроого жооп берип турганын тапкыла.

1. Өткөн өмүр – качкан куш. 2. Улуу[1] сөздү уялбай ук. 3. Башкарма кайда кетти, балам? – деп сурады Борбук. 4. Жибек саамай, акак тиш, салындың кызыл жоолукту.

**185.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Үйүнөрдөн атооч жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн синтаксистик кызматына экиден мисал жазып келгиле. Окуу китебин, газета-журналдарды, адабий китептерди пайдалангыла.

## § 58. Илик жөндөмөсү

Талдоо үчүн алынган мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. *Баланын* көркү – энеде, *жылкынын* көркү – желеде. Акыл айтсаң тыңшабайт, *акмактын* көркү – жемеде.

2. *Жамандын* жаманчылыгы тиер тар жерде, *Жакшынын* жакшылыгы тиер бар жерде.

### 1-корутунду

Заттын кимге, эмнеге таандык экенин көрсөткөн жөндөмө **илик жөндөмө** деп аталат.

Илик жөндөмөнүн мүчөсү **-нын (-дын, -тын), -ын**, **кимдин? эмненин? каердин? кайсы жердин?** деген суроолорго жооп берет да, аныктоочтун милдетин аткарат.

Мисалы: *Наадандын* сени курулай мактаганы – жамандык. Бах, карачы *күндүн* мемиреп тийишин!

Булуттар тарап, *күндүн* көзү ачылды. *Жоргонун* үрөйү учуп, көккө дагы атылды. Куду эле *Мүйүздүү-Эненин* өзүндөй көрүндү.

**186.** Текшерүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, илик жөндөмөсүндө турган сөздөрдү тапкыла, алдын сызгыла.

Тил[7] – ар бир улуттун, элдин негизги белгиси. Ал – анын тарыхынын, маданиятынын, кулк-мүнөзүнүн, салт-санаасынын казынасы жана сакчысы.

### 2-корутунду

Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү төмөндөгүдөй 16 түрдүү вариантта өзгөрөт. Алардын толук жана кыскарган түрлөрү бар.

Күү менен элиң сайраса,
Ырчынын көркүн үн берет.
Макмалга сайма сайгандай,
Эмгектин көркүн жер берет.

Сыйкырлап жасап койгондой[2],
Өнөрдүн көркүн эл берет.
Элинин туусун көтөрүп,
Өлкөнүн көркүн эр берет.

Машташып жүрсө көчөдө,
Майрамдын көркүн туу берет.
Көк деңиздей толкутуп,
Эгиндин көркүн суу берет. (*А. Т.*)

**195.** Алган билимди калыбына келтирүү көнүгүүсү. 1) Көчүрүп жазгыла. 2) Илик жөндөмөсү түшүп айтылган сөздөрдү тапкыла. 3) Суроолорун бергиле. 4) Эмне үчүн мүчөнүн түшүп калган себебин түшүндүргүлө.

Бишкек шаары, Токтогул көчөсү, Ысыккөл кинотеатры, Соңкөл кафеси, пахта талаасы, эл эмгеги, күн нуру, күз айы, тоо жели, жер кыртышы.

**5*. 196.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) I, II, III жактын таандык жана жалпы таандык -ныкы мүчөлөрү уланган сөздөргө мисал ойлоп, аларды жөндөгүлө. 2) Илик жөндөмөсүнүн жөндөлүш өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

## § 59. Барыш жөндөмөсү

Түшүндүрүү үчүн алынган мисалдар жана сүйлөмдөр:
1. Мекен – *баатырга* өз эне, *коркокко* – өгөй эне.
2. Сабырдуулук *адамга* көрк берет.
3. Ачык, так *сүйлөөгө* үйрөн.
4. *Иниме, Ата Мекенине, партасына.*

### 1-корутунду

Кыймыл-аракеттин, бир нерсенин кимге, эмнеге багытталгандыгын жана алардын ордун белгилөөчү, -га мүчөсү аркылуу жасалган сөздөр барыш жөндөмө деп аталат.

Барыш жөндөмөсүнүн негизги мүчөсү **-га, -а**, ал 12 түрдүү өзгөрөт.

Барыш жөндөмөсүнүн толук жана кыскарган түрлөрү бар. Толук түрүнө **-га (-го, -гө, -ге), -ка (-ко, -кө, -ке)**. Кыскарган түрүнө **-а (-о, -ө, -е)** мүчөлөрү кирет.

Барыш жөндөмөсүндө турган сөздөр негизинен к и м г е? э м н е г е? к а я к к а? к а й д а? деген суроолорго жооп берет.

**197.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү таблицаны окуп чыгып, барыш жөндөмөсүнүн -га, -а мүчөсүнүн качан өзгөрүп, качан өзгөрбөй калган себебин үйрөнгүлө. 2) Таблицадагы мисалды пайдаланып, сүйлөм ойлоп жазгыла. 3) Кандай суроолорго жооп берерин аныктагыла.

| Барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү улануучу сөздөр | -га,-а мүчөсүнүн өзгөрүшү | Мисалдары |
|---|---|---|
| 1. Үндүүлөр жана жумшак үнсүздөр менен аяктаса: | -га, -го, -гө, -ге | *атага, энеге, үйгө, короого, колго, кагазга.* |
| 2. Каткалаң үнсүздөрдөн кийин келсе: | -ка,-ко, -кө, -ке | *ташка, мектепке, өрткө, отко.* |
| 3. I, II, III жактын таандык жана жалпы таандык **(-ныкы)** мүчөлөрүнөн кийин келсе: | -а, -ө, -о, -е | *уулума, үйүңө, элиме, короомо, баласына, энесине, үйүнө, Асандыкына, Үсөндүкүнө.* |

**198.** Жаңы билим алууга киришүү көнүгүүсү. 1) Барыш жөндөмөсү (-га, -ка) уланып турган сөздөрдү тапкыла. 2) Ага кандай суроолор берилерин аныктагыла. 3) Эрежесин түшүндүргүлө.

1. Кадыр-баркка[6] жетүү – кыйын. 2. Жоого жаныңды берсең да, сырыңды бербе. 3. Чындык отко күйбөйт, сууга акпайт. 4. Бетке айткан сөздүн заары жок. 5. Эр жүрөк адамга найзанын кереги жок.

**199.** Проблемалык көнүгүү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн барыш жөндөмөсү уланган сөздөрдү көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн -га, -а мүчөлөрүнүн үндүүсүнүн, үнсүзүнүн бирде өзгөрүп, бирде өзгөрбөй калган себебин түшүндүргүлө. 3) Барыш жөндөмөсүнүн толук сакталган жана кыскарган түрлөрүн тапкыла.

1. Тептим, тептим, терекке чыктым[4]. 2. Эмгектен качпаган адам таалайга жетет. 3. Ашыкпаган адам араба менен коёнго жетиптир. 4. Дарылануу үчүн Карашорого, Жалалабатка, Жетиөгүзгө[6] бардым. 5. Уулума кат жаздым. 6. Биздин көчөлөр шаардыкына такыр окшобойт. 7. Жайлоодон бетеге-мамыр жыттанган мал түшүп, төмөн кыштоосуна кет-

ти. 8. Бала чарчап, башына соно консо, жыгылып кетчүдөй абалга жетти. 9. Ыракмат, сага Дүйшөн, сенин бардык жакшылыгына, мени унутпай жүргөнүңө, ыракмат!

2-корутунду

Барыш жөндөмөсүндө турган сөздөр сүйлөм ичинде төмөндөгүдөй милдетти аткарат:

| Синтаксистик кызматы | Суроолору | Мисалдары |
|---|---|---|
| Толуктоочтук | кимге? эмнеге? | *Жигитке* (к и м г е?) алтымыш өнөр аз. Адам *ойго* (э м н е г е?) тойбойт. *Жетим* менен *жесирге,* (к и м г е?) карабады, Беш каман. |
| Бышыктоочтук | кайда? эмнеге? эмне үчүн? канчага? кайсы мезгилге чейин? | Мен быйыл *Ысыккөлгө* бардым. Алар *көпкө* иштешти. Жапар менен Жамийла *мектепке* келе жатышат. Мира *он төрткө* чыкты. |

**200.** Жекече иштөө көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, барыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдү тапкыла. 2) Сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып турганын суроо берүү аркылуу аныктагыла. 3) Эмне үчүн барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү **-га, -а** болуп өзгөргөнүн далилдегиле.

1. Коркконго кош көрүнөт. 2. Башка чапса былк этпес, өлүк болду элибиз. 3. Туйгун[7] конду туурума. Туш болдум, Абыл уулума, Кан жүгүрдү муунума. 4. Бектурган баласына кат жаздырды. 5. Күлүк чыкты багыма, жеткирбей келди баарына.

**201.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөздөргө барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улагыла. 2) Мүчөнүн өзгөргөн себебин айтып бергиле. 3) Барыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн толуктоочтук, бышыктоочтук милдет аткарып турганына оозеки мисал келтиргиле. 4) Барыш жөндөмөсүнүн эрежесин түшүндүргүлө.

Апам, эжеси, тоонуку, шаарым, Талдыбулак, Шаршеники.

**202.** Алган билимди турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү барыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн толуктоочтук жана

бышыктоочтук милдетти аткарып турганын тапкыла, суроолорун берүү аркылуу далилдегиле.

Шаарга бардым. Атама учураштым. Күн нуру жерге тегиз чачырады. Ачууңду ачууга жеңдирбе. Соңкөлгө бардым.

## § 60. Табыш жөндөмөсү

Теманы түшүндүрүү үчүн алынган мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. *Эгинди* көгүндө орбо, орогуң сынар, алманы көгүндө жебе, тишиң сынар.
2. *Аксайды* кар басып, *десантчыларды* аябай кыйнады.
3. *Жеңишти* самаган, өлүмдөн коркпойт.
4. *Жомогумду* (*жомогуму*), *сулуусун*, *кымызыңды*, (*кымызыңы*).

### 1-корутунду

Кыймыл-аракет тикеден-тике, түздөн-түз багытталган затты билдирүүчү жөндөмө **табыш жөндөмө** деп аталат.

Табыш жөндөмөсүнүн негизги мүчөсү **-ны, (-ды, -ты)** ал кимди? эмнени? каерди? (кайсы жерди?) деген суроолорго жооп берет да, толук жана кыскарган түрдө да колдонулат.

Толук түрү: **-ны (-ни, -ну, -нү), -ды (-ди, -ду, -дү), -ты (-ти, -ту, -тү).**

Кыскарган түрү: **-ы (-и, -у, -ү).**

**303.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн табыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Ага кандай суроолор берилерин аныктагыла.

1. Жаман салтты колдобо. 2. Мен кайра келип[4], Бектурганды таппай койдум. 3. Каралманы көрүп[5], аябай суктандык. 4. Тоодой болгон караны, томуктай болгон ак жеңет. 5. Карышкыр койду карайт, эр жигит тоону карайт. 6. Акмак казанды карайт, акылдуу отту карайт. 7. Ар бир өсүмдүк сууну, абаны, күндүн нурун керектейт. 8. Ээ, койсончу, сенин көңүлүңү табуу кыйын. 9. Кыска сүйлөп, өз милдетими гана айтам. 10. Эмне кылганыңы билесиңби? 11. Каякка бараткаными өзүм да билбейм.

## 2-корутунду

Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү төмөндөгүдөй 16 түрдүү өзгөрөт:

| Табыш жөндөмөсү улануучу сөздүн аягы | -ны, -ы мүчөсүнүн өзгөрүшү | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. Үндүүлөр менен бүтсө: | -ны, -ни, -ну, -нү | *партаны, ийнени, оюну, көчөнү.* |
| 2. Жумшак үнсүздөр менен бүтсө: | -ды, -ди, -ду, -дү | *сазды, жерди, койду, үйдү.* |
| 3. Каткалаң үнсүздөр менен бүтсө: | -ты, -ти, -ту, -тү | *ташты, эмгекти, кушту, кукукту.* |
| 4. I, II жактын жекелик таандык мүчөлөрү менен аяктаса: | -ы (ы), -ди (и), -ду (у), -дү (ү) | *баламды (баламы), китебиңди (китебиңи), уулуңду (уулуңу), үйүмдү (үйүмү).* |

Эскертүү: III жактын **(-ы, -сы)** жана жалпы таандык **-ныкы** мүчөлөрү менен аяктаган сөздөр жөндөлгөндө табыш жөндөмөнүн мүчөсү түшүп калат. Мисалы: *уулун, майрамын, алмасын, эжесин, баламдыкын, инимдикин.*

**204.** Жаңы билимге ээ болуу көнүгүүсү. 1) Жогорку таблицадагы мисалдарды пайдаланып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Табыш жөндөмөсүнүн үндүүсүнүн, үнсүзүнүн эмне үчүн өзгөрүп жаткан себебин айтып бергиле. 3) Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн толук жана кыскарган түрлөрүн санагыла, ага өзүңөр оозеки мисал келтиргиле.

## 3-корутунду

Табыш жөндөмөсүндө турган сөздөр кимди? эмнени? деген суроолорго жооп берип, көбүнчө толуктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: **Алтынды** *сансыз кылып тапкан эмгек, адамды адам кылып баккан эмгек. Жолдош командир, сиздин* **буйругуңузду** *аткардым. Балтабай* **Сатарды** *эркелетти.* **Асманды** *ала булут каптады. Менин* **барсканымды** *(барсканымы),* **балкамды** *(балкамы) тартып ала албайсыңар.*

**205.** 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн толуктоочтук милдетти аткарып турганын түшүн-

дүргүлө. 2) Табыш жөндөмөсүнүн эрежесин, берилүүчү суроолорун айтып бергиле.

1. Алатоону күндө көрсөң, күндө кызык. 2. Элди жамандаба[2], каарына каласың. 3. Куш уясында эмнени көрсө, учканда ошону алат. 4. Биз эртеси Кызылкыяны карай бет алдык.

## 4-корутунду

Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүп да, түшпөй да айтыла берет. Табыш жөндөмөсү төмөнкү учурларда түшпөй айтылат:

1. Табыш жөндөмөсүндөгү сөз энчилүү аттардан болсо: Алар *Ташмойнокту* өрдөштү. Жапар *Миколаны* карады. Чүй боорундагы элдер *Алабашты, Коңурөлөңдү* каптап конушту.

2. Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр ат атоочтордон болсо: Мен *силерди* көрүп келдим. Ажарга *аны* айтышкан жок.

3. Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр таандык мүчөлөр менен аяктаган зат атоочтордон болсо: *Кийимдеримди* кийип, *тамагымды* ичип, өз кызматыма кеттим. Сүрдөбөстөн туруп, сөзүмдү бүтүрдүм. *Өзүмдү* жакшы сезип турдум.

4. Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр заттык маанидеги, сын, сан атоочтордон, атоочтуктардан болсо: *Жаманды* айткыча, *жакшыны* айт. Эжем *бешинчилерди* окутат. Анын *келгенин, кеткенин* көргөн жокмун.

5. Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр кыймыл атоочтордон болсо: Ажарды өз колуна *алууну* ойлоду. Шаарга *барышты* өз моюнума алам.

Табыш жөндөмөсү төмөнкү учурларда түшүп айтылат:

1. Табыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдөн кийин удаа эле этиш сөздөр колдонулса же алар логикалык басым менен айтылса. М и с а л ы: Каныбек Чоңалайдын ичине *дүрбү* салды. Сапарбай беш-алты *киши* калтырып, чалгынга кетти. *Ат* жалына казан ас. *Жоо* аяган жаралуу. Ишим жакшы *натыйжа* берди.

2. Табыш жөндөмөсү көмүскөдө калганда э м н е н и? деген суроо берилет да, затты жалпылап, үстүртөн көрсөтөт. М и с а л ы: Жакшы сөз *жан* эритет, жаман сөз жан кейитет. *Деңиз* көргөн көлдөн коркпойт. *Эмгек* сүйгөндү эл сүйөт.

**206.** 1) Окуп чыгып, табыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдү тапкыла. 2) Мүчөлөрдүн кантип өзгөргөнүн далилдегиле. 3) Табыш жөндөмөсүнүн эрежесин айтып бергиле. 4) Синтаксистик кызматын түшүндүргүлө. 5) Табыш жөндөмөсү түшүп калган сөздөрдү аныктагыла.

1. Адамды көгөртүп, үн берген да – эмгек, жерди көгөртүп, ага түр берген да – эмгек. 2. Кыз жерди да, сууну да суктангандай карады. 3. Макмалга сайма сайгандай, эмгектин көркүн жер берет. 4. Эки жүздүү[7] эл бузат. 5. Акылдуу миң киши багат. 6. Билим үйрөнүү – ар кишиге парз. 7. Эшигин көрүп төрүнө өт. 8. Уулун[3] жакшы тарбиялады.

## § 61. Жатыш жөндөмөсү

### 1-корутунду

Жатыш жөндөмөсүнүн негизги мүчөсү **-да.**

**207.** 1) Жатыш жөндөмөсүндө турган сөздөргө оозеки мисал келтиргиле. 2) Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, көп чекиттин ордуна жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улагыла.

1. Эр жигит үй... туулуп, жоо... өлөт. 2. Эненин көөнү бала..., баланын көөнү талаа... 3. Көчөлөр..., үйлөр..., мекемелер..., кинотеатрлар... кызыл желектер илинген.

### 2-корутунду

Жатыш жөндөмөсүндө турган сөздөр **кимде? эмнеде? каерде? (кайда?) качан? кайсы жерде?** деген суроолорго жооп берет.

**208.** 1) Окуп чыгып, **кимде? эмнеде? каерде? (кайда?)** деген суроого жооп берген сөздөрдү тапкыла. 2) Мүчөсүнүн үндүүсүнүн, үнсүзүнүн өзгөргөнүн айтып бергиле. 3) Өз оюңарды түшүндүргүлө.

1. Дарыяларда, көлдөрдө, деңиздерде ар түрдүү балыктар өстүрүлөт. 2. Кырда да, тоодо да, ойдо да аппак кар жатат. 3. Карындагы жыйылган, май азаят дечү эле. Короодогу айдаган, кой азаят дечү эле. 4. Акыл-ойдун кенчи – китепте. 5. Кең аянтта тракторун күрүлдөтүп Люба жүрдү.

## 3-корутунду

Кыймыл-аракеттин кайда? качан? кайсы мезгилде? болорун, заттын кимде, эмнеде экендигин билдирген жөндөмө мүчө **ж а т ы ш   ж ө н д ө м ө** деп аталат.

Жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү -да төмөндөгүдөй 8 түрдүү өзгөрөт.

| Жатыш жөндөмөсү уланууучу сөздүн аягы | -да, мүчөсүнүн өзгөрүшү | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. Үндүүлөр, жумшак үнсүздөр же I, II жактын таандык мүчөсү менен аяктаса: | -да, -до, -дө, -де | балада, тоодо, энеде, көчөдө, жерде, атымда, атында. |
| 2. Каткалаң үнсүздөр менен аяктаса: | -та, -то, -тө, -те | аянтта, космосто, циркте, жүрөктө. |

**209.** Алган билимдин чындыгын турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, жатыш жөндөмөсү уланган сөздөрдү тапкыла. 2) Жатыш жөндөмөсүнүн эрежесин айтып бергиле. 3) Үндүүлөр, жумшак (каткалаң) үнсүздөр же I, II жактын таандык мүчөлөрү уланган учурларда жатыш жөндөмөсү кандай жөндөлөрүн, анын өзгөчөлүктөрүн аныктагыла. 4) Жатыш жөндөмөсү канча түрдүү жөндөлөрүн санагыла.

1. Дөбөдө чайпалышкан кош теректер азыр да көз алдымда. 2. Биздин мал ушул Алатоодо багылат. 3. Туйгундун көркү түлөктө, баатырдын көркү жүрөктө. 4. Осмонбек көп күүлөрдү чертип, комузда кол ойнотту. 5. Дмитрий колдо боёлгон булгаары алжапкычын[8] көкүрөгүнө байланып алган. 6. Эки үйдүн тиричилиги өзүмдүн апам менен карындашымда. 7. Баланда эмне кеп, кептин баары сенде экен.

**210.** 1) Адегенде окуп чыккыла. 2) Андан кийин көчүрүп жазып, жатыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн астын сызгыла. 3) Эрежесин айтып бергиле. 4) Мүчөлөрдүн өзгөргөн себебин түшүндүргүлө.

1. Кыргызстандын тоолорунда ар түрдүү канаттуулар көп. 2. Биздин электр энергиясын шаарларда да, кыштактарда да кеңири пайдаланышат. 3. Эмгектүү кулда чарчоо жок. 4. Катта анын аман-эсендиги жазылыптыр. 5. Муруту бар, ээгинде сакалы жок, тону бар, киерине чапаны жок.

**217.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, аягы үндүүлөр менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшүн тапкыла. 2) Алардын кандай өзгөчөлүктөр менен жөндөлгөнүн түшүндүргүлө. 3) Кайсы жөндөмөдө турганын, мүчөлөрдүн өзгөрүшүн аныктагыла.

## АЙДА ЖАШОО БАРБЫ?

Адам баласы Айдын бизге көрүнбөгөн үстүнкү бетин изилдөөнүн негизинде көп жаңылыктарды ачты. Бирок Айда жашоо жок экендиги белгилүү болду, себеби Айда атмосфера *(аба)* жок болуп чыкты, ошондой эле Айда Күндүн чыгышы же батышы болбойт.

Жерде караңгылык акырындык менен кирет. Айда болсо, таптакыр башкача, азыр эле жарык болуп туруп, бат эле караңгылык басат. Айдын Күндү караган бетиндеги жылуулук температурасы 150 градустан ашат. Бул температура кайнаган эң ысык суунун температурасына барабар. Айдагы түнкү температура нөлдөн 125 градуска төмөн. Бул Түндүк Уюлдан эки эсе суук дегенди билдирет. Мындай шарттарда жердеги турмуштун бири да болбойт. Ошон үчүн Айда жашоо жок. (*Балдар энциклопедиясынан*)

**218.** Тандалмалуу көнүгүү. 1) Тексттен аягы үндүүлөр менен бүткөн зат атоочтордун кайсы жөндөмөдө турганын тапкыла. 2) Өзгөчөлүктөрүн аныктагыла. 3) Зат атоочтун жөндөлүш типтерин санагыла.

## БЕШИК ЫРЫ

Бешик ыры кыргыздарда байыркы учурларда эле пайда болгон. Эненин чүрпөсүнө болгон мээрими бешик ырынан, кээде аталгандай бөбөк ырынын назиктигинен, эркелеткен мүнөзүнөн байкалып турат.

Бешик ыры ар дайым эле бала сооротуу үчүн гана эмес, ал жакшы тилек билдирүү, эненин кубанычын, муңун, баланын ата-бабаларынын санжыргалуу окуяларын, эл жомокторун, дастандарын айтуу менен баланы жаш кезинен жакшы жүрүм-турумдарга тарбиялоо үчүн ырдалган.

**219.** Алган билимдин тереңдигин текшерүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

## КЫРГЫЗ САЛТЫ

Кыргыздардын көп балалуу болушу урмат-сый деп эсептелинет. Бала туулганда ата-энесинин сары май омуруп, жентек бериши салт. Наристенин туулганына үч, беш же жети

күн толгондо бешикке бөлөө салтанаты өткөрүлөт. Ал эми баланын жарыкка келгенине кырк күн толгондо, «ит көйнөгүн» чечип, «кырк көйнөгүн» кийгизүү да өзгөчө салтанат. «Кырк көйнөк» кырк түстүү чүпүрөктөн куралып тигилет.

Баланы бешикке салууга, алгач чачын алдырууга адатта келин тараптан таякелери катышып, жээнине кийим алып келүүгө, белек берүүгө, энчи бөлүүгө милдеттүү[3]. (*А. Т.*)

## § 66. Аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү

**Аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтор жөндөлгөндө айрым жөндөмө мүчөлөрдүн (илик, табыш) башкы үнсүз тыбыштары гана жумшарып, калган жөндөмөлөрдө тыбыштык түзүлүшүн толук сактап, кээде үндүүлөрү өзгөрөт.**

**М и с а л ы:**

| | | |
|---|---|---|
| *А. кыз* | *жер* | *кол* |
| *И. кыз+дын* | *жер+дин* | *кол+дун* |
| *Б. кыз+га* | *жер+ге* | *кол+го* |
| *Т. кыз+ды* | *жер+ди* | *кол+ду* |
| *Ж. кыз+да* | *жер+де* | *кол+до* |
| *Ч. кыз+дан* | *жер+ден* | *кол+дон* |

**220.** Алган жаңы билимди бекемдөө көнүгүүсү. 1) Көчүрүп жазып, аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн сөздөрдүн кандай жөндөлөрүн тапкыла.

1. Иш сүйгөн колдон тоо кулайт. 2. Уста темирден да алтын кылыч жасайт. 3. Адамды адам кылып тапкан эмгек. 4. Сыйга – сый, сыр аякка бал. 5. Кыздын көзү кызылда. 6. Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан упаа көрөрсүң.

**221.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Аягы жумшак үнсүздөр менен (**з, б, л, р, м, й, ж**) бүткөн сөздөргө мисал тапкыла, аларды оозеки жөндөгүлө.

**222.** Алган билимди турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Тексттен аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтордун кандай жөндөлгөнүн айтып бергиле. 2) Текстке тема койгула. 3) Койгон темаңарды чогуу талкуулагыла. 4) Жөндөмөлөрдүн үндүүсүнүн жана үнсүзүнүн өзгөргөн себебин түшүндүргүлө.

Дан жыттанган, шыралжын жыттанган, айланайын дыйкан талаам, жайкалган эгиниңди көрүп, кумардан чыктым. Тээ, саргарган ыраакта бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй, атчан-

дардын чаап келе жатканын көрүп, дүйнөнүн кеңдигин ошондон билет экенсиң.

Жанболот комбайнда саман тартып жүргөн экен. Мени көрө коюп: «Эне, эне!» – деп, мен мындамын дегенсип, мактанып кыйкырды. Калдайып штурвалга[7] жакын турган Бекташ колун көтөрүп, башын ийкеп койду.

Арыктын боюна, талдын көлөкөсүнө отуруп, көпкө карап турдум. Күүгүм киерде комбайнчылар дем алганы келишти. Бекташтын жанында корчоюп басып келген Жанболот анда ал сөзгө келе бербей, тигилерди туурап, мойну-башын арыктагы сууга жууду да, ала келген түйүнчөгүмдү көрө коюп:

«Эне, алма алып келдиңби?» – деп сүйүнүп кетти. Жүгүрүп келип, мойнуман кучактап, бетимен өпкүлөдү. Бекташ бырс күлүп жиберди. Баятан бери ошентпейсизби, анан. Мейли эми, бүгүн эркелеп ал апаңа,– деди. Турмуш өлбөйт экен го, эмгек өлбөйт экен го!

## § 67. Аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү

Аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтор жөндөлгөндө жөндөмө мүчөлөрдүн башкы тыбыштары каткалаң үнсүздөргө өтөт.

М и с а л ы:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А. | *бак* | *конфет* | *от* | *топ* |
| И. | *бак+тын* | *конфет+тин* | *от+тун* | *топ+тун* |
| Б. | *бак+ка* | *конфет+ке* | *от+ко* | *топ+ко* |
| Т. | *бак+ты* | *конфет+ти* | *от+ту* | *топ+ту* |
| Ж. | *бак+та* | *конфет+те* | *от+то* | *топ+то* |
| Ч. | *бак+тан* | *конфет+тен* | *от+тон* | *топ+тон* |

**223.** Алган билимди жалпылоо, корутундулоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочторду таап, анын кандай жөндөлгөнүн аныктагыла. 2) Эмне үчүн каткалаңдашып жөндөлгөн себебин айтып бергиле.

### АТ КОЮУ

1. Кыргыз элинде жарыкка жаңы келген перзентке ат коюу каадасы өтө зор мааниге ээ. Ат, сөзсүз түрдө, келечекке байланыштырылып коюлушу керек. Ошол ат баланы өмүр бою коштоп жүрөт.

2. Адеби жок жигит – жүгөнү жок атка окшош. 3. Булуттан чыккан күн ачуу, жамандан чыккан сөз ачуу. 4. Деңизди[1] көргөн көлчүктөн коркпойт. 5. Достун жаны бир, туугандын малы бир. 6. Жемди көрүп, көктөгү куш торго түшөт. 7. Жаздын камын кышта ойло. 8. Кандын жигиттери акмакты таба албай коюшту.

**224.** Алган билимди калыбына келтирүү көнүгүүсү. 1) Аягы каткалаң үнсүздөр менен **(т, ш, к, п)** бүткөн сөздөргө 3 – 4 мисал ойлоп тапкыла, аларды жөндөгүлө. 2) Жөндөлүштүн типтери жөнүндө айтып бергиле.

**225.** Алган билимди өз алдынча бышыктоо көнүгүүсү. 1) Ырды окуп чыгып, жөндөмө мүчөлөрдү тапкыла. 2) Алар уланган сөздөрдүн кандай үнсүздөр менен бүткөнүн аныктагыла. 3) Атооч жөндөмөсүндө турган зат атоочту жөндөгүлө.

## АЙДЫ КИМДЕР ИЗИЛДЕГЕН?

Ай – ааламдагы эң чоң планеталардын бири. Жердин жандоочусу. Ал Жерди тегеренип айланат. Жер Күндү айланат. Айдын Жерди толук айланып чыгышы 29,5 сутканы түзөт.

1959-жылы Айды кеңири изилдөө максатында ага советтик учуучу аппарат жеткирилген. Аппарат бизге белгисиз болгон Айдын үстүңкү бетин сүрөткө тартып келген.

1969-жылдын 20-июлунан 21-июлуна караган түнү америкалык астронавттар: Армстронг менен Олдрин Айга кондурулган. Бул учууда жана андан кийинки советтик жаңы автоматтык кораблдер тарабынан алынып келинген Айдын топурагынын жаңы үлгүлөрү жаңы ачылыштарды берди.

(*«Балдар энциклопедиясынан»*)

### § 68. Аягы *ск, нк, фть, кт, нг, нд, мн* тыбыштары менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү

1-корутунду

Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынып, аягы **ск, нк, фть, кт, нг, нд, мн** тыбыштары менен бүткөн сөздөр жөндөлгөндө уңгу менен мүчөнүн ортосуна бир үндүү **(ы, и, у, ү, а)** тыбыш кошулуп айтылат жана жазылат.

Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. *Минск* | *факт* | *нефть* | *танк* |
| И. *Минск+и+нин* | *факт+ы+нын* | *нефт+и+нин* | *танк+а+нын* |
| Б. *Минск+и+ге* | *факт+ы+га* | *нефт+и+ге* | *танк+а+га* |
| Т. *Минск+и+ни* | *факт+ы+ны* | *нефт+и+ни* | *танк+а+ны* |
| Ж. *Минск+и+де* | *факт+ы+да* | *нефт+и+де* | *танк+а+да* |
| Ч. *Минск+и+ден* | *факт+ы+дан* | *нефт+и+ден* | *танк+а+дан* |

2-корутунду

Кээ бир **нк, мн** тыбыштары менен аяктаган сөздөргө мүчө уланганда үндүү тыбыш кошулбай жөндөлөт жана жазылат.

Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| А. *банк* | *цинк* | *гимн* |
| И. *банк+тын* | *цинк+тин* | *гимн+дин* |
| Б. *банк+ка* | *цинк+ке* | *гимн+ге* |
| Т. *банк+ты* | *цинк+ти* | *гимн+ди* |
| Ж. *банк+та* | *цинк+те* | *гимн+де* |
| Ч. *банк+тан* | *цинк+тен* | *гимн+ден* |

**226.** Комментариялык көнүгүү. 1) Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө. 2) Аягы ***ск, нк, фть, нг, нд, мн*** тыбыштары менен бүткөн сөздөрдүн кандай жөндөлүш өзгөчөлүгү бар экенин, зат атоочтордун жөндөлүшүн айтып бергиле.

Гимн, фонд, Пржевальск, митинг.

**227.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Төмөнкү сөздөрдү жазып жөндөгүлө. 2) Мурунку жөндөлүшү менен азыркы жөндөлүшүнүн кандай айырмачылыгы бар экенин түшүндүргүлө.

Танкасы, фондусу, нефтиси.

**5*. 228.** Проблемалык көнүгүү. 1) Аягы ***ск, нк, фть, кт, нг, нд, мн*** менен бүткөн сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Эгерде жөндөмөдө турса, кандай өзгөчөлүктөргө ээ экенин түшүндүргүлө. 3) Зат атоочтун жөндөлүш типтерин айтып бергиле.

## § 69. Таандык мүчөлөр уланып турган зат атоочтордун жөндөлүшү

**229.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү таандык мүчөлөрү уланып турган сөздөрдүн жөндөлүшүн байкагыла. 2) Кандай өзгөчөлүктөр бар экенин айтып бергиле. 3) Таандык мүчөлөр уланбай турган зат атоочтордун жөндөлүшү менен салыштыргыла.

| | | |
|---|---|---|
| А. *Мектебим* | *китебиң* | *малың* |
| И. *Мектебим+(д)ин* | *китебиң+(д)ин* | *малың+(д)ын* |
| Б. *Мектебим+е* | *китебиң+е* | *малың+а* |
| Т. *Мектебим+(д)и* | *китебиң+(д)и* | *малың+(д)ы* |
| Ж. *Мектебим+де* | *китебиң+де* | *малың+да* |
| Ч. *Мектебим+(д)ен* | *китебиң+(д)ен* | *малың+(д)ан* |

**230. Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Текстти окуп чыгып, таандык мүчөлөр уланып турган зат атоочторду тапкыла. 2) Алардын кайсы жөндөмөдө турганын, кандай өзгөчөлүктөргө ээ экенин түшүндүргүлө.**

## КАСИЕТТҮҮ ТӨРТ СӨЗ

Байыркы заманда бир бай болгон экен. Бай: «Картайып калдым, баламын акылы болсо, менин калган мал-мүлкүмү көбөйтүп, акылы болбосо, мал-мүлкүмдү түгөтөт – деп ойлоп, баласын сынамакка жыйырма сээр (алтын, күмүш) берип, базарга жөнөтөт да:

– Балам, мына бул пулга базардан керектүү буюмуңу сатып кел»,– дейт.

Баласы базардагы эл чогулган жерге барса, бир адам: «Ким маа жыйырма сээр алтын берсе, касиеттүү төрт сөзүм бар, ошону айтып берем»,– дейт.

– Маа айтып бериң деп, байдын уулу сээр теңгесин берет. Ал адам: «Балам, оң колуңун ачуусу келсе, сол колуң менен токтот. Сол колуңун ачуусу келсе, оң колуң менен токтот. Даам таткан жериңди булгаба. Бышып турган шыбаганы таштаба. Башкалардын ишин көрсөң, жаман дебей жакшы де»,– деген сөзүн айтат.

Баласы атасына келип, төрт сөз сатып алганын билдирет. Атасы ага аябай капа болот.

(*Кытай кыргыздарынын жомокторунан*).

### 1-к о р у т у н д у

1. Биринчи жана экинчи жактын таандык мүчөлөрү уланып турган зат атоочтор илик жөндөмөсүндө **-дын**, же **-ын**, барыш жөндөмөсүндө **-а**, табыш жөндөмөсүндө **-ды** же **-ы**, чыгыш жөндөмөсүндө **-дан** же **-ан** болуп жөндөлөт да, жөндөмө мүчөлөрдүн т о л у к же к ы с к а р г а н түрлөрү сакталат.

**231.** Окуучулардын сынчыл ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү зат атоочторго I, II жактын таандык мүчөлөрүн улагыла. 2) Оозеки жөндөп, өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

Дептер, карандаш, калем.

**232.** Өз алдынча иштөө жана алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, таандык мүчөлөр уланган зат атоочтордун кайсы жөндөмөдө турганын тапкыла. 2) Таандык мүчөлөр уланбай турган сөздөрдүн жөндөлүшүнөн кандай айырмалана турганын түшүндүргүлө.

1. Уулум, адегенде душмандан сак бол. Сабыр кылгын, душмандарыңды (душмандарыңы) көбөйтпөгүн. Өзүңдүн (өзүңүн) чыныгы досторуңду (досторуңу) көбөйтүүгө аракет кылгын. Уулум, ачууңа карабай иш кылсаң, уятка каласың. Чын сырымды (сырымы) айтып жатам. Эгерде бир адам сенин айыбыңды (айыбыңы), кемчилигиңди (кемчилигиңи) бетиңе айтса, сен аны туура кабыл ал. Мен да болгон кемчилигимди (кемчилигими) жоём. Акылыңа, кеңешиңе чоң ыракмат, ата! 2. Зейнеп чыканагын тизесине, алаканын жаагына коюп, терең ойго кетти.

**233.** Алган билимди иш жүзүндө колдонууга үйрөнүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө. 2) Жөндөмө мүчөлөрдү тапкыла. 3) Эмне үчүн ушундай жөндөлөрүн аныктагыла.

Эжем, үстөлүң, балам.

2-корутунду

III жактын таандык мүчөсү **-ы, -сы** атоочтон башка жөндөмөлөрдүн баарында өзүнүн байыркы баштапкы формасын (түрүн) **-ын, -сын,** сактап, жөндөмө мүчөлөр ошол **н** тыбышы менен аяктаган негизге уланат да, иликте **-ын,** барышта **-а,** табышта мүчөсү жок, жатышта **-да,** чыгышта **-ан** болуп жөндөлөт.

Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| А. *атасы* | *сүрөтү* | *иниси* |
| И. *атасын+ын* | *сүрөтүн+үн* | *инисин+ин* |
| Б. *атасын+а* | *сүрөтүн+ө* | *инисин+е* |
| Т. *атасын –* | *сүрөтүн –* | *инисин –* |
| Ж. *атасын+да* | *сүрөтүн+дө* | *инисин+де* |
| Ч. *атасын+ан* | *сүрөтүн+өн* | *инисин+ен* |

Үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланып турган зат атоочтордо жөндөмө мүчөлөрдүн өзгөрүшү төмөндөгүдөй болот.

| Жөндөмөлөр | Сөздүн эң аяккы муунунда төмөндөгүдөй үндүүлөр болсо | | | |
|---|---|---|---|---|
| | -ы | -и | -у | -ү |
| Атооч | – | – | – | – |
| Илик | -ын | -ин | -ун | -үн |
| Барыш | -а | -е | -а | -ө |
| Табыш | – | – | – | – |
| Жатыш | -да | -де | -да | -дө |
| Чыгыш | -ан | -ен | -ан | -өн |

**234.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөздөрдү жазып жөндөгүлө. 2) Жөндөмө мүчөлөрдө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин аныктагыла. 3) Таандык мүчө уланбай турган зат атоочтор менен таандык мүчөлөр уланып турган зат атоочтордун жөндөлүшүн айтып бергиле.

Килеми, агасы.

### 3-корутунду

Жалпы таандык **-ныкы (-ыкы)** мүчөсү уланган зат атоочтор III жактын таандык мүчөлөрү уланган сөздөр сыяктуу жөндөлөт.

А. *Асан+дыкы* — *эжесиники*
А. *Асан+дыкын+ын* — *эжесиникин+ин*
Б. *Асан+дыкын+а* — *эжесиникин+е*
Т. *Асан+дыкын* – — *эжесиникин* –
Ж. *Асан+дыкын+да* — *эжесиникин+де*
Ч. *Асан+дыкын+ан* — *эжесиникин+ен*

**235.** Алган билимди өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү жалпы таандык **-ныкы** мүчөсү уланып турган зат атоочторду жөндөгүлө. 2) Жөндөлүш өзгөчөлүгүн айтып бергиле. 3) Жөндөмө мүчөлөрдү тапкыла.

Баланыкы, студенттики.

### 4-корутунду

Биринчи жактын таандык мүчөсү менен бүткөн сөздөргө жалпы таандыктын **-ныкы** мүчөсү уланганда кээде кыскарып, **-кы** болуп айтылат жана жазылат. Жөндөлгөндө **-ныкы** мүчөсү уланган сөздөр сыяктуу жөндөлөт.

М и с а л ы: *атамдыкы – атамкы, атамыкы; баламдыкы – баламкы; бөбөгүмдүкү – бөбөгүмкү; эжемдики – эжемки.*

| | |
|---|---|
| А. *баламкы* | *жолдошумку* |
| И. *баламкын+ын* | *жолдошумкун+ун* |
| Б. *баламкын+а* | *жолдошумкун+а* |
| Т. *баламкын –* | *жолдошумкун –* |
| Ж. *баламкын+да* | *жолдошумкун+да* |
| Ч. *баламкын+ан* | *жолдошумкун+ан* |

## § 70. Зат атоочтун жакталышы

### 1-к о р у т у н д у

Жак мүчөлөр негизинен этишке гана таандык. Зат атоочтор жакталбайт, жак мүчөлөр менен да өзгөрбөйт. Бирок адамзаттык зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарганда гана жак мүчөлөрдү кабыл алат.

Демек, зат атоочтун баяндоочтук милдет аткаргандагы жак мүчөлөр менен өзгөрүшү **з а т а т о о ч т у н ж а к т а л ы ш ы** деп аталат.

**236.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү, алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү таблицаны пайдаланып, жак мүчөлөрдү көңүл коюп үйрөнгүлө.

**Жак мүчөлөрдүн өзгөрүшү**

| Жагы | Түрү | Жекелик санда | Жагы | Көптүк санда |
|---|---|---|---|---|
| I. Мен | жөнөкөй | -мын (мин, -мун, -мүн) | Биз | -быз, (-биз, -бүз, -буз, -пыз, -пиз, -пуз, -пүз) |
| II. Сен | жөнөкөй | -сың, (-сиң, -суң, -сүң) | Силер | -сыңар (-сиңер, -суңар, -сүңөр) |
| Сиз | сылык | -сыз (-сиз, -суз, -сүз) | Сиздер | -сыздар (-сиздер, -сүздөр, суздар) |
| III. Ал | — | — | Алар | — |

**237.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сөздөрдү жогорку таблицадагы көрсөтүлгөн жак мүчөлөр менен жекелик, көптүк

санда жактагыла. 2) Жак мүчөлөрдүн өзгөрүшүн байкагыла. 3) Жак мүчөлөрдү жатка үйрөнгүлө. 4) Эмне үчүн бардык зат атоочтор жакталбай турганын түшүндүргүлө.

Шахтер, инженер, космонавт, учкуч, мектеп, парта, дептер.

## 2-корутунду

Жак мүчөлөр жакты билдирүү менен жекелик, көптүк санда айтылат.

Биринчи жактын жекелик санын **-мын**, көптүк санын **-быз**, экинчи жактын жекелик санын **-сың**, көптүк санын **-сыңар** мүчөсү билдирет.

Үчүнчү жактын жак мүчөсү жок.

Экинчи жактын жекелик санынын **-сың** мүчөсүнөн кийин көптүк сандын **-лар** мүчөсү **-ар** түрүндө уланат.

Мисалы: *баласың+дар* эмес, *баласың+ар; окуучусуң+дар* эмес, *окуучусуң+ар; докторсуң+дар* эмес, *докторсуң+ар; кишисиң+дер* эмес, *кишисиң+ер.*

Жак мүчөлөр таандык мүчөлөрдөн кийин да улана берет.

Мисалы: *Иниңмин, инимсиң, инисимин, инисисиң, инисисиз*

238. Жекече иштөө көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү сөздөрдү жактагыла. 2) Анын жекелик же көптүк санда айтылганын далилдегиле. 3) Жак мүчөлөрдүн кантип өзгөргөнүн айтып бергиле.

Окуучу, студент, коммерсант, депутат.

239. Чыгармачылык көнүгүү. 1) Көчүрүп жазып, жак мүчөлөрүн тапкыла. 2) Кайсы жакта (I, II), кайсы санда (жекелик, көптүк) айтылып жатканын көрсөткүлө.

1. Кийинки жылдары жумушчумун, заводдо[7] иштейм. 2. Окуучумун, өз милдетимди так аткарам. 3. Силер жашсыңар, ошон үчүн көптү билишиңер керек. 4. Биз алдыңкы жаштарданбыз, ошон үчүн сыймыктанабыз. 5. Азыркы бейпил заманда күнүбүз да, асманыбыз да ачык.

## 3-корутунду

Жакталып турган зат атоочтор эч качан жөндөлбөйт.

**240.** Алган билимди тереңдетүү түрүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү сөздөрдү жекелик, көптүк санда жактагыла. 2) Мүчөлөр уланган сөздөрдүн эмне үчүн жөндөлбөй турганын далилдегиле.

Мугалим, баласы, агаң.

**241.** Түшүндүрмөлүү көнүгүү. 1) Көчүрүп жазып, жакталып турган зат атоочторду тапкыла. 2) Кайсы жакта, кайсы санда турганын аныктагыла. 3) Эрежелерин айтып бергиле.

1. Студентмин[2], шаардан окуйм. 2. Алдыңкы окуучуларыбыз менен сыймыктанабыз. 3. Поэзия, элден чыккан булаксың, Кайрат берип, кары-жашка кубатсың. 4. Биз азыркы кайра куруунун күбөсүбүз. 5. Силер да күбөсүңөр. 6. Биздин айылыбыз, силердин айылыңар.

## 4-корутунду

I жактын көптүк санындагы жак мүчөлөр **(-быз)** менен I жактын көптүк санындагы таандык мүчөлөр **(-быз)** үндүүлөр менен бүткөн сөздөргө уланса, сырткы формасы жагынан бири-бирине окшошот. Мисалы:

Буларды төмөндөгүдөй белгилер менен айырмалоого болот:

1. Таандык мүчө **(-быз)** уланган сөз илик жөндөмөсүндөгү биздин деген ат атооч менен таандык байланыш аркылуу тутумдашып, III жактагы затты I жактагы бир нече затка таандык кылат.

2. Жак мүчөсү **(-быз)** жалганган сөз илик жөндөмөсүндөгү биздин деген ат атооч менен эмес, атооч жөндөмөсүндөгү биз деген сөз менен ээрчишүү аркылуу байланышты да, сүйлөмдү түздү, ээси – *биз*, баяндоочу – *атабыз (апабыз, балабыз, агабыз)*.

### Зат атоочту кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар

1. Зат атооч деп кандай сөз түркүмүн айтабыз, кандай суроолорго жооп берет?
2. Зат атоочтун жекелик жана көптүк санда колдонулушун айтып бергиле.
3. Зат атоочтун кандай жолдор менен жасаларын түшүндүргүлө жана атооч сөздөрдөн зат атоочту, этиш сөздөрдөн зат атоочту жасоочу мүчөлөргө мисал келтиргиле.

4. Зат атооч сөздөр жакталабы?
5. Таандык мүчө жөнүндө түшүнүк бергиле.
6. Жөндөмөлөр деп, эмнени айтабыз, кыргыз тилинде канча жөндөмө бар, кандай суроолорго жооп берет?
7. Атооч, илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн эрежесин айтып бергиле.
8. Жөндөмөлөрдүн негизги мүчөлөрү кайсылар, алардын кайсы учурда үндүүсү да, үнсүзү да өзгөргөнүн түшүндүргүлө.
9. Таандык мүчөсүз зат атоочтор кандай жөндөлөт, анын жөндөлүшүнө мисалдар келтиргиле.
10. Таандык мүчө уланып турган зат атоочторго мисал келтирип, алардын жөндөлүшүндөгү өзгөчөлүктү түшүндүргүлө.
11. Аягы үндүү жана үнсүз тыбыш менен бүткөн зат атоочтордун аягы **ск**, **нк**, **фть**, **нд**, **кт**, **мн** менен бүткөн сөздөрдүн жак жана жалпы таандык (**-нык**ы) мүчөсү уланып турган зат атоочтордун жөндөлүш өзгөчөлүгүн далилдегиле.
12. Зат атоочтун лексикалык маанисин, морфологиялык белгисин, синтаксистик кызматын түшүндүргүлө, оозеки мисалдар келтиргиле.

## Зат атоочко морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби

1. Сүйлөмдөгү зат атооч сөздөрдү таап ажыратуу, суроолорду берүү.
2. Зат атоочтун энчилүү же жалпы ат экендигин аныктоо.
3. Зат атоочтун жекелик жана көптүк санда турушу.
4. Зат атоочтун түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.
5. Зат атоочтун уңгусу жана мүчөсү.
6. Мүчөнүн түрлөрү (сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү).
7. Зат атоочтун кандай сөз түркүмүнөн, кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасалгандыгы.
8. Зат атоочтун жөндөлүш өзгөчөлүгү.

### Оозеки талдоонун үлгүсү

*Мекенимдин* – зат атооч, э м н е м д и н? деген суроого жооп берди, энчилүү ат, уңгусу – *Мекен,* мүчөлөрү – **-им, -дын;** **-им** биринчи жактын таандык мүчөсү, жекелик сан; **-дын** илик жөндөмөсүнүн мүчөсү, алгачкы формасы **-нын.** Жумшак үнсүздөрдөн кийин **-дын** болуп өзгөрдү, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр. Кээде *Мекенимин* деп да айтылат жана жөндөлөт.

*Милдеттенмелерин* – зат атооч, **э м н е л е р и н?** деген суроого жооп берди, жалпы ат, уңгусу – *милдет*, мүчөлөрү – **-тен, -ме, -лар, -ы, -н, -тен** мүчөсүнүн алгачкы түрү **-лан**, заттан этиш сөздөрдү жасады; **-ма** этиштен зат атоочту жасады; **-лар** көптүк мүчө, сөздөгү ичке үндүүлөргө карай **-лер** болуп өзгөрдү; **-и (н)** 3-жактын таандык мүчөсү.

### Жазуу жүзүндөгү талдоонун үлгүсү

Мекенимдин, милдеттенмелерин же м е к е н /и м/д и н милдет / тен / ме/ лер/ ин.

**242.** Алган билимди эске түшүрүү жана бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, зат атоочторду тапкыла. 2) Алардын кандай жөндөмөдө турганын далилдегиле. 3) Жөндөлүштүн типтери боюнча ажыраткыла.

## АДАМ САПАТТАРЫ

Адам болор кишинин киши менен иши бар. Адам болбос кишинин киши менен неси бар? Булуттан чыккан күн ачуу, жамандан чыккан сөз ачуу. Калп жакшылыкка алып барбайт. Өтүгү жаман төрдү булгайт, оозу жаман элди булгайт. Ачкөздүн өзү тойсо да, көзү тойбойт. Жалкоого шылтоо көп.

**5*. 243.** Алган билимди корутундулоо, жалпылоо көнүгүүсү. 1) Текстти окуп чыгып, жөндөмөдө турган сөздөрдү тапкыла. 2) Таандык мүчө уланган же таандык мүчө уланбаган сөздөрдү ажыраткыла. 3) Кайсы жөндөмөдө турганын, мүчөсүнүн өзгөргөнүн же өзгөрбөгөнүн далилдегиле.

## КАРМАШ

Кыз төөнү токтотту[1] да, текенин мүйүзүнөн жасалган саадагын алып, даярдана баштады. Баатыр көз ачып жумганча, жетип келди да:

– Абийирсиз! Эми туткун болдуңбу? – деди.

Кыз төөсүн бура тартып, тура калды да:

– Мен убадама жеттим. Атыңдын башын тарт, өлөсүң! – деп төөнүн мойногун тээп, саадагын кезеди.

– Өлө элегиңде менин жаныма кел! Келсең дагы күң кылам! Качсаң дагы күң кылам! Ушуну ук! – деди жигит.

– Тил алсаң кайт, сага менин колум барбайт. Сен менин колумдан өлбө. Мен намысымды алдым,– деди кыз экинчи ирет.

– Багынасыңбы, жокпу? Айт канчык! – деп, мылтыгын шыкаалады. Кыз саадагын тартып жиберди. Атууга даярданып жаткан жигиттин колу ийнине чабыла түштү.

– Кош, тил албадың! Түбөлүк эсиңде болсун! – деп, кыз жолго түштү. (*А. Т.*)

**244.** Алган билимдин чындыгын текшерүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү тексттен жөндөмөдө турган сөздөрдү таап, көчүрүп жазгыла. 2) Кайсы жөндөмө экенин, мүчөсүнүн кандай өзгөргөнүн аныктагыла. 3) Жөндөлүштүн кайсы тиби экенин тапкыла.

## СҮЙҮНЧҮ

Биз үч күн жол жүргөндөн кийин: – Байкачы, Зарлык! Мына бул тоолор силердин тоого окшойбу? – деди кыз. – Көзүмө эң эле жылуу учурайт, бирок таамай таанабай жатам,– дедим мен.

Эртеси түшкө чейин жол жүрүп, белден ашкан кезде: – Бул биздин жайлоо... Мына, биздики! – деп бакырып жибердим. Менин бүткөн боюм солкулдап кетти. Кыз жаркырап, мени тиктеди да: – Сүйүнчүңө өзүмдү берем. Мындан аркы бийлик өлгөнчө сенин колуңда,– деди кыз. (*А. Т.*)

**5*. 245.** Алган билимди эске түшүрүү, бышыктоо, бекемдөө көнүгүүсү. 1) Текстти окуп чыгып, таандык мүчө уланган же таандык мүчө уланбаган сөздөрдүн кандай жөндөлүп жатканын аныктагыла. 2) Алардагы өзгөчөлүктөрдү айтып бергиле. 3) Кайсы жөндөмөдө турганын далилдеп, эрежесин түшүндүргүлө.

## КЫЗДЫН АКЫЛЫ

Айылдын бери жагындагы өзүбүздүн суу алгычка токтоп, төөнү чөгөрүп, суута жууна баштады.

– Мына, эми мен толук сеникимин – деп, төбөсүндөгү чачын жазып, мага даярдаган кийимдерин кийгизди да, өзүнүн кымбат баалуу кийимдерин кие баштады.

– Эми сен барып, ата-энеңин аманчылыгын билгин. Ата-энең тирүү болсо, алардын моокун кандыр. Андан кийин келип, мени ээрчитип кеткиле. Шымаланып сени менен кошо барганымы салт көтөрбөйт, – деди кыз. (*А. Т.*)

**246.** Окуучулардын өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, жөндөмөдө турган сөздөрдү тапкыла. 2) Кайсы жөндөмө

экенин аныктагыла, суроолорун бергиле. 3) Жөндөмө мүчөлөрдүн алгачкы формасынын өзгөргөнүн түшүндүргүлө.

Адам деген боорукер болуш керек. Колуңдан келсе, эч ким менен урушпа. Бирөөнү тилдебе. Ал турмак бутакты сындырып, уяны да бузба. Кишилерге сылык мамиле кыл. Улууну урматта, кичүүнү ызаатта. Карыларга жөлөк, кичүүлөргө өбөк бол. Жардам, көмөк, ашар, ынтымактан качпа. Таза жүр, ак иште. Ата-энеңди ардакта. Ишиңди гүлдөтө бил. Эмгектен эринбе, бекерликке берилбе. Бакыт-таалайды өзүң жарат.

*Кымбаттуу окуучулар!*
*Зат атооч боюнча диктант жазууга даярдангыла!*

Эрежелерди окугула, жазууга күчүңөр келбеген сөздөрдүн туура жазылышын үйрөнгүлө. Сөздүгүңөрдөгү, мурунку жазган диктантыңардагы ката кетирген сөздөрдүн туура жазылышын үйрөнгүлө.



## § 71. Сапаттык жана катыштык сын атоочтор

1-корутунду

Сын атоочтор заттардын ар түрдүү белгилерин жана башка зат менен болгон байланышын билдиришине карай **сапаттык** жана **катыштык** сын болуп экиге бөлүнөт.

2-корутунду

Заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, сапатын, белгисин, формасын, мүнөзүн ж. б. түздөн-түз көрсөткөн сын атоочтор **сапаттык сын атоочтор** деп аталат.

Сапаттык сын атоочторго төмөнкү сөздөр кирет:

1. Уңгу (тубаса) сын атоочтор: *жакшы, жаман, сулуу, шайыр, тегерек, ичке, ак, кызыл, кара, сары, бийик, жапыз, жоош, тентек, ачуу, ысык, чоң, таза, кенен.*

2. Даражалар боюнча өзгөргөн сын атоочтор: *кызыл – кызылыраак, көк – көгүрөөк, бийик – бийигирээк, ачык – ачыгыраак,* (салыштырма); *өтө чоң, абдан кызык, эң бийик* (күчөтмө); *сары – саргыч, боз – бозомук, кара – каралжын, көк – көгүлтүр, кызыл – кызгылтым* (басаңдатма).

3. Антонимдик (карама-каршы) маанидеги кош сын атоочтор: *чоң – кичине, жакшы – жаман, ак – кара, узун – кыска, жоон – ичке, улуу – кичүү, ачуу – таттуу, ачык – жабык, арык – семиз.*

**247.** Алган билимди турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сапаттык сын атоочторду тапкыла. 2) Эмне үчүн сапаттык сын экенин аныктагыла. 3) Сын атоочтун эрежесин эсиңерге түшүргүлө.

1. Сары таман[8] күлүктү, сары аязга суутту. 2. Кер сары болуп өңүнөн, азып жүргөн балалык. 3. Жүргөн жерин гүлдөтүп, дурус кылган аккан суу. 4. Кара жерге жымылдап, кирип өттүң аккан суу. 5. Көк өрдөк сүзүп өтпөгөн, көлдүн пири ким экен? 6. Жакшы атанын баласы, жанга салган болоттой. (*Жеңижок*) 7. Акбаранын көгүлтүр көзү Кенжешти жалдырай карады. 8. Өтө бийик, абдан кооз, сонун үйлөр салынды. 9. Жазгы күн эмнегедир бозомук тартып туруп алды. 10. Турмуштун ачуу-таттуусуна да чыдаш керек. 11. Кыска сөздү уккан жакшы, узун сөздү ойлогон жакшы.

3-корутунду

Башка бир зат менен болгон байланышына, кандайдыр бир катышына карай заттын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүчү сын атоочтор **катыштык сын** деп аталат.

Катыштык сын атоочтор көбүнчө өзү аныктап турган сөзү менен бирге айтылат жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен түзүлөт.

**-луу:** *акылдуу, малдуу, тартиптүү, күчтүү;*

**-дай:** *тоодой (толкун), атырдай (жыттуу), кагаздай (ак);*

**-лык:** *айылдык (жигит), шаардык (киши), айлык (акы);*

**-гы:** *түнкү (сүгат), тоодогу (малчылар), бүгүнкү (күн);*

**-лаш:** *аталаш (тууган), сырдаш (жигит), айылдаш (балдар);*

**-чыл:** *уйкучул (киши), жаанчыл (ай), эмгекчил (адам), ойчул (бала);*

**-чан:** *тончон, кийимчен, пальточон, тумакчан.*

**248.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы аркылуу түзүлгөн катыштык сын атоочторду тапкыла. 2) Кандай мүчөлөр экенин ажыраткыла. 3) Катыштык сын жөнүндөгү өз түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

1. Артынан ойлоп караган, акылдуу адам кем болбойт. 2. Торгойдой таңшып үн катып, булбулдай буруп тил катып. 3. Илимий эмгегимди бүтөйүн деп калдым. 4. Ак калпактуу кыргыздан айтыштарга теңи жок. 5. Санжыргалуу жаштыктын, сапатын айтып кетиптир. 6. Акылдуу адам отту ка-

райт, акылсыз адам казанды карайт. 7. Айылдаш болуп не керек, сураганда бербесе. 8. Бүгүнкү күн мемиреп тийип турат. 9. Анда мен аталаш туугандарымдын колунда жүргөм[3]. 10. Эмгекчил адам эрикпейт да, зерикпейт.

**249.** Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү ырды жана сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сапаттык жана катыштык сын атоочторду тапкыла. 2) Алардын эрежесин түшүндүргүлө, оозеки мисалдар келтиргиле. 3) Эмне үчүн сапаттык, катыштык сын экенин далилдегиле.

I

1.

Кыялы комуз миң кылдуу,
Чертилсе комуз көп сырдуу.
Өмүрдүн өзү сыяктуу,
Жумшак, таттуу, жыпжылуу.
Көйрөн, жеңил, шашкалак,
Билүү кыйын, кандай бу?

2.

Карап турсаң укмуштуу,
Бирде кичүү, бирде улуу.
Бирде бала мүнөздүү,
Бирде чексиз акылдуу.
Токтоо, кылдат, сабырдуу,
Кээде ак көңүл, кээде куу.

*(А. О.)*

II

1. Жогорку окуу жайлары билимдүү кыз-келиндерди даярдоодо. 2. Улуу киши сүйлөсө, сөз талашпа. 3. Сүйүктүү Ата Мекенибизге кызмат кылабыз. 4. Жаман, жакшы адаттан, калпып айтсам бир кызык. 5. Кишидей болуп сүйлөгөн, көркөмдүү кооз тотусу. 6. Атырдай жели бетти аймап, Ойалма[6] деген биздин жер. 7. Жалаяк ооз, жар кабак, жаагы жазы, ээги узун, айтып турду Эр Манас.

**250.** Алган билимдин бышыктоо жана бекемдөө мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдү окугула, адегенде сапаттык, андан кийин катыштык сын атоочторду көчүрүп жазгыла. 2) Катыштык сандарды уңгу, мүчөгө, мүчөнүн түрлөрүнө ажыраткыла. 3) Сын атоочтордун эмне үчүн сапаттык жана катыштык сын болуп бөлүнөрүн, алардын эрежелерин айтып бергиле.

1. Бапестеп өстүрүлгөн кызыл, сары, ак гүлдөр айланага көрк берип турат. 2. Алтындай жаштык бар кезде, айлуу

3. К ү ч ө т м ө  д а р а ж а. Заттын сын-сыпатын жогорку деңгээлде экендигин көрсөтөт да, төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат.

1) *Эң, абдан, өтө, аябай (аябагандай), чымкый, чылк* деген күчөтмө бөлүкчөлөрдүн сын атоочко айкалышып айтылышы аркылуу жасалат.

М и с а л ы: *Эң сонун, абдан жакшы, өтө кооз, аябай таттуу, чымкый кызыл, чылк семиз.*

2) Толук маанидеги сын атооч менен анын башкы муунунан кыскартылып алынган түрү менен бирге колдонуу аркылуу жасалат. Мындай күчөтмө сын атоочтор ар дайым бирге жазылат.

М и с а л ы: *кыпкызыл, сапсары, көпкөк, аппак (апаппак), жапжашыл, капкара, жупжумшак, капкатуу, апачуу, топтоголок, ыпысык, опоңой.*

3) Заттык мааниге өтүп, кайталанган сын атоочтор да күчөтмө сынды уюштурат. Мындай учурларда биринчи айтылган сын атооч илик **(-нын)** жөндөмөсүндө турат.

М и с а л ы: *Жакшынын жакшысы, сулуунун сулуусу, актын агы, мыктынын мыктысы, жамандын жаманы, эстүүнүн эстүүсү.*

Кээде *жаман, иттей* деген сөздөрдүн өтмө мааниде колдонулушу менен да күчөтмө даража жасалат.

М и с а л ы: *Жаман кооз экен. Жаман таттуу экен. Жаман ачуу экен. Жаман алыс экен. Жаман сулуу экен, иттей сонун, иттей кооз, иттей арык, иттей жоош, иттей сараң.*

**253.** Окуучуларды көнүктүрүү жана машыктыруу мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, күчөтмө даражаны тапкыла. 2) Кандай жолдор менен жасалганын аныктагыла.

1. Алмалары кыпкызыл, Чүйүмдүн дайны так ушул. 2. Бишкекке жаман кооз үйлөр көп курулуптур. 3. Ысык-көлдүн алмасы аябагандай таттуу болот. 4. Өз өкүмүн эң сонун, билет экен карылык. 5. Капкара болгон муруту, жаштыгын анын билгизет. 6. Абдан жакшы эмеспи, байчечекей гүлдөгөн. 7. Боппоз болуп кор болгон, чөлдө болот аккан суу. 8. Өтө жакшысын тандап алдым. 9. Байдалы – эстүүнүн эстүүсү. 10. Ошондогу апаппак, жыпжылтыр кой таш эсиңдеби? 11. Уулун уулдун уулу экен.

4. Басандатма даража. Заттагы белгинин нормалдуу белгиге жете бербегендигин же анын басандатылып айтылышын билдирет, төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жай даражадан жасалат.

| Жай даража | Басандатма даражаны уюштуруучу мүчөлөр | Мисалдар |
|---|---|---|
| ак<br>кир<br>көк | -ыш<br>-гыл<br>-ылжым, -ылжын<br>-ылтыр | *агыш, көгүш*<br>*киргил*<br>*көгүлжүн — көгүлжүм,*<br>*каралжым — каралжын*<br>*көгүлтүр* |
| сары<br>кызыл | -гыч, -гылт,<br>-гылтым | *саргыч саргылт,*<br>*кызгылт, кызгылтым* |
| ак<br>боз | -ча<br>-омук, -омтук | *акча,*<br>*бозомук, бозомтук* |

**254.** Алган жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Жогорку таблицадагы басандатма даражаны катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Басандатма даражаны кандай мүчөлөр уюштурарын айтып бергиле.

**255.** Тапшырмаларды коллективдүү аткаруу көнүгүүсү. 1) Сын атоочтун даражалары жөнүндө түшүндүргүлө. 2) Эмне үчүн даражалар төрткө бөлүнөрүн далилдегиле. 3) Ар бир даражага 2 — 3төн мисал келтиргиле.

**256.** Жаңы билимдин чындыгын турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, сын атоочтун даражаларын тапкыла. 2) Кандай даража экенин далилдеп, эрежелерин айтып бергиле.

1. Кара шибер, көк майдан, саздуу болот аккан суу. 2. Балдан таттуу шипширин, жагып жаткан аккан суу. 3. Ташка тийген жеринен көгүш жалын от жанат. 4. Жийдеге караганда Асел кичирээк. 5. Көгүлтүр көлдө эс алып, ден соолугумду чыңдадым. 6. Абдан сонунун тандап алдым. 7. Анын бою менден бийигирээк. 8. Сулуунун сулуусу тандалды. 9. Эненин түшүнө төшү кызгылт, өңү саргыч, канаттары агыш, бозомук канаттуу куш кирет. *(Жом.)*

## § 73. Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу

**257.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү таблицаны кунт коюу менен окуп чыгып, сын атоочтун заттык мааниде колдонулушун аныктагыла. 2) Сын атооч качан заттык мааниге өтөрүн далилдегиле. 3) Өзүңөр эреже чыгаргыла.

| Сын атоочтук мааниде | Заттык мааниде |
|---|---|
| К а н д а й?<br>1. *Жакшы кишиге* (к и м г е?) айтсаң<br>к а н д а й?<br>билет, *жаман кишиге* (к и м г е ?) айтсаң күлөт. | 1. *Жакшыга (к и м г е?)* айтсаң, билет, *жаманга* (к и м г е?) айтсаң, күлөт.<br>(*Жакшыга, жаманга* – толуктооч) |
| К а н д а й?<br>2. *Жакшы киши* (к и м?) эл камын<br>к а н д а й?<br>ойлойт, *жаман киши* (к и м?) өз камын ойлойт | 2. *Жакшы* (к и м?) эл камын ойлойт, *жаман* (к и м?) өз камын ойлойт.<br>(*Жакшы, жаман* — ээ) |
| К а н д а й?<br>3. *Акылдуу кишинин* (к и мд и н?) сөзү кыска, айта салса нуска. | 3. *Акылдуунун* (к и м д и н?) сөзү кыска, айта салса, нуска.<br>(*Акылдуунун* — аныктооч) |

1-к о р у т у н д у

Сын атоочтор заттык мааниге өтүп айтыла берет. Мындай учурда сын атооч менен бирге айтылган аныктагыч зат түшүп калат да, сын атооч заттык мааниге өтөт. Аныктагычка уланган мүчө сын атоочко уланат.

Заттанган сын атоочтор зат атооч сыяктуу жөндөмө, көптүк **(-лар)**, таандык мүчөлөр менен өзгөрөт да, сүйлөмдө э э л и к, т о л у к т о о ч т у к жана а н ы к т о о ч т у к милдет аткарат. М и с а л ы: *Жаманга* (к и м г е?) айткан кайран сөз. *Жамандын* (к и м д и н?) айтканы жаман. *Жакшылары* (э м н е л е р и?) тандалып алынды, *жамандары* (э м н е л е р и?) иргелип салынды. *Жакшыны* жакшы билер. *Жаманды* коногу билер.

**258.** Жаңы билимди өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сын атоочторун тапкыла. 2) Анын сапаттык, катыштык сын жана сын атоочтун кайсы даражасы экенин аныктагыла. 3) Сын атоочторду заттык мааниге өткөрүп, ага кандай суроолор берилерин айтып бергиле.

1. Эмгексиз кишини энчиден кур жараткан замана. 2. Салабаттуу карыялар[3] – биздин урматыбыз, сыйыбыз. 3. Жакшы кишинин сымбатын жакшы киши билер. 4. Жакшы киши элине баш болот, жаман киши элине кас болот. 5. Ынтымактуу кишилердин үй-бүлөсү да ынтымактуу. 6. Кара аттын оозун кергенби, кайран Током келгенби? Сары аттын оозун кергенби, саабалар бизге бергенби? 7. Кулактууга кеп урсаң, кулагынын учунда. Кулаксызга кеп урсаң, туягынын тышында.

**259.** Окуучулардын алган билимдерин терендетүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Адегенде сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, андан кийин заттык маанидеги сын атоочторду таап, аныкталгыч менен бирге көчүрүп жазгыла. 2) Кайсы учурда сын атоочтун заттык мааниге өтөрүн түшүндүргүлө. 3) Затташкан сын атоочтун унгу, мүчөсүн ажыратып, кандай суроого жооп берерин аныктагыла. 4) Накта сын атооч менен затташкан сын атоочтун айырмасын, синтаксистик кызматын айтып бергиле.

1. Бактылуу менен талашпа, бактысыз менен жоолашпа. 2. Током, аргасыз кеттиң Шыбырга, акмактын сөзү эм болуп, азыр жакшылыкка кезиктин, эли-журтуң дем болуп. 3. Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат. 4. Акылдуу – элпек, акылсыз – тентек. 5. Жалкоого жакын болбо, кокуйга короолош конбо. 6. Малдуулар малына мактанат, малсыздар жанына мактанат. 7. Жакшыга дөөлөт келгенде, бой көтөрбөй пас болот. 8. Жаманга дөөлөт келгенде, көтөрө албай мас болот.

## § 74. Сын атоочтун жасалышы

Жаңы теманы түшүндүрүү үчүн пайдаланылуучу сүйлөмдөр жана мисалдар:

1. *Берекелүү* мейман дос, элиңе салам айтамын.
2. *Акылдуу* киши – *күлкүчүл, акылсыз* киши – *уйкучул.*
3. *Уяттуу* адам – *уялчаак, уятсыз* адам – *мактанчаак.*
4. *Жазгы* жаан жандан өтөт.

1-к о р у т у н д у

Сын атоочтор эки түрдүү жол менен жасалат. Бири – м о р ф о л о г и я л ы к жол, экинчиси – с и н т а к с и с т и к жол.

Морфологиялык составына карай сын атоочтор т у б а с а жана т у у н д у сын болуп, экиге бөлүнөт.

Тубаса сын атоочтор ар дайым уңгу түрдө турат: *кызыл, сары, көк, жашыл, күрөң, кара, тору, ак.*

Туунду сын атоочтор сөз мүчөлөрүнүн жардамы аркылуу жасалат: *чеп+түү, ат+чан, бала+дай, айыл+дык, ата+лаш, акыл+сыз, темир+дей, жалын+дай.*

2-к о р у т у н д у

**І. Сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы.**

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалган сын атоочтор м о р ф о л о г и я л ы к ж о л менен жасалган сын атоочтор деп аталат. Булар негизинен а т о о ч т о н с ы н а т о о ч, э т и ш т е н с ы н а т о о ч жасоочу мүчөлөр болуп, эки топко бөлүнөт.

**1. Зат атоочтон сын атооч жасоочу мүчөлөр:**

**-луу** – *балалуу, акылдуу, токойлуу, элдүү, атактуу.*
**-сыз** – *акылсыз, ишсиз, көңүлсүз, суусуз, баласыз, адепсиз.*
**-чыл** – *уйкучул, күлкүчүл, ойчул, эмгекчил, суучул.*
**-дай** – *тоодой, теректей, алтындай, кагаздай, биздей.*
**-лак** – *таштак, кумдак, саздак, муздак.*
**-лык** – *шаардык, айылдык, жылдык, айлык (акы).*
**-гы** – *күзгү (эгин), жазгы, кышкы (суук), түнкү (сугат).*
**-лаш** – *аталаш, тилектеш, айылдаш, сырдаш, боордош.*
**-чан** – *тончон (адам), кийимчен, (киши), атчан (адам).*
**-мер** – *ишмер (бала), сөзмөр (карыя).*
**-кер** – *кызматкер, боорукер, айлакер, табышкер.*
**-кор** – *мансапкор, камкор, дүнүйөкор.*
**-поз** – *өнөрпоз, илимпоз, ышкыбоз.*
**-кой** – *намыскөй, тамашакөй, амалкөй.*
**-ий** – *илимий, маданий, адабий, диний, саясий.*

**260.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку мисалдарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө, сын атоочту жасаган мүчөлөргө суроо бергиле.

3-к о р у т у н д у

**2. Этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөр:**

**-гыр** – *алгыр (куш), өткүр (бычак).*

**-гыч** – *сезгич, билгич (адам), жазгыч (акын), соргуч, өчүргүч.*

**-калаң, -калак** – *шашкалаң (жигит), көпкөлөң (бала), шашкалак (киши), каткалаң (үнсүз).*

**-чаак** – *уялчаак (бала), кызганчаак (киши), эринчээк (бала).*

**-гак** – *соргок (ит), коркок (киши), тайгак (жол), жаргак (шым).*

**-ма** – *чийме (кагаз), жайма (базар), оймо (шырдак), өрмө (жүгөн).*

**-аанак -ааган** – *кабаанак, кабааган (ит), сүзөөнөк, сүзөөгөн (уй), тебээнек, тебээген (ат).*

**-ык (-к)** – *ачык (эшик), жабык (там), мокок (бычак), бузук (саат), сүйлөөк (адам), тунук (ой).*

**-гыс** – *кеткис (так), жеткис (киши), түгөнгүс (азык), кайткыс (жол), таанылгыс (адам).*

**ыңкы** – *көтөрүңкү (кабак), кубарыңкы (бет), жүдөңкү (адам), бозоруңку (талаа), агарыңкы (өң).*

**-ыш** – *тааныш (киши), окшош (буюм).*

**-ыңды** – *уланды (мүчө), куранды (мүчө), кесинди (жыгач), туунду (сөз), асыранды (бала).*

**-гыл (-кыл)** – *ачкыл, кычкыл* (уңгусу – *ачы, кычы*).

**-ын** – *агын (суу), саан (уй).*

**-арман** – *чабарман (жигит), күйөрман (киши), билерман.*

**261.** Жекече иштөө көнүгүүсү. 1) Жогорку этиштен сын атоочту жасаган мүчөлөрдү катыштырып, сүйлөм ойлоп тапкыла. 2) Суроо берүү аркылуу кандай сөз түркүмүнөн жасалганын далилдегиле.

## II. Сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы.

1-к о р у т у н д у

Эки же андан ашык сөздөн туруп, заттын сын-сыпатын, белгисин билдирген сын атоочтор **т а т а а л с ы н а т о о ч т о р** деп аталат. Татаал сын атоочтор

сөздөрдүн айкалышып айтылышы аркылуу синтаксистик жол менен жасалат. Мындай сын атоочтор кош, кошмок сөз түрүндө болот.

**1. Кош сын атоочторго** төмөнкүлөр кирет:

а) Ар бир сөзү маани берүүчү кош сын атоочтор. Мындай сын атоочторго **-луу** мүчөсү улана берет: *эстүү-баштуу, жылуу-жумшак, алдуу-күчтүү, өңдүү-түстүү, аттуу-баштуу.*

б) Карама-каршы маанидеги кош сын атоочтор: *алыс-жакын, улуу-кичүү, арык-семиз, кары-жаш, бийик-жапыз, өйдө-ылдый, жакшы-жаман, ачуу-таттуу, жоон-ичке.*

в) Бир сөзү маани берип, экинчи сөзү маани бербеген кош сын атоочтор: *жаман-жуман, майда-чүйдө, эски-уску, кызыл-тазыл, тааныш-тууныш, оңой-олтоң, жеңил-желпи.*

г) Эки сөзү тең маани бербеген кош сын атоочтор: *оргу-баргы, кобур-собур, уйгу-туйгу, ыпыр-сыпыр, эңги-деңги.*

д) Кайталанып айтылган кош сын атоочтор: *бийик-бийик (үйлөр), сонун-сонун (китептер), чоң-чоң (шаарлар), түркүн-түркүн (гүлдөр).*

**262.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Жогорку кош сын атоочторду катыштырып, сүйлөм ойлоп жазгыла, алардын кандай жолдор менен жасалганын далилдегиле.

2-корутунду

**2. Кошмок сын атоочтор:**

а) Эки сөзү тең маани берүүчү кошмок сын атоочтон түзүлөт: *кызыл ала, кызыл тору, кызыл-кызыл, кара тору, сары ала, ак саргыл, кара көк, мала кызыл, көк ала, кара ала, жашыл ала, кара кашка, ак ала, кара кочкул, кара күрөң, ак боз, алдуу-күчтүү, узун бойлуу, кызыл жүздүү, кең далылуу, ак жүздүү, балалуу-чакалуу.*

б) Биринчи сөзү сын атоочтон, экинчи сөзү зат атоочтон түзүлөт: *кара каш, ак пейил, ак көңүл, кара көз, кең пейил, көк көз, кара сакал, ак сакал, ак бараң, ак олпок, ала кийиз.*

в) Эки сөзү тең зат атоочтордун айкалышынан түзүлөт: *эр жүрөк (бала), жылкы мүнөз (киши), жар кабак (адам), жолборс жүрөк (киши), жалкоо мүнөз, бала кыял.*

263. Алган билимди эске түшүрүү көнүгүүсү. 1) Жогорку кошмок сын атоочтордун айрымдарын катыштырып, сүйлөм түзгүлө, эмне үчүн татаал же синтаксистик жол менен жасалган сын атооч экенин далилдегиле.

264. Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Атооч сөздөрдөн жана этиштен сын атоочту жасаган мүчөлөрдү санагыла. 2) Ал мүчөлөр эмне үчүн сын атоочту жасаганын түшүндүргүлө. 3) Сөз жасоо жөнүндө кабар бергиле. 4) Сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышына мисал келтиргиле.

265. Окуучулардын алган билимдерин бышыктоо, бекемдөө мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, синтаксистик жана морфологиялык жол менен жасалган сын атоочторду тапкыла. 2) Морфологиялык жол менен жасалган сын атоочторду унгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Экөө куржунду аңтарышты эле сары ала, кызыл ала, көк ала, көмүрдөй кара, чымкый кызыл кездемелер чыкты. 2. Бай-манаптын кылганы, эсимден кеткис так болду. 3. Эстүү-баштуу кишилер, эл аралап келдиңер. 4. Тергөөчү менен сүйлөшүп[4], чыгарып алды деп уктум. 5. Кызыл-тазыл гүл жайнап, жайдын келди келбети. 6. Кара каш сулуу кыз-келин, карап турат шыңкылдап. 7. Кара сакал Эшмамбет, Сизге учурашып, кайтты эле. 8. Мокок бычак кол кесер. 9. Оргу-баргы кеп айтып, жүргөнү сонун баланын.

266. Комментариялык көнүгүү. 1) Өзүңөр кош, кошмок сын атоочторго мисал ойлоп, көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн татаал сөздөр синтаксистик жол менен жасаларын далилдегиле. 3) Сын атоочтук маанидеги татаал сөздөрдү составына (түзүлүшүнө) карай ажыраткыла.

267. Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кара тамга менен терилген сөздөрдүн кандай жолдор менен (морфологиялык, синтаксистик) жасалганын тапкыла. 2) Сын атоочтордун кайсыл учурда морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасаларын айтып бергиле.

1. **Жакшы-жаман** адаттан, терип айтсам бир кызык. 2. Жаманга тандап, кеп айтсаң, **кабааган** иттей ырылдайт. 3. Танабай **уйгу-туйгу** ойго чөмүлдү. 4. **Ак бараң** мылтык асынып, Алмамбет келип калды эми. 5. **Сөзмөр** карылар адатынча сөзгө кириште. 6. **Бурчак-бурчак** кар жааса, асыл жылкы баласы буюкпайт да, уюкпайт. 7. Ар ким сатып алпайбаса, **ак алалуу** боз карып. 8. Жатып ичер жардынын, пайдалуу иши аз болот. 9. Баласыз аял — **бактысыз**.

Сын атоочтор төмөндөгүдөй синтаксистик кызматты аткарат:

1. Зат атооч менен айкалышып, а н ы к т о о ч т у н милдетин аткарат. М и с а л ы: Жетекчибиз *өтө маанилүү* сөздөрдү сүйлөдү. *Кызыл-тазыл* желек кармап, жүздөгөн *кадырлуу* адамдар бизди күтүп туруптур. Көкүрөгүмө тагылган *ардактуу* сый мага *жаңы* кубат, *жаңы* күч берди.

2. Сын атоочтор б а я н д о о ч т у к милдетти аткарат. М и с а л ы: Күн бүгүн *салкын* жана *жылуу*. Бүтүн жер жүзү – *аппак, кооз, эң сулуу*.

3. Сын атоочтор кээде этиш сөздөр менен айкалышып, б ы ш ы к т о о ч т у к милдет аткарат.

М и с а л ы: Ысмайылдын түрү *ырайымсыз* көрүндү. Мураттын үнү *жагымдуу* угулду. Асанга берилген суроолор *жамгырдай* жаады.

## § 75. Сын атоочтун жазылышы

Сын атоочтун жазылышы төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ.

1. Зат атоочтон сын аточ жасоочу **-луу, -лүү, -аанак (-ааган) -чаак** мүчөлөрү созулуп айтылышынча жазылат. М и с а л ы: *балалуу, малдуу, тоолуу, үйлүү, уялчаак, тебээнек (тебээген), сүзөөнөк (сүзөөгөн), тырышчаак.*

2. Аягы үндүүлөр менен бүткөн этиш сөздөргө -ак мүчөсү уланса, созулуп айтылышынча жазылат.

М и с а л ы: *терде+ак=тердээк, сүйлө+ак=сүйлөөк, ойно+ак=ойноок.*

3. Кош сын атоочтор арасында дефис коюлуп жазылат. М и с а л ы: *ачык-айрым, алыс-жакын, улуу-кичүү, карыжаш, эстүү-баштуу, өңдүү-түстүү, жылуу-жумшак, жаман-жуман, майда-чүйдө, кызыл-тазыл, кобур-собур, үйгү-түйгү, бийик-бийик, сонун-сонун, түркүн-түркүн.*

4. Кошмок сын атоочтор ар башка жазылат: *кызыл ала, кара тору, будур ала, кара көк, кара күрөң, кара каш, ак пейил, кара сакал, кең пейил, ала кийиз, көк көз.*

5. *Эң, абдан (абыдан), өтө, аябай, чымкый, чылк* деген бөлүкчөлөр сын атоочко айкаша айтылса, бөлөк жазылат.

Мисалы: *эң жакшы, абдан сонун, өтө кымбат, чымкый кызыл, чылк семиз.*

6. Толук маанидеги сын атооч менен башкы муунунан кыскартылып айтылган күчөтмө сын атоочтор бирге жазылат.

Мисалы: *кыпкызыл, сапсары, көпкөк, бопбоз, капкатуу, жапжашыл, ыпысык, супсулуу, апаппак, капкара, жапжашыл, туптунук.*

7. Салыштырма сын атоочтун **-ыраак** мүчөсү созулуп айтылышынча жазылат: *агыраак, көгүрөөк, жашылыраак, бийигирээк, жумшагыраак.*

**268.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сын атоочторду тапкыла. 2) Алардын кандай жазыларын айтып бергиле. 3) Кош, кошмок сын атоочторду ажыраткыла. 4) Синтаксистик милдетин айтып бергиле.

1. Кудай берген пенденин, касиети сопсонун. 2. Ушак айткан эң жаман адаттын бири. 3. Акын болсон, элди ырда, берекелүү колу ачык. 4. Ак селдечен аялдар, айттыңыз сөздү даппдаяр. 5. Жакшы адам тырышчаак, жаман адам урушчаак. 6. Ар дайым акыл-эстүү балдар менен жолдош бол. 7. Абыдан сонун эмеспи, байчечекей гүлдөгөн. 8. Кызыл-кызыл кыялар, кыргый талга уялаар, такыясын колго алып, кыз жигитти кубалаар. 9. Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол.

**269.** Алган билимди эске түшүрүү, бышыктоо, бекемдөө көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сын атоочторду тууралап көчүрүп жазгыла. 2) Кандай ката кетирилгендигин байкагыла. 3) Сын атоочтун жазуу эрежелерин айтып бергиле.

Аталу, өңдү-түздү, унутчак, тебенек, алыс жакын, купкуу, капкара, эңкызык, кызыл кызыл, апаак, саргылт, карагыч, узун туура, кызылтазыл, ак-саргыл, кабанак, акылду, сакал чан.

**270.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Сын атоочтун жазылышын (§ 73) окуп чыгып, өз түшүнүгүнөрдү айтып бергиле. 2) Сын атоочтун жазылышында кандай өзгөчөлүктөр бар экенин түшүндүргүлө, мисалдар келтиргиле. 3) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сын атоочтун синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Үй ичи абдан жарык. 2. Оттон алынган суу ысык, муздак эмес, мелүүн. 3. Анаркүл – батымдуу жана шайыр. 4. Анын көзү ымыр-чымыр. 5. Эшик – тыптынч. 6. Кыш кыраанда аяз кычырайт.

## § 76. Сан атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү

Теманы түшүндүрүү үчүн алынуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. *Отуз* өлчөп, *бир* кес.
2. *Төртөө* төп болсо, төбөдөгүнү алат, *алтоо* ала болсо, алдындагыны алдырат.
3. Молдо Кылыч *1866*-жылы Кочкор өрөөнүндө туулган.
4. *Беш-алты* жылдын ичинде экономикабыз дагы өсөт.

1-корутунду

Заттын санын (кээде кыймыл-аракеттин) эсебин *(беш китеп, жүз сом, миң киши, эки келди)*, иретин *(биринчи, жетинчи)*, чамасын, болжолун *(кырктай, элүүдөй, онго жакын, бештен ашуун)*, топ-тобун *(беш-бештен, он-ондон)* көрсөтүп, **канча? нече? канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө? кандай? канчалап?** деген суроолорго жооп берген сөздөр **сан атооч** деп аталат.

**271.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Өзүңөр сан атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Заттын эмнесин көрсөтүп турганын далилдегиле.

**272.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сан атоочторду тапкыла. 2) Түзүлүшү боюнча кандай сан атооч (жөнөкөй, татаал) экенин ажыраткыла. 3) Суроо берүү аркылуу аныктагыла.

### КЫРГЫЗСТАНДЫН КӨЛДӨРҮ

Ысыккөл[6] – дүйнөдөгү эң ири, бийик тоолуу көлдөрдүн бири. Ал деңиз деңгээлинен 1609 метр бийиктикте. Көл аянты[1] жагынан КМШда 7-орунду ээлейт, ал эми тереңдиги болжол менен 1668 метр, Байкал жана Каспий деңиздеринен

кийинки 3-орунда турат. Көлдүн узундугу 177 километр, эң кең жери 58 километрге жетет. Анын бир литр суусунда 6 грамм туз бар. Ошондуктан аны ичүүгө жана сугатка пайдаланууга болбойт.

Кыргызстанда чоңдугу жагынан экинчи көл – Соңкөл. Анын аянты 287 чарчы километр, деңиз деңгээлинен 3017 метр бийиктикте жатат. Эң терең жери – 21 метр. Соңкөлгө[6] оңго жакын майда суулар куят.

Чатыркөл – Аксай тоо кыркаларынын арасындагы чуңкурда жатат. Деңиз деңгээлинен 3530 метр бийиктикте жайгашкан. Көл тайыз[4], тереңдиги 4 метр, суусу агып чыкпайт, бир аз туздуу. *(«Кырг. геогр.»)*

2-корутунду

Сан атооч мааниси жактан уңгу түрдө туруп, сандык түшүнүктүн атын, заттын (кээде кыймыл-аракеттин) санын, иретин ж. б. билдирет: *эки китеп, төрт дептер, жүз сом, экинчи класс, I глава, XXI кылым, эки келди, үч бардым.*

**273.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сан атоочторду тапкыла. 2) Суроо берүү аркылуу анын лексикалык маанисин аныктагыла. 3) Түзүлүшү боюнча ажыраткыла.

## КҮН МЕНЕН ЖЕРДИН АРАЛЫГЫ

Күндүн диаметри 1 400 000 км, ал Жердин диаметринен 109 эсе чоң. Күн менен Жердин аралыгы 150 000 000 км. Күндүн массасы Жердин массасына караганда 1 300 000 эсе чоң. Күндүн үстүнкү бетинин температурасы – 6 000 градус. Мындай ысыктыкка ар кандай металл же таш бир секундага да туруштук бере албайт.

Күндүн нуру секундасына 300 000 километр ылдамдыкта жылат. Мындай ылдамдыкта Жер менен Күндүн аралыгын 8 минутада гана басып өтүүгө болот. (*«Балдар энциклопедиясынан»*)

3-корутунду

1) Сан атооч морфологиялык жактан **-ынчы (-нчы), -оо, -өө, -ча, -лап, -лаган, -дай** деген мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат: *бешинчи, алтоо, отуздай, кыркча, ондогон.*

2) Сан атоочторго көптүк **-лар** мүчөсү уланбайт, себеби, сандын өзү эле көптүк маанини билдирип турат: *беш китеп, үч бала, жыйырма окуучу.* Эгер сан атоочко көптүк **-лар** мүчөсү уланса, затты чамалоо, болжолдоо маанисинде айтылат: *ондордо, отуздарда, элүүлөргө.*

3) Сан атоочтор мүчөлөрдүн жардамы менен башка сөз түркүмдөрүнөн жасалбайт, тескерисинче, сан атоочтон башка сөз түркүмдөрү жасалат:

*бир* – сан атооч
*бирик* – этиш
*бирдик* – зат атооч
*бирдиктүү* – сын атооч
*бир кезде* – тактооч
*эки* – сан атооч
*экөөлө* – этиш
*экилтик* – зат атооч

**274.** Алган билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сан атоочтордун ар бирине **-ынчы (-нчы), -оо, -өө, -ча, -лап, -лаган, -дай** деген мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. 2) Мүчөлөрдүн астын сызгыла. 2) Морфологиялык белгисин аныктагыла.

Беш, жети, отуз, элүү.

Ү л г ү: Төрт, төртүнчү, төртөө, төрттөй.

4-корутунду

Сан атоочтор сүйлөм ичинде төмөндөгүдөй синтаксистик милдетти аткарат:

1. Э э л и к: ***Экөө** барды, **үчөө** келди. **Бешинчилер** тарашты. **Жыйырма** экиге бөлүнөт.*

2. Б а я н д о о ч т у к: *Мен **он экидемин.** Атам **кыркта.** Асыл **жетиде.** Ондун жарымы – **беш.***

3. А н ы к т о о ч т у к: *Гүлай **бешинчи** класста окуйт. Агам **үчүнчү** курста. **Беш** киши келди. **Жүздүн** жарымы – элүү.*

4. Т о о л у к т о о ч т у к: *Санжар **ондорго** келип калды. **Онду** онго кошсо жыйырма. Саат **сегизде** сабак башталат. **Он үчкө** жашы чыкканда, кырандын терет гүлдөрүн.*

5. Б ы ш ы к т о о ч т у к: *Асан **эки** келди. Мен **үч** бардым. Ал **биринчи** сыйланды.*

**275.** Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү текстти окуп чыгып, сан атоочторду тапкыла. 2) Ага суроо берүү аркылуу заттын же кыймыл-аракеттин эмнесин көрсөтүп турганын түшүндүргүлө.

## СУУ

Жер шаарынын 70 процентин суу түзөт. Ошол суунун 95 проценти океандардын жана деңиздердин туздуу сууларынан[6], 4 проценти Арктика менен Антарктиданын муздарынан, ал эми суунун бир проценти гана ичүүгө жарамдуу суулардан болуп саналат.

Адамдын организми[6] суткасына 2,5 литр сууну талап кылат. Ал эми суу адамдын организмине ар кандай суюк тамак-аштар аркылуу барат.

Суу – биздин жашообуз жана өмүрүбүз[4].

### 5-к о р у т у н д у

Сандык түшүнүктү сан атоочтон башка сөз түркүмдөрү да билдирет. Эгерде сандык түшүнүктү сан атооч билдирсе, аны сөз менен да, цифра менен да жаза алабыз. Ал эми санды башка сөз түркүмдөрү туюндурса, аны сөз менен гана жазабыз.

М и с а л ы: Зат атооч (к и м? э м н е?) – *экилтик, үчилтик, төртүнчүлөр* (2лтик, 3үлтүк, 4үнчүлөр эмес).

Сын атооч (к а н д а й?) 3 бирдиктүү (1диктүү эмес).

Этиш (э м н е к ы л д ы?) – бирикти, экөөлөдү (1икти, 2өөлөдү эмес).

Сан атооч (к а н ч а? н е ч е? к а н ч а н ч ы?) – *он, жыйырма, биринчи, жүз чакты, кырктай, отузга жакын* (*он* – 10, *жыйырма* – 20, *биринчи* – (1-чи эмес), *жүз чакты* – 100 чакты, *кырктай* – 40тай, *отузга жакын* – 30га жакын.

**276.** Алган билимди текшерүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сан атоочторду тапкыла. 2) Аны түзүлүшү боюнча ажыраткыла. 3) Кандай синтаксистик кызматты аткарып турганын далилдегиле. 4) Суроолорун берип, сан атоочтор заттын, кыймыл-аракеттин эмнесин көрсөтүп турганын айтып бергиле.

1. Жети өлчөп, бир кес. 2. Баары бирөө үчүн, бирөө бардыгы үчүн күрөшүү керек. 3. Эки топ көрүшпөйт, эки адам

сандарга чыгыш жөндөмөсүнүн -дан мүчөсү улануу менен жасалат. Мисалы: *экиден, үчтөн, беш-бештен, алты-жетиден, он-ондон.*

**299.** Окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, топ сандарды тапкыла. 2) Топ сандарды уюштуруудагы чыгыш жөндөмөсүнүн ролун көрсөткүлө. 3) Эмне үчүн чыгыш жөндөмөсү топ сандарды түзөрүн айтып бергиле.

1. Беш-бештен сом пул алып,
Пейли кетти Акматтын.
Алтыдан сом пул алып,
Акылы кетти Акматтын. (*Т.*)

2. Автобус[б] саат тогуздан өткөндө ордунан козголду. 3. Акционердик коомдо иштегендерге сыйлык берилди. 4. Окуучулар эки-экиден бөлүнүшүп, лыжалык мелдешке чыгышты. 5. Бир терек көрдүм, он эки бутагы бар. Ар бутакта төрттөн уясы, отуздан жалбырагы бар. Ар уянын жетиден жумурткасы бар. (*Табышмак*) 6. Беш-алтыдан өткөндө, теңтектиги ашынат.

2-корутунду

Топ сан түзүлүшү жагынан жөнөкөй да, татаал да болот. Эгерде топ сан түзүлүшү жактан татаал болуп айтылса, чыгыш жөндөмөсүнүн -дан мүчөсү эң аяккы санга же экөөнө тең улана берет.

Мисалы: *үч-үчтөн, эки-экиден, он-он бештен, үчтөн, төрттөн, ондон-ондон, жыйырмадан-отуздан, кырктан-элүүдөн.*

**300.** Алган билимди эске сактоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, топ сандарын тапкыла. 2) Тиешелүү суроолорун койгула. 3) Топ сандардын кандай жолдор менен түзүлүп жатканын айтып бергиле, чыгыш жөндөмөсүнүн ролун байкагыла.

1. Керим кырмандын тегерегинде бештен-алтындан болуп, эс алып отурушкан окуучуларга газеталардагы жаңылыктарды окуп берди. 2. Кыргызстандын токойлоруна мурун кырк-элүүдөн коё берилген кыргоолдор азыр жаңы жерлерге абдан жакшы көнүгүп, алардын саны аябай көбөйдү. 3. Окуучулар мектеп участогунда он-ондоп бөлүнүп иштешти. 4. Катарга үчтөн тизилдик. 5. Чын курандын биринен,

чыныртып кулун байлашат. 6. Ноябрь айынын төртүнөн күзгү каникул башталат.

301. 1) Топ сандарды катыштырып, сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Түзүлүшүнө карай ажыраткыла. 3) Топ сандын эрежесин айтып бергиле.

3-корутунду

Топ сандар сүйлөм ичинде бышыктоочтун, кээде баяндоочтун милдетин аткарат.

Мисалы: Алар *төрт-төрттөн* отурушту (бышыктоочу – *төрт-төрттөн). Биз *эки-үчтөн (экиден-үчтөн)* бөлүндүк (бышыктоочу – *эки-үчтөн, экиден-үчтөн*). Алар *үчтөн*, биз *төрттөнбүз* (баяндоочу – *үчтөн, төрттөнбүз*).

302. 1) Сүйлөмдөрдөн топ сандарды көчүрүп жазгыла. 2) Түзүлүшүнө карай ажыратып, бышыктоочтук милдет аткарган топ сандарды тапкыла. 3) Суроолорун бергиле. 4) Топ сандардын жасалышын түшүндүргүлө.

1. Биздин мектептеги класстардын саны элүүдөн ашты. 2. Асанбай алган китептерин бештен-бештен бөлдү да, окуучуларга таратып берди. 3. Дем алыш күнү жыйырмадай окуучу беш-бештен, он-ондон бөлүнүп иштешти. 4. Зулайка – он жетиден он сегизге карап калган келбеттүү[2] кыз.

5. Ой-тоону бузуп жатканы,
Он экиден тиши бар,
Бузуучудай асканы. *(Т. Т.)*

## § 85. Бөлчөк сан атооч

1-корутунду

Заттын санын майдалап, бүтүн сан менен бөлүктүн өз ара катышын билдирген сан бөлчөк сан деп аталат. Бөлчөк сан синтаксистик жол менен б. а. эки эсептик сандын айкалышып айтылышынан төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат:

1. Бөлчөк сандын бөлүмү чыгыш жөндөмөсүндө, алымы атооч жөндөмөсүндө туруу аркылуу.

М и с а л ы: *экиден бир* $\frac{1}{2}$; *бештен үч* $\frac{3}{5}$; *ондон эки* $\frac{2}{10}$;

*жүздөн жыйырма беш* $\frac{25}{100}$.

2. Бөлчөк сандын бөлүмү илик жөндөмөсүндө, алымы III жактын таандык мүчөсүндө туруу аркылуу.

М и с а л ы: *бештин үчү, үчтүн бири, ондун экиси.*

Мындай учурларда алар заттык мааниге ээ болот.

**303.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Эсептик санга чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап, бөлчөк сан ойлоп жазгыла. 2) Анын биринчи же экинчи бөлүгү кайсы жөндөмөдө турганын тапкыла. 3) Бөлчөк сандын эрежесин айтып бергиле. 4) Бөлчөк сандын тубаса жана туунду санга кирерин аныктагыла.

**304.** Алган билимди корутундулоо, жалпылоо көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, бөлчөк сандарын тапкыла. 2) Кара тамга менен басылган сөздөрдүн жазылышын үйрөнгүлө. 3) Кандай жолдор менен түзүлөрүн айтып бергиле.

1. Дүйнө калкынын **төрттөн үч** бөлүгү Евразияда жашайт. 2. Россия Федерациясы КМШнын бүткүл аянтынын **төрттөн үч** бөлүгүнөн көбүрөөгүн ээлейт. 3. Жер бетинин **үчтөн эки** бөлүгүнөн ашыгыраагын океандар менен деңиздер түзөт.

## 2-к о р у т у н д у

Бөлчөк сандар сүйлөм ичинде э э л и к, а н ы к т о о ч т у к, т о л у к т о о ч т у к милдет аткарат.

М и с а л ы:

Жаштардын *үчтөн бири* мал чарбасында *үчтөн экиси* айыл чарбасында иштейт (ээси – *үчтөн бири, үчтөн экиси*). Биздин класстагы окуучулардын *экиден бир* бөлүгүн кыздар түзөт (аныктоочу – *экиден бир*). Мектеп окуучуларынын *ондон төртүн* жогорку класстын окуучулары түзөт (толуктоочу – *ондон төртүн*).

**305.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү бөлчөк сандарды катыштырып, сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Сөз менен берилген бөлчөк сандарды сан менен көчүргүлө. 3) Сан атоочтун маанисине карай канчага бөлүнөрүн санап, ар биринин эре-

жесин айтып бергиле. 4) Илик, жатыш жөндөмөсүнүн маанисин белгилегиле.

Үчтөн эки, ондон бир, беш бүтүн ондон эки, жыйырма бүтүн жетиден үч, бештин үчү.

**306.** Алган билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, бөлчөк сандарды тапкыла. 2) Алардын кандай жол менен жасалганын түшүндүргүлө.

1. Күн нурунун алты миллиарддан бир бөлүгү гана жерге жетет. 2. 1910-жылы[6] Каракол шаарында аянты 18,5 гектар жерге парк курулган. 3. Россия Федерациясынын территориясы 17,1 миллион чарчы километр, ал Европадагы бардык мамлекеттердин территориясынан 2,5 эсе чоңдук кылат.

**307.** 1) Өзүңөр ойлоп, бөлчөк сандар ээлик, аныктоочтук, толуктоочтук милдет аткарып тургандай оозеки сүйлөмдөр түзгүлө. 2) Аларга берилүүчү суроолорду аныктагыла. 3) Бөлчөк сандардын кандай жолдор менен түзүлөрүн айтып бергиле, оозеки мисалдар келтиргиле.

## § 86. Сан атоочтордун жөндөлүшү

### 1-корутунду

Сан атоочтор төмөндөгүчө жөндөлөт:

1. Эсептик, иреттик, бөлчөк сандар атооч сөздөр сыяктуу эле жөндөлөт.

| Жөндөмөлөр | Эсептик сан | Иреттик сан | Бөлчөк сан |
|---|---|---|---|
| А. | *эки* | *бешинчи* | *ондон беш* |
| И. | *экинин* | *бешинчинин* | *ондон бештин* |
| Б. | *экиге* | *бешинчиге* | *ондон бешке* |
| Т. | *экини* | *бешинчини* | *ондон бешти* |
| Ж. | *экиде* | *бешинчиде* | *ондон беште* |
| Ч. | *экиден* | *бешинчиден* | *ондон бештен* |

### 2-корутунду

2. Жамдама сан атоочтор үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган байыркы формасын (түрүн) сактап (бирөвүн, экөвүн, үчөвүн, төртөвүн, бешөвүн, алтовун, жетовүн) жөндөлөт. Демек, иликте **-үн**, барышта **-ө(о)**, табышта **-ы**

мүчө кошулуп же кошулбай жөндөлөт, жатышта **-дө (-до)**, чыгышта **-өн (-он)**.

Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| А. | *төртөө* | *жетөө* |
| И. | *төртөөн* + **үн** | *жетөөн* + **үн** |
| Б. | *төртөөн* + **ө** | *жетөөн* + **ө** |
| Т. | *төртөөн*(**ү**) | *жетөөн* + **ү**, *жетөөн* |
| Ж. | *төртөөн* + **дө** | *жетөөн* + **дө** |
| Ч. | *төртөөн* + **өн** | *жетөөн* + **өн** |

**308.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү татаал сан атоочтун жөндөлүшүн байкагыла. 2) Жамдама мүчөлөр эмне үчүн татаал сандын эң аяккы санына уланып жатканын далилдегиле. 3) Бир-эки татаал сан ойлоп, аны оозеки жөндөгүлө. 4) Анын кайсы сан атооч экенин аныктагыла.

| | | |
|---|---|---|
| А. | Төрт жүз жыйырма беш | отуз эки |
| И. | Төрт жүз жыйырма бештин | отуз экинин |
| Б. | Төрт жүз жыйырма бешке | отуз экиге |
| Т. | Төрт жүз жыйырма бешти | отуз экини |
| Ж. | Төрт жүз жыйырма беште | отуз экиде |
| Ч. | Төрт жүз жыйырма бештен | отуз экиден |

**309.** Алган билимди терендетүү көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү мисалдарды окуп чыккыла. 2) Сан атооч менен зат атооч айкалышып айтылганда кандай жөндөлөрүн түшүндүргүлө. 3) Өзүнөр ушуга окшош мисал ойлоп тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| А. | Он бала | беш китеп |
| И. | Он баланын | беш китептин |
| Б. | Он балага | беш китепке |
| Т. | Он баланы | беш китепти |
| Ж. | Он балада | беш китепте |
| Ч. | Он баладан | беш китептен |

3-корутунду

Эсептик сан атоочторго көптүк **-лар** мүчөсү уланып айтылганда, заттык мааниге өтөт да, жөндөмө мүчөлөр менен жөндөлө берет, бирок заттын санын чамалап көрсөтөт.

М и с а л ы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | *ондор* | *жүздөр* | *отуздар* |
| И. | *ондордун* | *жүздөрдүн* | *отуздардын* |
| Б. | *ондорго* | *жүздөргө* | *отуздарга* |
| Т. | *ондорду* | *жүздөрдү* | *отуздарды* |
| Ж. | *ондордо* | *жүздөрдө* | *отуздарда* |
| Ч. | *ондордон* | *жүздөрдөн* | *отуздардан* |

### 4-к о р у т у н д у

Сан атоочтордун бардыгы эле жөндөлө бербейт:

1. Чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү **(-дан)** уланган топ сандар жөндөлбөйт.

2. **-ча, -дай, -лап, -лаган** деген мүчөлөрдүн жардамы менен жана эсептик сандарга *жакын, чамалуу, ашуун, чакты, көп, кем* деген ж. б. сөздөрдүн айкалышынан жасалган чамалама сан атоочтор да жөндөлбөйт.

**310.** Проблемалык көнүгүү. 1) Жогорку 4-корутундудагы эрежелерге мисал ойлоп тапкыла. 2) Эмне үчүн алардын жөндөлбөй турган себебин түшүндүргүлө.

## § 87. Сан атоочтун жазуу эрежелери

**311.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү эрежелерди өз алдынарча окуп чыгып, сан атоочтордун кандай жазыларын үйрөнгүлө.

Сан атooч сөздөр төмөнкүдөй жазылат:

1. Жөнөкөй сандар айрым жазылат.

М и с а л ы:

*Бир, эки, он, жыйырма, отуз, кырк, алтымыш, сексен, токсон, жүз, миң.*

а) Төмөнкү эсептик сандарга эки л катар жазылат: *миллион, миллиард, триллион, триллиард.*

б) Эсептик сандарга мүчө уланганда сан менен бирге жазылат.

М и с а л ы: *отузча, кырктай, алтымышча, жүздөй.*

### 1-корутунду

Иреттик сандар төмөндөгүдөй жазылат:

а) Цифра менен кийинки сөздөрдүн ортосунда дефис коюлуп жазылат.

Мисалы: *1989-жылдын 23-сентябрында* Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кезексиз чакырылган *11-сессиясында* «Кыргыз тили жөнүндө Закон» кабыл алынган.

б) Аягы үндүүлөр менен бүткөн эсептик сан атоочторго **-ынчы** мүчөсү уланганда, **-ынчы** мүчөсүнүн башкы үндүүсү түшүп калат.

Мисалы: *экинчи, алтынчы, жыйырманчы, жетинчи, элүүнчү.*

в) Иреттик сандар рим цифрасы аркылуу берилсе, дефис коюлбайт, бөлөк жазылат.

Мисалы: *VI класс, XXI кылым, X глава.*

312. Жаңы билимге ээ болуу же проблемалык көнүгүүлөр. 1) Төмөнкү жамдама сан атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. 2) Аягы үндүүлөр менен бүткөн сандарга жамдама сан атоочтун мүчөсү **(-оо, -өө)** уланганда кандай жазыларын түшүндүргүлө.

Бирөө, экөө, үчөө, алтоо, жетөө.

### 2-корутунду

Сан атоочтор *жакын, чамалуу, чакты, ашык (ашуун)* деген сөздөр жана башка сөз түркүмдөрү менен жанаша айтылган учурда бөлөк жазылат.

Мисалы: *онго жакын, жыйырмадан ашуун, кырк чамалуу, он беш сом, жүз китеп, отузга чейин (чейинки), жүзгө дейре.*

Бөлчөк сандар айрым-айрым жазылат.

Мисалы: *ондон беш* $\frac{5}{10}$; *үч бүтүн төрттөн бир* $3\frac{1}{4}$; *жетиден бир* $\frac{1}{7}$.

313. 1) Окуп чыгып, төмөнкү сан атоочтордун кандай жазыларын үйрөнгүлө. 2) Айрымдарына оозеки мисал келтиргиле.

3-корутунду

1. Сандардын топ-тобун, чамасын билдирип, эки ирет кайталанып айтылган сандар дефис аркылуу жазылат.

Мисалы: *беш-бештен, он-ондон, беш-алты, жети-сегиз, отуз-отуздан, кырк-элүү.*

2. Цифрадан кийинки айтылган мүчө цифра менен бирге жазылат.

Мисалы:

*10дон 4тү алса, 6 калат. 20га 5ти кошсо, жыйырма беш болот.*

3. Татаал сандар цифра менен да, сөз менен да ар бир оруну бөлөк жазылат.

Мисалы:

*13 – он үч*

32 – отуз эки

45 – кырк беш

105 – бир жүз беш

**314.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сан атоочторду тапкыла. 2) Алардын жазылышында кандай өзгөчөлүктөр бар экенин далилдегиле. 3) Сан атоочтун жазылышын үйрөнгүлө.

1. Атам, Эргеш, Арзымат – үчөө[1] кеткен. 2. Алма, алмурут 300 жылга, арча 560, эмен жыгачы 200 жылга, ал эми Колифорниядагы бийиктиги 112, жоондугу 9 метр келген мамонт дарагы 3500 жылга чейин жашайт. 3. Биз жыйырма күн, жыйырма түн дегенде үйгө келип жеттик. 4. Суутек газы суунун үчтөн эки бөлүгүн ээлеп[1], жалпы абадан 14,5 эсе жеңил. 5. Душмандардын саны он бештен кем эмес, биздики жыйырма чакты. 6. 1936-жылы 18-июнда Горький дүйнөдөн кайткан. 7. Дүйнөнүн эки бөлүгүн: Европанын чыгыш жарымын жана Азиянын үчтөн бир бөлүгүн КМШ республикалары ээлеп турат.

**315.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү.

1. Азыр кыргыз эли М. Горькийдин: «Эне», «Изергил кемпир», «Көрүнгөндөрдүн колунда», «9-январь», «1-Май», деген ж. б. көптөгөн чыгармаларын өз эне тилинде окушат. 2. Жакшы болор уулун, он төртүндө октолот, он бешинде токтолот, жыйырмага чамалуу, калдайган жыйын топ бо-

лот. 3. Жыйырмадай кишиден жылкыдай[2] туйлайт жүрөгүн. 4. Ондон-ондон бөлүнүп, оюн куруп жатыптыр. 5. Атайын күтүп барчумун, алтынчы күнү кечинде. 6. Ажардын он төрттөн он бешке караган убагы.

**Сан атоочту кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар**

1. Сан атоочтун эрежесин айтып бергиле, кандай сөз түркүмү экенин далилдегиле.
2. Сан атооч түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт? Ар бирине мисал келтиргиле. Тубаса жана туунду сан атоочторду айтып бергиле.
3. Кыргыз тилиндеги сан атоочтор маанисине карай канчага бөлүнөрүн, эсептик, иреттик, жамдама, чамалама, топ, бөлчөк сан жана алардын эрежесин айтып берип, кандай жолдор менен жасаларын түшүндүргүлө.
4. Сан атоочтун жөндөлүш өзгөчөлүгү кандай? Эмне үчүн жамдама сан атоочтордун жөндөлүшү таандык мүчөлөр уланган зат атоочтордун жөндөлүшүнө окшош?
5. Сан атоочтун жазуу эрежелерин түшүндүргүлө.
6. Сан атоочтун сүйлөм ичинде кандай синтаксистик милдет аткарарын далилдеп, мисал келтиргиле.
7. Ар биринер сан атоочтун бардык түрүн катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.
8. Сан атоочтун башка сөз түркүмдөрүнөн болгон айырмачылыгын айтып бергиле.
9. Сан атоочтун лексикалык маанисин, морфологиялык белгисин түшүндүргүлө.
10. Сан атоочтун кандай жол менен жасалышын (морфологиялык жол, синтаксистик жол) айтып бергиле, мисалдар келтиргиле.

**316.** Сан атооч боюнча алган билимдерди жалпылоо, бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сан атоочторун тапкыла. 2) Түзүлүшү боюнча ажыраткыла. 3) Даражаларын аныктагыла. 4) Маанисине карай ажыраткыла. 5) Сан атоочтун жасалышын жана жазылышын түшүндүргүлө.

1. Беш-алты жылдан кийин Алай тоосун аралап, поезд келип каларын кайдан билесиң? 2. Чүй, Талас өрөөнү деңиз деңгээлинен жети жүздөн бир миң беш жүз метрге, Ысыккөл бир миң алты жүздөн эки миң эки жүз, Тяньшань, Памир,

Алай эки минден үч миң сегиз жүз метрге чейинки бийиктикте жайгашкан. 3. Орус тилин азыр чет элдерде миллиондон ашуун адамдар үйрөнүп жатышат.

**317.** Алган билимди эске түшүрүү көнүгүүсү.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖЕМИШ ТОКОЙЛОРУ

Кыргызстандын ар түркүн жаратылыш байлыктарынын ичинен көрүнүктүү орун токойлорго таандык. Аянты жагынан Ысыккөл ойдуңундагы жана Борбордук Тянь-Шандагы карагай токойлору, Кыргызстандын түштүгүндөгү арча токойлору басымдуулук кылат. Арча жана карагай токойлорунун жалпы аянты 146 миң гектарды түзөт.

Бул токойлордун башкы көркү болуп эсептелген жаңгагы жана 27 миңге жакын гектар аянтты ээлейт. Биринчи иретте бул токойлор кыртышты жана нымды сактайт. Жаңгакта 70 процентке чейин май, 19 процентке жакын белок бар.

Түшүмдүү жылдары бул токойдон 1,5 миң тонна жаңгак, 5 миң тонна алма, 100 миң тонна мисте ж. б. жемиштер жыйналып алынат. Мындагы жаңгак жана мистенин түшүмү КМШ боюнча жыйналуучу түшүмдөн экиден үч бөлүгүн түзөт.

1947-жылдан тартып, токойлор токой чарба органдарынын карамагына өткөрүлүп, көп иштер жүргүзүлүп жатат.

Кийинки жылдарда 60 миңден ашуун гектар жерге жаңгак жана мисте отургузулду. Бул жерибиздин дагы кооз, дагы бай болушуна өбөлгө түзөт. *(«КМ»)*

**5*. 318.** 1) Төмөнкү таблицадагы мисалдарга карап, мааниси боюнча сан атоочтун кайсы түрү экенин тушуна жазгыла. 2) Ар биринин эрежесин айтып бергиле.

Сан атооч
- бирөө, экөө, үчөө —
- экиден бир, төрттөн эки —
- жүзгө жакын, кырктай —
- эки-экиден, үч-үчтөн —
- бешинчи, он биринчи —
- отуз, кырк, миң —

***Сан атооч боюнча текшерүү диктантын жазууга даярдангыла!***

## Сан атоочту морфологиялык жактан талдоонун тартиби

1. Сан атоочторун табуу, анын лексикалык маанисин, морфологиялык белгилерин ажыратуу. Алардын эрежесин айтып берүү;

2. Сан атоочту түзүлүшүнө (жөнөкөй, татаал) карай ажыратуу;

3. Сан атоочту маанисине карай бөлүнүшүнүн (эсептик сан, иреттик сан, чамалама сан, жамдама сан, бөлчөк сан, топ сан), аларды уюштурган мүчөлөрдү табуу;

4. Сан атоочту уңгу, мүчөгө ажыратуу, мүчөлөрдүн өзгөрүш себептерин түшүндүрүү;

5. Сан атоочтун кайсы жөндөмөдө тургандыгын табуу;

6. Сан атоочтун жазуу эрежелерин түшүндүрүү;

7. Сан атоочтун сүйлөм ичинде кандай синтаксистик кызматты аткарып турганын аныктоо.

### Т а л д о о н у н ү л г ү с ү

Бешинчи, жүздөй, он чакты, алтоо.

### О о з е к и:

*Бешинчи* – иреттик сан атооч, **-ынчы** мүчөсүнүн жардамы аркылуу жасалды, к а н ч а н ч ы? н е ч е н ч и? деген суроого жооп берип, түзүлүшү жагынан жөнөкөй.

*Жуздөй* – чамалама сан атооч, **-дай** деген мүчөнүн жардамы аркылуу жасалды, затты чамалап көрсөттү. Эсептик санга уланды, унгусу – *жуз*, мүчөсү – **-дай**.

*Он чакты* – чамалама сан, эсептик сандан кийин *чакты* деген сөздүн жардамы аркылуу жасалды. Татаал сан.

*Алтоо* – жамдама сан, эсептик санга **-оо** мүчөсүнүн уланышы аркылуу жасалды, уңгусу – *алты*, мүчөсү – **-оо**, жөнөкөй сан, түзүлүшү боюнча туунду сан.

### Ж а з у у т ү р ү н д ө:

*Бешинчи* – иреттик сан, уңгусу – *беш* мүчөсү **-ынчы**, түзүлүшү жагынан жөнөкөй, туунду, к а н ч а н ч ы? н е ч е н ч и? деген счуроого жооп берет.

**319.** 1) Сан атоочторду катыштырып, «Мен футбол ойнодум» деген темада кыскача изложение жазгыла. 2) Анда сан атоочтун бардык түрлөрү катышкандай болсун.

## § 88. Ат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү

### 1-корутунду

Затты же алардын белгилерин (сын-сыпаттык, сан өлчөмдүк) атабай, аларды өтө жалпылап көрсөтүүчү сөздөр а т  а т о о ч  деп аталат.

М и с а л ы:

*Ал* келди. *Биз* бардык, *алар* келишти деген сүйлөмдөрдөгү *ал, биз, алар* деген сөздөрдөн к и м?  э м н е? келгендигин ачык-айкын биле албайбыз, себеби булар менен аталган бир да зат жок. Демек, *ал, биз, алар* деген сөздөр конкреттүү бир заттын аты эмес, заттык маанини өтө жалпылап гана туюндурган сөздөр.

Ат атоочторго төмөнкү сөздөр кирет: *мен, сен, ал, биз, силер, алар, бул, тигил, ким? эмне? кайда? качан? эч ким, эч нерсе, эч кандай, эч качан, эч бир, баары, бүткүл, бардыгы, ар кандай, ар кайсы, алда ким, алда кандай, алда эмне, кимдир бирөө.*

**320.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку ат атооч сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө. 2) Эмне үчүн затты же анын белгилерин атабай, аларды жалпылап көрсөтүп жаткандыгын далилдегиле.

### 2-корутунду

1. Ат атооч башка сөз түркүмдөрүнөн лексикалык маанисинин жалпылангандыгы, уюштурган атайын мүчөсүнүн жоктугу менен айырмаланат.

М и с а л ы: *мен, сен, ал, бул, ким, эмне, биз.*

**I. Ат атоочтун морфологиялык белгиси.**

1. Мүчөлөрдүн жардамы менен ат атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн жсалбайт.

2. Кээ бир ат атоочтор жөндөлгөндө уңгусу өзгөрүп кетет: *ал – ага, мен – мага, сен – сага, бул – буга, муну, мында, мындан.*

3. Айрым мүчөлөр менен өзгөрөт:

**-сыз** – *менсиз, сенсиз, бизсиз, ансыз.*

**-лар** – *силер, алар, булар, тигилер.*

**-дай** – *мендей, сендей, мындай, ошондой, ушундай, тигиндей.*

**-ча** – *менче, сенче, анча, ошончо.*

4. Ат атоочтор жекелик, көптүк санда айтылат: *мен, сен, ал* (жекелик), *биз, силер, алар* (көптүк).

**II. Синтаксистик кызматы.**

Сүйлөм ичинде ат атоочтор э э л и к, б а я н д о о ч т у к, а н ы к т о о ч т у к, т о л у к т о о ч т у к, б ы ш ы к т о о ч т у к милдетти аткарат.

Э э л и к: *Биз* бүгүн келдик (ээси – *биз*). *Ал* ырдады (ээси – *ал*). *Булар* тарашты (ээси – *булар*).

Б а я н д о о ч т у к: Биздин жерибиз – *ушул.* Мунун аты *ким?* Анын иши *кандай?* Атасы да *мен,* энеси да *мен.*

А н ы к т о о ч т у к: *Мунун* айтканы ордунан чыкты. *Менин* тилегим орундалды. *Анын* билгиси келди.

Т о л у к т о о ч т у к: *Бизди* жыйналышка чакырды. *Аны* алыстан тааныдым. *Мени* ударник катарында сыйлады.

Б ы ш ы к т о о ч т у к: Кетмен чаппай, иштебей, нанды *кайдан* табасың? Алар *биздикинде* болуптур.

**321.** Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, ат атоочторду тапкыла. 2) Башка сөз түркүмүнөн болгон айырмачылыгын айтып бергиле. 3) Лексикалык маанисин, морфологиялык белгисин, синтаксистик кызматын түшүндүргүлө.

1. Ар дайым бир жакка жол жүрөрдө, мен ушул сүрөттүн алдына келип турам. *(Ч. А.)* 2. Ушул заман тар заман, азуулууга бар заман. *(М. К.)* 3. Биз билбеген дүйнөдөн, канча калат аккан суу. *(Ж.)* 4. Бул сүрөттүн анча деле кызыгы жок. 5. Үч кез дубалы мыктап салынган үй – биздики. 6. Ким

эрдик кылса, жеңиш ошонуку. 7. Биз аларга бардык[4], алар бизге келишти. 8. Сенсиз бул оюм ишке ашпайт. 9. Ар ким өз ишинен таанылат.

322. Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү ат атоочторду катыштырып, сүйлөм ойлоп таап, көчүрүп жазгыла. 2) Ат атоочтордун сүйлөм ичиндеги аткарган синтаксистик кызматын аныктагыла. 3) Ат атоочторду унгу, мүчөгө ажыраткыла.

Мен, менин, ал, бул, биз, силер, ким, эмнеде, силерсиз.

323. Жаңы билимдин тереңдигин текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, ат атоочторду тапкыла. 2) Эмне үчүн ат атооч экенин далилдегиле. 3) Ат атоочтун аныктамасын, морфологиялык белгилерин, жекелик, көптүк санын түшүндүргүлө.

1. Биздин коомдо[1] адамдардын достугу чыңдала берет. 2. Бардык иш бири-бирин урматтоонун негизинде иштелет. 3. Алар көпчүлүк үчүн иштешет. 4. Бул сүйлөшүү кечинде болду. 5. Ар кимдин кылган иши алга жылсын, ар ким турмушунан бакыт тапсын. 6. Сага кат жаздым, оюм толкуп турганда. 7. Бүт дүйнө укту даңкыңды, бардык эл билет баркыңды.

### 3-корутунду

Ат атоочтор төмөндөгүдөй жалпыланган маанини билдирет.

1. Заттык маанини: *мен, сен, ал, биз, сиз, силер, алар, ким, эмне, эч ким, эч нерсе.*

2. Сын-сыпаттык маанини: *кандай, ошондой, ушундай, ар кайсы, ар качан, ар кандай.*

3. Сан-өлчөмдүк маанини: *баары, бардыгы, бүткүл, канча, нече, канчанчы, неченчи, эч канча.*

## § 89. Ат атоочтун түзүлүшүнө карай бөлүнүшү

324. Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Төмөнкү мисалдарды окуп, жөнөкөй жана татаал ат атоочторду тапкыла, эрежесин түшүндүргүлө. 2) Аларды катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Мен сен, ал, биз, силер, булар, тиги, тигил, өз, өзүм, баары, бүткүл, кайда, эмне, ар кайсы, ар качан, мына бу (л), ар кандай, кайсы бир, алда кандай, алда эмне, эч кандай.

**325.** Алган билимди калыбына келтирүү көнүгүүсү.

1. Ойдон күлүк эч нерсе жок. 2. Өмүр — бардык байлыктан кымбат. 3. Мына бул сүрөттүн эч кандай деле артыкчылыгы жок. 4. Мен өзүмдүн жолум менен келатам. 5. Жер кандай болсо, сүрөт да ошондой жөнөкөй. 6. Тактай араба, шады араба – баарысы ушул кишинин колунан[3] чыгат. 7. Биз баарыбыз бир үй-бүлөдөй турабыз.

**326.** Алган билимди жалпылоо, бышыктоо, корутундулоо көнүгүүсү. 1) Жөнөкөй жана татаал атоочторду тапкыла. 2) Татаал ат атоочтордун кандай жолдор менен түзүлгөнүн аныктагыла.

1. Мен сени өзүм узатам. 2. Алар ар кандай иштер менен алек. 3. Тетиги тоону ураткан, омкоруп ташын кулаткан. 4. Тээтетиги[6] чоң арабакечтерди туурап, камчымды сүйрөп, жайбаракат бастым. 5. Эч кимиси жоктой, аларды телмирип карай берем. 6. Ал өзүнөн-өзү кыялга баткандай. 7. Ал кимдир бирөөнү күтүп турат. 8. Калпычы чынын айтса да, эч ким ага ишенбейт.

## § 90. Ат атоочтун маанисине карай бөлүнүшү

Ат атооч сөздөр берген маанилерине карата алтыга бөлүнөт:

| Ат атоочтун бөлүнүшү | Мисалдары жана суроолору |
|---|---|
| 1. Жактама ат атооч | *мен, сен, сиз, ал, биз, силер, сиздер. (ким? кимдер?)* |
| 2. Шилтеме ат атооч | *бу (бул), тиги (тигил), ошо (ошол), ушу (ушул), тетиги (тетигил), мына бу (мына бул), мына ушу (мына ушул).* |
| 3. Сурама ат атооч | *ким? эмне? кайсы? качан? кайда? канча? кандай? кана? кайдан?* |
| 4. Тангыч ат атооч | *эч ким, эч нерсе, эч бир, эч качан, эч кандай, эч канча, эчтеме, эч кайсы.* |
| 5. Аныктама ат атооч | *бүткүл, бардык, баары, бүтүн, ар ким, ар кайсы, өз, өзүм, ар бир, ар кандай, ар качан.* |
| 6. Белгисиз ат атооч | *кайсы бир, кимдир бирөө, алда кандай, алда эмне, кандайдыр бир, бир нерсе.* |

327. Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Жогорку таблицаны окуп чыгып, ат атоочтор маанисине карай канчага бөлүнөрүн, ага кандай сөздөр кирерин үйрөнгүлө. 2) Айрымдарын катыштырып сүйлөм түзгүлө.

## § 91. Жактама ат атооч

### 1-корутунду

Жалпыланган заттык маанини үч жактын бирине, жекелик, көптүк санга тиешелүү кылып көрсөткөн ат атоочтор **ж а к т а м а  а т  а т о о ч** деп аталат. Жактама ат атоочторго: *мен, сен, ал, биз, силер, сиздер, алар* деген сөздөр кирет да, **к и м? к и м д е р?** деген суроолорго жооп берет.

Э с к е р т ү ү: *сен, ал* деген жактама ат атоочторго көптүк **-лар** мүчөсү уланганда уңгусу өзгөрүп кетет: *ал – алар, сен – силер.*

| **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
|---|---|
| I жак – *мен* | I жак – *биз* |
| II жак – *сен (сиз)* | II жак – *силер (сиздер)* |
| III жак – *ал* | III жак – *алар* |

Кээде *силер* деген көптүк сандагы ат атооч жекелик санда да колдонулуп калат: *Силер* качан кетесиңер? *Силерди* чакырып келдим.

328. Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жактама ат атоочторго кандай ат атоочтор кирерин санагыла. 2) Эрежесин айтып, ат атоочтун аныктамасын түшүндүргүлө.

329. Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, жактама ат атоочторду тапкыла. 2) Эмне үчүн жактама ат атооч экенин түшүндүргүлө. 3) Жактама ат атоочторго кандай сөздөр кирерин санап көрсөткүлө. 4) Кайсы жакта турганын аныктагыла.

1. Сен менин бактылуу болушума тилектеш бол. 2. Биз айылга кетип бара жаттык[1]. Ошол түнкү түн менин эсимден кетпейт, чиркин, эң эле көрктүү болду. 3. Анын үнү, анын обону кулагыма сиңип калды. 4. Кымбаттуу, балдар, мен силерге ысык саламымды жиберем! 5. Сиздин телеграммаңызды алдым, мен да кат жаздым. 6. Силер ырыстуусуңар, жакшы заманда төрөлдүңөр. 7. Азыр мен өкүнбөймүн, анткени менин балдарым көп, алар – силерсиңер.

2-корутунду

**Ал** деген жактама ат атооч кээде шилтеме ат атоочтук мааниде да колдонулат. Эгер ***ал*** деген сөз аныкталгычсыз айтылса, жактама ат атоочтук *(Ал келди. Ал окуду. Ал иштеди);* аныкталгыч менен бирге айтылса, шилтемелик мааниде *(Ал окуучу жакшы окуйт. Ал балдар өтө тартиптүү. Ал, тигил арык казгандар, эмгектин кызы селкибиз.)* колдонулат.

Эскертүү: ***Ал*** деген жактама ат атооч шилтемелик мааниде колдонулганда аныктоочтун милдетин аткарат.

Мисалы: *Ал окуучу жакшы окуйт. Кайсы окуучу? – Ал. Ал 1999-жылдын жазы эле.*

3-корутунду

***Ал*** деген ат атооч кээде **а** түрүндө да айтыла берет.

Мисалы: *А дүйнө кетсем мейличи, аман-эсен эл калсын. А дүйнө кеткен нечендер, ак таңдай акын чечендер.*

**330.** Алган билимди бышыктоо, жалпылоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, **ал** деген ат атоочтун шилтемелик мааниде колдонулуп жатканын тапкыла.

1. Ал, тигил кызыл жоолукчан, эмгектин кызы селкибиз.
2. Ал аркы-терки басты да, бизге жакын келип отурду.
3. Ал айтканың ырас, биз да силердин кабарды уктук.
4. Ал эмнеси менен сыймыктанат экен.
5. Ал сабакка качан келет экен?

4-корутунду

1. Жактама ат атоочтор жекелик, көптүк санда айтыла берет: *мен, сен, ал, биз, силер, алар.*

2. Жөндөмөлөр менен жөндөлөт: *менин, мага, мени, менде, менден, биз, биздин, бизге, бизди, бизде, бизден.*

3. *Ал, алар* деген ат атоочтон башкаларына жак мүчөлөрү ат атоочтордун өзгөчөлүгүнө карай уланат: *менмин, сенсиң, сизсиз, бизсиз, силерсиңер, сиздер, сиздерсиздер.*

4. Жалпы таандык **-ныкы (ыкы),** мүчөсү жалганат: *мeники, сеники, аныкы, силердики, биздики.*

**331.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Жогорку 3-корутундуну дагы окуп чыгып, ат атоочтун морфологиялык белгилерин үйрөнгүлө.

5-корутунду

Жактама ат атоочтор синтаксистик жактан сүйлөмдүн ар түрдүү мүчөсүнүн милдетин аткарат.

Мисалы: **Мен** *бөпөлөп өстүргөн ата-энеме көп милдеттуумун* (ээси – **мен**). *Ырдаган* – **биз** (баяндоочу – **биз**). *Кымбаттуу, окуучулар,* биз **силерди** *жардамга чакырдык* (толуктоочу – **силерди**). **Алардын** *оюна эми түшүндүм* (аныктоочу – **алардын**).

## § 92. Шилтеме ат атооч

**332.** Билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү эреже менен таанышып чыгып, шилтеме ат атоочторго кайсы сөздөр кирерин түшүнгүлө, шилтеме ат атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөмдөр түзгүлө. 2) Ат атооч жөнүндө түшүнүк бергиле.

1-корутунду

Шилтеме ат атоочторго кайсы? деген суроо берилип, толук жана кыскарган түрдө колдонула берет: *бу (бул), ушу (ушул), мына бу (мына бул)* деген ат атоочтор өтө жакынкы затка, *тиги (тигил), ошо (ошол)* обочороок затка, *тетиги (тетигил), тээтетиги (тээтетигил)* алыс турган заттарга колдонулат.

2-корутунду

Шилтеме ат атоочтун морфологиялык белгиси катарында алардын жөндөлүшүн, заттык мааниде колдонулганда **-лар** мүчөсүнүн уланышын көрсөтүүгө болот.

Мисалы: *мунун, буга, муну, мында, мындан, тигилердин, тигилерге, тигилерди, тигилерде, тигилерден.*

Кээ бир учурларда *тээтетиги* **(л)** деген шилтеме ат атооч кыскарып **тээ** түрүндө да колдунулат.

Мисалы: 1. *Ай* **тээ** *үзүлө турган булуттун үстүнөн көрүндү.* 2. *Төрт-бешөө* **тээ** *короонун баш жагында эрмектешип отурат.* **Тээ** *келаткан ким?*

**333.** Жаңы билимди өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, шилтеме ат атоочторду тапкыла. 2) Көчүрүп жазып, алардын толук же кыскарган формасын айтып бергиле.

1. Бул – биздин айыл, биздин жашаган жер – ушул. 2. Тигил көрүнгөн – мектебибиз, өкмат тарабынан курулуп бе-

рилди. 3. Мына бул – оорукана, тигиниси дарыкана. 4. Тээтигил – балдар бакчасы. 5. Ана, ана Чолпон жылдыз көрүндү. 6. Мына, мына келип калат деп, баары аларды күтүп турушту. 7. Кечээ гана тиги кырда жок эле, Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш.

8. Аманат жалган бу дүйнө,
Анда болбос о дүйнө.
Беш күн өтөр бу дүйнө,
Бейиштин жайы о дүйнө,
Башың кетер бу дүйнө,
Барар жериң о дүйнө. *(Молдо Нияз)*

**334.** Алган билимдерин эске түшүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Бул кыштакты биз биринчилерден болуп салганбыз[4]. *(С. Ш.)* 2. Жаш муундар ушул жерге жаңы коомду куруугa тийиш. 3. Он чакты баланы[1] ээрчитип жүргөн Дүйшөн тигил үйгө бир кирип, бул үйгө бир кирип жүрдү. *(Ч. А.)* 4. Тээтиги эки кишиге көз чаптырдым. 5. Келген себебим – ушул, түшүндүңбү, Бостон. 6. Аны тигиндейрээктен[3] тааныдым. 7. Мобереки кишини көрдүңбү. 8. Тээ алдыдагы койкойгон ак боз ат минген ким ошо? 9. Ким өз салмагынан оорду көтөрсө, ошол – күчтүү. 10. Тээтиги Кычан дешип, эл аны ыраактан таанышчу. *(Ш. Б.)*

### 3-корутунду

Бир затка карата көрсөтүлө, жансоо иретинде айтылган, бир өңчөй заттардан бирөөнү бөлүп көрсөткөн ат атоочтор **шилтеме ат атооч** деп аталат. Шилтеме ат атоочторго кайсы? кээде ага **-лар** мүчөсү уланып, **кимдер?** **кайсылар?** деген да суроолор берилет.

Мисалы: ***Тигилер*** (кимдер?) *келишти.* ***Булар*** (кимдер?) *барышты.* ***Ошол*** (ким?) *күчтүү.* ***Мына бул*** (кайсы?) *биздин тиккен бак болчу.* ***Тиги*** (кайсы?) *балдар биздин мектепте окушат.* ***Ал*** (кайсы?) *сөздү айтты Эр Манас.*

**335.** Алган билимди тереңдетүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Тетиги зоону ураткан,
Омкоруп ташын кулаткан.
Ал, тигил кызыл жоолукчан,
Чекеси тердеп суу аккан.
*(Ж. Т.)*

2. Ана, тетигини окуучулардын өздөрү жасашты. *(Н. Б.)* 3. Мына бул киши ким? 4. Мен аны тигил Каракол өрөөнүнөн көрдүм. 5. Базарлык эле керек болсо, мына, ушуну алгын. 6. Эсимди кудай алыптыр, колумдун чени ошондо, энеме кетип калыптыр. *(Т. Молдо)* 7. Тигилердики чакырып жатат. 8. Мына ушундан кийин Жайнак менен Анаркүл бирге кетишти. 9. Ал бизди телмире карап турду.

10. Коюу түндүн кучагынан[2],
Тигил кайсы, үн салган?
Күткөн Жапар ошол болот,
Биз жалпыбыз нурданган. *(Ж. Б.)*

11. Алар кийинчерээк төрөлүп, таалайлуу[2] болушту, бул эбегейсиз чоң бакыт.

### 4-корутунду

*Шилтеме ат атоочтун синтаксистик кызматы.*

1) Затташып ээлик милдетти: *Булар* – биздин балдар. *Тигилер* келишти.

2) Аныктоочтук: *Ошолордун* тилеги орундалса экен.

3) Баяндоочтук: Биздин класстын отличник окуучулары – *ушулар.* Ошол киши – *ушул.*

5*. 336. Чыгармачылык көнүгүү. 1) Өзүңөр шилтеме ат атоочторду катыштырып, алар ээлик, баяндоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарып тургандай кылып, мисал ойлоп жазгыла. 2) Шилтеме ат атоочтун эрежесин айтып бергиле.

337. Алган билимди текшерүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдөн шилтеме ат атоочторду көчүрүп жазгыла. 2) Алдын сызып, эрежесин айтып бергиле. 3) Кандай суроолор берилерин аныктагыла. 4) Синтаксистик кызматын түшүндүргүлө.

1. Тээтиги түрүнгөн.
Күрөгүн алып жүгүргөн.
Кулагын байлап, суу жыгып,
Ал да эпкиндүү күжүрмөн. *(Ж. Т.)*

2. Макиш – орус кызы, өз аты – Маруся, ушул жерде туулуп, ушул жерде чоңойгон. *(Т. С.)* 3. Мына ушул тил биздин элдин оозунан душмандарга ок катары атылган. 4. Билип туруп чын сүйлө, бейиш мына бул дүйнө. 5. Буларды жалпы эл макташты. 6. Бысмылданы айтпаган, каапыр болот ошолор. 7. Салган там, беде менен малы калды, ушулар унут болор мындан дагы. 8. Мына муну мен алып келдим[4]. 9. Кызматы менен кишиге мына ушундай жаккан суу. 10. Бечара менен кедейди, бага турган жер – ушул.

## § 93. Сурама ат атооч

**338.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сурама ат атоочторго кандай сөздөр киререрин үйрөнгүлө, айрым сурама ат атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

| Сурама ат атоочтор | Мисалдар |
|---|---|
| Ким? | 1 – *Бул* ким? – *Кичүү уулум.* |
| Эмне? | 2 – Эмне *жөнүндө сүйлөшөлү?* |
| Кандай? | 3 – *Шаарда* кандай *жаңылыктар бар?* |
| Качан? | 4 – *Сиз* качан *келесиз?* |
| Кайсы? | 5 – *Күн узарып, кар эрип, Өзөнгө суулар толчу эле. Бул* кайсы *убак болчу эле?* |
| Кайда? | 6 – *Силер* кайда *баратасыңар?* |
| Кайдан? | 7 – *Силер* кайда *келатасыңар?* |
| Канча? | 8 – *Балам, сен* канчадасың? |
| Кана? | 9 – *Китебиң* кана? *Сумкаң* кана? |

**Э с к е р т ү ү:** кана деген сөз сүйлөм ичинде эки түрдүү мааниде колдонулат.

1) С у р а м а  а т  а т о о ч т у к  м а а н и д е.

М и с а л ы: *Балдар* **кана?** *Абылдар* **кана?** *Китебиң* **кана?** *Жылкынын сарайы* **кана,** *жем-чөбү* **кана,** *тузу* **кана?** *Танабай карыя, Гүлсары* **кана?** *Ай, жылкычы жигит, токточу, кымыз* **кана?** *Иштеш керек, эптеш керек, ага акча* **кана?**

2) М о д а л д ы к  м а а н и д е.

М и с а л ы: **Кана,** *эми басалы, Гүлсары.* **Кана,** *илээлеп баса берели, коркпо, таштап кетпейм. Арабаны эмне кылдың,* **кана? Кана,** *эмне керек сага.* **Кана,** *калайыктан бата алалы.* **Кана,** *Гүлсарым, Камбар атаң колдосун.*

К а й д а н? К а й д а? К а ч а н? деген сурама ат атоочтор күчөтүлүп айтылганда, сурамалык касиетинен ажырайт.

М и с а л ы: *Мен* **капкачан** *эле келгемин.* **Капкайдан** *жаман иш келсе, ким жазат менин жарамды. Элесиң көзгө көрүнбөй,* **капкайда** *калды карааның.*

## 1-к о р у т у н д у

Заттын аты-жөнүн, санын, катар тартибин, сапатын, ордун, мезгилин аныктап билүү үчүн суроо иретинде айтылган сөздөр **с у р а м а а т а т о о ч** деп аталат.

**339.** Жаңы билим алууга окуучуларды даярдоо көнүгүүсү. 1) Жогорку 338-көнүгүүдөгү сурама ат атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Сурама ат атоочтун эрежесин айтып бергиле.

**5*. 340.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Сурама ат атоочторду катыштырып, өзүңөр каалаган темада кыскача аңгеме жазгыла. 2) Андагы ат атоочторду тапкыла. 3) Эмне үчүн сурама ат атооч экенин, же ат атоочтун кайсы түрү экенин аныктап, эрежелерин айтып бергиле.

**341.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп, сурама ат атоочторду тапкыла жана кандай мааниде колдонуларын түшүндүргүлө.

1. Сен, дайра, кылымдарды[2] санап жаттың, Нени көрдүң, нени билдиң, нени таптың? *(А. Т.)* 2. Бул отурган карылар, сүйлөйт эмне жөнүндө. 3. Кайда жүрсөм, дагы турмуш жолунда, ошол элес унутулбайт оюмда. 4. Эл ичинде эмне болуп жатканын билбегеним чын. 5. Танабай күрөшпөй анан ким күрөшөт. 6. Кандай ырыстуу адам болдуңар. 7. Эне, бери карачы, кандай сонун жаан. 8. Канча жолу күн чыгып, канча жолу күн батты. 9. Аты-жөнүн сурайлык, ак селдечен кимсиң? – деп. 10. Бул эмне? Данийардын обонубу? Кайсы обонго окшош?

## 2-к о р у т у н д у

Сурама ат атоочтун морфологиялык белгилери да ар башка.

1. *Ким? Эмне? Не?* деген ат атоочтор таандык мүчөлөр уланбай турган зат атооч, *канчоо? нечөө?* деген сурама ат атоочтор жамдама сан атоочтор сыяктуу жөндөлөт.

М и с а л ы: *кимдин, кимге, кимди, кимде, кимден; канчоо, канчоонун, канчооно, канчоону, канчоондо, канчоонон.*

2. *Ким? Эмне? Не? Кайсы? Канча? Нече?* деген сурама ат атоочтор таандык жана көптүк **(-лар)**, жак мүчөлөр менен өзгөрөт.

М и с а л ы: *кимбиз? кимиси? кимсиңер? эмнең? эмнеси? эмнеңиз? киммин? кимсиң? кимдер? эмнелер? канчасың? нечесиң? канчалардасың? нечелердесиң?*

3. *Канча? Нече?* деген сурама ат атоочторго иреттик сандын **-ынчы**, жамдама сан атоочтун **-оо (-өө)** мүчөлөрү уланып айтыла берет.

М и с а л ы: *канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө?*

**342.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Эмне? Не? Кайсы? Канча? деген сурама ат атоочторду оозеки жөндөгүлө. 2) Алардын кандай жөндөлөрүн байкагыла.

### 3-к о р у т у н д у

Сурама ат атоочтор төмөндөгүдөй синтаксистик кызматты аткарат.

Э э л и к: **Ким** *келди?* **Эмнелер** *берилди?* **Канчасы** *келди?*

Б а я н д о о ч т у к. *Отличниктер* **канча?** *Сыйлангандар* – **кимдер?**

Т о л у к т о о ч т у к: *Мен сага* **эмнени** *айттым эле.* **Канчасын** *алдың?* **Эмнени** *алдың?* **Эмнеге** *күттүң?* **Кимдерди** *сыйлады?*

**343.** Жаңы билимди өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сурама ат атоочтун синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Кимдер келишти? Эмнелер берилди? 2. Келгендер канчоо? 3. Жакшы окуган балдар кимдер? 4. Сиз мага нени айттыңыз? Эмнени көрдүңөр? 5. Эмнеге таарындың? Канчага күтөйүн?

**344.** Алган билимдин чындыгын текшерүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сурама ат атоочторду тапкыла. 2) Сурама ат атоочтун эрежесин айтып бергиле.

1. Кырмызы манат чепкенди, кыябын таптап, ким билет? 2. Кыр-кырда жүргөн кыргызча, кыямат күндө ким

күйөт? 3. Сурап-сурап отурсаң, кайдан келет аккан суу? 4. Балдар кана? 5. Ээ, эми андай болмок кайда? 6. Бир ууч эмес өмүрүң, бул дүйнөдө ким жарыйт? 7. Ак карагай тилгирем, кайсы шаарданactыңыз, ак падыша залимге кай себептен жактыңыз? 8. Эмне үчүн кыймылдап, эшендин козголуп калган келдеси. *(Э.)* 9. Уулум[1], нечедесиң? 10. Нени көрдүң, нени билдиң?

**345.** Окуучулардын алган билимин текшерүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сурама ат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. 2) Ат атоочтордун эмне үчүн мүчөлөрдүн жардамы менен башка сөз түркүмдөрүнөн жасалбагандыгын айтып бергиле. 3) Кайсы ат атоочтордун жөндөлүп, кайсы ат атоочтун жөндөлбөй турганын байкагыла.

Ким? Эмне? Качан? Кайда? Кандай? Кайсы? Канча? Нече?

## § 94. Тангыч ат атооч

**346.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүлөрү. Тангыч ат атоочторго төмөндөгүдөй ат атоочтор кирерин үйрөнгүлө жана эсинерге сактагыла.

Эч ким, эч кандай, эч качан, эч кайда, эч кайдан, эч нерсе, эч бир, эч убакта.

1-корутунду

Жалпыланган заттык, сын-сыпаттык, сан-өлчөмдүк маанини тануу же жокко чыгаруу иретинде айтылган ат атоочтор **тангыч ат атооч** деп аталат.

2-корутунду

а) Тангыч ат атоочтор эч деген тангыч бөлүкчө менен *ким? качан? кайда? кандай?* деген сурама ат атоочтордун жана *бир, нерсе, убакта* деген сөздөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу жасалат.

Мисалы:

| Тангыч ат атоочтор | Мисалдар |
|---|---|
| Эч ким | *Уулум,* эч кимди *тилдебе,* эч кимге *жаман айтпа.* Эч ким *келген жок.* |

| Тангыч ат атоочтор | Мисалдар |
|---|---|
| **Эч нерсе** | *Мен бул* сүрөттү эч нерсе *менен алмашпайм.* Эч нерсе *билбейм.* |
| **Эч качан** | Эч качан *адамдын көңүлүн ооруткан жан эмесмин.* Эч качан *элим унутпайт, өлүмдүү согуш күндөрүн.* |
| **Эч кандай** | *Жамийланын араба айдап кетерине мен* эч кандай *күнөм санаган жокмун.* *Менин ага* эч кандай *тиешем жок.* |
| **Эч убакта** | *Окуучу чынчыл болот,* эч убакта *калп айтпайт.* |
| **Эч нерсе (эчтеке)** | Эч нерсе (эчтеке) *көрө албадым, анткени мен океандын үстүнөн учуп бараткан болуум керек.* |
| **Эч бир** | *Сабактан* эч бир *кечиккен жокмун.* Эч бир *калп айткан эмесмин.* |

**347.** Жаңы билим алууга киришүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, тангыч ат атоочторду тапкыла. 2) Түзүлүшү боюнча кандай ат атоочтор экенин аныктагыла.

1. Бул сөздөн Айткулу эч нерсени түшүнгөн жок. 2. Үй ичиндегилер эч кандай дабыш чыгарбады. 3. Күндүн батканы менен чыкканы эч кимге билинбейт. 4. Эч качан калп айтып көргөн жан эмесмин. 5. Даниярды мындай деп, эч убакта ойлогон эмесмин. 6. Бул сүрөттү эч нерсе (эчтеке) менен теңештире албайм жана эч кимге бербейм. 7. Эч ким токтото албаган Жамийла Даниярдын обонунун алдында майышып турду.

3-к о р у т у н д у

Тангыч атооч сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин да аткарат.

М и с а л ы: *Бүгүн* **эч ким** *келген жок* (ээси – **эч ким**). *Мен алардын* **эч бирине** *жолукпадым* (толуктоочу – **эч бирине**). *Мага* **эч нерсенин** *кереги жок* (аныктоочу – **эч нерсенин**).

**348.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, тангыч ат атоочтун сүйлөмдөгү синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Эч качан сүйбөйт биздин эл, өлүмдүү согуш күндөрүн. 2. Бүгүн эч ким келген жок. 3. Эч нерсени билбедим[4].

4. Кат жазууга эч кандай убактым жок. 5. Алардын эч бирин тааный албадым. 6. Эч убакта мындай окуяга туш болгон эмесмин.

### 4-к о р у т у н д у

**Эч** деген бөлүкчө менен тангыч ат атоочтор төмөндөгүдөй айырмаланат. М и с а л ы:

| Эч тангыч бөлүкчөлүк мааниде | Эч тангыч ат атоочтук мааниде |
|---|---|
| **Эч** барган жокмун | **Эч качан** барган жокмун. **Эч кайда** барган жокмун. |
| **Эч** келе элек. | **Эч ким** келе элек. |
| **Эч** айткан эмесмин | **Эч нерсе** айткан эмесмин. |
| **Эч** байкалган жок. | **Эч убакта** байкалган жок. |
| **Эч** үн чыгарбады. | **Эч кандай** үн чыгарбады. |
| **Эч** иш кылган жок. | **Эч бир** иш кылган жок. |

**349.** Проблемалык көнүгүү. 1) Жогорку таблицаны дагы окуп чыккыла. 2) Эч деген сөз качан бөлүкчөлүк, качан тангыч ат атоочтук мааниде колдонуларын аныктагыла.

**350.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, тангыч ат атоочторду тапкыла. 2) Түзүлүшү жагынан эмне үчүн татаал экендигин далилдегиле. 3) Тангыч ат атоочко берилген жогорку 4-корутундуну айтып бергиле.

1. Бай март болсо да, эч ким келбейт кашына. 2. Эркечтей жолду баштагын, эч нерседен качпагын. 3. Караңгы болгондуктан, эчтеке көрө албадым. 4. Тегеректе эч бир жан жок, алардын астынан чыккан биз гана болдук. 5. Султанмурат сүйүнчүсүнө эч нерсесин аянбайт болчу. 6. Эч кандай дабыш билинбегендиктен, балдар[3] жомок айтып отурушту.

**351.** Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү тангыч ат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. 2) Көчүрүп жазып, тангыч ат атоочтун кандай жолдор менен жасалганын айтып бергиле. 3) Эч деген бөлүкчө менен тангыч ат атоочтун айырмасын түшүндүргүлө.

Эч ким, эч кандай, эчтеке, эч качан, эч убакта.

**352.** Комментариялык көнүгүү.

1. Дүйшөн деген Дүйшөн, ал кызматын аткармайын эч жакка кайрылбайт. 2. Көп окуп, көптү билгиле, ал адам эч качан жеңилбейт. 3. Үйүмдүн терезесинен ылдый жакты карасам, караңгылыктан[2] башка эч нерсе көрүнбөйт. 4. Шар уламдан-улам жогорулап бара жатат, бирок асманда менден башка эч бир жандыктын бардыгы сезилбейт. 5. Бул жерде мындан башка эч кандай тоскоолдук жок. 6. Эч кимди шерик[7] кылбастан, жалгыз агат аккан суу.

## § 95. Аныктама ат атооч

### 1-корутунду

Аныктама ат атоочторго төмөндөгүдөй сөздөр кирет: *бүткүл, бардык, бүтүн, баары, ар ким, ар бир, ар кандай, ар качан, ар кайсы, өз, өзүм.*

**353.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) Жогорку аныктама ат атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Ага кандай сөздөр кирерин үйрөнгүлө.

### 2-корутунду

Аныктама ат атоочтун курамындагы **ар** деген сөз көпчүлүк учурларда өз алдынча колдонулбайт, *бир, нерсе* деген сөздөр менен жана *ким, кандай, качан, кайсы* деген сурама ат атоочтор менен тизмектешип айтылат.

Мисалы: *ар бир, ар нерсе, ар ким, ар кандай, ар качан, ар кайсы.*

### 3-корутунду

Сейрек болсо да, кээ бир учурларда **ар** деген сөз өз алдынча колдонула берет, бирок ат атооч боло алышпайт.

Мисалы: *Силер ишке жарадыңар. Силер* **ар** *ишке жарадыңар. Алар жыл сайын келишет. Алар* **ар** *жыл сайын келишет.* **Ар** *мүчөсүн карасаң, атаң төөнүн жиликтей.* Бул сүйлөмдөрдөгү **ар** жанаша айтылган сөздөр менен бирге каралат: *ар ишке, ар жыл сайын, ар мүчөсүн.*

Кээде башка сөздөр менен бирге айтылып, сын атоочтук, тактоочтук мааниде колдонулат.

Мисалы: *Арпа менен Аксайда* **ар** *уруу чөптүн кени бар.* **Ар** *түрдүү жемиш бактары өстүрүлдү. Жашы жет-*

*кен балдар* **ар** *ишке чегилди. Биз* **ар** *кыл иштерди аткардык.* **Ар** *дайым күтүп барчумун, Алтынчы күнү кечинде.* **Ар** *жылы ушул жайлоого чыгабыз.*

Өз деген ат атоочко таандык жана жак, көптүк мүчөлөрү уланып, *өзү, өзүм, өзүңө, өзүбүз, өзүңөр, өзүлөрү* болуп айтыла берет жана жөндөлөт: *өзүнүн, өзүнө, өзүн, өзүндө, өзүнөн.*

*Бүткүл, бүт, бүтүн, баары, бардык* деген аныктама ат атоочтор затты жалпысынан аныктап көрсөтсө, *ар ким, ар бир, ар кайсы, ар качан, өз* деген ат атоочтор заттын жекелигин көрсөтөт.

*Бүткүл, бардык* деген аныктама ат атоочтор такыр жөндөлбөйт. *Баары, бардыгы* III жактын таандык мүчөсү уланган зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт.

Мисалы: *Убакыт* **баарына** *күбө,* **баарына** *тараза,* **баарыбыздын** *маанайыбыз ачык, маңдайыбыз жарык.*

*Өз* деген ат атооч кээде **-ча** мүчөсүнүн жардамы менен тактоочко өтүп кетет: *өзүнчө, өзүбүзчө, өздөрүнчө.*

354. Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, аныктама ат атоочторду гана терип көчүрүп жазгыла. 2) Эрежесин жана ага кандай сөздөр киерин айтып бергиле. 3) Алардын кандай жолдор менен жасалгандыгын далилдегиле.

1. Микола балам, биз сени өзүбүздүн балдарыбыздай көрүп калдык. 2. Бул окуяны ар ким ар кандай айтып жүрөт. 3. Баарыбыздын көздөгөн максатыбыз ишке ашсын. 4. Айылы бүтүн аман жүрөт. 5. Ар бир иштин да бүтөр убактысы бар. 6. Тынчтыктын ишине бүткүл дүйнөнүн эмгекчилери катышууда. 7. Биз, ар бир адам, жакшы ой, жакшы санаа менен жашайбыз. 8. Аны ар кандай жумушту так аткарарына[3] мен ишенем. 9. Алатоодо ар түрдүү дары чөптөр көп. 10. Коноктор ар тараптан келишти. 11. Баарына, баарына күнөөлүү мен.

4-корутунду

Аныктама ат атоочтор төмөндөгүдөй синтаксистик милдетти аткарат.

Ээлик: *Ата Мекенибиздин ыйык милдетин аткарууну* **ар бирибиз** *эстен чыгарбайбыз.* **Ар ким** *бакытты эмгектен табат.*

Толуктоочтук: *Биз* **бардыгын** *иштөөгө милдеттүүбүз.* **Баарыбызга** *ишене бергиле.*

А н ы к т о о ч т у к: **Ар кандай** *иштu чечүү – ар бирибиздин милдетибиз.* **Ар нерсенин** *да өз маалы бар.* **Ар кимдин** *өз маалы бар.* **Ар кимдин** *билгени бар.*

355. Алган билимди эске түшүрүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү оозеки окуп же көчүрүп жазгыла. 2) Аныктама ат атоочторду тапкыла. 3) Алардын кандай жолдор менен жасалганын түшүндүргүлө. 4) Аныктама ат атоочтун синтаксистик кызматын далилдегиле.

1. Өз тууганын кордогон, душманына кор болот[1]. 2. Кылычты ар ким байланат, чабарына келгенде, кандай жигит шайланат. 3. Тазалыгы жагынан, карап турсаң баарынан, улук болот аккан суу. 4. Аккан, аккан аккан суу, бардыгына жаккан суу. 5. Ар кайсынысынан бирден алдым. 6. Ар нерсеге кезигип, уруна берет турбайбы. 7. Атадан алтоо болсоң да, ар жалгыздык башында, атадан жалгыз болсоң да, бул жалгыздык башында.

356. Алган билимдин терендигин текшерүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Жакшы болсоң, жатык бол, ар ким жолдош башыңа. 2. Жамандын өзү – коркок, сөзү – чоркок[3]. 3. Ар бир айтылган сөздү ар качан кулак салып уккула. 4. Булардын баары тажрыйба сабагын өтүп жатышат. 5. Өзүң билбесең, билгенден ук. 6. Ар качан басса[1], турса сабырлуу ал, Муңайым бир калыпта мүнөзү бар.

357. Алган билимди бышыктоо, кайталоо мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Учу-кыйры кең Мекен,
Алдейлеген энем сен.
Бүт дүйнөнү кыдырсам,
Таба албаймын сага тең. *(Т. Ү.)*

2. Улуу-кичүү баарына, угузуп көр дабышты. 3. Ар кимиси өз иштери менен алек. 4. Ата-бабам баарысы, Таласта болгон туругу. 5. Кычан Жакып уулу баарынан өзгөчөлөнүп көрүндү[1]. 6. Дүйшөн балдарды окутуу үчүн бүткүл айылды үймөүй кыдырып чыкты. 7. Мен билгенди өзүңүз деле билесиз.

5-к о р у т у н д у

Заттын сандык жалпылыгын же жекелигин аныктап, тактап көрсөтүүчү ат атоочтор а н ы к т а м а ат атоочтор деп аталат.

**358.** Проблемалык көнүгүү. 1) Окуп чыгып, аныктама ат атооч экенин же аныктама ат атооч эмес экендигин тапкыла.

Ар түрдүү, ар кыл, ар башка, ар түркүн, ар дайым, ар жыл сайын, ар ишке.

## § 96. Белгисиз ат атооч

**359.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. Төмөнкү эрежени окуп чыгып, белгисиз ат атоочторго кандай сөздөр кирерин үйрөнгүлө.

*Белгисиз ат атоочторго:* кайсы бир, кимдир бирөө, алда кандай, алда эмне, алда ким, качандыр бир, кандайдыр бир, бир нерсе, кай бир, кээ бир, бирдеме, балан-түкүн, баланча-түкүнчө деген ж. б. сөздөр кирет.

### 1-корутунду

Белгисиз ат атоочтор сурама ат атоочтор менен *бир* жана *алда* деген сөздөрдүн айкалышы аркылуу, кээде сурама ат атоочторго **-дыр** мүчөсү уланып да жасалат: ***кандайдыр бир, кимдир бирөө, качанкы бир, качандыр бир, кимгедир, кимдендир.*** Мисалы: ***Кимгедир каарын төгүп, кандайдыр шек санагандай. Бөлмөгө алда кимдер кирип-чыгып, кимдир бирөөнүн тыңшап турганын байкап жаттым.***

**360.** Өз алдынча иштөө көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдөн белгисиз ат атоочторду көчүрүп жазгыла. 2) Ага кандай сөздөр кирерин жана кандай жолдор менен жасаларын түшүндүргүлө.

1. Энем бирдемелерди айтып жаткан Орозматка тиктеди. 2. Кандайдыр бир шумдук болорун кайдан билдик, Жер-Эне. 3. Алар алда кайда узап кетишти. 4. Карыя качанкы бир өткөн окуяны айтып отурду. 5. Окуучуларды келген куттуктоо телеграммалары[2] окулуп жатканда, кимдир бирөө: – Ой, муну Дүйшөн абышка алып келдиби? – деп сурап калды. 6. Алтынай Сулаймановабын өңү кубара түшүп, алда эмнени эстегендей болду. 7. Жүрөгүм дүкүлдөп, алда кандай окуянын болорун эскерткенсийт. *(Ч. А.)*

### 2-корутунду

Заттардын, кубулуштардын жана алардын ким-эмне экендигин, сан-өлчөмүн, сын-сыпатын, ордун, мезгилин

так көрсөтпөстөн, болжолдоп, бүдөмүк, күдүк көрсөтүүчү ат атоочтор **б е л г и с и з** ат атоочтор деп аталат.

**361.** Жаңы билимди өздөштүрүүгө киришүү көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окугула, белгисиз ат атоочторун таап, алдын сызгыла, эрежесин түшүндүргүлө.

1. Бир убакта кимдир бирөөнүн[1] басып келе жаткан дабышы угулуп, баланын үнү чыкты. 2. Каныбектин кеткенине бир канча күн болсо дагы, алигиче кабар жок. 3. Дүйшөндүн[2] кечиккенин угуп, санаам алда кайда кетти. 4. Бектурган бир нерсе айтайын дегиче, эшиктен кимдир бирөөлөрдүн дабышы угулду. 5. Карыя кандайдыр бир кызык окуя жөнүндө айтайын дегенде, телефон шыңгырады.

**362.** Өтүлгөн материалды бышыктоо, бекемдөө көнүгүүсү. 1) Төмөнкү белгисиз ат атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Сүйлөмдөрдүн канча сөздөн түзүлгөндүгүн, белгисиз ат атоочтордун сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып турганын айтып бергиле.

Бир нерсе, кимдир бирөө, кандайдыр бир, кайсы бирөө, кээ бирлери, бирдеме, алда ким.

3-к о р у т у н д у

Белгисиз ат атоочтор сүйлөмдө төмөндөгүдөй синтаксистик милдетти аткарат:

Ээлик: **Кимдир бирөө** *келди.* **Кээ бирлери** *чыгып сүйлөштү.*

Аныктоочтук: **Кай (кээ) биринин** *колунда китеп,* **кай биринин** *колунда портфель бар.*

Толуктоочтук: **Бир нерсени (бирдемкени)** *айтканы турам.*

**363.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Синтаксистик милдетти аткарып тургандай кылып, белгисиз ат атоочтордон сүйлөм түзгүлө. 2) Жогорку үлгүгө салып, көчүрүп жазгыла. 3) Эрежесин айтып бергиле.

## АТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Зат, сын, сан атооч сөздөр сыяктуу эле ат атоочтор да жөндөмөлөр менен жөндөлөт. Бирок ат атоочтордун жөндөлүш өзгөчөлүгү башкача.

## § 97. Жактама ат атоочтун жөндөлүшү

**364.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Төмөнкү таблицадагы жактама ат атоочтордун жөндөлүшүнө көңүл бургула. 2) Жөндөлүштө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин айтып бергиле

| Жөндөмөлөр | I жак — *мен* | II жак — *сен* | III жак — *ал* |
|---|---|---|---|
| А. | *мен* | *сен* | *ал* |
| И. | *мен* + **ин** | *сен* + **ин** | *ан* + **ын** |
| Б. | *маг* + **а** (*маа*) | *саг* + **а** (*саа*) | *аг* + **а** (*аа*) |
| Т. | *мен* + **и** | *сен* + **и** | *ан* + **ы** |
| Ж. | *мен* + **де** | *сен* + **де** | *ан* + **да** |
| Ч. | *мен* + **ден** | *сен* + **ден** | *ан* + **дан** |

### 1-корутунду

*Мен, сен, ал* деген ат атоочтор иликте **-ын (ин)**, барыш жөндөмөсүндө **-а**, табышта **-ы (-и)** болуп жөндөлөт.

### 2-корутунду

Үчүнчү жактын жекелик түрүндөгү *ал* деген ат атооч өзүнчө турганда жана атооч жөндөмөсүндө *ал* түрүндө колдонулат. Атооч менен барыштан башка жөндөмөлөрдө жөндөмө мүчөлөр *ан* деген жөндөлүүчү негизге уланат.

Жактама ат атоочтордун көптүк түрү да зат атоочтор сыяктуу өзгөрүүсүз жөндөлөт.

Мисалы:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А. | *биз* | *силер* | *алар* | *сиздер* |
| И. | *биздин* | *силердин* | *алардын* | *сиздердин* |
| Б. | *бизге* | *силерге* | *аларга* | *сиздерге* |
| Т. | *бизди* | *силерди* | *аларды* | *сиздерди* |
| Ж. | *бизде* | *силерде* | *аларда* | *сиздерде* |
| Ч. | *бизден* | *силерден* | *алардан* | *сиздерден* |

### 3-корутунду

*Мен, сен, ал* деген жактама ат атоочтон кийин жалпы таандыктын **-ныкы** мүчөсү уланганда башкы н тыбышы түшүп калып, жөндөмө мүчөлөр **-икин** деген жөндөмөлүк негизге жалганат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | *мен* + ики | *сен* + ики | *ан* + ыкы |
| И. | *мен* + икин + ин | *сен* + икин + ин | *ан* + ыкын + ын |
| Б. | *мен* + икин + е | *сен* + икин + е | *ан* + ыкын + а |
| Т. | *мен* + икин | *сен* + икин | *ан* + ыкын |
| Ж. | *мен* + икин + де | *сен* + икин + де | *ан* + ыкын + да |
| Ч. | *мен* + икин + ен | *сен* + икин + ен | *ан* + ыкын + ан |

**365.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, жактама ат атоочторду тапкыла. 2) Алардын кайсы жөндөмөдө турганын аныктап, кандай өзгөчөлүктөргө ээ экенин айтып бергиле. 3) **Анда** деген сөздүн качан ат атоочтук, качан тактоочтук маанидe колдонуларын далилдегиле.

1. Сен мага канча таасир этериңди[3],
Сынайм деп, ага-буга карабастан.
Билбепмин мынча терең кетериңди,
Али да мен өзүңдү барам издеп. *(М. И.)*

2. Сен менин жазылбаган ырларымсың, сен менин айтылбаган сырларымсың. 3. Менин китебим анда. 4. Сенин айтканың чындыкка чыкты. 5. Биз анықын бүтүрүп, сеникине жардамдашабыз. 6. Анда сиздин мени таанылбагандыгыңыз чын экен. 7. Сиздердин келгениңерге бүгүн туура тогуз күн. 8. Мындай чатак иштин мага[2] да, сага да, ага да кереги жок. 9. Анын үнү, анын обону менин кулагыма сиңип, бассам-турсам кошо ээрчигенсийт. 10. Меникине келгиче, мектепке бара кел. 11. Байкап турсам Сарала, маа ылайык жылкы экен.

## § 98. Шилтеме ат атоочтун жөндөлүшү

**366.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) **Бул, ал, тигил** деген шилтеме ат атоочторду жөндөгүлө. 2) Жөндөлүшүндө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин түшүндүргүлө. 3) Шилтеме ат атоочтун аныктамасын айтып бергиле.

**367.** Жаңы билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүсү.

1. Бул жерде алар жемиш бактарына байкоо жүргүзүшөт. 2. Анда ар түрдүү өсүмдүктөр өстүрүлгөн. 3. Балаңыз огородду[6] жакшы асырадым дегенинен буларды ошону көрүүгө чакырдым[2]. 4. Садагасы, буга кейибе, ал иш оңунан чыгат. 5. Биз мында, алар тигинде. 6. Бул сүрөттү мен ошондон көргөм.

1-корутунду

Шилтеме ат атоочтор жекелик сандагы жактама ат атоочтор сыяктуу жөндөлөт. Бирок *бу(л)* деген шилтеме ат атоочтун башкы үнсүз тыбышы атооч менен барыштан башка жөндөмөлөрдө м тыбышына өтөт. Ал эми жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө болсо, ат атоочтун акыркы **л** тыбышы **н** тыбышына, үндүүсү **ы** тыбышына өтүп жөндөлөт.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | *бу(л)* | *ошо(л)* | *тиги(л)* |
| И. | *мун* + **ун** | *ошон* + **ун** | *тигин* + **ин** |
| Б. | *буг* + **а** | *ошог* + **о** | *тигиг* + **е** |
| Т. | *мун* + **у** | *ошон* + **у** | *тигин* + **и** |
| Ж. | *мын* + **да** | *ошон* + **до** | *тигин* + **де** |
| Ч. | *мын* + **дан** | *ошон* + **дон** | *тигин* + **ден** |

*Ошо(л), тиги(л)* деген шилтеме ат атоочтор иликте **-ын**, табышта **-ы** болуп жөндөлөт, башкача айтканда, иликте, табышта, жатышта, чыгышта *ошон, тигин* деген жөндөмөлүк негиз жөндөлөт.

368. Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо, жалпылоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, шилтеме ат атоочтордун кайсы жөндөмөдө турганын тапкыла. 2) Жөндөлүш өзгөчөлүгүн аныктагыла. 3) *Мында* деген сөздүн качан ат атооч, качан тактооч болорун түшүндүргүлө.

Ошонун, ушуга, буга, тигинин, мында.

2-корутунду

Шилтеме атоочко көптүк **-лар** мүчөсү уланганда эч өзгөрүүсүз жөндөлөт, Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | *булар* | *тигилер* | *ошолор* |
| И. | *булар* + **дын** | *тигилер* + **дин** | *ошолор* + **дун** |
| Б. | *булар* + **га** | *тигилер* + **ге** | *ошолор* + **го** |
| Т. | *булар* + **ды** | *тигилер* + **ди** | *ошолор* + **ду** |
| Ж. | *булар* + **да** | *тигилер* + **де** | *ошолор* + **до** |
| Ч. | *булар* + **дан** | *тигилер* + **ден** | *ошолор* + **дон** |

*Бу(л), тиги(л)* деген шилтеме ат атоочторго жалпы таандык **-ныкы** мүчөсү уланганда, төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр менен жөндөлөт. Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А.<br>И.<br>Б.<br>Т.<br>Ж.<br>Ч. | *мунуку*<br>*мунукун* + ун<br>*мунукун* + а<br>*мунукун* –<br>*мунукун* + да<br>*мунукун* + ан | *тигиники*<br>*тигиникин* + ин<br>*тигиникин* + е<br>*тигиникин* –<br>*тигиникин* + де<br>*тигиникин* + ен | *ошонуку*<br>*ошонукун* + ун<br>*ошонукун* + а<br>*ошонукун* –<br>*ошонукун* + да<br>*ошонукун* + ан |

## § 99. Сурама ат атоочтун жөндөлүшү

### 1-корутунду

Кыргыз тилиндеги сурама ат атоочтордун жөндөлүшү төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ.

*Ким? Эмне? Кайсы? Канча? Нече?* деген сурама ат атоочтор жөндөмө мүчөлөр менен жөндөлөт. Зат атоочтун суроосуна жооп берген сурама атооч *(ким? эмне?)* зат атооч сыяктуу, сын атоочтун суроолоруна жооп берген ат атоочтор *(кандай? кайсы?)* сын атооч сыяктуу, сан атоочтун суроолоруна жооп берген ат атоочтор *(канча? нече?)* сан атооч сыяктуу жөндөлөт. Мисалы:

| а) Зат атоочтун жөндөлүшү | | Сурама ат атоочтун жөндөлүшү | |
|---|---|---|---|
| А.<br>И.<br>Б.<br>Т.<br>Ж.<br>Ч. | *эне*<br>*эненин*<br>*энеге*<br>*энени*<br>*энеде*<br>*энеден* | *ким*<br>*кимдин*<br>*кимге*<br>*кимди*<br>*кимде*<br>*кимден* | *эмне*<br>*эмненин*<br>*эмнеге*<br>*эмнени*<br>*эмнеде*<br>*эмнеден* |

| б) Сын атоочтун жөндөлүшү | | Сурама ат атоочтун жөндөлүшү |
|---|---|---|
| А.<br>И.<br>Б.<br>Т.<br>Ж.<br>Ч. | *сары*<br>*сарынын*<br>*сарыга*<br>*сарыны*<br>*сарыда*<br>*сарыдан* | *кайсы*<br>*кайсынын*<br>*кайсыга*<br>*кайсыны*<br>*кайсыда (кайсында)*<br>*кайсыдан (кайсындан)* |

| в) Сан атоочтун жөндөлүшү | | Сурама ат атоочтун жөндөлүшү | |
|---|---|---|---|
| А.<br>И.<br>Б.<br>Т.<br>Ж.<br>Ч. | *беш*<br>*бештин*<br>*бешке*<br>*бешти*<br>*беште*<br>*бештен* | *канча*<br>*канчанын*<br>*канчага*<br>*канчаны*<br>*канчада*<br>*канчадан* | *нече*<br>*earlier*<br>*нечеге*<br>*нечени*<br>*нечеде*<br>*нечеден* |

### 2-корутунду

*Канчоо? Нечөө?* деген сурама ат атоочтор жамдама сан атооч сыяктуу жөндөлөт.

| Жамдама сан атоочтун жөндөлүшү | | Сурама ат атоочтун жөндөлүшү | |
|---|---|---|---|
| А. | *бешөө* | *канчоо* | *нечөө* |
| И. | *бешөөн* + **үн** | *канчоон* + **ун** | *нечөөн* + **үн** |
| Б. | *бешөөн* + **ө** | *канчоон* + **о** | *нечөөн* + **ө** |
| Т. | *бешөөн* + **(ү)** | *канчоон* + **(у)** | *нечөөн* + **(ү)** |
| Ж. | *бешөөн* + **дө** | *канчоон* + **до** | *нечөөн* + **дө** |
| Ч. | *бешөөн* + **өн** | *канчоон* + **он** | *нечөөн* + **өн** |

### 3-корутунду

Жалпы таандык **-ныкы** мүчөсү уланган *ким? эмне? кайсы?* жана *кимиси? эмнеси?* деген сурама ат атоочтор III жактын таандык мүчөсү уланган зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт.

| Зат атооч | | Сурама ат атооч | |
|---|---|---|---|
| А. | *баласы* | *кимдики* | *кайсыныкы* |
| И. | *баласын* + **ын** | *кимдикин* + **ин** | *кайсыныкын* + **ын** |
| Б. | *баласын* + **а** | *кимдикин* + **е** | *кайсыныкын* + **а** |
| Т. | *баласын* – | *кимдикин* – | *кайсыныкын* – |
| Ж. | *баласын* + **да** | *кимдикин* + **де** | *кайсыныкын* + **да** |
| Ч. | *баласын* + **ан** | *кимдикин* + **ен** | *кайсыныкын* + **ан** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | | *кимиси* | *эмнеси* |
| И. | | *кимисин* + **ин** | *эмнесин* + **ин** |
| Б. | | *кимисин* + **е** | *эмнесин* + **е** |
| Т. | | *кимисин* – | *эмнесин* – |
| Ж. | | *кимисин* + **де** | *эмнесин* + **де** |
| Ч. | | *кимисин* + **ен** | *эмнесин* + **ен** |

*Кайда? кайдан? качан?* деген сурама ат атоочтор жөндөлбөйт.

**369.** Алган билимдерин бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Бул оюмду кайда, кимге барып айтуум керек? *(К. Ж.)* 2. Кээ бири окуп жатат китеп, гезит, Билбейсиң кимисинде кандай кесип. *(Ж. Т.)* 3. Курбум ай, биздин шайыр кыздар кандай, Жайдары, ачык мүнөз, жазы маңдай. *(Ж. Т.)* 4. Павел

туура айтат[4], анын эмнесине таң каласың? *(М. Г.)* 5. Мен сенден сурайын деп жүрөм, сен ар дайым эле эмнени окуп жүрөсүң? 6. Алардын кимдикинен келе жатканын биле албадык. 7. Канчоонун келип, канчоонун келбегенин биле албадык.

370. Алган билимди калыбына келтирүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, сурама ат атоочторду көчүрүп жазгыла. 2) Эгер жөндөмөдө турса, кандай синтаксистик кызматты аткарып турганын далилдегиле.

1. Сен кайсы мектепте окуйсуң? Атыңыз, фамилияңыз ким? 2. Эмне, эмнени айтып жатасың? 3. Кимге таарынып, кимден шек санап жүрөсүң? 4. Атсалоому алейкум, ата, ден соолугуңуз бизди абдан кызыктырат. 5. Канчага келдиң? 6. Кимдикине барасың? 7. Түн эмнеге караңгы, ажыратып айтып бер. 8. Кайсыга капаланып жатасың, Толгонай?

## § 100. Тангыч ат атоочтун жөндөлүшү

1-корутунду

1. Тангыч ат атоочтор да сурама ат атоочтор сыяктуу эле жөндөлөт.

Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | *эч ким* | *эчтеме* | *эч нерсе* |
| И. | *эч кимдин* | *эчтеменин* | *эч нерсенин* |
| Б. | *эч кимге* | *эчтемеге* | *эч нерсеге* |
| Т. | *эч кимди* | *эчтемени* | *эч нерсени* |
| Ж. | *эч кимде* | *эчтемеде* | *эч нерседе* |
| Ч. | *эч кимден* | *эчтемеден* | *эч нерседен* |

2. *Эч качан, эч кандай, эч кайда, эч бир* деген тангыч ат атоочтор жөндөлбөйт.

371. Окуучулардын алган билимдерин калыбына келтирүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Уулум эч кимди тилдебейт, бирок өзүмдөн башка эч кимге жакпайт. 2. Бороон баягысындай эле көздү ачырбайт, бир аттам жерден ары эч нерсенин караанын көрүнбөйт. 3. Ал эчтекени аяп, эчтекени жашыргысы келбеди. 4. Алтынай Сулайманова эки-үч кайтара саатын карап коюп, башка эч нерсени айткан жок. 5. Болду мага, эчтекенин кереги жок.

6. Анаркүлгө бирдемени айтайын деди, бирок батына албады. 7. Эртең бороон басаңдабаса, мага кыйын, ал эми картадан эч нерсени билип болбойт.

372. Алган билимди турмушта колдоно алууга үйрөтүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Ушул күнгө чейин бул сүрөттү эч кимге көрсөтө элекмин. 2. Ааламда жок, күнгө тете башка күн. Эч ким таамай[3] тарткан эмес сүрөтүн. 3. Алтынай келгенде эчтекенин дайыны жок болчу. 4. Эч нерседен кам санабай отурган Айнаш ордунан жаңы козголду. 5. Мага мындай жакшы сөздөн башка эч нерсенин кереги жок эле.

## § 101. Аныктама ат атоочтордун жөндөлүшү

### 1-корутунду

Аныктама ат атоочторго: *ар ким, ар нерсе, ар кайсы, ар кандай, ар бир, ар качан, кээ бир, бирдеме, бир нерсе, алда ким, алда кандай* деген ж. б. сөздөр кирет.

1. *Ар ким, ар нерсе, ар кайсы* деген ат атоочтор төмөнкүчө жөндөлөт.

Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | *ар ким* | *ар нерсе* | *ар кайсы* |
| И. | *ар кимдин* | *ар нерсенин* | *ар кайсынын* |
| Б. | *ар кимге* | *ар нерсеге* | *ар кайсыга* |
| Т. | *ар кимди* | *ар нерсени* | *ар кайсыны* |
| Ж. | *ар кимде* | *ар нерседе* | *ар кайсыда* |
| Ч. | *ар кимден* | *ар нерседен* | *ар кайсыдан* |

2. *Баары, бардыгы, өзү, ар бири* деген жактама ат атоочтор 3-жактын таандык мүчөсү жалганган зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт да, *бүткүл, бүтүн, ар качан* деген ат атоочтор жөндөлбөйт.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А. | *баары* | *бардыгы* | *өзү* | *ар бири* |
| И. | *баарынын* | *бардыгынын* | *өзүнүн* | *ар биринин* |
| Б. | *баарына* | *бардыгына* | *өзүнө* | *ар бирине* |
| Т. | *баарын* | *бардыгын* | *өзүн* | *ар бирин* |
| Ж. | *баарында* | *бардыгында* | *өзүндө* | *ар биринде* |
| Ч. | *баарынан* | *бардыгынан* | *өзүнөн* | *ар биринен* |

**5*. 373.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, жөндөмөдө турган аныктама ат атоочторду тапкыла. 2) Кайсы жөндөмөдө, кандай өзгөчөлүктөргө ээ болуп турганын аныктагыла.

1. Окуучулардын бардыгынын кийингендери таптаза, куду майрамдагыдай. 2. Ар бир адам өзү жашаган доорго карап иш кылышы керек. 3. Ар биринин маанайлары жарык, көңүлдөрү көтөрүңкү. 4. Ажар өзүнүн ишине өзү ыраазы болгондой. 5. Уулум, турмушта жаман иштер көп болот, бирок анын бардыгына чыда. 6. Ар кимге көз каранды боло берсең, турмушуң өтпөйт. 7. Баарынын айткандары[2] жакшы тилек, жакшы каалоо. 8. Сооп жана пайда келтирген адамдардын ар бирине ыраазычылыгыңды билдир. 9. Эл сүйгөн улуктардан ар бирибиздин иймене турган шартыбыз бар. 10. Уулум, ар кимдин, ар биринин мүнөзүнө жараша мамиле кыл.

**374.** Жаңы билимди өздөштүрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдөн жөндөмөдө турган аныктама ат атоочторду көчүрүп жазгыла. 2) Кайсы жөндөмөдө турганын аныктагыла. 3) Кайсы сөздөрү жөндөлүп, кайсы сөздөрү жөндөлбөй турганын түшүндүргүлө.

1. Айнаш конфеттин ар биринен ооз тийип, башкаларга сунду. 2. Жаман иштердин баарынан кач, өзүңдү таза тут. 3. Кылган ишиңдин ар бирине отчет бер. 4. Баарын сыйласаң, бардыгынан урмат, сый көрөсүн. 5. Уулум, ар кандай жаман иштерден алыс бол. 6. Ар кимге жакшылык кылсаң, ар кимден жакшылык аласың. 7. Баарынан сыйлуу жана ардактуу коногу Микола эле. 8. Москвалыктар баарыбыздын келгенибизге абдан кубанышты.

## § 102. Белгисиз ат атоочтун жөндөлүшү

Жаңы теманы түшүндүрүү үчүн алынган мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. *Алда кайда*, ар бир жерде жүрүп келдим,
   Ыйлап кетип, айлыма күлүп келдим. *(Р. Ш.)*
2. Ким билсин, Бектурган *бирдемелерди* ойлоп отурду.
3. Бороон улуп, *кандайдыр бир* коркунучтуу үндөр угулат.
4. Токтогулдун *кимдир бирөөгө* айткан сөздөрү даана угулду.

## 1-корутунду

Белгисиз ат атоочтор төмөндөгүчө жөндөлөт:

1. *Бир нерсе, алда ким, бир канча* деген белгисиз ат атоочтор эч өзгөрүүгө учурабастан жөндөлөт.

Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | *Бир нерсе* | *алда ким* | *бирдеме* |
| И. | *Бир нерсенин* | *алда кимдин* | *бирдеменин* |
| Б. | *Бир нерсеге* | *алда кимге* | *бирдемеге* |
| Т. | *Бир нерсени* | *алда кимди* | *бирдемени* |
| Ж. | *Бир нерседе* | *алда кимде* | *бирдемеде* |
| Ч. | *Бир нерседен* | *алда кимден* | *бирдемеден* |

2. *Кээ бир, кайсы бир* деген белгисиз ат атоочтор үчүнчү жактын таандык уландысы уланганда гана жөндөлөт.

Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| А. | *Кээ бири* | *кайсы бири* |
| И. | *Кээ биринин* | *кайсы биринин* |
| Б. | *Кээ бирине* | *кайсы бирине* |
| Т. | *Кээ бирин* | *кайсы бирин* |
| Ж. | *Кээ биринде* | *кайсы биринде* |
| Ч. | *Кээ биринен* | *кайсы биринен* |

3. *Кандайдыр бир, кайсы бир, алда кандай, качандыр бир* деген ж. б. белгисиз ат атоочтор жөндөлбөйт.

**5*. 375.** Ар түрдүү суроолорду жана тапшырмаларды аткаруу мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Алда кандай заман болот, эл көчүп калса, Ажарды көк өгүзгө мингизип, кимдир бирөөлөргө жармакташ. 2. Эсенбектин жүрөгү бир нерсени сезгендей болду. 3. Кээ биринин айткандарына[2] караганда Каныбек бүгүн келет. 4. Жашар бирдемелерден шекшигендей отурду.

**376.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Бир нерсени билбеген, билгиси келбеген адам – начар адам. 2. Менде кандайдыр бир толкунданган сезим пайда болду. 3. Бул сөздү алда кимден укту экен, Жанболот. 4. Кимдир бирөөнүн ырдаганын уктум, бул – Данияр. 5. Кепке мурун аралашпагандан кийин кайсы бирине түшүнмөк элем. 6. Жапар шыбырап, бирдемелерден шек санады[4].

**377.** Алган билимди турмушта текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү белгисиз ат атоочторду жөндөгүлө. 2) Жөндөлүшүндө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин түшүндүргүлө. 3) Кайсы жөндөмөдө турганын аныктагыла. 4) Жөндөлбөй турган белгисиз ат атоочторду тапкыла.

Бир нерсе, бир далай, кимдир бирөө, алда ким, кээ бири.

## § 103. Ат атоочтун жазылышы

**378.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүсү. 1) **Мен, сен, ал** деген жактама ат атоочторду жөндөп, кандай жазыларын түшүндүргүлө. 2) Эмне үчүн унгусунун өзгөрүп кеткенин далилдегиле. 3) Илик жана барыш жөндөмөсүндө кандай жөндөлөрүн, унгу, мүчөсүн ажыраткыла.

1. Шилтеме ат атоочтордун эки түрдүү (кыска жана толук) жазылышына жол берилет: *бу – бул, тиги – тигил, ошо – ошол, ушу – ушул, кайсы – кайсыл, мына бу(л), мына ушу(л).*

Төмөнкү шилтеме ат атоочтор бирге жазылат: *тететиги – тетигил, тээтетиги – тээтетигил.*

2. Сурама ат атоочтордун жана сурама ат атооч катышкан сүйлөмдүн аягына суроо белгиси коюлат. Мисалы: *Балдар качан келишти? Алар кайда барышты? Эмне жумуш кылышты? Китебиң кана?*

а) Күчөтүлүп айтылган кээ бир сурама ат атоочтор бирге жазылат жана сүйлөмдүн тизмегинде суроо белгиси коюлбайт. Мисалы: *капкачан, капкайда, капкайдан.*

3. **Эч** деген тангыч бүлүкчө менен сурама ат атоочтордун айкалышынан түзүлгөн тангыч ат атоочтор бөлөк жазылат: *эч ким, эч нерсе, эч качан, эч кандай.*

4. Эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлгөн аныктама жана белгисиз ат атоочтор арасына дефис коюлбай бөлөк-бөлөк жазылат: *ар ким, ар нерсе, ар кайсы, бир нече, бир канча, кээ бир, кайсы бир, кандайдыр бир, ар качан.*

5. Бир сөзү маанисин жоготкон тангыч ат атоочтор *(эчтеме, эчтемке, эчтеке)* аныктама ат атоочтор *(ардеме, ардемке, ардеке)*, белгисиз ат атоочтор *(бирдеме, бирдемке, бирдеке)* бирге жазылат.

6. **Өз** деген аныктама ат атооч, ким? деген сурама ат атооч кайталанып айтылса, арасына дефис коюлуп жазылат: *Өз-өзүнө* (бер), *өз-өзүбүз* (алабыз), *өзүн-өзү* (тейлөө), *ким-кимди* (жеңди), *кимдин-ким* (экенин билүү).

**379.** Алган билимди бекемдөө жана чыңдоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, ат атоочтордун кандай жазыларын айтып бергиле. 2) Эрежелерин түшүндүргүлө.

1. Айнагүл кайдан келсин? Арзыматтар эмне болду? 2. Биздин балдар эчтекеге тең келбей турган жумушту аткарышты. 3. Бирдеме берейин деп, силерди чакырдым[4]. 4. Ардеме түшүп оюма, алаксып жүргөн кезегим. 5. Ар ким бактылуу болууну каалайт. 6. Кээ бир татаал иштерди аткаруу ар биринин эле колунан келе бербейт. 7. Ар кандай ушак сөзгө ишенбегиле. 8. Биз ошондо кимдин-ким экенин даана билебиз.

**380.** Алган билимдин тереңдигин текшерүү көнүгүүсү. 1) Адегенде окуп чыгып, ат атоочторду тапкыла. 2) Жогорку ат атоочтун жазылышына берилген эреженин негизинде тууралап көчүрүп жазгыла. 3) Алардын жазылышын түшүндүргүлө.

1. Жаштардын ар биринин алдына койгон максаттары бар. 2. Бардык космостук учуулар[2] жаштарды эчактан болуп көрбөгөн эрдиктерге шыктандырат. 3. Качан келесиң, качан жооп бересиңер. 4. Тээтигил көрүнгөн, күрөгүн алып жүгүргөн, ал да эпкиндүү күжүрмөн. 5. Кимдин-ким экенин билдик. 6. Азыркы жаштардын ар бири келечекке карай кадам шилтөөдө. 7. Шакылдактын өзүнөн өзү сүйлөй берген адаты бар. 8. Мага арган-дай тапшырмаларды аткарууга туура келди.

## КАЙТАЛОО (ЖАЛПЫЛОО) САБАГЫ

**Ат атоочту кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:**

1. Ат атооч деп, кандай сөз түркүмүн айтабыз? Анын лексикалык маанисин, морфологиялык белгилерин, синтаксистик кызматын түшүндүргүлө.
2. Ат атоочтун башка сөз түркүмүнөн болгон айырмасын айтып бергиле.
3. Ат атооч маанисине карай канчага бөлүнөт, ар биринин эрежесин айтып берип, мисалдар келтиргиле.
4. Ат атоочту түзүлүшүнө карай ажыратып, татаал ат атооч кандай жолдор менен түзүлөрүн түшүндүргүлө.
5. Ат атоочтор кандай жөндөлөрүн, жактама жана шилтеме ат атоочтордун жөндөлүшүндө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин аныктагыла, **-ныкы** мүчөсү уланган ат атоочторду жөндөгүлө.
6. Ат атоочтордун жазылышын түшүндүргүлө.
7. Эмне үчүн ат атоочтордун башка сөз түркүмүнөн жасалбаганын далилдегиле.

**381.** Алган билимди эске түшүрүү көнүгүүлөрү. 1) Текстти окуп чыгып, ат атоочторду тапкыла. 2) Маанисине карай кайсы ат атооч экенин ажыратып, эрежелерин айтып бергиле. 3) Кайсы жөндөмөдө турганын аныктагыла. 4) Лексикалык маанисин түшүндүргүлө.

## ОБОН

Мен мына бу кырдан аша бергенде, тетигил кой жайылып жаткан бадалдуу бийиктен кимдир бирөө заңгырап, сайды көтөрүп коё берди. Мен тааныймын, ал – Жоламан. Бул өзөндө мындай обон салган эч ким жок. Мунуку өзгөлөрдөй жалгыз гана жашытып, ичке муң түшүргөн кайгылуу, карандай арман эмес. Кайта көңүлдү көтөрүп, ар кандай кайгыдан алып чыгып, кайрат бергендей эркин эле.

Ал бадалдуу бетке миң койду жайып таштап, өзү тоонун кылда башына таягын таянып, эңиштеп алып, эч бир теңи жок бийик, уккулуктуу, коңур үнү менен сайды жаңыртып, кээ бирде калтыратып барып салып кеткенде дүйнөдөгүлөрдүн[2] баары мырс этпей, жалгыз ошону тыңшап тургандай көрүнөр эле. *(М. Э.)*

**382.** Алган билимди эске түшүрүү, бекемдөө көнүгүүсү. 1) Жөндөмөдө турган зат атоочторду көчүрүп жазгыла. 2) Кайсы жөндөмөдө турганын, эмне үчүн андай жөндөлүшкө ээ болуп жатканын түшүндүргүлө. 3) Мааниси боюнча кайсы ат атооч экенин аныктап, эрежесин айтып бергиле.

1. Кудай чачы агарган[3],
Менин да бар чоң атам.
Кардай болгон сакалын,
Сылай берет ар качан. (*Р. Г.*)

2. Мына ушулардын баарынын, Ата Мекенибизди коргоого кошкон салымдары бар. 3. Көп уруштарда Чолпонбай Түлөбердиев өзүнүн эр жүрөктүүлүгүн, эч нерседен тайманбаган жана туруктуу жоокер экендигин көрсөтө алган. 4. Мен тааныган ата-энелердин бардыгына салам айтып койгула. 5. Мага десеңер иштебей эле койгула. 6. Буга эмне болду, балдар, мынчалык көп кечикпейт эле. 7. Биздин мында келгенибизди ал кайдан билсин. 8. Булардын кимдерге таандык экенин билесиңби?

**383.** Алган билимдин чындыгын текшерүү көнүгүүсү. 1) Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, ат атоочтордун кандай синтаксистик кыз-

матты аткарып турганын тапкыла. 2) Суроолорун берүү аркылуу анын кайсы ат атооч экенин түзүлүшү боюнча ажыраткыла.

1. Ал бизди жерге төшөлгөн саманга отургузуп, ар бирибизге кичинекей тактай берди. 2. Муну силер тизеңерге коюп кат жазасыңар,— деди. 3. Анда да дубал боорундагы ар кайсы сүрөттү көрсөттү. 4. Анын ошондогу сүрөтү бүт өмүр бою эсимде калды. 5. Менин тилегим силерде. 6. Силер кайдасыңар? 7. Алар биздикине келишти[4].

**384.** Окуучулардын орфографиялык сабаттуулугун жогорулатуу мүнөзүндөгү көнүгүү.

## БӨРҮЛӨР НЕГЕ УЛУДУ?

Биз ал карышкырларды алда качантан билебиз. Алар бул жердеги карышкырлардын эч бирине да окшобойт. Аларды тээтигил тоодон көргөн кишилер бар экен. Жаалына эч ким бет келе алгыс күчтүү жуп. Эч качан капканга түшпөйт. Аңдып жүрүп, кээ бирөөлөр ата алышпады. Тигил шүмшүк Базарбай, акылы жок аракеч, так ошолордун үңкүрүнө туш келип, бөлтүрүктөрүн алып кетип, тукум курут кылганын карабайсыңарбы? Дөбөтү – Ташчайнар[6], канчыгы – Акбара, эчтемеден коркпогон, өтө акылдуу, ар бири амал-айлалуу жаныбар...

– Мына, айтпадым беле, ошолор улуп жатат,– деди Бостон.

Карышкырлардын улуганы эч качан адам угуп турууга чыдагыс, өксүгөн өкүрүк, ыйга окшоп кетет.

– Бул эмнеси? – деди Гүлүмкан.

– Эмнеси дегениң кандай? Эч нерсе эмес. Ар бир баланын[2] күйүтү оңойбу? Бөлтүрүктөрүмдү бергиле деп ыйлап атпайбы,– деди Бостон. *(Ч. А.)*

### Ат атоочко морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби

1. Ат атоочун таап, анын лексикалык маанисин, морфологиялык белгисин аныктоо.

2. Маанисине карай кайсы ат атооч экендигин (жактама, шилтеме, сурама, тангыч, белгисиз, аныктама) ажыратуу.

3. Ат атоочту түзүлүшүнө карай ажыратуу (жөнөкөй, татаал).

4. Ат атоочтун жазылышын түшүндүрүү.
5. Ат атоочтун уңгу, мүчөсүн, мүчөнүн түрлөрүн табуу.
6. Ат атоочтун кандай жазыларын түшүндүрүү.

Талдоонун үлгүсү

Биздин замандын кишилери жөнүндө канча айтса да, сөз табылар. *(Т. С.)*

**Оовеки**

Бул сүйлөмдөгү *биздин* жана *канча* деген сөздөр — ат атооч, себеби алар затты же анын белгилерин атабай, жалпылап көрсөттү.

*Биздин* деген сөз мааниси боюнча жактама ат атооч, көптүк санда, биринчи жакта турат, уңгусу — *биз*, мүчөсү — **-дин**, бул илик жөндөмөсүнүн мүчөсү, алгачкы формасы — **-нын**. Түзүлүшүнө карай жөнөкөй, бир гана сөздөн турат.

*Канча* деген сөз мааниси боюнча сурама ат атооч. Уңгу түрдө, мүчөсү жок, түзүлүшүнө карай жөнөкөй, жекелик санда, атооч жөндөмөсүндө турат.

Жазуу түрүндө

*Биздин* — жактама ат атооч, көптүк сан, I жак, уңгусу — *биз*, мүчөсү — **-дин**, илик жөндөмөсүнүн мүчөсү, алгачкы формасы — **-нын**.

*Канча* — сурама ат атооч, уңгусу — *канча*, жөнөкөй жекелик сан, жөнөкөй ат атооч.

**385.** Алган билимди турмушта колдоно билүү көнүгүүсү. 1) Ат атоочторду катыштырып, кыскача изложение жазгыла. 2) Жөндөмөдө турган ат атоочторду ажыраткыла. 3) Эгер жөндөмөдө турса, кайсы жөндөмөдө экенин тапкыла. 4) Жөндөлүш өзгөчөлүгүн айтып бергиле.

*Кымбаттуу балдар, ат атооч боюнча текшерүү диктантын жазууга даярдангыла!*

## § 104. Этиш

**V класста өтүлгөн этиштин материалдарын кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:**

1. Этиш деп, кандай сөз түркүмүн айтабыз жана алар кандай суроолорго жооп берет?
2. Этиштин лексикалык маанисин, морфологиялык белгисин айтып бергиле.
3. Этиштин кандай сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарарын түшүндүргүлө, мисалдар келтиргиле.
4. Этиштин жакталышы деген эмне, алар кандай жак мүчөлөр менен өзгөрөт?
5. Негизги жана жардамчы этиштердин айырмасын түшүндүргүлө, мисалдар келтиргиле.
6. Этиштин түзүлүшүнө карай бөлүнүшүн аныктагыла.
7. Этиштин чактарын (учур чак, келер чак, өткөн чак) жана алардын бөлүнүшүн, уюштуруучу мүчөлөрүн айтып бергиле, мисалдар келтиргиле.
8. Этиштин башка сөз түркүмдөрүнөн болгон айырмачылыгын далилдегиле.

**386.** Мурунку алган билимдерин эске түшүрүү мүнөзүндөгү көнүгүү.

### КЫЯМАТ

Акбара баштаган ээн жердин бөрүлөрү жайылып жаткан бөкөндөрдү аңдышты. Алардын ыңгайын күтүп жатышты. Дал ушул маалда капилеттен күн күркүрөгөнсүп, асманда жанагы эки вертолёт дагы пайда болду. Беймарал жаткан бөкөндөр уйгу-туйгу түшө баштады.

Акырында бөкөндөр күтүп турган аткычтарга туш келе калды. Алар андан ары кубалашты. Артынан сая түштү. Автоматтарынан ок жаадырышты. Огородунан[3] чөп чапкандай кыра баштады. *(Ч. А.)*

5*. 387. Алган билимдерин тереңдетүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү учур чакта, келер чакта турган этиштерди өткөн чакка, өткөн чакта турган этиштерди учур чакка, келер чакка айландырып, көчүрүп жазгыла.

**Учур чак.** Биз иштеп жатабыз. Окуучулар тарап жатышат. Сабак жүрүп жатат.

**Келер чак.** Окуучулар экскурсияга барышат. Мен жакында барып калармын. Мектепке барам.

**Өткөн чак.** Бул китепти мен да окудум. Ар дайым физкультура ойночумун. Алар келип калышкан экен.

388. Алган билимди текшерүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, өткөн чакты тапкыла. 2) Кандай мүчөлөрдүн жардамы аркылуу уюшулганын айтып бергиле. 3) Өткөн чактын эрежесин түшүндүргүлө.

## ӨЧ АЛУУ

Ошол күнү бөрүлөр байыр алган жеринен кетишти[1]. Түнүндө кайрылып, үңкүргө келишкен жок. Көрүнгөн жерде каңгып жүрүштү. Баягыдай жашырынып-жамынганын да коюп, ачык кашкөйлүккө өтүштү.

Айлана-тегерегиндеги чабандардын көбү күтүлбөгөн жерден көрүшүптүр. Акбара менен Ташчайнар бөрүлөрдүн табиятында жок ишти жасашчу болду. Адамдарга да кол сала баштаптыр.

Бир күнү таламандын тал түшүндө жолдун так ортосунда тракторчуну качырып сала берген экен. Дагы бир күнү бир чабандын баласы көз көрүнө өлүмдөн калыптыр.

Ошондон көп өтпөй эки карышкыр кашардын желкесинде жайылып жүргөн бооз койлордун он бештейин жара тартып кетишти[2]. *(Ч. А.)*

389. Чыгармачылык көнүгүү. Тексттен этиштин чактарын таап, өткөн чакты учур чакка, келер чакты өткөн чакка, учур чакты келер чакка айландырып, көчүрүп жазгыла.

## БОСТОН ТАШЧАЙНАРДЫ ЭМНЕ ҮЧҮН АТТЫ?

Түш болуп калды. Бөрүлөрдөн дайын жок. Ээн жаткан бир коктуга койлорду жайып таштады. Бостон сейрек бадалдардын арасында мылтыгын кармаган бойдон былк этпей жатты. Бала кезинен мергенчиликке чыгып жүргөн Бостон атканын жаза кетирчү эмес.

Убакыт өтүп жатты. Карышкырлар келе жатышты. Бостон сактана, мылтыгынын милтесин тартты. Бирок башын көтөргөн жок. Жер менен жер болуп жатып калды. Ошол тапта таштардын арасынан көгүлтүр сөлөкөт жылт бергенин көзү чалды. Койлор үркүп, бир паста ийриле түштү. Элейип туруп калышты[3]. Ошо замат мээлебей туруп, өзүн көздөй атырылып келаткан зор жырткычты көздөй мылтыкты басып калды. Ок Ташчайнарга секире берерде тийди *(Ч. А.)*

**390.** 1) Таблицаны пайдаланып, төмөнкү этиштерди жактагыла. 2) Жекелик, көптүк сандагы жак мүчөлөрдү тапкыла. 3) Алардын толук жана толук эмес түрлөрүнөн кабар бергиле.

Окуган, бар, кел, оку, жаз.

**1. Жак мүчөлөрдүн толук түрү**

| Жекелик саны | Көптүк саны |
|---|---|
| I жак **-мын**<br>II жак **-сың** (одоно)<br>**-сыз** (сылык)<br>III жак — | I жак **-быз**<br>II жак **-сыңар** (одоно)<br>**-сыздар** (сылык)<br>III жак — |

**2. Жак мүчөлөрүнүн толук эмес түрүү**

| Жекелик саны | Көптүк саны |
|---|---|
| I жак **-м**<br>II жак **-ң** (одоно)<br>**-ыңыз** (сылык)<br>III жак — | I жак **-к**<br>II жак **-ңар** (одоно)<br>**-ыңыздар** (сылык)<br>III жак — |

## ЭТИШТИН ЫҢГАЙЛАРЫ

Жаңы теманы түшүндүрүү үчүн алынуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. *Кучуңө карап, жыгач* чап, *өзүңө карап, жолдош* тап.
2. *Азган-тозгон* дебейин, *ал келсе жардам* берейин.
3. *Ал шаарга* бармак.
4. *Ашым* калса калсын, *ишим* калбасын.
5. *Абдылда* келди, *Жамал* келе элек.

1-корутунду

Кыймыл-аракеттин чыныгы иш жүзүнө ашырылышы же ашырылбай калышы сүйлөп жаткан адамдын чындыкка жасаган мамилесине байланыштуу болот.

Мисалы: Жогорку сүйлөмдөрдөгү *чап, тап, дебейин, берейин, бармак, калса* деген этиштер кыймыл-аракет ишке ашкан чыныгы чындыкты туура чагылдыра алышкан жок. Мындагы кыймыл-аракет ишке аштыбы, жокпу али белгисиз. Ал эми 5-сүйлөмдөгү *келди, келе элек* деген этиштер кыймыл-аракеттин чыныгы ишке ашкандыгын билдирди.

Демек, баяндагыч ыңгай гана кыймыл-аракетин чыныгы ишке ашканын билдирет, буйрук, шарттуу, каалоо-тилек, максат-ниет ыңгайлар кыймыл-аракеттин чыныгы ишке ашарын же чыныгы ишке ашпаганын билдире алышпайт.

Кыймыл-аракеттин чындыкка карата болгон мамилесинин (буйругунун, каалоо-тилегинин, максат-ниетинин, шартынын) сүйлөп жаткан адамдын өзү тарабынан белгилениши этиштин ыңгайлары деп аталат.

Этиштин ыңгайлары төмөнкүдөй болуп, беш топко бөлүнөт:

1. Баяндагыч
2. Буйрук
3. Шарттуу
4. Каалоо-тилек
5. Максат-ниет

→ ыңгай

391. Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1. Жогорку таблицадагы ыңгайларды жана аларды уюштурган мүчөлөрдү катыштырып, мисал ойлоп тапкыла. 2) Этиштин ыңгайлары канчага бөлүнөрүн санагыла. 3) Этиштин ыңгайларынын эрежесин түшүндүргүлө.

## § 105. Баяндагыч ыңгай

Кыймыл-аракеттин ошол учурда болуп жатканын, же келечекте болорун, же болуп өткөнүн чындык катарында жайынча баяндаган этиштер баяндагыч ыңгай деп аталат.

Баяндагыч ыңгай жакты жана чакты билдирет.

Мисалы:

| Жагы | Саны | Учур чак | Келер чак | Өткөн чак |
|---|---|---|---|---|
| I | жек. *(мен)* | *жазып жатам* | *окуймун (окуйм)* | *иштедим* |
| | көп. *(биз)* | *жазып жатабыз* | *окуйбуз* | *иштедик* |
| II | жек. *(сен) сиз* | *жазып жатасың (-сыз)* | *окуйсуң (-суз)* | *иштедиң (-ңиз)* |
| | көп *(силер) сиздер* | *жазып жатасыңар (-сыздар)* | *окуйсуңар (-суздар)* | *иштедиңер (-ңиздер)* |
| III | жек. *(ал)* | *жазып жатат* | *окуйт* | *иштеди* |
| | көп. *(алар)* | *жазып жатышат* | *окушат* | *иштешти* |

**392.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Жогорку таблицаны окуп чыккыла. 2) Баяндагыч ыңгайдын жакты жана чакты билдирерин үйрөнгүлө. 3) Өзүнөр оозеки мисал келтиргиле.

**393.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Төмөнкү текстти окуп чыккыла. 2) Этиш сөздөрдү таап, кайсы чакта турганын айтып бергиле. 3) Сүйлөмдөгү өткөн чактарды учур чакка же келер чакка айландыргыла. 4) Кара тамга менен терилген этиш сөздөрдү жактагыла.

## КОШ, БООРУМ АЖАР!

Көп убакыт **өттү**. Бүткөн бою салмактанып, буту шилтөөгө **жарабай калды**. Баса албай, **жыгылып кетти**...

Ажар жол жүрүп келе жатты, арт жагынан көп нерсенин улуганы, үргөнү угула баштады. Ажардын жүрөгү опкоолжуп, алып **учту**, коркуу сезими **келди**.

Бир мезгилде Ажардын айланасына ач карышкырлар толуп кетти. Ал от жагып кирди, от бастап, өчүүгө айланды... Карышкырлар туш-туштан качыра **баштады**. **Жемди талашты, ырылдашты**, ары-бери **сүйрөштү**... *(К. Б.)*

**394.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Тексттен баяндагыч ыңгайды гана көчүрүп жазгыла. 2) Уңгу, мүчөсүн ажыраткыла. 3) Баяндагыч ыңгай жөнүндө өз түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

## БӨЛТҮРҮКТӨР КАЙДА?

Бир маалда Акбара менен Ташчайнар капчыгайды беттеп, тоону карай келе жатышты. Аларды төрт бөлтүрүктөрүнө эртерээк жетүү үмүтү ээликтирип жиберди...

Акбара асканын түбүндөгү үңкүргө шапа-шуп кирип барды. Ангыраган, бош булуң-бурчту кайрадан жыттагылап чыкты. Эмчек соргон бөлтүрүктөрүнүн жок экендигине дагы бир жолу ишенди, бирок буга макул болгусу келбей, кайрадан ийинден атып чыкты. Жаалына чыдабай чыга бериште бет келген Ташчайнарды бир уруп өттү. Кайрадан булактын[2] жанындагы Базарбайдын издерин шимшилей баштады. Тегерене чуркады. *(Ч. А.)*

**395.** Алган билимди бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Көп чекиттин ордуна этиш сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла. 2) Алардын кайсы чакта турганын тапкыла. 3) Баяндагыч ыңгайдын эрежесин айтып бергиле.

1. Абдылда менен Ракыя ушул кыштактагы айылдык мектепте ... 2. Кечээтен бери саалган сүттүн көп болушу Бурулду ... 3. Эшикке чыгып, эки жакты карасам, эч ким ... 4. Ат көнгөн жерине ... азамат туулган жерине ... 5. Улуу кишини сыйлагандан бой ... 6. Эртең менен Керездин келгенин уккан Кычан менен Атай ...

**Колдонулуучу этиш сөздөр:** окушкан, көрүнбөйт, чуркап келишти, кичирбейт, кубандырды, качат, шашат.

**396.** Чыгармачылык көнүгүү. 1) Өзүнөр баяндагыч ыңгайды катыштырып, кыскача аңгеме жазгыла. 2) Ага тема койгула. 3) Баяндагыч ыңгайдын эрежесин айтып бергиле. 4) Этиштин ыңгайлары канчага бөлүнөрүн санагыла.

### § 106. Буйрук ыңгай

Теманы түшүндүрүү үчүн пайдаланылуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. *Эрте* **жат** *да, эрте* тур, *бир кетменди ашык* **ур.**

2. *Канжыгамда кымыз* **бар,** *канганча* **жуткун,** *жаш конок.*

3. *Ак сарбашыл улакты, садагага* **чапкыла,** *Тозорго кабар* **айткыла.**

4. *Жакса сөздү* **алыңыз,** *жаман болдук баарыбыз, боздотпой жолго* **салыңыз.**

## 1-корутунду

Ишти аткаруу үчүн сүйлөп жаткан адамдын үч жактын (I, II, III) бирине берген буйругун, сунушун, өтүнүчүн билдирген этиш сөздөр **буйрук ыңгай** деп аталат.

Буйрук ыңгай төмөндөгүдөй жолдор менен түзүлөт:

1. Уңгу (тубаса) этиштер аркылуу:

Мисалы: *айт, кел, оку, жаз, бар, бас, тап, бер, бил, ал, кара, кач, жак, жат, чык.*

2. Буйрук ыңгайды уюштуруучу мүчөлөр аркылуу:

| Буйрук ыңгайды уюштуруучу мүчөлөр | Мисалдар |
|---|---|
| -гын (-ың), -гының: | *баргын, иштегин, тапкын, келиң, барың, алың, бериң, баргының, көргүнүң.* |
| -сын: | *барсын, келсин, билсин, өссүн, көрсүн, ырдасын, келишсин.* |
| -гыла: | *жазгыла, иштегиле, үйрөнгүлө, сүйлөнгүлө, жаттагыла, ырдагыла.* |
| -ыңыз (-ыңыздар): | *келиңиз — келиңиздер, көрүңүз — көрүңүздөр, жибериңиз — жибериңиздер, алыңыз — алыңыздар.* |
| -алы (-алык): | *баралы (баралык), көрөлү (көрөлүк), жазалы (жазалык), окуйм (окуйлук).* |

3. Кээ бир сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен:

-а: *сана, ойно, сына, түзө, түнө, ойно.*

-ла: *башта, ойло, сүйлө, жайла, катта, кышта, мушта.*

-ык: *жолук, бирик, кезик, канык, отук.*

-лан: *куралдан, нурлан, ардан, намыстан, экилен.*

-кар (-каз): *аткар (атказ), куткар (кутказ), өткөр (өткөз), уяткар (уятказ).*

-ар (-р): *тазар, кызар, узар, жашар.*

-ы: *байы, тары, жашы.*

**397.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Жогорку буйрук ыңгайды катыштырып, сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Кандай мүчөлөрдүн жардамы менен буйрук ыңгайдын уюшулганын айтып бергиле. 3) Уңгу, мүчөгө ажыраткыла. 4) Кайсы мүчө (сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү) экенин тапкыла.

үн түшүнүгүнөр боюнча кош мамиленин эрежесин айтып бергиле. ) Кош мамилеге морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Чабандес улак тартышты, мергендер жамбы атышты. 2. Жапар менен Жамийла сүйлөшүп отурушуп, мектепке кешишти. *(К. Б.)* 3. Мектепке балдар бирден-экиден топтошуп келе башташты. Кайсы бирлери чоңдорду тууралашып, жайбаракат басып келишти. Кээ бирөөлөрү баш кийимдерин колуна кармашып, мектепке келип жатышты. 4. Андреева Бурулча, Жамийла менен кол кармашып көрүштү да, кабинетине киришти. *(К. Б.)* 5. Табылды менен Чолпон эже китеп окушту.

5*. 422. Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Ырды окуп чыгып, кош мамилени билдирген этиштерди тапкыла. 2) Анын кандай мүчө аркылуу уюшулганын түшүндүргүлө. 3) Эмне үчүн кош мамиле экенин айтып бергиле.

## АККАН СУУ

Божурашып сүйлөшүп,
Бир күндө он беш суу кечип.
Суу боюна барышып,
Суу мылтык жасап алышып,
Суу мылтык менен атышып,
Бир кумарга канышып,
Балдар келген аккан суу...
Ай туяктан арнашып,
Ак боз бээ тандап союшуп.
Абыдан этке тоюшуп,
Арча көпкө чыдайт деп,
Каржыгачка коюшуп,
Карагай кесип кынашып,
Карылар менен сынашып,
Элдер келген аккан суу...

(*Жеңижок*)

2-корутунду

Негизги этишке **-ыш** мүчөлөрүнүн уланышы аркылуу жасалып, кыймыл-аракеттиң бир нече киши тарабынан биргелешип, кошулуп аткарылгандыгын, иштелгендигин билдирген этиштер **кош мамиле** деп аталат.

**423.** Жаңы билимди бышыктоо көнүгүүлөрү.

1. Солдат Жамийлага жүткүнүп барып, эки колдошуп учурашып калышты. 2. Туш-туштан жүгүрүп келишкен кишилер солдатты тегеректешип, кызуу учурашып жатышты. 3. Жамийла айылдашына ыракмат айтып жетишкенче, Данияр арабасын айдап, жолго түштү. 4. Солдатты туугандары ээрчитип кетишти. Калгандары короонун ортосунда калышты. 5. Жаан жааса кырманда иш болмок беле, элдин баары үйлөрүнө кетишти. 6. Үнсүз, дабышсыз чагылгандар жалт-жулт кубулуп жатты. 7. Сүрөтчү болуш үчүн сүрөтчүнүн өнөрүн атайлап үйрөнүш керек. Экөө кез-кез бир нерсени сүйлөшүп коюшат. *(Ч. А.)*

## 3-корутунду

**-ыш** мүчөсү уланган этиш сөздөрдүн бардыгы эле кош мамилени түзбөйт. Кыймыл атоочту да жасайт. Буларды төмөнкү таблицадан даана байкоого болот:

| Кош мамиле | Кыймыл атооч |
|---|---|
| Алар бар**ыш**ты. | Бар**ыш** менин милдетим |
| Биз ишт**еш**гик | Ишт**еш** үчүн келдим. |
| Балдар эс ал**ыш**ты, жардам беришти. | Ал**ыш**-бер**иш** эки кишиге тең. Эс ал**ыш** да керек. |

**424.** Проблемалык көнүгүү. 1) **-ыш** мүчөсү уланган сөздөр качан кош мамилени, качан кыймыл атоочту уюштурарын далилдегиле. 2) Суроо берүү аркылуу талдагыла.

## 4-корутунду

**-ыш** мүчөсү уланган сөздөр дайыма эле кош мамилени же кыймыл атоочторду уюштурбастан, башка сын-сыпаттык маанини да билдирип калат.

Мисалы: *Алардын* **катыш** *мамилелери бар. Сейде* **чатыш** *кептерди сүйлөдү. Адегенде* **кириш** *сөздөр сүйлөндү. Биз коңдор менен* **аралаш** *отурдук. Төрт үй-бүлө* **жанаша** *кондук, себеби жайлообуз бир.*

## § 112. Өздүк мамиле

1-к о р у т у н д у

Өздүк мамилени **-ын (-ин, -ун, -үн, -н)** мүчөсү уюштурат.
М и с а л ы: *ач+ын, кий+ин, көр+үн, жуу+н, тара+н, бас+ын, ула+н, бак+ын (багын), кир+ин, өт+үн, каран.*

**425.** Үлгү боюнча билим алуу көнүгүүсү. Этиш сөздөргө **-ын (-н)** мүчөсүн улап, өздүк мамиле этишти түзгүлө.

Башта, жап, жыл, жул, ач, көр, жуу, алып кел, тара, бас, чап, беки, сүйлө, ташы.
Ү л г ү: жуу – жуунду, жул – жулунду.

**426.** Жаны билимге өз алдынча ээ болуу көнүгүүсү.

1. Ак бараң мылтык асынып, ырдасаң келбейт балалык. . Өңүн суудан каранып, тотукуштай таранып, келиндер кел-ен аккан суу. 3. Белдемчисин байланып, балдарына айла-ып, кемпирлер келген аккан суу[1]. 4. Толкуган топко жулу-уп, колуна комуз жарашкан. 5. Током, караны миндиң байланып, карчыга куштай айланып. 6. Жээрдени миндиң байланып, жем көргөн куштай айланып[2]. (*Жеңижок*).

**427.** Окуучуларды машыктыруу жана көнүктүрүү мүнөзүндөгү энүгүү.

1. Калыс калган жакшылар, пара бер деп суранды. Арам енен ырыскы, табылганга кубанды. 2. Жанын колго кар-анып, бир тыйынга караган. Казыр турат баласы, дүнүйөгө іданып. 3. Уят болот байкасаң, көп кызыгып суранба. 4. Да-яр менен Жамийланын карааны көрүнбөй калды. 5. Алар-ын артынан дагы күчөп чуркадым, бутум бир нерсеге ча-лынып кетти. 6. Бетимди көз жашыма сууланган жеңиме атып, көпкө чейин ыйладым. *(Ч. А.)* 7. Салынбаган[2] стан-иялар салынсын, мөңкүп аккан суудан кубат алынсын.

2-к о р у т у н д у

Негизги мамиле этишке **-ын** мүчөсүнүн уланышы аркы-луу жасалып, кыймыл-аракет иштөөчүнүн өзүнө багыт-талгандыгын же өзү үчүн иштелгендигин билдирген этиш сөздөр **ө з д ү к  м а м и л е** деп аталат.

Өздүк мамиленин **-ын (-н)** мүчөсүнөн кийин этиштин ар кандай мүчөлөрү улана берет.

М и с а л ы: *жуун – жууна, жуунмай, жуунмак, жуунушту, жуунуп; көрүн – көрүнө, көрүнмөй, көрүнмөк, көрүнүш, көрүнүп, көрүнгөн, көрүнүптүр.*

**428.** Ар түрдүү тапшырмаларды жана суроолорду аткаруу мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Айланган тоонун бүркүтү, ак жерден торго чалынды. 2. Комузду күүгө келтирген колума кишен салындым. *(Т.)* 3. Абалап учуп чардагы, ак чабакка байланып, таз кара, кара жорулар, так чокуга айланып. *(Ж.)* 4. Чабалекей, карлыгач, чамдап учат шайланып, 5. Кош билерик салынса, кокондук чепкен жамынса. 6. Жалкоо болбой эмгектен, жарышып иште түрүнүп. 7. Көчтүн башын жетелеп, көркөм кооз кийингин.

**429.** Алган билимдерин бекемдөө жана бышыктоо мүнөзүндөгү көнүгүү.

1. Ак жолборс келсе, тартынба, алтын башың барында. 2. Бакта булбул таңшыгандай таранып, күндөй күлүп, айдай нуру таралып. 3. Калыстык кылган кишилер, пара бер деп суранды. 4. Арамдык менен ырыскы тапканына кубанды. 5. Жаш келиндерче кийинип, элечек оронуп, сур жоргону минип келаткан — Атабектин зайыбы. 6. Ичигин жамынып, анда-санда теминип, кээде кымтыланып Ажар келе жатат. 7. Алдыңкылар көрүнбөй калды. 8. Динар эки жагын элтең-элтең каранат[4].

## § 113. Туюк мамиле

### 1-к о р у т у н д у

Негизги мамиле этишке **-ыл (-л)** мүчөсүнүн уланышы аркылуу жасалып, кыймыл-аракеттин өзүнөн-өзү иштелгендей маанини билдирген этиштер **т у ю к  м а м и л е** деп аталат.

М и с а л ы: *жаз – жазыл, иште – иштелди, бер – берилди. жибер – жиберилди, катта – катталды, өт – өтүлдү, макта – макталды, көтөр – көтөрүлдү, кыр – кырылды, жап – жабылды.*

Кээ бир учурларда өздүк мамилени уюштурган **-ын** мүчөсү аркылуу да туюк мамиле жасалат.

М и с а л ы: *Делегаттар* **шайланды.** *Газета-журналдар* алынды. Бул сүйлөмдөгү *делегаттар* – өзүнөн-өзү шайланган, *газета-журналдар* өзүнөн-өзү алынган жок. Башка бирөөлөр тарабынан **шайланды** жана **алынды.** Демек, ким тарабынан шайланды, ким тарабынан алынганы белгисиз, туюк болуп калды.

**430.** Алган билимди алгачкы жолу бышыктоо көнүгүүсү. 1) Өзүнөр төмөнкү этиштерге туюк мамиленин -ыл мүчөсүн улап, оозеки сүйлөм түзгүлө. 2) Кыймыл-аракеттин кандай аткарылып жаткандыгын айтып бергиле.

Жаз, чеч, аткар, кара, көр, иште.

**431.** Окуучуларды машыктыруу, жатыктыруу көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, -ыл (-л) мүчөсү катышкан туюк мамиле этиштерди тапкыла. 2) Мүчөнүн толук же кыскарып (-л) айтылышын аныктагыла.

1. Калкымдан келдим сүрүлүп, эсил жандан түңүлүп. 2. Жеңижок атка коюлдум, таркады тагы союлдун. 3. Элден бөлгөн Ташкара, эки көзүң оюлсун. 4. Ала оору эле оңолдум, араңда өсүп торолдум. 5. Жүзүмдөрү салбырап, талга асылып өрүлгөн. 6. Жийде гүлдөп ачылган, жемиш бышып чачылган. 7. Ай, Күн, жылдыз, асман, Жер, айтчы кайдан жаралды. 8. Ай-ааламдын жүзүнө, адам кантип таралды. 9. Жылдызы качып суюлган, аркары кумдай куюлган. 10. Күүлөнө буту бүгүлүп, капталдуу жерден сүрүлүп, эргий-эргий жүгүрүп, эликтей буту бүгүлүп, Эсекең келди, жол бергин.

**432.** Алган билимди бышыктоо, бекемдөө көнүгүүсү.

Бар болбой малың чачылбайт.
Жок болбой жонуң ачылбайт.
Башыңа мүшкүл иш түшпөй,
Малың арзан сатылбайт.
Кеспей терек жыгылбайт.
Куусуз чакмак чагылбайт.
Ылайсыз дубал курулбайт.
Жаманга тандап кеп айтсаң,
Кабааган иттей ырылдайт.

(*Жеңижок*)

**433.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү.

1. Алатоодон жел согуп,
Комуздай күүсү угулган.
Кулпунган жашыл жалбырак,
Кубарып жерге жыгылган.
Айнектей таза тегиз жол,
Агылган канга жуулган...
Аңгыча болбой бир немис,
Баланы көрүп бурулду.
«Куткарбай жайла итти» – деп,
Жапардын үнү угулду[2].
Томолонуп чоң фриц.
Топуракка сунулду. *(Ж. Б.)*

2. Көөдөндө дартым арылды, көксөгөнүм табылды. 3. Абыл издеп келгенде, кардыккан үнүм басылды, каткан черим жазылды. 4. Көзүмдүн жашы басылды, көңүлүм жарк деп ачылды.

**5*. 434.** Алган билимдерин турмушта колдоно алууга жетишүү көнүгүүлөрү.

Ак бөкөн келип жыгылат,
Алдын казып ордосо...
Чоң Анжыян, кең Кашкар,
Зилзаладан бузулду[2].
Ажалы жок адамдар,
Чыга качып кутулду.
Тагдыры жеткен пенделер.
Тамда калып тутулду.
Жер силкинип жарылды,
Чоңкеминде бузулду.
(*Молдо Кылыч*)

**435.** Алган билимди тереңдетүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Окуп чыгып, кара тамга менен жазылган сөздөрдүн мамиле же мамиле эмес экенин аныктагыла. 2) Морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Тал-тал болуп **өрүлгөн,** саамайыңдан **кагылам.** 2. Издесеңиз тоосунда, толуп жатат **табылгы.** 3. **Созулганың** Букардын, жибегиндей жан-жан ай. 4. Катарлап тиккен **айыл** ким, карыя айтчы, дайның ким? 5. Дениң соодо **эринбе,** бекерликке **берилбе.**

## § 114. Аркылуу мамиле

**436.** Өз алдынча билим алуу көнүгүүлөрү. 1) Окуп чыгып, аркылуу мамиле этиштин эрежесин, кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасаларын үйрөнгүлө. 2) Уюштурган мүчөлөрдү эсиңерде сактагыла. 3) Кыймыл-аракеттин башка бирөөлөр тарабынан иштелгендигин аныктагыла.

### Корутунду

Кыймыл-аракеттин башка бирөөлөр тарабынан иштелгендигин, аткарылгандыгын билдирген этиш сөздөр **аркылуу мамиле** деп аталат.

Аркылуу мамиленин төмөнкү мүчөлөр уюштурат:

**-дыр:** *ал – алдыр, бер – бердир, күл – күлдүр, айт – айтдыр.*

**кыр:** *жет – жеткир, жат – жаткыр, чуч – чүчкүр, бышкыр – бышкыр.*

**гыз:** *тур – тургуз, отур – отургуз, той – тойгуз, бил – билгиз.*

**-ыр:** *кач – качыр, өч – өчүр, ач – ачыр, көч – көчүр, уч – учур.*

**-ар:** – *чык – чыгар, кайт – кайтар, кара – карар, боз – бозор.*

**-кар:** *ат – аткар, өт – өткөр, баш – башкар, от – откор.*

**-ыз:** *там – тамыз, эм – эмиз, ук – угуз, ак – агыз.*

**-ыт:** *корк – коркут, үрк – үркүт.*

**-каз:** *ат – атказ, өт – өткөз, бүт – бүткөз, көр – көргөз.*

**-т:** *сана – санат, ырда – ырдат, бийле – бийлет.*

5*. **437.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүлөрү. 1) Жогорку мисалдарды катыштырып, 5 – 6 сүйлөм ойлоп жазгыла. 2) Алар кайсы мүчөлөрдүн жардамы менен жасалганын айтып бергиле. 3) Кыймыл-аракеттин башка бирөөлөр тарабынан иштелгендигин далилдегиле.

**438.** Алган билимди тереңдетүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, аркылуу мамиле этиштерди тапкыла, кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасалганын айтып бергиле. 2) Этиштин мамилелерин санагыла.

1. Эмчегиңди эмизген, ээрдиңе тийгизгин. Эсиңде жүрсүн энелик, мээримиңди билгизгин. Башынан суу айлантып, Абылды үйгө киргизгин[2]. *(Ы. Б.)* 2. Көкөтөйдүн Бокмурун, жаккан отун өчүрттү, жан жабыла көчүрттү. 3. Таштан мечит курдуруп, суудан даарат алдырып, жайнамазын жайды-

рып, ыймам кылды торгойду, башына селде чалдырып. *(М. Кылыч)* 4. Айкырып абаң жөнөдү[4], Алмамбетти көргөндө. 5. Көкөтөйдүн Бокмурун, аземдигин көргөздү, өчкөн отун тамызып. 6. Салык салып, пул алып, бай-манап бизди коркутту. 7. Боздобой жүрүп өткөрсөң, боруму кызык дүйнөнүн. 8. Аңдып келген душманга алдырбаган балалык. 9. Өчкөн отун тамызды, алып берип намысты. 10. Эстетти эми балалык, эскерип обон салалык. 11. Салкын куудай агартып, санат ырды көп айткан. *(Ж.)* 12. Аскердин алдын жапырып, жазайылды жаткырып, күлдүр мамай мылтыкты күркүрөтө аттырып.

**439.** Комментариялык көнүгүү. 1) Негизги мамиле этишке төмөнкү аркылуу мамиле этиштин **-дыр, -кыр, -гыз, -ыр, -ар, -кар, -т** мүчөлөрүн улап, көчүрүп жазгыла. 2) Аркылуу мамиле этиштердин эрежесин айтып бергиле. 3) Аркылуу мамилени уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Ал, бер, жаз, оку, жөнө, бил, уч, бүт, сана, эм, черт.

**440.** Окуучуларды машыктыруу, көнүктүрүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыгып, андан аркылуу мамиле этишти көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн аркылуу мамиле экендигин аныктап, эрежесин айтып бергиле. 3) Мүчөсүн ажыраткыла.

1. Сакалын куудай агартып, саяпкор, тапкор сынчы өткөн. 2. Дөбөт менен мышыкты кабыштырган балалык. 3. Алты жашка барганда, ата-энесин коркутуп, ыйлап турган балалык. 4. Түнөрөт күндү көргөзбөй, карагай, арча, кайың чер. 5. Эстелигин тургузуп, эл-журтуна дүң кылды. 6. Эгер жакшы иш болсо, аны ого бетер өөрчүт. 7. Эл менен эл болоюн десең, сөзүңдү дайыма аткар. 8. Нарын, Нарын басып өттүң кыргызды, кыргыз сага кылым үйүн тургузду. 9. Аралатып Тянь-Шанды, Памирди, ооздук катып, мингизебиз жылдызды. 10. Карач капшытты көргөзүп, өзү барып эшикти ачты. 11. Биз жанагы куугунду жазгырабыз деп, Акучукту өрдөдүк.

**441.** Алган билимди бышыктоо жана машыгуу көнүгүүсү. 1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, аркылуу мамиле этишти тапкыла. 2) Кандай мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалганын далилдегиле. 3) Мамиле жөнүндө түшүндүргүлө.

1. Мээримди билгизгин, баланы үйгө киргизгин[4]. 2. Алдында минген атыңды, суутуп эс алдыргын, сугарып чөп

чалдыргын. 3. Уулуң жалгыз Топчубай, атказдык жалган дүйнөдөн. 4. Айып этпе чырагым[1], ал-жайыңды сурармын. 5. Жакшы тамак жегизип, бала кылып алайын, эки эмчегим эмизип. 6. Качырдым кайдан табамын, Буудайыкты эми мен. 7. Тил сүйдүрөт жана күйдүрөт.

8. Комуз берди колуна,
Чегирткеге черттирип.
Сагызганды сайратты,
Жөө жомогун айттырып.
*(Молдо Кылыч)*

### Корутунду

Мамиле этиштер катар келип, бири-бири менен кабатталып айтыла берет:

К о ш мамиле: *кезигишишти, учурашышып, каттаышышар.*

А р к ы л у у мамиле: *көрсөттүр, айттыргын, күчөттүр, чагылттыр, кайтарттырбай.*

К о ш + а р к ы л у у мамиле: *жарыштыр, көрүштүр, катышкын, киришкин.*

Ө з д ү к + к о ш мамиле: *жашынышты, көрүнүштү, басынышкан, шашылышты.*

А р к ы л у у + ө з д ү к + к о ш мамиле: *көрсөтүлүштү, бошотулушту, чакырылышты.*

Ө з д ү к + а р к ы л у у + к о ш мамиле: *түшүндүрүштү, бүлүндүрүштү, кубандырышты, камындырышты.*

Т у ю к + к о ш мамиле: *кабылышты, жазылышпас, берилишкен, келишишти.*

## § 115. Этиштин жазылышы

1. Негизги жана көмөкчү татаал этиштер ар башка жазылат.

М и с а л ы: *болгон экен, болгон эле, келген эмес, барган эмес, жардам эт, келе берди, ойноп жатат, ойноп жатат экен.*

2. Арсар келер чакты уюштурган **-ар** мүчөсү аягы үнсүз менен бүткөн этиш сөздөргө уланганда кыска айтылышынча жазылат.

М и с а л ы: *бараар эмес, барар; келээр эмес, келер; болоор эмес, болор; алаар эмес, алар.*

а) **-ар** мүчөсү аягы үндүүлөр менен бүткөн этиш сөздөргө улаганда созулуп айтылат жана жазылат.

М и с а л ы: *Ал муну сураар* (сурар эмес). *Кезеги келгенде окуур* (окур эмес). *Салтанаттуу чогулушта сүйлөөр* (сүйлөр эмес). *Гүл бакча жер бетин кооздукка бөлөөр* (бөлөр эмес).

б) Карама-каршы маанидеги арсар келер чак арасында дефис коюлуп жазылат.

М и с а л ы: *берер-бербес, алар-албас, барар-барбас, берер-бермексен, сураар-сурамаксан.*

3. Жалпы өткөн чакты уюштурган **-ган** мүчөсүнөн кийин *бейм, беле, го* деген божомолдогуч бөлүкчө кошулуп айтылганда ар башка жазылат.

М и с а л ы: *келген бейм, көргөн бейм, барган беле, жазган го.*

а) **-ган** мүчөсү уланган жалпы өткөн чакка I жактын мүчөсү жалганганда мүчөлөрү толук сакталып да, кээде толук сакталбай да айтылат жана жазылат.

М и с а л ы: *бар+га+мын — бар+ган+мын — бар+га+м; жаз+ган+мын — жаз+га+мын — жаз+га+м.*

4. Кош сөз маанисинде колдонулган жана кайталанып айтылган этиштер дефис аркылуу жазылат.

М и с а л ы: *ойноп-күлүп, ыйлап-сыктап, келип-кетип, алыш-бериш, бара-бара, күтө-күтө, сүйлөй-сүйлөй, көрө-көрө, карай-карай.*

5. Төмөнкү татаал этиштер эки түрдүү жазылат:

*Бара жатат – баратат, келатат – келе жатат.*

**5* 442.** Окуучулардын орфографиялык сабаттуулугун жогорулатуу мүнөзүндөгү көнүгүүлөр. Төмөнкү этиш сөздөрдүн кандай жазыларын тууралап жазгыла.

Ойнопатат, баражатат, келгенекен, бараар, келээр, сураар, сүйлөөр, келгенбейм, барганго, ойноп -күлүп, келиш -кетиш, алыш-бериш, келе-атат.

**443.** 1) Төмөнкү текстти окуп чыгып, этиштерин тапкыла. 2) Алардын кандай жазыларын далилдегиле. 3) Туура эмес жазылганын оңдоп көчүрүп жазгыла. 4) Эрежелерин айтып бергиле.

## КЕНЖЕШ ЭМНЕ БОЛДУ?

Бостон эмне болуп кеткенин түшүнбөй, дубалдан шапа-шупа мылтыгын ала коюп, үйдөн атып чыкты. Артынан Гүлүмкан жүгүрдү.

– Тигине! Тигине! Кенжеш! Карышкырдын жонунда баратат.

Бостон карышкырды өзү да көрдү, желе-жортуп кетип бараткан экен. Жалына арта салынган бала өкүрүп-бакырып ыйлап баражатат.

Бостон тамагы айрылганча бакырып[4], артынан баратты:

– Ташта, Акбара! Ташта баланы! Экинчи бөрүлөргө тийбейм!

– Таштап кет баламды! Акбара! Айланайын Акбара, ташта баланы!..

– Ат! Атпайсыңбы, ой,– деп кыйкырды Гүлүмкан.

Бала карышкырдын жонунда баратса кантип атат[1]. Бостондун оюна да келген жок. *(Ч. А.)*

**444.** Окуучулардын орфографиялык сабаттуулугун жогорулатуу үчүн көнүгүү. 1) Тексттен туура эмес жазылган этиштерди таап,тууралап көчүрүп жазгыла. Алардын жазылыш себебин түшүндүргүлө.

## БОСТОН МЕНЕН ГҮЛҮМКАН НЕГЕ ЫЙЛАДЫ?

Үчүнчү жолу карышкырдын башынан ашыра атты. Ок дагы ышкырып, жырткычтын үстүнөн өттү. Тизелеп отурагалып мээледи. Ок дагы тийбей галды. Бостон ошо замат акыркы окту октойсалып, кайрадан мээледи. Кандайча атыбийгенин өзү да байкабай калды. Карышкырдын бир секирип алып, капталына кулап түшкөнүн көрдү.

Бостон эс-мас болгон кишидей Акбараны көздөй чуркады... Өз көзүнө өзү ишенбейеле, кызыл-ала канга чыланган баласынын үстүнө үйрүлүп түшүп, жерден көтөрүп алагойду.

Гүлүмкан баласынын[3] баш жагына чыңырып келип кулады...

Базарбай бөлтүрүктөрдү алып кеткенде, Акбара кандай боздоп улуса, булар да так ошондой боздоп, ыйлашты. *(Ч. А.)*

5*. **445.** Алган билимдин чындыгын текшерүү мүнөзүндөгү көнүгүү. 1) Төмөнкү этиштерди тууралап көчүрүп жазгыла. 2) Эмне үчүн андай жазыларынын себебин түшүндүргүлө.

Ойноп, жатканго, бергенбейм, келээр, берээр, ойноп күлүп, келип кетип, баратам, келе жатам, жазгам, ырдайалбайм.

## § 116. Кайталоо (жалпылоо) сабагы

**Этиштин мамилелерин кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:**

1. Этиштин мамилелери жөнүндөгү түшүнүктү айтып бергиле.
2. Этиштин мамилелери канчага бөлүнөрүн санап, ар биринин эрежесин түшүндүрүп, ар бирине оозеки мисал ойлоп тапкыла.
3. -ыш мүчөсү уланган кош мамиле менен кыймыл атоочтун айырмасын түшүндүргүлө.
4. Этиштин мамилелеринин сүйлөм ичинде аткарган синтаксистик кызматына оозеки мисал келтиргиле.
5. Этиштин жазуу эрежелерин айтып бергиле, мисалдар келтиргиле.

**446.** Окуучулардын алган билимдерин калыбына келтирүү көнүгүүсү. 1) Окуп чыккыла, этиштин мамилелерин таап, кайсы мамиле экендигин, кандай мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалганын далилдегиле. 2) Ар бир мамиленин эрежелерин айтып бергиле.

1. Дүйшөн мугалим болуп жүрүп, билимим аз деп өкүнөр эле. 2. Аккан сууну бойлошот, кой дегенге болбостон, балчык кечип ойношот. Атчан адам көрүнсө, үркүтмөккө жол тосот. 3. Сизге баян кылайын, китептерде сөзү бар, ынанбасаң табайын. 4. Адамдын акын жегенди, акыретте текшерсе, бейишке чыгам дегенди алла таала текшерсе. 5. Эне сүтү бойду өстүрөт, эне тили ойду өстүрөт.

5*. **447.** Алган билимдин чындыгын текшерип көрүү көнүгүүсү. 1) Өзүнөр этиштин мамилелерин катыштырып, ар бирине экиден сүйлөм ойлоп, көчүрүп жазгыла. 2) Андан аркылуу мамиле этишти таап, кайсы мүчөнүн жардамы менен уюшулуп жаткандыгын түшүндүргүлө. 3) Этиштин мамилелеринин эрежесин айтып бергиле.

**448.** Алган билимди бышыктоо, кайталоо, тыянактоо, жыйынтыктоо көнүгүүсү.

1.
Бышты чыккан кезинде,
Улакка сурап миништи.
Укмуштугун билишти.
Арага ар ким киришти. *(Ы. Б.)*

2. Калкымдан аздым көрүнбөй, кайгы жеп ичтен бөлүнбөй. 3. Сууларга канал курулду, таштак жерге бурулду. 4. Асыл кийим кийгизем, Аккуланы мингизем. 5. Сандыргалуу сандыгым, сары алтынга толтурду, санаам менен болтурду.

6. Бай-манапка[6] жегизип, бачагар кедей дегизип, башымдан далай күн өттү. 7. Кудай алган бөктөргү, чалынып жатып калды дейт. Чыгарып тордон алды дейт. 8. Байдын кооз буюмдары ичкериден алдырылды. 9. Депутаттар бизден көрсөтүлүштү. 10. Бектурган менен балдар кучакташып көрүшүштү. 11. Окуучулар иштеген ишине аябай мактанышты.

**449.** Алган билимди бышыктоо көнүгүүсү. 1) Өзүңөр мамиле этиштин кабатталып айтылышына мисал ойлоп тапкыла. 2) Кайсы мамиле этиштер кабатталып айтылганын далилдегиле.

**450.** Алган билимдердин деңгээлин текшерүү көнүгүүсү.

1. Жеткир, алдыр, атказ, эмиз, көрсөт, билгиз, окут, кош-тош, жуун, чачыл, көрүн.

2. Этиштин мамилелери
- жай, бер, оку, жаз –
- ачын, таран, көрүн –
- оңол, кесил, чечил –
- алыш, көрүш, санаш –
- алдыр, отургуз, жеткир –

**451.** 1) Өзүңөр этиштин жазылышына оозеки мисал келтирип, түшүнүк бергиле. 2) Төмөнкү сөздөрдүн кандай жазыларын аныктагыла.

Бараар – барар, келээр – келер, окуур – окур, келим – кетим, бергенбейм – берген бейм, алганго – алган го, баратат – бара жатат, күлө күлө, баргамын.

## Этиштин мамилелерин морфологиялык жактан талдоонун тартиби

1. Этиш экенин аныктап, эрежесин айтып берүү.
2. Түзүлүшү жагынан жөнөкөй же татаал этиш экендигин аныктоо.
3. Тубаса жана туунду этиш экенин ажыратуу. Туунду этишти уюштурган мүчөлөрүн табуу.
4. Этиштин уңгу, мүчөсүн ажыратуу.
5. Этиштин кайсы мамилеси экендигин, аны уюштурган мүчөлөрүн, эрежелерин түшүндүрүү.
6. Этиштин мамилелерин сүйлөм ичинде кандай мүчөлүк милдет аткарып тургандыгын, ага берилүүчү суроолорун аныктоо.

**Т а л д о о н у н  ү л г ү с ү:**

Келишти, өчүр, берилди, кийин, бийлет, жуунушту.

**О о з е к и:**

*Келишти* – этиш, заттын кыймыл-аракетин билдирди. Бул сөз – туунду этиш, **-ыш** мүчөсүнүн жардамы менен жасалды.

Кыймыл-аракеттин бир канча адам тарабынан биргелешип, кошулушуп аткарылгандыгын, иштелгендигин билдирди.

Уңгусу – *кел,* мүчөлөрү – **-ыш, -ты.**

Мындагы **-ыш** мүчөсү кош мамиле этишти уюштуруучу мүчө, **-ты** өткөн чактын мүчөсү.

*Жуунушту* – этиш, кыймыл-аракетти билдирди, өткөн чак, туунду этиш, **-ын (-н), -ыш, -ты** мүчөлөрү аркылуу жасалды. Уңгусу – *жуу,* мүчөлөрү – **-ын, -ыш, -ты, -ын** өздүк мамиленин; **-ыш** кош мамиленин мүчөсү; **-ты** өткөн чактын мүчөсү, мында этиштин мамилелери айкалышып айтылды.

**Ж а з у у  т ү р ү н д ө:**

*Келишти* – этиш, кош мамиле, туунду этиш, уңгусу – *кел,* мүчөсү – **-ыш, -ты** же кел/иш/ти.

*Кымбаттуу, жаш достор!*
*Этиштин мамилелери, жазуу эрежелери боюнча*
*жат жазууга даярдангыла!*

6 класс

# МАЗМУНУ

Жаңы окуу китеби менен кантип иштөө керек?..........3

## V КЛАССТА ӨТҮЛГӨН МАТЕРИАЛДАРДЫ КАЙТАЛОО, ЖАЛПЫЛОО ЖАНА БЫШЫКТОО

§ 1. Үндүү жана үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү..........6
§ 2. Айтылыш максатына карата сүйлөмдөрдүн бөлүнүшү..........7
§ 3. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү..........9
§ 4. Татаал сүйлөм..........10
§ 5. Төл жана бөтөн сөз..........12
§ 6. Уңгу жана мүчөнүн түрлөрү..........15

## НЕГИЗГИ КУРС

§ 7. Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили..........16

## БАЙЛАНЫШТУУ КЕП

§ 8. Текст. Тексттин мүчөлөнүшү..........18
§ 9. Тексттин темасы жана анын бөлүнүшү..........21
§ 10. Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору..........24
§ 11. Абзац. Анын текст түзүүдөгү мааниси..........28
§ 12. Тексттин татаал планын түзүү..........31
§ 13. Кептин түрлөрү..........34
§ 14. Диалогдук кеп жөнүндө түшүнүк..........35
§ 15. Жай диалог..........36
§ 16. Буйрук маанисиндеги диалог..........37
§ 17. Монологдук кеп жөнүндө түшүнүк..........38
§ 18. Баяндоо, анын мүнөздүү белгилери..........39
§ 19. Баяндоонун түрлөрү..........40
§ 20. Стиль жөнүндө түшүнүк..........41
§ 21. Көркөм стиль..........42
§ 22. Илимий стиль жөнүндө түшүнүк..........45
§ 23. Иш кагаздарынын стили..........47
§ 24. Справка..........49
§ 25. Тил кат..........51
§ 26. Ишеним кат..........52
§ 27. Сын-пикир..........54

## ЛЕКСИКА, ФРАЗЕОЛОГИЯ ЖАНА ЛЕКСИКОГРАФИЯ

§ 28. Кыргыз тилинин сөздүк курамы..........56
§ 29. Диалектилик сөздөр..........59
§ 30. Кесиптик сөздөр..........62
§ 31. Терминдер..........63
§ 32. Эскирген сөздөр..........66
§ 33. Жаңы сөздөр (неологизмдер)..........69
§ 34. Фразеология жөнүндө түшүнүк..........71
§ 35. Жыйынтыктоо, кайталоо, бышыктоо сабагы..........74
§ 36. Лексикография жөнүндө түшүнүк..........76

## СӨЗ ЖАСОО ЖАНА ОРФОГРАФИЯ


§ 37. Сөздөрдүн морфологиялык жол менен жасалышы..............80
§ 38. Атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр..............80
§ 39. Атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр..............82
§ 40. Этиштен атооч жасоочу мүчөлөр..............84
§ 41. Этиштен этиш жасоочу мүчөлөр..............86
§ 42. Сөз жасоонун синтаксистик жолу..............88
§ 43. Татаал сөздөр..............88
§ 44. Кош сөздөр..............90
§ 45. Кошмок сөздөр..............92
§ 46. Кыскартылган сөздөр..............94
§ 47. Кыскартылган сөздөрдүн жазылышы..............96
§ 48. Жыйынтыктоо (кайталоо) сабагы..............97


## ОРФОГРАФИЯ


§ 49. Орфография жөнүндө түшүнүк..............99
§ 50. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жазылышы..............99
§ 51. Сөздөрдү бирге жазуу эрежелери..............101
§ 52. Сөздөрдү бөлөк жазуу эрежелери..............102
§ 53. Сөздөрдүн араларына дефис коюп жазуу эрежелери..............104
§ 54. Сөз варианттары жана аларды жазуу эрежелери..............105


## МОРФОЛОГИЯ ЖАНА ОРФОГРАФИЯ


§ 55. Зат атоочтун V класстагы өтүлгөн материалдарын кайталоо..............108
§ 56. Жөндөмөлөр жөнүндө түшүнүк..............110
§ 57. Атооч жөндөмөсү..............111
§ 58. Илик жөндөмөсү..............114
§ 59. Барыш жөндөмөсү..............117
§ 60. Табыш жөндөмөсү..............120
§ 61. Жатыш жөндөмөсү..............123
§ 62. Чыгыш жөндөмөсү..............125
§ 63. Зат атоочтун жөндөлүш типтери..............128
§ 64. Таандык мүчө уланбаган зат атоочтун жөндөлүшү..............128
§ 65. Аягы үндүүлөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү..............128
§ 66. Аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү..............130
§ 67. Аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү..............131
§ 68. Аягы *ск, нк, фть, кт, нг, нд, мн* тыбыштары менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү..............132
§ 69. Таандык мүчөлөр уланып турган зат атоочтордун жөндөлүшү..............133
§ 70. Зат атоочтун жакталышы..............137


## СЫН АТООЧ


§ 71. Сапаттык жана катыштык сын атоочтор..............144
§ 72. Сын атоочтун даражалары..............147
§ 73. Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу..............151

§ 74. Сын атоочтун жасалышы ........................................ 152
§ 75. Сын атоочтун жазылышы ........................................ 157

## САН АТООЧ

§ 76. Сан атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү ........................................ 159
§ 77. Сан атоочтун түзүлү[illegible] бөлүнүшү ........................................ 163
§ 78. Сан атоочтун жасалы[illegible] ........................................ 163
§ 79. Сан атоочтун маанисине карай бөлүнүшү ........................................ 165
§ 80. Эсептик сан атооч ........................................ 166
§ 81. Иреттик сан атооч ........................................ 168
§ 82. Жамдама сан атооч ........................................ 170
§ 83. Чамалама сан атооч ........................................ 172
§ 84. Топ сан атооч ........................................ 174
§ 85. Бөлчөк сан атооч ........................................ 176
§ 86. Сан атоочтордун жөндөлүшү ........................................ 178
§ 87. Сан атоочтун жазуу эрежелери ........................................ 180

## АТ АТООЧ

§ 88. Ат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү ........................................ 186
§ 89. Ат атоочтун түзүлүшүнө карай бөлүнүшү ........................................ 188
§ 90. Ат атоочтун маанисине карай бөлүнүшү ........................................ 189
§ 91. Жактама ат атооч ........................................ 190
§ 92. Шилтеме ат атооч ........................................ 192
§ 93. Сурама ат атооч ........................................ 195
§ 94. Тангыч ат атооч ........................................ 198
§ 95. Аныктама ат атооч ........................................ 201
§ 96. Белгисиз ат атооч ........................................ 204
§ 97. Жактама ат атоочтун жөндөлүшү ........................................ 206
§ 98. Шилтеме ат атоочтун жөндөлүшү ........................................ 207
§ 99. Сурама ат атоочтун жөндөлүшү ........................................ 209
§ 100. Тангыч ат атоочтун жөндөлүшү ........................................ 211
§ 101. Аныктама ат атоочтордун жөндөлүшү ........................................ 212
§ 102. Белгисиз ат атоочтун жөндөлүшү ........................................ 213
§ 103. Ат атоочтун жазылышы ........................................ 215

## ЭТИШ

§ 104. Этиш ........................................ 220
§ 105. Баяндагыч ыңгай ........................................ 223
§ 106. Буйрук ыңгай ........................................ 225
§ 107. Шарттуу ыңгай ........................................ 227
§ 108. Каалоо-тилек ыңгай ........................................ 229
§ 109. Максат-ниет ыңгай ........................................ 231
§ 110. Негизги мамиле ........................................ 236
§ 111. Кош мамиле ........................................ 238
§ 112. Өздүк мамиле ........................................ 241
§ 113. Туюк мамиле ........................................ 242
§ 114. Аркылуу мамиле ........................................ 245
§ 115. Этиштин жазылышы ........................................ 247
§ 116. Кайталоо (жалпылоо) сабагы ........................................ 250

Учебное издание

Садык ҮСЕНАЛИЕВ

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

*Учебник для 6 класса общеобразовательной школы с кыргызским языком обучения*

Окуу басылмасы

Садык ҮСӨНАЛИЕВ

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

*Кыргыз тилинде окутулуучу жалпы билим берүүчү мектептин 6-классы үчүн окуу китеби*

Редактору, корректору *Э. Сакеева*
Көркөм редактору *Ж. Субанов*
Компьютердик калыптоочу *Н. Эсенаманова*
Тех.редактору *В. Крутякова*

Терүүгө 20.12.2006-ж. берилди. Басууга 15.01.2007-ж. кол коюлду.
Офсеттик кагаз №1. «Мектеп» ариби. Форматы 60x90 1/16.
Көлөмү 16,0 б.т. Заказ № 8. Нускасы 66 210.

«Билим-компьютер» басмасында даярдалды

«Учкун» ААК басмаканасында басылды
720031, Бишкек ш., С. Ибраимов көчөсү, 24.